**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК 947.1/9(575)+951.0/8

**Омурова Жамыйкат Орозбековна**

# КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ: ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – Жалпы тарых

**Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

**Илимий консультанты: тарых**
**илимдеринин доктору,**
**профессор Кылычев Акылбек Мукаевич**

**БИШКЕК 2020**

**КИРИШҮҮ** 3-9

**I БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ** 10-67

1.1. ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрүндө 10-20

1.2. Азия өлкөлөрүндөгү Борбордук Азияны жана ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөө тарыхнаамасы 21-37

1.3. Россия Федерациясында ШКУнун ишмердүүлүгү тууралуу изилдөөлөрү 38-52

1.4. ШКУга мүчө болгон Борбордук Азия республикаларында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр 54-67

**II БАП. КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ШКУНУН ӨНҮГҮҮСҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ, БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ** 68-101

2.1. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүн изилдөөнүн объектиси жана предмети 68-76

2.2. Кыргызстандын ШКУдагы тарыхый өнүгүү этаптарын изилдөөнүн булактары 77-91

2.3. ШКУнун ишмердүүлүгүн  изилдөөнүн илимий ыкмалары 92-101

**III БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН УЮШУЛУШУ, КЫТАЙДЫН БОРБОРДУК АЗИЯГА КАРАТА СТРАТЕГИЯСЫ** 102-159

3.1. Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы жана ШКУнун уюшулушунун тарыхый өбөлгөлөрү жана өзгөчөлүктөрү 102-123

3.2. Кыргыз Республикасынын эл аралык институттардагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары 124-139

3.3. Кыргызстандын ШКУга мүчө катары өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары 140-159

**IV БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АР ТАРАПТУУ КЫЗМАТТАШТЫГЫ** 160-208

4.1. Кыргызстандын ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташуусу 160-176

4.2. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы экономикалык интеграциясынын өнүттөрү 177-195

4.3. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтыгы 196-209

**V БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯ: КЫТАЙ, РОССИЯ, АКШ Ж.Б. ӨЛКӨЛӨРДҮН МАМИЛЕСИ** 210-256

5.1. Кытайдын ШКУ алкагында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстанга карата долбоорлору 210-224

5.2. Россия Федерациясынын ШКУ жана ЖККУнун алкагындагы Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстан менен болгон карым-катнаштары 225-240

5.3. АКШнын, Евробиримдигинин жана башка өлкөлөрдүн Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердүүлүгүнө карата мамилеси 241-257

КОРУТУНДУ 258-262

КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ 264-322

ТИРКЕМЕЛЕР 323- 357

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Ааламдашуу шартында эл аралык ири бирикмелерге караганда белгилүү бир тарыхый географиялык аймакта орун алган мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы маанилүү болууда. Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар бир аймагында жайгашкан мамлекеттер арасында ар кандай тармактарды (коопсуздук, экономика, маданий-гуманитардык, илимий-технологиялык долбоорлор, билим берүү жана адистерди даярдоо ж.б.) өнүктүрүү боюнча уюмдар түзүлүүдө.

XX к. акыры – XXI к. башында постсоветтик Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан, өзүнүн тышкы саясий кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн ар тараптуу байланыштарды ишке ашырып, дүйнөлүк аренага чыгып жатат. Кыргыз Республикасы тышкы саясий багытын калыптандырууда көп тараптуу саясатты карманган, ар кандай эл аралык маселелерде өз позициясына ээ болгон Борбордук Азиядагы мамлекеттердин бири. Кыргызстан эл аралык мамилелердин активдүү катышуучусу катары дүйнөлүк саясий кадамдарда жемиштүү интеграцияланып, көптөгөн эл аралык уюмдардын жигердүү мүчөсү болууда. Мына ушундай уюмдардын бири 2001-жылы 15-июнда Кытайдын Шанхай шаарында уюшулган, Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ).

ШКУга мүчө мамлекеттер өз максаттарын ишке ашырууда тажрыйба көрсөткөндөй, тышкы саясий байланыштарды стратегиялык маанилүү багыттарды чыңдоо шартында чечүүгө жана өнүктүрүүгө аракет кылышууда. Ошону менен маселелерди ачык жана олуттуу талкуулоо алкагында келишпестиктердин алдын алуу менен тынчтыкты жана консенсусту камсыздоо. Тактап айтканда, "үч жамандыктын" коркунучунан сактануу: терроризм, сепаратизм, диний экстремизм, аларга каршы күрөштө эл аралык жана аймактык кызматташтыкты чыңдоодо. Азыркы учурда бир дагы өлкө өз алдынча мындай трансулуттук коркунучтарга туруштук берүүсү татаал экендигин унутпашыбыз керек. Бул Кыргызстанга чөлкөмдүк жана ааламдык

интеграцияга жигердүү катышууга, ШКУнун негизги өнөктөштөрү Кытай Эл Республикасы жана Россия Федерациясы менен коопсуздуктун жалпы таламдарына көбүрөөк көңүл буруп, ар тараптуу кызматташууну ишке ашыруусуна мүмкүндүк берет.

Диссертацияда каралган маселелерди илимий изилдөө – Кыргызстандын тарых илиминде али да болсо өнүгө элек. Анын үстүнө, азыркы тарых илиминде изилденип жаткан көйгөйлөрдүн универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн, алардын бири-бирине көз карандылыгын жана өз ара байланышын аныктаган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн жетишсиздиги теманын актуалдуулугун айгинилеп турат. Мындан сырткары, жаңы методологиялык ыкмаларды, концепцияларды иштеп чыгуу жана жаңы архивдик булактар менен акыркы адабияттарды илимий жүгүртүүгө киргизүү маселеси дагы актуалдуу жана учурдун талабы болуп эсептелет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, праграммалар менен болгон байланышы**. Диссертация демилгелүү иш болуп эсептелинет.

**Изилдөөнүн максаты** – ааламдашуу доорунун көйгөйлөрүн жана интеграциялык процесстердин мазмунун ачып берүү менен Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен кызматташтыгынын этаптарын аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Коюлган маселенин изилдөө деңгээлин аныктоо үчүн Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана ШКУнун ишмердүүлүгүнө арналган илимий эмгектерге олуттуу талдоо жүргүзүү;
2. Диссертациянын темасы боюнча тарыхый булактарын изилдөө максатында аларды типологиялаштыруу жана жаңылыгын аныктоо, диссертацияда колдонулган илимий методдорду талдоо;

3. Кытайдын Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстанга карата дипломатиялык стратегиясынын эволюциясын изилдөө; ШКУнун негизделишинин өбөлгөлөрүнүн тарыхый факторлоруна сереп салуу;
4. Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга жана уюмдарга мүчө болуусуна системалуу түрдө контент-талдоо жүргүзүү;
5. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусунун тарыхый этаптарын аныктоо;
6. Коопсуздук маселелерин чечүүдөгү Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердигинин маани-маңызын айкындоо;
7. ШКУнун экономикалык интеграциясынын алкагында Кыргызстандын экономикалык кызматташтыгынын натыйжалуу өнүгүүсүнө жана айрым бир терс жактарына баа берүү;
8. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык жана билим берүү кызматташтыгына мүнөздөмө берүү;
9. Кытайдын ШКУнун алкагындагы “Гармониялуу дүйнө теориясы” жана “Бир алкак, бир жол” долбоорунда Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын катышуусу жана ал долбоорлор Кыргызстандын экономикалык ж.б. өнүгүүсүнө тийгизген таасирин анализдөө жана баа берүү;
10. Россиянын Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандагы ШКУ жана ЖККУ уюмдарынын алкагында ишке ашырылып жаткан кызматташтыгына сереп салуу;
11. АКШ, Евробиримдигине кирген өлкөлөрдүн ж.б. мамлекеттердин ШКУга жана Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан мамилесине мүнөздөмө берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кыргызстандын тарых илиминде биринчи жолу ШКУнун абройлуу эл аралык уюм катары түптөлүү тарыхы комплекстүү изилденип, анын тарыхый этаптары аныкталды; Борбордук Азия анын ичинен Кыргызстандын ШКУга мүчө мамлекеттер менен ушул уюмдун алкагында коопсуздук чөйрөсүндө,

экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты ишке ашыруу жүрүмдөрү талдоого алынды;

2. ШКУнун түзүлүшү жана Кыргызстандын бул уюмдагы орду, анын ар тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө кошкон салымынын сандык эле эмес, сапаттык мааниси да көрсөтүлдү;
3. Ата Мекендик тарыхнаамада алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын ШКУ алкагындагы өз ара аракеттенүү тарыхын мезгилдерге бөлүштүрүү сунушталып, үч этапка бөлүндү;
4. Изденүүчү тарабынан системалык ыкманын негизинде, ШКУнун расмий документтери, Кыргыз Республикасынын Президентинин учурдагы архивинин материалдары анализге алынды. ШКУнун сайттарында (Россия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан), жарыяланган жана жарыяланбаган ШКУнун расмий документтери, ШКУга мүчө мамлекеттердин университеттеринин, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин, миграция кызматтарынын материалдары, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары диссертациялык иште кеңири колдонулуп, изилдөөнүн булак базасын кыйла кеңейтти;
5. ШКУнун алкагындагы "Бир алкак - бир жол" жана башка долбоорлорду ишке ашыруудагы ийгиликтер менен катар Кыргызстандын ички өнүгүүсүнө байланыштуу айрым бир көйгөйлөр аныкталды. Статистикалык жана башка маалыматтар аркылуу Кытайдын Кыргызстандагы экономикалык таасиринин өсүшү (транспорттук инфраструктура, инвестициялар, республиканын ар бир аймагында пайдалуу табигый ресурстарды иштетүү ж.б.) жана Кытайдын Кыргызстандагы экономикалык жана демографиялык катышуусунун кеңейишине мүмкүн болгон коркунучтар көрсөтүлдү;
6. Диссертациялык иште биринчи жолу Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктарынын көз карашынан алганда, ШКУ алкагында сунушталган Кытай менен Россиянын тышкы саясий концепцияларына талдоо жүргүзүлдү: “Төрт тараптуу байланыш”, “Стратегиялык тең салмактуулук”, “Тынчтык жана

өнүгүү”, “Гармониялык дүйнө”,  “Кытай кыялы”, “Бир алкак, бир жол” жана башкалар.

**Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси.** Илимий иштин ар бир бабындагы негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар ШКУнун ишмердүүлүгүнө жана Кыргызстандын бул уюмдун алкагындагы Кытай жана Россия менен болгон байланышына анализ берүүдө, мындан аркы илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоого колдонулат. Ошону менен катар диссертациялык иштин мазмуну Ата Мекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУнун тарыхы, чөлкөм таануу жана жалпы тарых, азыркы эл аралык мамилелер менен дипломатиянын тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдөөдө, интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу тарыхы үч этаптан турат: биринчи этабы “жакшы коңшулук жана дипломатиялык мамилелерди түптөө” (1991-1996-жж.), экинчи этабы “биргелешкен кызматташтыкты калыптандыруу мезгили” (1997-2001-жж.), үчүнчү этабы “ар тараптуу кызматташууну ишке ашыруу” жана “достук чөйрөнүн түзүлгөн мезгили” (2001-жылдан азыркыга чейин);
2. СССР кулагандан кийин, постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттери менен Кытайдын мамилеси жаңы деңгээлге көтөрүлдү. ШКУнун түзүлүшү менен Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстан эл аралык терроризмге, баңги заттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө жана диний экстремизмге каршы күрөштө коргоого алынды;
3. Кыргызстан менен Кытайдын жогорку жетекчилигинин позицияларынын ырааттуулугуна карабастан, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол долбоору ниет жана декларация деңгээлинде кала берүүдө;
4. Кыргызстанга КЭРдин "Шанхай рухунун" таасири ШКУнун маданий-гуманитардык кызматташуусу аркылуу кеңейүүдө;

5. Кытай ШКУнун алкагында “кызматташтык жана ынак коңшулук жөнүндө” келишимге таянып, экономикалык өнүгүүнүн максаттарын негизинен өзүнүн батыш аймагында, тактап айтканда, Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунда үч негизги принцип - “дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу” рухунда ишке ашырат;
6. Россиянын Борбордук Азия жана Кыргызстанга карата “Евразиялык багыт” жана “Евразиялык интеграция” аркылуу жүзөгө ашырылып жаткан тышкы саясаты Кыргызстанга оң таасирин тийгизүүдө, бирок Россия өз позициясын Кыргызстанда чындап, бекемдеп алуусуна анын тарыхый, социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалана албай жатышы себеп болууда;
7. Кытай, Россия, АКШ жана Япония сыяктуу өлкөлөрдүн Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда жүргүзгөн тышкы саясаты Батыш державаларынын Борбор Азиядагы “Улуу оюнун” элестетет. Бирок глобалдык оюнчулардын учурдагы атаандаштыгы блоктор менен уюмдардын ортосунда жүрүп жатат. Идеологиялык жактан бекемделүүсү үчүн жогоруда аталган мамлекеттер Борбор Азия чөлкөмүндө "жумшак күч" стратегиясын натыйжалуу колдонууда;
8. ШКУнун эл аралык уюм катары ишмердүүлүгүн илимий изилдөөгө алганда азыркы мезгилде Кытай менен Россиянын таасирдүүлүгүн жана уюмга мүчө башка өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын салыштырмалуу пассивдүү позициясын байкоого болот.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.** Изилдөөнүн мезгилдик чегинин төмөнкү сызыгы 1996-жылы – "Шанхай бешилтиги" түзүлгөн учурдан аныкталган жана ошону менен ШКУнун институтташуу процесси башталган. ШКУну өнүгүшүнүн учурдагы тенденциялары талданып, изилдөөнүн хронологиялык алкагы 2019-жыл менен жыйынтыкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Сунушталган докторлук диссертация –Ата Мекендик тарыхнаамада Кыргызстан менен ШКУнун кызматташтыгынын тарыхый өнүгүү этаптарын жана өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алган алгачкы

комплекстүү илимий изилдөө болуп саналат. Бул илимий иште ШКУга тиешелүү айрым расмий концепциялар, долбоорлор, архивдик, статистикалык жана аналитикалык булактар жана материалдар, ошондой эле тиешелүү тыянактар Ата Мекен тарыхнаамасында биринчи жолу мамлекеттик тилдеги илимий айлампага киргизилди. Кыргызстандын Кытай жана Россия менен кызматташтыгынын көйгөйлүү жактары белгиленди; чөлкөмдүк интеграцияда Кыргызстан пассивдүү позицияны ээлеген кызматташуусунун багыттары анын себептери жана чөйрөлөрү аныкталды.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык (Россия, Кытай, Казакстан, Тажикстан) жана республикалык илимий–практикалык жыйындарда, симпозиумдарда, форумдарда, тегерек үстөл ж.б. илимий форумдарда апробацияланды. Изденүүчү тарабынан ШКУ боюнча атайын дарстар даярдалып, КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын студенттерине, магистранттарына дарстар окулду жана окутулууда. Изденүүчүнүн айрым илимий жоболору ал өзү усулдук-окутуу куралы катары мамлекеттик тилде жарыялаган китепте (2017-ж.) да камтылды.

**Диссертациянын илимий жыйынтыктарынын изденүүчү басмада жарыялаган эмгектерде чагылдырышынын толук көлөмү:** Илимий иштин негиздери жана жыйынтыктары Кыргызстанда ЖАК сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда, усулдук китептерде жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 34 илимий макала жарык көрдү, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте катталган басылмаларда, 1 макала “Web of Science” жана “Scopus” индекс системасы камтылган басмаларда жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Диссертациялык иш 262 беттен туруп, анын мазмуну киришүүнү, беш бапты жана корутундуну камтыйт. Колдонулган тарыхый адабияттардын жана булактардын тизмеси 536 аталыштан жана тиркемеден (карталар, фотосүрөттөр, таблицалар) турат.

# I БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

## 1.1. ШКУ жана Борбордук Азия жөнүндө АКШ жана Батыш окумуштууларынын изилдөөлөрүндө

Америка Кошмо Штаттарында (АКШ) Борбордук Азия (БА) элдеринин тарыхын, маданиятын, социалдык–экономикалык ж.б. өнүгүү маселелерин изилдөөсү алгач Орус империясын кийин СССРди иликтөө менен тыгыз байланышта жүргөн. АКШ окумуштууларынын изилдөөлөрүнүн жалпы мүнөзүн ачып кароодо БАны иликтөө эки чоң этапта жүргөндүгү байкалат.

Биринчи этабы, АКШнын алтынчы президенти Джон Куинс Адамстын мезгилинде 1809–1814-ж. орус таануучулук (русистика) негизделип изилдене баштаган. Ал эми XX кылымдын ортосунда, тактап айтканда 1946-ж. Москвадагы АКШнын элчисинин орун басары Джордж Кеннандын иш аракети менен СССРди жана анын курамына кирген элдерди иликтөө иштери жанданган. Анын демилгеси менен 1946-ж. 22-февралда Нью-Йорк шаарынын Колумбия университетинде СССРди иликтөө (орус таануу) институту түзүлгөн. Бул институт Варшава[1] келишимине кирген өлкөлөрдү изилдөө борбору катары калыптанган. 1948-ж. АКШнын Массачусетс штатынын Кембридж шаарынын Гарвард университетинде СССРди изилдөө борбору пайда болгон. 1940–1950-ж. АКШнын бир нече университеттеринде Советтер союзун изилдөө, анын ичинде чыгыш таануу боюнча иликтөө борборлорунун түйүндөрү (алардын ичинен 17 изилдөө борборлор Канзас же Огайо сыяктанган алыскы штаттарында жайгашкан) түзүлгөн. Алардын студенттери орус тилин жакшы

[1]Варшава келишими –СССР, Албания, Болгария, Венгрия, Германия Демократиялык Республикасы (ГДР), Польша, Румыния жана Чехословакиянын ортосундагы достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу жөнүндөгү келишим. Социалисттик өлкөлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу максатында Европада тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча европа мамлекеттеринин Варшава кеңешмесинде 1955-ж. 14-майда кол коюлган. 1990-жылы 24-сентябрда Варшава келишиминен бардык мүчөлүрү чыгып кеткендигине байланыштуу Варшава келишими күчүн жоготкондугу тууралуу токтомго 1991-жылы 1-июлда Прага шаарында кол коюшкан.

өздөштүрүшкөн, ар бир жылда жүздөгөн макала, ондогон китептерди жарыялап турушкан. Бирок, СССРдин анын ичинде БАны изилдөө АКШ каалагандай күчтүү боло алган эмес, анткени чыгыш таануу боюнча адистердин жетишсиздиги байкалган. СССРди изилдөөгө Россия империясынын мезгилинде, кийин СССРден жана Чыгыш Европадан АКШга эмиграцияланган окумуштууларды бул изилдөө борборлоруна тартышкан, алар иликтөө иштерине активдүү катышышкан. Блумингтон шаарындагы Индиана университетинде урал-алтай элдерин иликтөө борбору негизделген. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде АКШда чыгыш таануу анын ичинде алтайтаануу жана түрктаануу (алтайистика, түркология) багыттары пайда болгон. Бул багыттар согуштан кийин “кансыз согуш” мезгилинде изилдөөсүн улантышкан. Түрк элдеринин тилин, тарыхын, маданиятын билген адистерди даярдоо АКШнын тышкы саясатындагы мерчемдүү бир багыты катары калыптана баштаган. XX к. 50–90-жж. АКШда СССРдин курамына кирген БАны изилдөөгө алган чыгышпоздор, тюркологдор, алтайтаануучулар даярдалып чыккан.

Экинчи этап, АКШда СССР кулагандан кийин БА республикаларынын тарыхынын бардык чөйрөлөрүн: географиялык жайгашуусу, саясат, экономика, коопсуздук, тышкы саясат ж. б. маселелери боюнча алектенген илимий изилдөө институттар жана борборлор уюшулуп иштей баштаган. Көптөгөн АКШнын жана Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү үчүн XX к. аягына чейин СССРдин курамында жашап келген БАны изилдөөгө болгон кызыкчылыгы белгилүү бир мерчемде жогорулагандыгы айгинеленген. АКШнын эл аралык мамиле жана стратегиялык изилдөө борборунда, АКШнын Стратегиялык изилдөөлөр институтунда (Пенсильвания штаты), Джонс Хопкинс университетинин алдындагы Борбордук Азия жана Кавказды изилдөө институтунда (Мэриленд шататы, Балтимор ш.) азыркы мезгилде чейин БАны изилдөө жүргүзүлүп келет.

АКШ белгилүү саясатчылары, дипломаттары, окумуштуулары дүйнөдөгү тарыхый цивилизациялардын өнүгүүсүнө анализ берүүсүндө, БА чөлкөмү

Европа менен Азиянын ортосунда орун алып, ири цивилизациялардын жаралуусу менен айырмаланган аймак экендигин мүнөздөгөн эмгектер кездешет.

Азыркы кездеги АКШнын геосаясий амбициясын көтөрүү, дүйнөлүк гегемонияга айландыруу максатында жазылган эмгектерде БА чөлкөмү жөнүндө көйгөйлөр айтылат. Алсак, XX к. тарыхый кырдаалына жана дүйнөлүк саясатка багыт берүүгө белсенген АКШнын белгилүү саясатчысы З.Бжезинскийдин бир нече эмгектери жарык көргөн [101], [102], [103]. Алардын ичинен “Великая шахматная доска: господство Америки и его геостратегические императивы” [101] деген монографиясында АКШнын, Европанын ж.б. ири мамлекеттердин Евразияга болгон геостратегиялык кызыкчылыктары жөнүндө баяндаган. Анда Евразиянын борбору болгон БАга саясий, экономикалык ж.б. өнүгүүсү туруктуу калыптанбаган чөлкөм деп мүнөздөмө берген. Эмгекте КЭРдин чөлкөмдөгү таасирдүү держава катарында таанылуусу боюнча көп маселелерге токтолгон. Индия БА чөлкөмүндө таасирдүүлүгүн Пакистан менен болгон чыр чатагынан улам бекемдей албастыгын, Түркия менен Иран ички карама-каршылыгынан улам бул чөлкөмдүн туруктуулугун төмөндөтөөрүн белгилеген. Ал эми АКШ жана дүйнөлүк эл аралык коомчулук бул чөлкөмдө мурунку Югославия кризисинен кем калышпаган проблемалар менен кездешиши мүмкүн экендигине токтолгон[101].

З. Бжезинскийдин көз карашында дүйнөлүк цивилизациялык өнүгүүлөрдүн арасында БАга берген мүнөздөмөсү абдан саясатташтырылып кеткендиги байкалат. Автор тарабынан берилген кээ бир пикирлер азыркы БАнын өнүгүүсүнө карама каршы келүүдө. Ошону менен катар БА республикаларынын жашоосу акыркы кезде Батыштын же АКШнын саясатынан тышкары болуу саясатына өтүп жаткандыгын да белгилей кетсек болот.

АКШнын көрүнүктүү изилдөөчү-аналитиги, саясат таануучусу, эл аралык мамиле боюнча дасыккан адис С. Хантингтондун бир топ эмгектери бар[214]. Алардын ичинен, “Столкновение цивилизаций” [215] деген монографиясында “кансыз согуш” мезгилинин аякташы жана СССРдин кулоосунан кийинки кырдаалга жана жер шаарынын бардык чөлкөмүндөгү цивилизациялардын өнүгүүсүнө ар тараптуу анализ берген. Эмгекте дүйнөнүн бардык чөлкөмдөрүндөгү цивилизациялык өнүгүүлөрдүн (араб-исламдык, азиаттык, африкалык, батыштык ж.б..у.с.) мүнөзүн ачууда диндик ишенимдердин күч алуусу, айрыкча ислам дининин жайылуусундагы ар кандай көрүнүштөрдү, ошол мезгилде болуп жаткан тарыхый окуялардын негизинде чагылдырууга аракет кылган. XX к. аягында КЭР Чыгыш Азияда экономикалык жактан жогорку деңгээлге чыгуу менен ири держава болуу жолунда турат. Кытайдын мындай жолу өзүнө коңшу жайгашкан (Малайзия, Индонезия, Филиппин ж.б.) мамлекеттерге таасирин тийгизет. “Кансыз согуштан” кийинки көп алкактуу кызматташууда цивилизациялардын ортосунда чоң ажырым болот. Бирок, мусулмандардын демографиялык өсүүсү менен Азия мамлекеттеринин экономикалык көтөрүлүүсү, Батыш цивилизациялык өнүгүүлүргө караганда көбүрөөк маанилүү боло тургандыгын белгилеген. XX к. аягында Чыгыштагы мусулман мамлекеттеринин өкмөттөрү Батыш менен жакшы мамиледе болуусу төмөндөп, мезгил мезгили менен ири карама-каршылыктарга дуушар болушу мүмкүн экендигин анализдеген. Ушундай шартта конфуцийлик жана ислам дүйнөсү бири-бири менен болгон карым-катнашы күчтөнүп, Батышка каршы көз карашты карманышат. АКШ менен КЭРдин ортосундагы мамиле сууп бара жаткандыгы тууралуу анализдеген. С. Хантингтон дүйнөлүк цивилизациялардын ичинен БАны орчундуу чөлкөм экендигине токтолуп, РФнын Евразияда күчтөнүп жаткан “ислам коркунучунан” Орто Азияны коопсуздугун камсыздоодо Кытай менен кызматташтыкка барат жана Иран менен жакындашуусуна өбөлгө түзөт деген ой пикирин аналитикалык булактарды колдонуу менен тастыктоого аракет кылган [215].

Жыйынтыктап айтканда, С. Хантингтондун эмгегинде КЭР менен РФнын БА чөлкөмүнө коопсуздук, терроризм ж.б. маселесинде чогуу кызматташаарын алдын ала божомолдогон. Мындай божомол XXI к. башында ШКУнун уюшулушуна алып келип, БА мамлекеттери коопсуздук маселесин чечүүдө уюмдун алкагындагы иш чараларга активдүү катышып жаткандыгы күбөө десек болот.

АКШнын белгилүү философу, саясат таануучусу Ф. Фукуяманын [210] эмгегинде XX к. тарыхый окуяларына “кансыз согуш” мезгилиндеги тоталитаризм менен авторитаризмдин мүнөзүн ачууда, либералдык демократиянын негизги идеялары элдердин эгемендүүлүгү, жеке эркиндик ж.б. баалуулуктарга салыштырмалуу анализ берген. Анын оюнда СССР кулагандан кийин эгемендүү модернизация жолуна түшкөн мамлекеттердин, т.а. коммунисттик пландоодон Батыш индустриализациясына өтүүсүн кароодо, К. Маркстын экономикалык өнүгүү идеясы, тескерисинче социализмдин кулоосуна жана капитализмдин жеңишине (триумф) алып келди деп жазган. Ф. Фукуяма С. Хантингтондон айырмаланып ислам либералдык демократия менен атаандаш боло албайт, жаңыдан пайда болгон эгемендүү мамлекеттерде исламга ишенип, анын баалуулуктарын сакташы мүмкүн, бирок жаштар исламдын идеясы менен кеткенден көрө либералдык демократияны тандайт деген пикирин билдирген[210].

Ф. Фукуяманын дагы бир эмгегинде мамлекеттердин пайда болуусун байыркы мезгилден бери анализдеп, мамлекеттин аткара турган милдеттерин бөлгөн: мамлекеттин таасирдүүлүгү, күчү, кубаттулугу ж.б. Ошону менен катар таасирдүү мамлекеттердин матрицасынын жадыбалын (1980–90жж. жана 2001-ж) түзүп, ага салыштырмалуу анализ берген [211]. Экономикалык өнүгүүдөгү мамлекеттердин күчүнө жана таасирине сереп салган. Эмгекте “кансыз согуш” мезгилинен кийин Европадан Түштүк Азияга чейинки аймакта жаңыдан пайда болгон өлкөлөрдү «алсыз (слабые)» же “ийгиликсиз (неудачники)» мамлекеттер деп атаган. Бул мамлекеттерде адам укуктары бузулуп, массалык баш

аламандыктар, муктаждыктар көп болуп, массалык иммиграциянын толкуну күчөп, коңшу мамлекеттерге кол салуулар болууда деген. Ушундай кырдаал өнүккөн АКШ сыяктуу мамлекеттерге кедергисин тийгизип жаткандыгын, 2001-ж. 11-сентябрдагы АКШдагы террористтик кыймыл менен байланыштырган. Ушул террактан кийин дүйнөлүк саясаттын негизги маселеси мамлекеттүүлүктү күчтөнтүү, улуттук легитимдүү мамлекеттердин пайда болуусун чыңдоо актуалдуу деген жыйынтыкка келген[211].

Ф. Фукуяманын эмгектеринде XX к. аягында пайда болгон эгемен мамлекеттерде либералдык демократия күчтүү болуп, АКШнын жолуна түшүүсүн болжолдогон. Ошону менен катар бул “алсыз” мамлекеттердин өз алдынча өнүгүүсү демократиялык принциптерге жана улуттук мамлекеттүүлүккө таянаары тууралуу пикирилери, XX к. аягында пайда болгон эгемен мамлекеттин тарыхый өнүгүүсү ички жана тышкы геосаясий багыттары, аймактагы алган орду эске алынып терең анализ берилген эмес десек болот.

Ал эми АКШнын 56чы мамлекеттик катчысы жана белгилүү саясатчысы Г. Киссинджердин [137] эмгектеринде постсоветтик БАга карата АКШнын саясатынын негизги багыттары геосаясий кызыкчылык экендигин ачык билдирбесе да, БАда КЭР менен РФнын саясий ыкмаларын так жана ынанымдуу экендигин ачык жасаган. Г. Киссинджердин саясий ишмердүүлүгү экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилге туура келип, ал АКШнын СССР, КЭР, Япония, Израиль, Египет, Түндүк Вьетнам ж.б. өлкөлөр менен жүргүзгөн дипломатиялык мамилесин ишке ашырууда салым кошкон белгилүү дипломат болгон. Ал “кансыз согуш” мезгилинде АКШ жана КЭРдин мамилесин жакшыртуу менен КЭРдин саясаттын СССРге каршы колдонууда “үч тараптуу дипломатия” түшүнүгүн киргизген. АКШнын тышкы саясатынын “кансыз согуш” мзгилдеги дипломатиясы бул адамдын ой пикири, сунуштары аркылуу ишке ашып, бир топ ийгиликтүү жетишкендиктер болгондугу менен мүнөздөлгөн[137].

XXI к. башындагы ааламдашуунун толкунунда Ооганстандагы согуш, Жакынкы Чыгыштагы жаңжалдык чыңалуулар, БА чөлкөмүнүн стратегиялык маанисин көтөрүү менен дүйнөлүк эл аралык мамиледе, айрыкча АКШда БАга карата олуттуу ой пикирлерди активдүү изилдөө жигердүү ишке аша баштаган.

АКШнын БА өлкөлөрүнө карата жүргүзгөн саясаты жана анын натыйжалары Ф.Старрдын [333], [386] эмгектеринде көп кездешет. Бул адам Джонс Хопкинс университетке караштуу Кавказ жана Борбордук Азия изилдөө институтунда эмгектенет. Ф. Старрдын эмгегинде БАда интеграцияланып жаткан эл аралык уюмдардын бири да бул чөлкөмдүн мамлекеттерине (БАРдын республикалары + Ооганстан) геоэкономикалык ж.б. бирдиктүү өнүгүүнү камсыздай албастыгын белгилеген [386].

Жогорудагы авторлордон айырмаланып РФнын БА карата жүргүзгөн саясатын изилдеген АКШнын окумуштуусу А. Леклерктин [156] эмгегинде В.Путиндин РФнын президенти болушу менен БА республикаларына болгон таасирдүүлүгү артып, анын натыйжасы алар менен ар тараптуу кызматташууга өткөндүгү баяндалган. Эмгекте автор РФга салыштырмалуу КЭРдин БАга карата таасирдүүлүккө умтулуусунун башаты коопсуздук маселеси экендигине токтолгон. Анткени, КЭРдин Түндүк–Батышында түрк тилдүү калк жашаган СУАР аймагы БА анын ичинде Кыргызстан менен чектешет. КЭР үчүн уйгур сепаратизмине каршы турууда бул аймак менен коопсуздук ж.б. чөйрөдө тыгыз алакада болуусу абдан маанилүү деп баа берген [156].

Дүйнө жүзүндөгү ири державалардын азыркы мезгилдеги эл аралык мамиледе жана дүйнөлүк саясатта жүргүзүп жаткан саясатын анализдеген, АКШнын белгилүү аналитиги Джозеф Найдын эмгегинде ааламдагы лидерликке умутулуп жаткан АКШ, РФ, КЭР өңдөнгөн ири мамлекеттердин тышкы саясатынын негизги максаттары “жумшак күч” аркылуу ишке ашып жаткандыгына сереп салган [171].

АКШнын дагы бир изилдөөчүсү Роверт Гуан Тяньдын [326] макаласында СУАР менен БАнын мурунку жана азыркы байланыштарына, БАнын ар бир

республикасынын ресурстук байлыктарына анализ берген. Бул эки аймак саясий, экономикалык ж.б. кээ бир проблемаларына карабай, дайыма байланышта болуп келген, келечекте ШКУ аркылуу кызматташтыгы бекемделе берээрине токтолгон.

БАга КЭРдин ШКУ алкагындагы ишмердигине баа берүүгө жана андагы проблемаларды белгилүү деңгээлде изилдөөгө алган окумуштуулар Ч.Капхенди [134], Марта Брилл Олкотту [167], [175] ж.б. атасак болот. Алар БАны изилдөөнү 1980-ж. баштаган, азыркы кезде да БАны анын ичинде Казакстандын тарыхына байланышкан маселелерди изилдөөгө активдүү катышып келишет.

АКШ сыяктуу эле БАны Европа чөлкөмүндө жайгашкан мамлекеттерде да изидөөгө алынып келет. Алсак, Улуу Британиядагы Европа изилдөө институнун изилдөөчүсү С.Аристин макаласында РФ менен КЭРдин кызматташтыгына анализ берүүдө ШКУнун уюшулушу менен анын өнүгүүсүндө, айрыкча БАга болгон мамиледе бул эки мамлекеттин (Россия жана Кытай) ортосунда абдан күчтүү атаандашуучулук бар экендигине токтолгон [411].

Белгилүү француз Чыгыш таануучусу Себастьен Пейруздун эмгегинде БАдагы КЭРдин таасирдүүлүгүнүн жүзүн ачууда бир топ орчундуу маселелерге токтолгон. Айрыкча, 1990-ж. БА республикалары менен КЭРдин чек ара маселесинин чечилишине анализ берүүдө Шанхай түзүмүнүн уюшулушун Кытайдын иш аракети катары сыпаттайт. Ошону менен катар КЭР чек ара маселесин чечкенден кийин Орто Азияга агрессивдүү соода компаниясын баштоо менен өз таасирин бекемдеп, натыйжада ШКУну түзгөнгө жетишти деп баа берген. ШКУнун түзүлүү тарыхына анализ берүүдө Кытайдын Батышы менен чектеш турган БА республикалары стратегиялык жактан баалуу экендигин белгилеген. Дагы БА республикалары менен КЭРдин коопсуздук, экономикалык ж.б. байланыштарында көйгөй жараткан маселелерине сереп салган[496].

Ал эми М. Ларюэль жана С. Пейруздун биргелешип жазган[380] монографиясында КЭР менен БА өлкөлөрүнүн ортосундагы эки тараптуу кызматташтыгынын өнүгүүсүнүн олуттуу жагдайларын ачып көрсөтүүдө, БА чөлкөмүнүн калкы жана элитасы КЭРдин саясатын кандай кабыл алаарына баа берген. Мындан тышкары ушул эле авторлордун дагы бир эмгегинде чөлкөмдүк уюмдардын интеграциясына жана ал уюмдардын БАнын өнүгүүсүнө тийгизип жаткан таасирлерине жакшы анализ беришкен [151].

Жогорудагы эки автордун эмгектеринде КЭРдин БАнын ар бир республикасында анын ичинде Кыргызстандын экономикалык чөйрөсүндө ишке ашырып жаткан саясатынын жана кызматташтыгынын мүнөзүн ачууда БАРдын КЭР менен коңшу турушу маанилүү экендигин белгилешкен.

Постсоветтик БАнын тарыхын изилдеген поляк окумуштууларынын эмгектери да арбын. Поляк окумуштууларынын коллективдүү авторлугунда бир нече эмгектер жарык көргөн. Алардын ичинде “Проблемы трансформации, интеграции и безопасности государств Центральной Азии. Политические исследования” [391] деген эмгек Варшава университетинин саясий илимий изилдөө институтунун программасынын алкагында жарык көргөн. Монографияда БАдагы трансформация, модернизация, демократизация, саясий реформалар жана коопсуздуктун маселелеринин теориялык практикалык багыттары каралган. Коомдук түзүмдөрдү модернизациялоо проблемалары, каада салттардын кагылышы, кландык түзүмдөгү келишпестиктер, тил жана маданият, диндик жамааттар ж.б. чөйрөдөгү маселелер изилденген. БАнын геоэкономикалык жана тышкы саясий баалуулугуна, унаа-коммуникациялык байланыштарына, Польша мамлекети менен БАРдын мамилесине сереп салган. Авторлор БА карата изилдөөдө евроцентризм же азиацентризм методологиясынан тышкары болуу менен чөлкөмдү изилдөөдө жаңы методология керек экендигине токтолушкан. Алар мындай ыкма (метод) катары поляк окумуштуулары менен БА окумуштууларынын катышуусунда биргелешкен айкалыштыруу ыкмасын (комбинированный метод) колдонуу

керектигин сунушташкан. Мындай ыкма аркылуу БАнын трансформациялык ички өнүгүүсүн жергиликтүү адистер, ал эми БАнын тышкы саясий ж.б. өнүгүүсүн поляк окумуштуулары изилдөөсү аркылуу ишке ашкан. Жогорудагыдай иш аракеттердин үзүрү 2000–2005-жж. аралыгында ар бир БАнын анын ичинде Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүн анализдеген коллективдүү авторлордун эмгектери жарык көргөн[363]. Долбоордун координатору Т. Бодио билдирүүсүндө, бул долбоорду ишке ашырууга 220 эксперт катышкан, анын жарымынан көбү БА өлкөлөрүнөн болгон. Илимий изилдөөнүнү алкагында 12 монография (анын ичинде чөлкөмдөгү кээ бир лидерлери жөнүндө китептер) жарык көргөн.

Диссертациялык изилдөөдө Р. Аллисон [91], Р. Арон [95], О.А. Арин [94], Д. Тренин [343], Р. Пантуччи, А Петерсен[493] ж.б. у.с. АКШ жана Батыш окумуштууларынын эмгектери колдонулду. Булардын эмгектеринде Борбордук Азия жана анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы эл аралык интеграцияга катышуусун ар кыл жагдайларынын мүнөзүн ачып көрсөтүүдө жана салыштырмалуу анализ берүүдө салым кошту.

Эми, АКШ жана Батыш окумуштуу, саясат таанучулардын, серепчилердин эмгектерин мазмунуна карата **жыйынтык** чыгарсак:

1. АКШнын тышкы саясий өнүгүүсүн дүйнө жүзүнө үлгү катары көрсөткүсү келген АКШнын белгилүү саясатчыларынын (З.Бжезинский, С. Хантингтон, Г. Киссинджер, Ф. Фукуяма ж.б.) эмгектеринде АКШнын дүйнөгө болгон үстөмдүгүн орнотуу ж.б. амбициясынын жоктугу, алардын саясаты демократиялык принциптерге, гуманизм сыяктанган идеяларга таянылып ишке ашып жаткандыгын көрсөтүшкөн. Жалпысынан АКШнын окумуштуу - аналитиктери ХХ к. аягы ХХI к. башындагы дүйнөлүк тарыхый жүрүмдөрдү салыштыруу ирээтинде БАны мурда СССРдин колониясы болуп келсе, кийин РФнын таасиринен чыга элек, учурда КЭРдин экономикалык ж.б. экспанциясын күчөгөн, Иран, Индия ж.б.у.с. мамлекеттердин кызыкчылыгы артып жаткан чөлкөм экендигине баа беришкен.

2. АКШ жана Батыш окумуштуулары ШКУнун айланасында БАда жана Ооганстанда АКШнын жүргүзгөн саясатына карама-каршы келе турган маселелерин ачыкташкан. Алардын оюнда БА (Югославия сыяктанган) кооптуу, туруксуз чөлкөм күтүлбөгөн жерден революция, этникалык кагылыш, диндик келишпестиктер болуп турат. Бул аймак бир же эки мамлекеттин көзөмөлүндө болбостон, эл уюмдардын интеграциялык өнүгүүсүнө катышуусу көбүрөөк эффективдүү деген пикирлери кездешет. БАдагы интеграцияда ШКУнун же ЕАЭБтин артыкчылык орунда туруусу ачык эле РФ менен КЭРдин таасирдүүлүгүн өсүп жаткандыгы деп билгилешкен. Алар АКШ сунуштаган «Чоң Борбор Азия кызматташтыгы жана өнүгүүсү боюнча өнөктөштүк» деген кеңири форматтагы интеграциялык өнүгүүнү алкагында БАнын социалдык, экономикалык ж.б. маселелерин чечүүдө АКШ, ЕБинин мамлекеттеринин таасири натыйжалуу (каржы ж.б.) экендигине азын оолак токтолушкан.

## 1.2. Азия өлкөлөрүндөгү ШКУну жана Борбордук Азияны изилдөө тарыхнаамасы

КЭРде АКШ жана Европа мамлекеттери сыяктуу СССРди изилдөө Кытай изилдөөчүлөрүнүн абдан кылдат көңүл буруусунда турган. КЭРде СССР менен чек ара маселесиндеги кедерги тийгизген мерчемдерин изилдөөгө белсенген илимий изилдөө борборлору түзүлүп иштеп келген. Алар “Кытайдын Батыш аймагындагы кытай-орус мамилесин изилдөө коому”, “Борбордук Азиянын изилдөөчү Кытай коому”, “Синьцзян тарыхый коому” ж.б. Бул борборлор аталган маселеге байланышкан темада байма бай конференцияларды өткөрүп ири илимий эмгектерди жарыкка чыгарышууда.

Диссертацияда БАны жана ШКУну изидегенген Кытай илимпоздорунун эмгектери маани маңызына жараша төрт топко бөлүнүп анализ берилди:

1) КЭРдин эл аралык аренадагы ордун, тышкы саясатынын негизги жоболорун чыңдоо максатында жазылган эмгектер;

2) Кытайдын эксперттик коомчулугунда коңшу мамлекеттердин ар тараптан өнүгүү маселелерин изилдеген окумуштуулардын, серепчилердин эмгектери;

3) КЭРде СССРди кийин КМШны изилдөө менен алектенген илимий-академиялык, илимий-аналитикалык борборлор жана институттардын түйүндөрү бар болгон. СССР кулагандан кийин алар иштерин улантып, учурда КЭРдин ШКУнун алкагында өнүгүүдө, саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдеген эмгектерди жарыялашат;

4) КЭРдин учурдагы тышкы саясатын жана ШКУнун өнүгүү жоболорунун негизин камтыган илимий эмгектер. Алар “Гармониялык тынчтык”, “Бир алкак, бир жол”, “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” ж. б. стратегиялык долбоорлорунун иштелип чыгышы жана ишке ашышында коңшу

мамлекеттерге анын ичинде БА өлкөлөрүнө болгон мамилеси тууралуу жазылган илимий эмгектер кирди.

XX к. экинчи жарымында КЭРде экономикалык реформалар жүрүп, жетекчи кадрлар жаш муундар менен толукталган. "Бир мамлекеттеги эки система" саясатында жашаган КЭРдин тышкы саясатында абдан чоң өзгөрүүлөр болгондугу тууралуу **биринчи топко** кирген эмгектерде каралган.

Бул багытта ондогон Кытай окумуштуулары: саясат таануучулар, тарыхчылар, эл аралык мамилелерди изилдөөчүлөр тарабынан бир топ көлөмдүү илимий монографиялар жана эмгектер жарык көргөн. Чжан Ювеньдин [401] ж.б. [400] эмгектеринде Кытайдын эл аралык мамиледеги абалы жана келечеги кеңири чагылдырылган.

КЭРдин Илимий изилдөө институнун башчысы, мамлекеттик саясат жана башкаруу боюнча Цинхуа университетинин экономика мектебинин профессору, философия илимдеринин доктору Ху Аньгандын эмгегинде[221] [396]. Ушул эле автордун эмгегинде [221] ККПнын Бүткүл Кытай элинин өкүлдөрүнүн XVIII жыйынынын материалдарына таянып, КЭРдин саясий даанышмандыгын даңазалаган. Эмгекте "Кытайдын кыялы" дүйнөдө биринчи болуу, "Америкага жетүү жана андан ашуу" деген "кайраттуу кыялы" тууралуу пикирлери бар. "Кытай кыялы, дүйнөдө биринчи орунда болуу" маселеси автордун көп жылдан бери изилдеп келе жаткан темаларынын бири экендиги жазылган [221].

Жыйынтыгында, Ху Аньган эмгегинде КЭРдин дүйнөдө биринчи болуу идеясы ири мамлекеттердин саясатынан айырмаланат – КЭР дүйнөдө үстөмдүк кылууну каалабайт дейт. Кытай пацифизимди колдойт, бир тараптуу эмес, эки тарапка тең жетиштүү болгон принциптерди карманат. Келечекте дүйнө жүзү күндөн күнгө күчтүү болгон Кытайга муктаж болот, ал эми Кытай болсо адамдын өнүгүүсүнө өз салымын кошууга мүмкүнчүлүк түзөт деген ой пикирин билгизүү менен Кытайдын кыялын жомоктогудай деңгээлде даңазалаган.

**Экинчи топко**, КЭРдин эксперттик коомчулугунда коңшу мамлекеттердин ар тараптан өнүгүү маселелерин: тарыхын, саясий-экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. өнүгүүсүн изилдөө алган эмгектер кирди. БАнын ичинде Кыргызстандын маселесин иликтөө иши КЭРдин Тышкы иштер министрлиги, Мамлекеттик кеңеши, Кытайдын Коомдук илимдер академиясынын курамына кирген ондогон институттар, борборлор үзгүлтүксүз илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана алар көптөгөн илимий эмгектерди жарыкка чыгарышкан. БАРдын тарыхын чагылдыруу, алардын КЭР менен болгон өз ара байланыштарын (чек ара маселелерин ж.б.) анализдөөгө арналган Сянси Кайфандын[395] эмгеги бар. БА мамлекеттери менен чек ара маселесин изилдеген Ма Маньлинин редакторлугунда жарык көргөн "Сборник работ по контактам трансграничных народов Китая и Центральной Азии [402]" деген илимий эмгекте архивдик материалдар, чек ара боюнча түзүлгөн документтер, расмий өкүлдөрдүн эскерүүлөрү ж.б. булактар камтылган. Бул эмгекте тарыхчы, саясат таануучу, экономист, эл аралык мамилени иликтөөчү адистер тарабынан КЭРдин тышкы саясатындагы чек ара маселесинин маанисин ачып көрсөтүүгө аракеттер жасалган. 1990-ж. Кытай окумуштууларынын эмгектеринде постсоветтик БА мамлекеттери менен чектешкен территориялык маселелерди камтыган эмгектер жарык көргөн Ч. Байцзянын [251], Ч. Вандын [257].

**Үчүнчү топко,** КЭРде СССРди кийин КМШны изилдөө алган илимий-аналитикалык борборлор жана институттардын алкагында жарыкка чыккан эмгектер кирди. Алар СССР кулагандан кийин өз ишмердүүлүктөрүн андан бетер кеңейткен жана алардын көңүл борборунда Евразияга багытталган, айрыкча РФны жана БАны изилдөө маанилүү орунда турган. Ошону менен бирге КЭРдин БАга карата стратегиясын жана ШКУнун уюшулушу тууралуу жазылган эмгектер арбын.

Кытай окумуштууларынын бир нече көлөмдүү илимий эмгектеринде БАнын ички (экономикалык, саясий, диний, энергетикалык, суу ж.б.) абалы

жана ал чөлкөмдөгү РФнын, КЭРдин, АКШнын саясаты тууралуу анализдешкен. БА өлкөлөрүнүн саясатын комплекстүү изилдөөгө алган эмгектер жарык көргөн [394].

Ал эми Ли Юнхуэйдин макаласында, азыркы мезгилде Евразияда эки ири мамлекеттин Кытай менен Россиянын ортосунда шериктештик жылуу мамиле түзүлүп анын алкагында эффективдүү иш чаралар ишке ашып жаткандыгына анализ берилген [293].

ШКУдагы КЭР менен РФнын активдүүлүгүн жана уюмдагы аскердик-саясий, экономикалык, гуманитардык-маданий маселелерин, уюмдун алдыда боло турган мүмкүнчүлүктөрүн, келечегин жана кыйынчылыктарын изилдеген Цун Пэндин [227] ж.б. эмгектери жарык көргөн.

2001-ж. 11-сентябрда АКШда болгон терррактан кийин БА чөлкөмү Кытай изилдөөчүлөрүнүн көңүл борборунда турган, анын эки себеби болгон: Биринчиден, БА чөлкөмүнө АКШнын аскердик базаларынын жайгашышы жана анын таасиринин жайылышы КЭРдин кызыкчылыгына карама-каршы келген. Экинчиден, аларды ШКУнун келечектеги өнүгүү маселеси кабатырланткан.

2001-ж. баштап Кытай окумуштууларынын жаңы багыттагы изилдөө нугуна белсенген “Шанхай мектеби” калыптанып, ШКУнун ишмердигин изилдөөгө арналган илимий эмгектер жарыялана баштаган. ШКУнун ишмердигине, коопсуздук маселесине сереп салган Кытай окумуштууларынын эмгектери орус тилиндеги “Проблемы Дальнего Востока” [251], «Мировая политическая наука » [337], “Центральная Азия и Кавказ”[350], “Научное воспитание и исследования”[335] ж.б. илимий жыйнактарда жарык көргөн.

Лян Чжэньпэндин макаласында КЭР менен Кыргызстандын ортосунда чек ара маселесинин чечилиши (1999-ж) жана Кытай маданий борборунун КРде ачылышы тууралуу азын оолак маалымат берилген [300]. Ушундай эле маселени караган Сюй Тункайдын эмгегинде ШКУ алкагында ишке ашып жаткан регионалдык экономикалык интеграциянын айрым жагдайларынын

тереңдешин анализге алган [336]. Ву Вейдин макласында Кыргызстанга гуманитардык алкактагы байланыштар тууралуу маалыматтар бар [264].

КЭРдеги Фудан университетинин ШКУ иликтөө борборунун жана Россия, Борбордук Азия изилдөө борборунун төрагасы, белгилүү саясат таануучу Чжао Хуашэндин бир топ эмгектери бар [229], [349], [350], [351], [399]. Алардын ичинен “Способны ли сотрудничать в Центральной Азии Китай, Россия и США”эмгегинде[351] КЭР үчүн БА уникалдуу чөлкөм бойдон кала берет, мында коопсуздук тармагында РФнын, КЭРдин жана АКШнын өз ара кызматташуусу жалпы кызыкчылыктарга ээ. Үч мамлекеттин ар биринин кызыкчылыгын баяндоо менен кызматташуу чөйрөсүндөгү тирешүүлөрдүн бетин ачкан. Автор бул чөлкөмдө РФнын аскердик активдүүлүгүнө КЭР кабатыр болуп жаткандыгына кылдат көңүл бөлгөн. Ал эми АКШга болгон терс мамилесин автор ачык билгизген. БАда АКШнын аскердик базаларынын болуусун (анча маанилүү эмес таасирдүү чөйрө десе да) АКШнын саясатындагы суверендүү мамлекеттердин ички ишине кийлигишүүсүнүн кичинекей элементи катары баалаган. Бул теманын алкагында автор БАРда болгон түстүү революциялардын жыйынтыгы КЭРдин коопсуздугуна жана кызыкчылыгына таасирин тийгизип жаткандыгына анализ берген.

Чжао Хуашэн эмгегинде 5–10 жылдын ичинде БАда туруксуздук орун алат, келечекте чөлкөмдүн ички жана тышкы өнүгүү маселесин орус–америка мамилеси эмес, орус–кытай мамилеси аркылуу чечилет деп божомолдоо менен АКШ чөлкөмдөн биротоло чыгарылат деп ачык оюн жазган. БАдагы кырдаал геосаясий жактан эмес геоэкономикалык параметрлер менен аныкталат. КЭР ШКУ аркылуу чөлкөмдө экономикалык лидерлигин жана таасирин сактап калуу үчүн болгон күчүн жумшайт деген[249].

Чжао Хуашэндин дагы бир “Китай, Центральная Азия и Шанхайская организация сотрудничества”[229] деген эмгегинде ШКУнун жаралуу тарыхына изилдөөдө чек ара маселеси өбөлгө түзгөндүгүн белгилеген. Совет мезгилиндеги айрыкча 1960–1970-ж. СССР менен КЭР ортосундагы чек ара

маселесиндеги келишпестиктерге токтолгон. СССР кулагандан кийин Кытай менен коңшу БА мамлекеттеринин өз алдынча чек ара маселесин чечүүсүндө Кытайдын активдүү иш аракеттерине сереп салган. Жыйынтыгында “Шанхай бештиги” («Шангри-Ла» мейманканасы), кийин ШКУнун уюшулгандыгын, чек ара маселесин чечүүдө аймакта коопсуздук маселеси биринчи орунда тургандыгын аныктаган. ШКУнун негизги ишмердиги аймактагы коопсуздук маселесин камсыздоодо эң олуттуу экендиги менен өзгөчөлөнүп тургандыгына токтолгон. Автордун дагы башка көптөгөн эмгектериндеги изилдөөлөр, анадагы аналитикалык ой пикирлер азыркыга чейин маанилүү экендигинде талаш жок.

Кытайдын изилдөөчүсү Чжао Чанциндин эмгегинде КЭР менен БАнын соода-экономикалык кызматташуу маселесин анализдөөгө көңүл бөлүнгөн[403]. Чжан Веньвэйдин эмгектеринде ШКУнун өнүгүүсүндө БА чөлкөмүнүн катышуусунун маани маңызына жана келечектеги өнүгүүсүнө жана уюмдун жетишкендиктери жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу анализ берген[348], [398].

ШКУ алкагында БАнын маданий-гуманитардык маселелерин жана стратегиясын изилдеген Лю Яньдун [299], Ян Вейхундун [360] ж.б. Кытай изилдөөчүлөрүнүн эмгектери бар. Ошону менен катар ШКУну көптөгөн Кытай изилдөөчүлөрү XXI к. “жаңы типтеги” биринчи эл аралык уюм катары баалашкан эмгектер жарык көргөн [335], [336], [337], [338]. Бул эмгектерде ШКУнун ишмердигине ар тараптуу баа берилип, талдоого алынган.

**Төртүнчү топко,** КЭРдин учурдагы саясий концептуалдык негизин камтыган илимий эмгектер кирди. “Гармониялык тынчтык “Бир алкак, бир жол” стратегиялык концепциясынын иштелип чыгышы жана ишке ашышында коңшу мамлекеттерге анын ичинде БА өлкөлөрүнө болгон мамилеси тууралуу жазылган эмгектер бар ”[335], [359], [397]. Алсак, Цин Юйцай, Чжоу Гупин, Ло Вэйдун биргелешкен авторлугунда жазылган “Один пояс и один путь: комментарии” деген эмгекте “Бир алкак жана бир жол” идеясынын

стратегиясын жана аны ишке ашыруунун ыкмаларына кеңири токтолгон. Айтылган концепцияда байыркы “Улуу Жибек Жолунун” тарыхый өнүгүүсү талданган, анын негизги максаты тынчтыкта өз ара кызыкчылыктар үчүн кызматташуу жана Жибек Жолунун мейкиндигинде жайгашкан элдерди экономикалык карым-катнашын жакшыртуу, жаңылоо аркылуу активдүү иш алып барууну көздөө экендиги белгиленген [226].

Ал эми С. Линин макаласында[292] КНРдин тышкы саясатынын “Кытай кыялы” философиялык саясий стратегиясынын азыркы кездеги өзгөчөлүгүнө анализ берилген. Кытай жана Россия окумуштуулары биргелешип жазган “Один пояс – один путь - ведущая стратегия внутренней и внешней политики Китая”[174], деген эмгекте “Бир алкак бир жол” программасынын түзүмдүк маңызынын мүнөзүн ачып көрсөтүшкөн. “Бир алкак бир жол” долбоорунун алкагында БАР менен чектеш СУАРдын алакасын арттыруу максатында бир нече өнүктүрүү программалары түзүлгөндүгү тууралуу жазган Кытай серепчилеринин эмгектери жарык көргөн[174].

**Кытай окумуштууларынын эмгектери боюнча тыянак чыгарсак:**

1. Иште КЭР окумуштууларынын эмгектери төрт топко бөлүнүп каралды. Кытай окумуштуулары тарабынан БАнын тарыхый өнүгүүсүнө анализ берүү 90-ж. аягында солгун болсо, XXI к. башында ШКУ мектебинин калыптануусу менен БА анын ичинде Кыргызстан абдан кызуу талкууга алынып изилдеп башташкан. Кытайдын окумуштуу–изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринин негизги өзөгү жана нугу Кытай агрессор басып алуучу эмес, ал эки тараптуу жана көп тараптуу, өзгөчө ШКУ алкагында кызматташтыкта коңшу мамлекеттер менен альтернативдүү өнөктөш жана жакын шериктеш болууну каалайт деген пикирди билгизишет.
2. КЭР менен коңшу жашаган БА мамлекеттери менен чек ара маселесинин чечилиши жана коопсуздук ж.б. кызматашуунун башталышы ШКУнун жаралуусуна көмөк түзгөндүгүн Кытай окумуштуулары тастыкташууда. Алардын пикиринде ШКУ БАда коопсуздук маселесинде «үч жамандыкка»

– эл аралык терроризмге, этникалык сепаратизмге жана диний экстремизмге каршы туруу жана интеграциялык өнүгүүнү камсыздоочу механизм экендигинде. Ошону менен азыркы мезгилдеги ШКУнун кызматташтыгынын негизги өзгөчөлүгү – экономикалык, маданий-гуманитардык кызматташтыкка багытталып жаткандыгы уюм артыкчылыктуу багыттары катары карашат.

3. Кытай окумуштуулары Россия окумуштуулары сыяктуу БАда Батыштын жана АКШнын ж.б. мамлекеттердин кызыкчылыгын жана таасирин оздуктоо олуттуу экендигине токтолушкан. XX к. аягында БАда жүрүп жаткан тарыхый жараянда РФнын БАда мурунукудай өз үстөмдүгүн жана таасирдүүлүгүн орноткон жалгыз оюнчу боло албайт, ал бул аймакта КЭРдин ШКУ аркылуу болгон таасирдүүлүгүн колдоого жана өнүктүрүүгө аргасыз экендигин белгилешкен.
4. КЭРдин Кыргызстанга карата жүргүзгөн саясаты эки өлкө ортосундагы эки тараптуу жана ШКУ аркылуу көп тараптуу жолдор менен ишке ашырып жаткандыгына анализ беришкен. Азыркы кездеги Кытай тарап сунуштап жаткан концепциялар “Гармониялык дүйнө”, “Кытай кыялы”, “Бир алкак, бир жол” ж.б. БАданын ичинде Кыргызстанда ишке ашып жаткандыгын анализдешкен. Жыйынтыктап айтканда, Кытай окумуштуулары белгилегендей ШКУнун алкагында өнүгүүдө БАР анын ичинде Кыргызстан Россияга, андан кийин Европа мамлекеттерине чыгууга мүмкүнчүлүк түзүүчү аймак катары, геосаясий, геоэкономикалык, ресурстук, транзиттик ж.б. бааланат. Бирок, БА мамлекеттеринин өнүгүүсүнө жалпылаштырып баа берүүдө экономикалык жактан начар өнүккөн, саясий жактан туруктуу эмес Кыргызстанга окшогон мамлекеттер ШКУ алкагында КЭР менен кызматташуусуна муктаж экендигин да белгилешкен. БА өлкөлөрүнө мүнөздүү “күчтүү президент, начар же алсыз парламент жана кичинекей өкмөт” деп сыпатташат.

**Индия Федератвидүү Республикасы** 2017-ж. баштап ШКУнун мүчө өлкөсү катары таанылган. Индияда постсоветтик БАны изилдөө маанилүү ролду ээлейт. Азыркы мезгилде Индия ШКУнун толук макамдуу мүчөсү катары РФ, КЭР жана БАР менен кызматташуунун жаңы баскычына көтөрүлдү. Индия мамлекети КЭР, РФ сыяктуу чөлкөмдөгү саясатта ири кызыкчылыктарга умтулат. Ооганстан жана Иран маселесинде, өзгөчө коңшу Пакистанга болгон мамиледе өз тарапташтарын табууга кызыктар. Евразия мейкиндигиндеги интеграцияда максаттуу саясатты карманат жана ишке ашырууга ашыгат.

Азыркы кезде ШКУнун ишмердүүлүгү, анын ичинде БАны геосаясий, стратегиялык, транзиттик ж.б. Индиянын окумуштууларынын кызыгуусу артып, изилдөө жолуна түшүп жатат. Индияда постсоветтик БАны изилдеген окумуштуулары бар, алардын катарына К.Варико [384], М. Пури[392] жана Дж. Бакши [372] кирет.

БА чөлкөмүн активдүү изилдеген Индиялык серепчи Анита Сенгупта (Азия изилдөө институту) эмгегинде[385] СССРдын кулашы менен БАнын толук өз алдынчалыкка жетүүсү менен Россия БА өлкөлөрү менен болгон мамилеси солгундап, БАга болгон Батыштын таасирдүүлүгүнүн өсүп жаткандыгын мүнөздөгөн. Россия менен БА өлкөлөрүнүн өз ара мамилесинин негизги окуяларына баа берүүдө автор БАда Россиянын саясаты олуттуу өзгөрүлгөндүгүн белгилейт, факт жүзүндө Россия бул чөлкөмдөн кетиши менен Батыштын, Кытай, Түркия, Иран, Пакистан жана Сауд Аравия ж.б. таасирдүүлүк үчүн умтулуусу активдешип жаткандыгына баа берген.

Постсоветтик мезгилдеги Индия менен БА республикалардын өз ара мамилесин изилдеген окумуштуулардын бир топ изилдөөлөрү XX к. аягында жарык көргөн. Алардын катарында С. Гопалдын [390] С. Чаттерджинин[374] Д. Каушиктин [377] эмгектерин киргизсек болот. Негизинен көпчүлүк Индиялык иликтөөчүлөр СССРда окуп билим алышкан, илимий эмгектерди жаратууда марксисттик методологияны карманып келишет. Көптөгөн окумуштуулардын ой пикири Индия, Россия жана БА республикалары биргелешип Пакистанга,

жалпы исламдын кысымына, Кытайга жана АКШга каршы туруусу зарыл экендигин аныктаган чакырыктары байкалат.

Индиялык изилдөөчөлөр БАдагы маселелердин ичинен ислам таасирине өзгөчө маани берүү менен дыкат изилдөөгө аракет кылышкан. Алар 1990-ж. башында эле постсоветтик республикаларда исламдык фундаментализмдин күчөшү байкалгандыгын анализдешкен. Ислам маселесине байланышкан изилдөө Индиялык иликтөөчү Д. Хиронун эмгегинде [388] чагылдырылган. БА чөлкөмүндө совет доорунун аякташы менен исламдын кайра жаралуу иденттүүлүгү башталгандыгын анализдеген. Автор ислам менен коммунизм жашоосу БА республикаларында акылга сыйбаган кайчылаш пикир экендигин көрсөтүп, атеизм менен динге ишенүүчүлүк, ислам дининин коомго сиңиши элдин ортосунда светтик жашоо менен диндик жашоонун карама каршы келе турган жагдайларына токтолгон [388].

Азыркы кезде Индияда БАнын ар кандай маселелерин иликтөөгө алектенген ири институттар, борборлор жана университеттер негизделип иштеп келишет. Индиянын Дели шаарындагы Джавахарла́л Неру университеттин изилдөөчүсү, СССР мезгилинде эле Орто Азия маселелерин изилдеген окумуштуу Девендра Каушиктин эмгегинде [377], АКШнын бир тараптуу басып алуучулукка умтулган саясатын ашкерелөө менен XX к. Азиянын коопсуздук маселесине токтолгон. ШКУнун ишмердүүлүгүнө анализ берүүдө, бул уюм жаңы байкоочуларды жана катышуучуларды кабыл алганга ачык экендигине өзгөчө баа берген. Ошону менен Монголия, Индия, Иран, Пакистан жана АКШ уюмдун ишмердигине кызыкдар экендигин жазган. Автор Индия менен Кытайдын ортосундагы мамиленин тартипке келүүсүнө абдан көңүл бөлгөн. Д. Каушик геосаясат көз карашында Россиялык саясатчы, академик Е. Примаковдун көп уюлдуу дүйнө үчүн “Чоң Азиялык үчтүк” концепциясын калыптандырууну колдоорун билгизген[377].

БАдагы коопсуздук жана дин маселесине абдан көнүл буруган Дж. Неру университетинин окумуштуусу К. Вариконун редакторлугунда «Религия и

безопасность в Южной и Центральной Азии»[384] деген коллективдүү авторлордун эмгеги жарык көргөн. Авторлор коопсуздукту кеңири эл аралык контекстте караганга аракет кылышкан: Ооганстандагы талибан маселеси, Пакистандын талибандашуусу, Индиядагы терроризм маселеси, Кашмирдеги исламдык экстремизм, БАдагы Хизб ут-Тахри́р аль-Исламдын ролу, Синьцзяндагы этникалык-диндик сепаратизм ж.б. Алар аталган маселелерди салыштырмалуу анализдөө менен ислам дининин саясатташып кеткендигин ж.б. маселелерин анализдеген. Индиялык эксперттердин эмгектеринде американизмге, пакистанизмге, радикалдуу исламга каршы турган жүрүмдөр көп кездешет. Индиялык саясат таануучулар өзүлөрү сыяктуу эле БАны АКШ менен Пакистандын саясатынан тышкары болуусуна чакырат. Бул негизде АКШ менен Пакистандын саясатынан тышкары болуу үчүн Индиялык авторлордун оюнда Индия–Пекин–Москва–Дели төрттүк катышуучулардын интеграциясы олуттуу деген ойлорун билгизишет.

Ал эми П. Манинин эмгегинде[382], АКШнын 2001-ж. 11-сентябрдан кийинки Ооганстандагы АКШнын согуштук операциянын башталышын, дүйнөлүк саясатта жаңы доордун, башкача айтканда БАга карата таасирдүүлүк үчүн жаңы күрөштүн башаты деп мүнөздөгөн. АКШ чөлкөмдөн ички ишине терең катыша баштагандыгын жазган. Ал эми Индия Орто Азияда өз таасирин мусулман калкынан аярлоо же чочулоо менен көп батына алган эместигин, алардын “исламдык альянс” ж.б. түзүүсү Пакистан менен мусулмандык биримдүүлүккө баруусу чочулаткан.

С. Чаттерджи (Азия изилдөө институту) эмгегинде[374], постсоветтик БА республикаларында анын ичинде Кыргызстандагы модернизация экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү алардын коомго болгон мамилеси менен өлчөнөт дейт. Автордун оюнда модернизациялоого ички факторго караганда тышкы факторлордун ролу күчтүү жана таасирдүү болгондугуна токтолгон. Анткени, көз карандысыздык мезгилиндеги БАРдын экономикасында түзүмдүк кайра түзүүлөр факт жүзүндө болгон эмес. Иш

жүзүндө бул өлкөлөрдүн саясатынын багытынын өзгөрүшү өндүрүштүн төмөндөшүнө, жумушсуздуктун көбөйүшүнө, билим алууда жана саламттыкты сактоо чөйрөсүндө деградациянын болушу ж.б. таасирсиз жыйынтыктарга алып келген. Демократизациянын алгачкы толкуну пландуу экономикадан базар экономикасына өтүүдө абдан татаал болгондугунун мүнөзүн ачкан.

Профессор Н. Джошинин жетекчилигинде «Воссоединение Индии и Центральной Азии: растущее значение факторов безопасности и экономики» [376] деген эмгек АКШнын окумуштуулары менен чогуу Вашингтондо жарык көргөн. Монография эки негизги маселеге арналган – коопсуздук жана экономика. Жалпысынан авторлор Индия менен БА “Чоң Борбордук Азия (кеңейтилген БА)” аймактык контекстте кароодо, БА чөлкөмүнө Түштүк Азия, Ооганстан, Иран жана Түркияны кошуу менен карашкан. Авторлор БА менен Индия мурунку тарыхый байланыштары болгондугуна токтолушуп азыркы мезгилдеги байланышына эч кандай тоскоолдук болбошуна күмөн санабастыгын билдиришкен. Индия үчүн БА стратегиялык баалуу чөлкөм катары кала берээрине шек жок. Бирок, чөлкөмдөгү “Чоң оюн” алардын көз карашында, эки түгөйлүү геосаясий оюнчулардын ортосунда төмөндөгүдөй эки жүрүштө - кызматташтыкта жана атаандаштыкта жүрөт: бир жактан АКШ жана ЕС, экинчи жактан Россия жана Кытай. Ал эми Индия инерциялык түрдө Россия менен кызматташат, коопсуздуктун таасирдүүлүгүн чыңдоодо Кытай АКШ менен шериктештикке жакындашууга барат. Индиялык эксперттердин пикиринде КЭР чөлкөмдөгү таасирдүүлүгүнө карата Россия менен Индиянын ой пикири шайкеш экендигин билдиришкен [376].

Франциялык жана Индиялык окумуштуулардын биргелешип жазган «Карта Центральной Азии в восприятии и стратегии Индии» монографиясы окурмандардын арасында абдан чоң кызыгууну жараткан. Эмгек белгилүү француз Чыгыш таануучулары Марлен Ларюэль и Себастьян Пейруз редакторлугунда жарык көргөн. БА изилдеген А. Патнаик, К. Варико, С. Чаттерджи, А. Сенгупту, С. Гопала ж.б. [389] макалалары камтылган. Эмгекте

Индия менен БА ортосундагы мамиледе башка ири мамлекеттер сыяктуу Индия дагы БА экономикалык, энергетикалык табигый ресурстук ж.б. таасирдүүлүккө жетүүгө умтулаары жазылган. Авторлор Индия, Кытай сыяктуу таасирдүү боло албастыгын (экономикалык мааниде) моюнга алышкан. Индия үчүн БАда биринчи кезектеги кызыкчылыкта Казакстан тураарын белгилешкен (космос, өзгөчө Байконур маселеси, атом энергетикасы жана маалыматтык технология жаатында кызматташтыкта).

Джавахарла́л Неру университеттин Россия жана Борбордук Азия изилдөө борборунун жетекчиси, Евразия фондунун директору Арун Мохантинин макалалары жарык көргөн [475], [476]. Ал Индиянын ШКУга мүчө катары таанылуусу, уюмдун коопсуздук алкагынын иш аракеттеринин кеңейишине алып келет. ШКУ өз ишмердүүлүгүндө эки багыты бар: коопсуздукту күчөтүү жана күчтөрдү бириктирүү менен экономикалык кызматташтыкты чыңдоо. Терроризмдин курмандыгы болгон Индия ШКУнун мүчөсү катары ага каршы биргелешип күрөшүүгө абдан кызыкдар, буга чейин аймактык коопсуздукту камсыз кылуунун тиешелүү механизмдерин иштеп чыккан. Индия ошондой эле БАда жана Ооганстанда аймактык туруктуулукту сактоого өз салымын кошо алат деген пикирин билдирген [476].

Индия изилдөөчүлүрүнөн айырмаланып ШКУнун байкоочу өлкөсү **Иран Ислам республикасында** БАнын тарыхын изилдөөгө байланышкан перс тилиндеги абдан баалуу архивдик булактар жана илимий эмгектер болгондугу менен белгилүү. Иран окумуштуулары тарабынан БАдагы республикаларынын постсоветтик доордогу тарыхын изилдөө жакшы жолго коюла баштаган. Алар Ирандын БА республикалары менен болгон мамилесин тарыхый мыйзам ченемдүүлүк катары эсептешет. Анткени, Иран географиялык жактан БАга жакын жана чектеш, 1991-ж. баштап Иран өзүнүн экономикалык, саясий, маданий ж.б. жактан таасирдүүлүгүн БАга жайылта баштагандыгы тууралуу Иран окумуштуусу С.Мехдинин эмгегинде анализ берилген [302].

Иранда постсоветтик мезгилдеги БАнын тарыхын ар тараптан иликтөөгө алган борборлор, эл аралык институттар изилдөө иштерин жүргүзүп келет. Азыркы мезгилдеги Ирандын БАдагы саясатын изилдеген окумуштуулар Э. Эфеджиль жана Л. Стоундун эмгегинде 1990-ж. Ирандын БА менен мамилеси туруктуу нукка өткөн. АКШ койгон санкцияга кошулган жалгыз Ташкент гана болгон. Ал эми 1992-ж. РФнын колдоосунун негизинде БАда Ирандын мамилеси калыптанган. Иран менен Россиянын өз ара мамилеси дайыма туруктуу болуп келгендигине токтолгон[387].

Ирандын БАдагы кызыкчылыгына баа берген М. Рахманинин (Иран эл аралык жана саясий изилдөө институту) эмгегинде, Иран БАны жалгыз гана коргоочусу катары сезээрин белгилеп, БА менен алардын тыгыз тарыхый, этникалык, тилдик жана диндик байланышы бар экендиги жазган[383]. Ал Ирандын эң узун чек ара тилкеси СССР менен болгон, ошого карабай БА менен маданий, тарыхый жана этникалык байланыштарды сактап келгендигине токтолгон. Ушул себептен, Иран үчүн БА жана Кавказ чөлкөмү Түркияга караганда географиялык жактан көбүрөөк артыкчылыкка ээ. Автор БАР менен байланышын кеңейтүүдө кээ бир факторлордо чектен ашпоосуна көңүл бөлгөн. Биринчиден, чөлкөмдөгү АКШнын таасирдүүлүгүн оздуктоо, экинчиден, БАда Россия, Түркия, Пакистан ж.б. Араб мамилекеттеринин саясатынын таасирдүүлүгүнөн тышкары болуусуна көңүл бөлгөн.

Иран сыяктуу **Түркия Республикасынын** БАга болгон мамилеси өзгөчөлөнгөн мүнөзгө ээ. Эгер XX кылымга чейин Осмон империясынын жашоосунда башкы ролду ислам дини ойносо, 1920-ж. кийин негизги ролду түрктөштүрүү идеясы (пантюркизм) ээлеген. XX к. Түркия өзүнөн “тышкары жашаган түрктөрдүн” коргоочусу катары жарыялаган. 1991-ж. БАда төрт, Кавказда бир түрк тилдүү жаңы мамлекеттердин пайда болуусу күтүлбөгөн жерден Түркиянын амбициясын ишке ашыруусуна түрткү болгон. Түркия Республикасы постсоветтик БА республикаларын эгемендүүлүгүн биринчилерден таанып, дипломатиялык ынак мамиле түзгөн. БАнын анын

ичинде Кыргызстандын эгемендүү мезгилиндеги өнүгүүсүн изилдеген түрк окумуштууларынын эмгектери арбын. Алардын ичинен П. Варбанецтин [258], Г. Жуссупбектин [272], Дж. Эйвазовдун [358] эмгектеринде постсоветтик БАнын тарыхый өнүгүүсүнүн ар кыл өңүттөрү чагылдырылган.

**Япония** мамлекетинин БАга карата саясатынын максаты жана маанилүү себеби көптөгөн япон изилдөөчүлөрү баамдагандай, Европа менен кургактык аркылуу байланыштырууда жаңы багыттарды өздөштүрүү менен Азиялык-Тынч океан аймагын кеңейтүү планы каралган. Чыгыш Азия чөлкөмүндө жайгашкан Япония экономикалык ж.б. өнүгүүсү менен өзүн дүйнөдө лидер мамлекет катары таанытып жатат.

1997-ж. Япония тышкы саясатында БАга карата “Евразия дипломатиясы” деген доктринаны жарыялаган. Бирок, бул концепция чөлкөмдө активдүү болуу жөндөмдүүлүгүн арттыра алган эмес. Ушундан кийин Япония тарабынан БАР үчүн «япониялык долбоор» башталган. XXI к. башында Японияда БАны изилдөө үчүн адистерди даярдоо аталган долбоордун алкагында ишке аша баштаган. “Чыгыш китепканасы” Чыгыш таануу боюнча адистешкен адабияттар жана тарыхый булактар сакталган эң чоң жана байыркы китеп сактоочу жай болуп эсептелет. Китепкана бардык Азия чөлкөмүнүн, анын ичинде БА тарыхын, маданиятын изилдөө боюнча борбор катары кызмат өтөйт. Анын алкагында «Современные центральноевразийские исследования в Японии: обзор 1985—2000 гг.” деген эмгек жарыкка чыккан. Эмгекте Борбордук Евразиянын өлкөлөрүнүн өнүгүүсүнө анализ берилген. Анда азыркы кездеги БАнын тарыхый өнүгүүсү тууралуу жазган профессор Х. Комацунун [379] макаласы камтылган.

Мындан тышкары БАны иликтөө боюнча Япон ассоциациясы (ЯАЦА, Japan Association for Central Asian Studies) 2004-жылы түзүлгөн. Ушул иликтөө борборунун алкагында БАны изилдеген эмгектер чыга баштаган. Япон изилдөөчүлөрүнүн катышуусунда «Японская дипломатия на Шелковом пути» деген эмгек жарык көргөн. Бул эмгектин башкы редактору Лен, Уяма Томохико

жана Хиросе Тецуя болгон. Монографияда азыркы кездеги БА менен Япониянын тарыхый байланыштары жана БАнын ички, тышкы маселелери камтылган[381]. Авторлордун оюу боюнча Япония чөлкөмдөгү тилектештик, колдоочулук саясатын токтотуп, демократиялык жараяндарга кошулуусу зарыл. БА чөлкөмүндө геосаясий эмес экономикалык мамилеге өтүүнү үгүттөшөт. Алар Япония өз саясатын БАга таңуулаган абдан кооптуу мамлекеттердин катарына кирбей тургандыгына токтолушкан. Ошону менен бирге авторлор бул чөлкөмдөгү таасирдүүлүк үчүн Россия жана Кытай менен тирешпей кандайдыр бир мааниде конструктивдүү жол табуу менен биргелешип кызматташуу керектигин билгизишкен. БАдагы эл аралык уюмдардын ичинен ШКУнун ишмердигин КЭРдин таасири менен өнүгүп жаткандыгын анализдешкен. Япония жана анын стратегиялык тарапташтары Шанхай жараяны менен мурда эле абдан кызыгып келишкендигин жашырышпайт. Уюмдагы ар бир байкоочуга сереп салышкан. Иран үчүн ШОС АКШга каршы туруу саясатын бекемдөө үчүн керек, бирок Индияга мындай саясат жакпайт. Өзбекстан ШКУ алкагында өзүнүн эркин абалын сактоо үчүн кирди. Ал эми Монголия мүчө болуудан баш тарткандыктан байкоочу катарында жүрөт. Ушулардын ичинен ШКУга мүчө катары Пакистан кире алат деген ойлорун билдиришкен. Мындан тышкары ШКУ менен Японияны эмне байланыштырат? Бул суроого Япон саясатчыларынын жана академиялык чөйрөсүндө абдан катуу талкуу жаралган. Япониянын байкоочу катарында кирүүсү керек экендиги айтылган. Бирок, БАны айтпаганда, РФ менен өзгөчө КЭР Япониянын ШКУнун ишмердигине катыша албай тургандыгын билгизишкен.

Япониянын изилдөөчүсү И. Акихиронун “Шанхайская организация сотрудничества и Япония” [375] деген макаласында ”Шанхай бештигине” кирген мамлекеттер ШКУну түзүп олуттуу карама-каршылыктарды жеңүү менен өз ара ишеничтин жана түшүнүүнүн сапаттуу жаңы баскычына чыга алганын жазган.

БАнын жана ШКУнун ишмердигин иликтеген Индия, Иран, Түркия жана Япония окумуштууларынын пикирине карата **жыйынтык** чыгарсак:

1. Индия изилдөөчүлөрү БАны изилдөөнү СССР кулагандан кийин баштаган. Ал эми абдан жигердүү иликтөөлөр Индияда ШКУнун өнөктөшү катары таанылуусу менен байланыштуу. Индиялык изилдөөчүлөр биринчи кезекте, БАда ислам дининин таасирине маани берүү менен изилдөөгө аракет кылышкан. Алар 1990-жылдын башында эле постсоветтик республикаларда исламдык фундаментализмдин күчөшүнө кабатырланышкан. Экинчи кезекте, БАдагы коопсуздук, геосаясат ж.б. маани берүүдө Кытайдын ШКУ аркылуу таасиринин ишке ашып жаткандыгын анализдешкен.
2. Иран изилдөөчүлөрү СССР мезгилинде алар БА менен эң узун чек ара тилкеси менен байланышта болуп, ынтымактыкты сактап келгендигине токтолгон. Алар Иран үчүн БА жана Кавказ чөлкөмү Түркияга караганда географиялык жактан көбүрөөк артыкчылыкка ээ экендигин белгилешет. БА республикаларынын ар тараптуу байланышын кеңейтүүдө кээ бир факторлордо чектен ашпоосуна көңүл бөлгөн. Биринчиден, чөлкөмдөгү АКШнын таасирдүүлүгүн оздуктоо, экинчиден, БАда Россия, Түркия, Пакистан ж.б. ислам мамилекеттеринин саясатынан жана таасирдүүлүгүнөн тышкары болуусун билдиришкен.
3. Түркиянын БАга болгон мамилеси эки мүнөзгө ээ экендиги ачыкталган. Биринчиси, БАдагы түрк тилдүү республикалары менен тыгыз кызматташтык мамилеси. Экинчиси, Түркиянын ШКУда шериктеш катары таанылышы менен уюмдун мүчө мамлекеттери менен болгон ишеничтүү мамилеси.
4. Япон окумуштуулары БАны кооптуу чөлкөм экендигине анализ берүү менен БАга өз саясатын таңуулаган мамлекеттердин катарына кирбей тургандыгына токтолушкан. Япония БАга карата бир нече концепцияларды сунуштаган “Евразия дипломатиясы”, “БА үчүн япониялык долбоор” “БА+Япония” “Евразия стратегиясы” ж.б. Бул долбоорлор БАга кызыккан оюнчулар үчүн биргелешкен аянтча болмок деген ойду билгизишкен. Бирок, жогоруда

сунушталган долбоорлор БАда арналып жарыялангандыгы менен жигердүү ийгиликтерге жеткен эмес.

### 1.3. Россия Федерациясында ШКУ жана Борбордук Азия тууралуу изилдөөлөрү

ШКУнун өнүгүү тарыхын изилдөө бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясатта абдан кызуу талкууга алынып, атайын адистештирилген илимий мекемелер, институттар тынымсыз илимий иликтөө иштерин жүргүзүп келет. Илимий иликтөөлөрдүн жүрүшү ШКУнун эл аралык уюм катары иш алып баруусунда жетишилген ийгиликтери менен катар көйгөй жараткан маселелери арбын экендигинен кабар берет. Анткени, уюмдун мүчөлөрүнүн көбөйүшү (алтыдан сегизге өсүшү), аймактык алкагынын кеңейиши ого бетер уюмдун аброюн жогорлулатып анын ишмердигине баа берүүдө ар тараптуу көз караштардын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

ШКУнун уюшулушунун өбөлгөсү чек ара жана коопсуздук маселеси экендигин көптөгөн иликтөөчүлөр тастыкташууда. Тарыхта чек ара маселеси ар бир мамлекеттин эң эле көйгөй жараткан проблемасы катары изилденилип актуалдуулугун жоготпой келет. Ошондуктан илимий изилдөөнүн максатына жараша Россия окумуштууларынын эмгектери үч топко бөлүп каралды:

Биринчи топко – Россия империясынын мезгилиндеги орус-кытай жана Совет доорундагы совет-кытай чек ара проблемаларын, Кытайдын Борбордук Азиядагы (БА) кызыкчылыктарын, таасирин изилдөөгө алган илимий эмгектер кирди;

Экинчи топко – КЭР менен РФнын БАдагы саясаты жана чөлкөмдүн ички саясий-экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсү, коопсуздук маселелерине арналган илимий эмгектер жана макалалар кирди;

Үчүнчү топко - ШКУнун ишмердүүгүн жана Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүн чагылдырган илимий эмгектер жана макалалар кирди.

Биринчи топтогу эмгектерге кыскача мүнөздөмө берсек: XVIII к. баштап Россия падышачылыгынын БА жана Ыраакы Чыгыш, Сибир үчүн ушул аймактардагы кырдаалды, ал жерде жашаган элдин жашоо шартын, экономикалык ж.б. өнүгүүсүн, географиялык жаратылыш байлыктарын изилдөө үчүн саякатчы илимпоз окумуштууларды жиберген. Алар БАнын стратегиялык жактан маанилүү аймак катары чалгындоо максатында географиялык илимий - иликтөө экспедицияларын уюштурушкан. Чалгындоого соодагерлер, географ-картографтар жана окумуштуулар катышкан. Ошол мезгилдеги эл аралык мамиленин курч абалында БАдагы тарыхый кырдаалды изилдөө, анын мүнөзүн ачуу орус окумуштуулардын жеке кызыгуусун туудурган. Кээ бир окумуштуулар БАнын жалпы тарыхый өнүгүүсүн иликтөөгө кызыккан өз алдынча иш аракеттерин жүргүзүшкөн.

БАдагы эл аралык мамиле жана Россия жана Цин империяларынын колониалдык саясаты, аймакты басып алуудагы аракеттери, админстративдик башкаруу системасынын түзүлүшү, салык саясаты жана жергиликтүү калктын абалы тууралуу Б.П. Гуревичтин эмгегинде жакшы мүнөздөмө берилген[122]. Ушул эмгектин “Формирование границы между Россией и Цинским Китаем” деген бешинчи бабында Россия менен Кытайдын ортосундагы кол коюлган тарыхый келишимдердин маани маңызын ачыктаган. Алардын ичинен 1864-ж. кол коюлган Чугучак протоколу Орус падышачылыгы үчүн тарыхый жактан маанилүү экендигине баа берген. Бул келишимдин баалуулугу эгемендүү мезгилде Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы чек ара маселесин чечүүдө да ролу чоң болгон[122].

Ал эми В.С. Кузнецовдун монографиясында Цин империясынын БАны басып алуу кызыкчылыгын жана чөлкөмдө таасирдүү болууга умтулуу саясатынын мүнөзүн ачкан. Цин сарайынын саясатында Батыш чек аралар Синьцзян «жаңы территориялар» деп аталып, ага Жунгария жана Чыгыш Түркстан аймактары кирген. Бул жерлерди «тышкы» же «вассалдык» ээликтер аталган. Бул ээликте Кытайдын баскынчылык саясатынын жүрүшүн, ал аймакта жашаган элдердин өнүгүүсүн мүнөздөгөн тарыхый окуяларга анализ берилген[145].

Н.А. Халфиндин эмгегинде [212] XIX к. Орто Азияда жашаган калктын тарыхый-территориялык, маданий-демографиялык, чарбачылык, кол өнөрчүлүк ж.б. өнүгүүсүнө жалпы мүнөздөмө берген. XIX к. аягында Орто Азия аймагынын Россиянын курамына каратылышынан кийинки коомдук-саясий жана экономикалык өзгөрүүлөрү тууралуу маалымат берилген. Падышачылыктын аймакты басып алуу колониалдык саясатынын жүрүшү, админстративдик башкаруу системасынын түзүлүшү, салык жана жергиликтүү калктын абалы сыяктуу орчундуу маселелерге көңүл бурулган. Чөлкөмдүн геосаясий баалуулугу Россия империясы үчүн маанилүү экендиги баса көрсөтүлгөн [212].

СССРдин мезгилиндеги белгилүү советтик окумуштуулар Л.Н.Харюковдун [216], Г.А. Хидоятовдун[217], [218] эмгектеринде БАда Россия жана Кытай мамлекеттеринин гана кызыкчылыктарын жараткан чөлкөм болбостон, Британия империясы үчүн стратегиялык жактан баалуу чөлкөм болгондугун жазышкан. XIX к. аягындагы БАдагы тарыхый жана саясий кырдаалга жакшы мүнөздөмө беришкен.

Совет мезгилинде Россия менен Кытайдын ортосундагы территориялык ж.б. маселелерин изилдеген окумуштуулардын бири Ю.М. Галенович болгон. Анын эмгектеринде [118], [119], [120], [121] СССР менен КЭР ортосундагы терртиориялык талаш маселелердин курч мүнөздө болгондугун белгилейт. Автордун “Наказы Цзян Цзэминя: принципы внешней и оборонной политики

современного Китая”[121] деген эмгегинде КЭРдин төрагасы Цзян Цзэминдин мезгилиндеги Кытайдын тышкы саясий байланышы анын ичинде БА республикалары менен болгон чек ара ж.б. маселелери жакшы мүнөздөлгөн.

СССРдин мезгилиндеги көпчүлүк советтик окумуштууларынын эмгектеринде БАга тиешелүү болгон территориялык аймактар Кытайдын Цин империясы жана Орус падышачылыгы тарабынан гана чечиле турган маселе катары изилдешкен. Бирок, Орус падышачылыгы үчүн БАнын территориясы геосаясий, геоэкономикалык, транзиттик баалуу чөлкөм болгондугун белгилешкен. Негизинен, Совет мезгилинде Кытайдын ички жана тышкы саясатынын өнүгүүсүн изилдеген окумуштууларынын эмгектери СССРдин идеологиясынын таасиринин басымы астында жазылган. Ошентсе да, XIX к. орус-кытай чек ара маселесинин чечилишинин бирден бир өбөлгөсү Батыш Кытайдагы мусулман калкынын көтөрүлүшү себеп болгондугун жазышкан. Ал эми БАнын айланасында айрыкча ошол мезгилдеги чөлкөмдөгү ички проблемалар (уруулук жикке бөлүнүү, ички чыр чатактар) тышкы тарыхый кырдаалына анализ берүүдө Орус падышачылыгынын чөлкөмдү басып алышын мыйзам ченемдүү жараян катарында карашкан. Алар кээ бир жергиликтүү элдин (уруулардын) Россиянын курамына кирүүгө өз каалоосу болгондугуна токтолушкан.

Постсоветтик мезгилдеги БА мамлекеттеринин өз алдынча жашоосунда айрыкча коңшу КЭР менен чек ара маселесин чечүүдө Орус падышачылыгы жана Цин империясынын кийин КНР менен СССРдин ортосундагы кол коюлган мыйзамдуу документтер абдан маанилүү роль ойногон. XX к.аягында Совет мезгилиндеги окумуштууларынын арасынан орус-кытай мамилесин жаңы көз караштa изилдеген тарыхчылардын, саясат таануучулардын эмгектери жарыкка чыккан.

Алардын катарында учурдагы РФнын белгилүү окумуштуусу саясат таануу жана философия илиминин доктору профессор А.Д. Воскресенскийдин бир нече эмгектери бар [108], [116], [117], [260], [261], [262]. Алардын ичинен

“Кытай и Россия в Евразии: Историческая динамика политических взаимовляний” деген монографиясында XVII к. XXI к. чейинки орус-кытай чек ара маселесине арналган маанилүү тарыхый келишим, макулдашуу ж.б. даректүү документтердин негизинде чагылдырылган эмгектери жарык көргөн. Автор XIX к. БАнын “Чоң оюн” мезгилиндеги Россия, Кытай жана Британиянын кызыкчылыктарын жакшы изилденген. Ошону менен катар ар бир орус-кытай тарыхый келишимдерине кол коюлушун айрыкча, БА (Түркестан) территориялык тилкелердин чечилишиндеги Россиянын дипломаттарынын иштери тууралуу баалуу материалдарды жарыялаган [117]. Өзгөчө “Чоң оюундун” БАдагы жүрүшүн андагы Россиянын, Британиянын жана Кытайдын иш аракеттеринин жүрүшү каралган. Орус-кытай чек ара боюнча түзүлгөн келишимдеринин тарыхына жакшы анализ берген. Эмгекте орус-кытай чек ара талаш жараткан маселеси экендигине токтолуп, Кытай окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан “Бириккен көп улуттуу Кытай” ж.б. концепцияларынын маани маңызын анализдеген. Бул концепциялар Кытай тарыхчылары тарабынан 1980-ж. иштелип чыгып, негизги маңызы Кытайдын тарыхын байыртадан бери жердеген элдер түзөөрүн аныктоо үчүн бул концепциялар чоң мааниге ээ. Көптөгөн Кытай окумуштуулары Орус империясы БА чөлкөмүн баскынчылык саясаты аркылуу Цин империясынан тартып алган деген ой пикирде болушкандыгы тууралуу маалыматтар камтылган. Монографиянын ушул эле бөлүмүндө бир топ Кытай окумуштуулары тарабынан казактар, кыргыздар жердеген аймактар Кытайга тиешелүү деген ой пикирлери кездешет [117].

Чек ара маселесин изилдеген дагы бир орус окумуштуусу профессор В.А. Моисеевдин БАнын чөлкөмүнө арналган эмгектери жарыкка чыккан [168], [169]. Алардын арасынан “Россия и Кытай в Центральной Азии (вторая половина XIX в. - 1917 г.) [169]” деген он төрт баптан турган эмгегинде, Кытай менен Россиянын мамилесиндеги БА маселесине көңүл бөлгөн. Автор орус-кытай чек ара мамилесин өнүгүшүн беш этапка бөлгөн. Россия империясы

менен Цин мамлекетинин мамилесиндеги маанилүү орунда БАнын маселеси тургандыгын белгилейт. Эмгекте Пекин (1860-ж.), Чугучак (1864-ж.), Петербург (1881-ж.), Жаңы – Маргалаң (1896-ж.) келишимдерин изилдеп, келишимдердин ичинен 1864-ж. Чугучак протоколу боюнча БА территориясы биротоло Россия падышачылыгынын ээлигине өткөндүгүн аныктаган. Бул келишимдер XIX к. Россиянын дипломатиясынын жетишкендиги деп туура баалаган.

2014-ж. РФнын окумуштууларынын биргелешип жазган “Политика России и Китая в Центральной Азии во второй половине XIX – начале XXI в.” деген монографиясында [187] Орус падышачылыгынын БАда XIX к. 20–60-жж. аралыгында жүргүзгөн басып алуу саясатын жана Россиянын Цин империясы менен болгон мамилеси анализденилген.

РФнын тышкы саясатын жана анын КЭР менен өз ара мамилесин изилдеген белгилүү окумуштуу РФнын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын профессору, Е.П.Бажановдун эмгектерин белгилей кетсек болот[96], [97], [98]. Анын эл аралык мамиленин олуттуу маселелерин чагылдырган үч томдуу эмгеги жарыкка чыккан[96]. Автордун эмгектеринде XXI к. КЭРдин улуу дөөлөт болуу саясатындагы иш аракеттерине баа берген[96].

РФнын дагы бир окумуштуусу Е. Н. Румянцевдин эмгегинде 1970-ж. кийинки Гонконг проблемасы, КЭР менен АКШнын СССРга каршы саясатынын жүрүшүнө сереп салган. Ал XX к. аягынан азыркы мезгилге чейинки Кытайдын ички жана тышкы саясатында Си Цзиньпиндин жүргүзгөн саясатына анализ берүү менен постсоветтик мезгилдеги кытай-орус мамилелерини актуалдуу маселелерине мүнөздөмө берген. Кытайдын дүйнөгө анын ичинде БА, Европа ж.б. чөлкөмдөрдөгү таасиринин таралышын ар тараптуу анализдөөгө алган [189].

Азыркы мезгилдеги РФнын белгилүү окумуштууларынын бири В. Л. Ларindин эмгектеринде [149], [150] Кытай менен Россиянын өз ара

мамилелеринин көйгөйү БАдагы чек ара маселелери болуп келгендигине анализ берген. Империялар мезгилиндеги мамиле кийин XX–XXI к. көбүрөөк өзгөрүүгө туш болгондугун, БАга болгон мамиледе КЭР ишенимдүү жана таасирдүү саясатын жүргүзүүгө аракети бар экендигин таразалаган.

**Экинчи топко** А. А.Казанцевдин [133], Д. Б. Малышеванын [164], Г.И.Чуфриндин [231], И.Д.Звягельскаянын [130], А.Г. Осиповдун [182], Ю.В.Чудодеевдин [230] А.Д. Богатуровдун [106], [107] ж.б. эмгектерин киргизсек болот. Бул авторлор КЭР менен РФнын БАда жүргүзгөн саясатын жана чөлкөмдүн ички саясий-экономикалык, социалдык-маданий өнүгүүсүн, коопсуздук маселелерин анализдешкен. Алар БАдагы эл аралык кырдаал жана чөлкөмдө жайгашкан ар бир мамлекеттин өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүүгө көңүл бурушкан.

Учурдагы РФнын белгилүү окумуштуусу, БАнын ички турмушун жакшы билген А. А. Казанцевдин изилдөөсүндө бул аймактагы “Чоң оюундун” мурункусу (эскиси) менен азыркысы (жаңысын) салыштыруу максатында эки чоң бөлүктөн турган «Большая игра» с неизвестными правилами: мировая политика и Центральная Азия”[133] деген монографиясы жарык көргөн. Эмгекте 1991–2001-ж. дүйнөдөгү ири мамлекеттердин БАга тийгизген таасири жана чөлкөмдөгү эл аралык интеграциялык түзүмдөргө анализ берген. БАдагы эл аралык мамиледе мурун болбогон айкынсыздыктын өсүшүнө алып келген ар кандай факторлорду бөлүп көрсөткөн. “Россиянын Борбор Азиядагы долбоору” алкагында азыркы жана совет мезгилиндеги Россиянын БАда жүргүзгөн саясатын анализдеген. Дагы эле Россиянын БАга болгон саясаты өзүмчүл экендигин белгилеген. Эмгекте 1991-2008-жж. чөлкөмдөн тышкаркы дүйнөлүк оюнчулардын (Россия, АКШ, ЕБ өлкөлөрү, Кытай,Түркия, Иран, Индия, Пакистан, Япония, Түштүк Корея) саясатынын өзгөчөлүктөрүн анализдеген. Батыштын бир нече мамлекеттеринин БА жүргүзгөн иш аракеттерин “оюнчулардын коалициясы” катары бири-бири менен макулдашылган кызыкчылыгы экендигин тастыктаган. Бул коалициянын “ядросун” АКШ баш

болгон Европалык союздаштар түзөт. Автордун пикиринде Батыш өлкөлөрүнүн коалициясы биргелешип БАда жүргүзгөн ишмердигинин эффективдүүлүгүнүн төмөндүгү жана ырааттуу эместиги чөлкөмдөгү тарыхый кырдаалдын дайыма өзгөрүп турушуна алып келип, алар тарабынан уюшулган долбоорлор чабал болуп жаткандыгын анализдеген. Ал эми ШКУнун уюштуруучулары болгон РФ менен КЭРдин БА чөлкөмүндөгү кызыкчылыгы Европа, АКШ ж.б. көбүрөөк айырмаланат деп баа берген [133].

Д. Б. Малышеванын эмгегинде 2000-ж. Борбордук Азиянын беш мамлекети – Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Түркменстандын ички жана тышкы мамилесин изилдөөгө алган. Бул мамлекеттер Европа менен Азиянын эл аралык мамилесинде өзгөчө орунда болуу менен чөлкөмдүк жана ааламдык атаандаштыкка болгон кызыкчылыктардын чордонунда турат деген пикирин билгизген[164].

И.Д.Звягельскаянын эмгегинде Орто Азиянын (БА) тарыхына мүнөздөмө берүү менен Түркстандын ири империялардын ортосунда талашта калып Россия империясынын колониялык ээлигине айлангандыгын, Орто Азия жана Казакстандын территориялары СССРдин курамында жашоосу жана СССРдин кулашы менен БАнын өз алдынчалыгын алуу жолундагы кыйынчылыктары чагылдырылгын. Автордун өз эскерүүлөрү бул эмгектин негизин түзгөн, улуттук мамлекетти түзүүдөгү проблемалар, саясий жараяндар, мусулмандык кайра жаралуу факторундагы ислам динин ролу каралган [130].

Азыркы мезгилде Кытай жана Чыгыш Азияда жайгашкан мамлекеттердин ички жана тышкы маселелерин изилдөөдөгө алган РФнын Илимдер академиясынын Ыраакы Чыгыш институтунун окумуштуулары М. Л. Титаренконун, С. Г. Лузяниндин, А. В. Лукиндин, С. В. Севастьяновдун, Н. В. Серебрякованын ж.б. бир топ эмгектери жарыкка чыккан. Алардын изилдөөлөрүндө учурдагы КЭРдин ШКУ алкагындагы БАда жүргүзүүгөн түз же кыйыр түрдөгү саясатын, чөлкөмдөгү таасирдүүлүгүнүн жана кызыкчылыгынын нугу чагылдырылган.

1991-ж. кийинки орус-кытай мамилесинин изилдеген Академик М. Л. Титаренконун эмгектеринде[206], [207] акыркы жылдардагы Россия менен Кытай биргелешкен кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн өз ара кызматташтыктын жагымдуу шартын түзүп жаткандыгына өзгөчө чектешкен аймактарга тиешелүү болгон пландарды турмушка ашырууда эки тараптын эл аралык аренадагы аброюн бекемдөө үчүн бири бирин түшүнүү далалатына баа берген. Дүйнөлүк коомчулук ШКУнун эволюциялык өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурган. Ал учурдагы ШКУнун географиялык аймагындагы абал туруктуу экендигине баа берүү менен БА мамлекеттериндеги саясий, социалдык багыттардын жана кызыкчылыктардын ар тараптуулугу ар кандай проблемалардын жаралышына түрткү болуп жаткандыгына токтолгон. Бул автордун эмгектеринде Россияны ири империя болууга далалаты күчтүү өлкө экендигин да белгилеген.

Орус-кытай мамилесин жана ШКУнун өнүгүүсүн абдан кылдат изилдеген окумуштууларынын ичинен учурдагы РФнын Илимдер Академиясынын Ыраакы Чыгыш институтунун директору, тарых илимдеринин доктору, профессор С. Г. Лузяниндин бир топ эмгектери жарык көргөн[159], [160], [161], [295], [296], [297], [466]. Анын "Шанхайская организация сотрудничества 2013-2015. Прогнозы, сценарии и возможности развития." деген эмгеги 2015-ж. чейинки ШКУнун өнүгүү эволюциясын сындоого алуу менен Россия, Кытай, БА жана АКШ изилдөөчүлөрдүн ой пикирлерине, теориялык изилдөөлөрүнө кеңири токтолуп анализ берген. ШКУ мамлекеттеринин негизги милдети – бул БАдагы коопсуздукту камсыз кылуу жана чек арадагы туруктуулукту сактоо экендигине сереп салган [159].

Профессор С. Г.Лузяниндин дагы бир монографиясында XXI к. орус-кытай мамилесинин тышкы саясий ишмердүүлүктөрүн Россия, Кытай жана БАнын серепчилеринин ой пикиринин негизинде изилдөөгө алган. Эки державанын күчтүү лидерлери – РФнын президенти В. В. Путин, КЭРдин төрагасы Си

Цзиньпиндин тышкы саясатта жүргүзгөн активдүү иштерине ар тараптуу анализ берген [160], [161].

С. Г. Лузяниндин жана Е. И. Сафронованын редакторлугунда дагы бир монография жарык көргөн. Ал эмгек 9 баптан туруп ШКУнун өнүгүүсүнө карата берилген ар кандай көз караштардына сереп салууда тышкы эксперттердин ой пикирлерин эске алуу менен ШКУнун 2025-ж. чейинки өнүгүүсүнө баа беришкен [201].

Кытай менен БА мамлекеттеринин мамилесин изилдөө жаатында да эмгектенген Россия окумуштуулары арбын. Алардын ичинен Н. В. Серебряккованын "Шанхайская организация сотрудничества: многосторонный компромисс в Центральной Азии" [195] деген монографиясында чөлкөмдүк интеграциянын теориясы жана практикасы иликтөөгө алган. Автор чөлкөмдүк интеграция жараянын изилдөөдө Европалык тажрыйбанын классикалык теориялык моделин БАга өзгөртүүсүз колдонууга болбой тургандыгын белгилеген. БА чөлкөмүндөгү интеграция мүмкүнчүлүк чегин анализдөөдө автор чөлкөмдүк оюнчуларга (АКШ, Батыш Европа, Түркия ж.б.) көп көңүл бурган. Чөлкөмдөгү АКШнын таасирдүүлүгүн 2001-ж. баштап изилдеп, Түркиянын чөлкөмдөгү таасирдүүлүгү пантюркизм идеясын жайылтуу аркети болгондугун мүнөздөйт. БАда көбүрөөк таасири күчтүү оюнчу катары РФны көрсөтөт. Анткени, тарыхый фактор (БА Россия империясынын кийин СССРдин курамында болушу), саясий жана экономикалык фактор (БА республикалары Россия демилгелеген – ЖККУ, ЕврАзЭС, КМШ уюмдарына мүчө) экенин белгилеген. Автор Россия тарабынан БАга карата так жана маңыздуу саясаттын жоктугу БАнын элитасынын РФдан оолактатып калышы мүмкүн экендигин билгилеген. ШКУнун келечектеги өнүгүүсүнө баа берүүдө коопсуздук, экономика жана гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыкты өнүктүрүүнү белгилейт. Уюмдун алкагында экономикалык интеграцияны актуалдуу экендигине көңүл бурган [195].

РФнын азыркы кездеги белгилүү саясат таануучуларынын бири А. В. Лукиндин эмгектеринде [162], [234] ШКУнун түзүмдүк калыптанышына жана келечектеги өнүгүүсүнө анализ берилген. Дагы А. В. Лукиндин редакторлугунда жарыяланган эмгектерде Россия менен Кытайдын жана БА мамлекеттеринин интеграциялык маселелерин жана ШКУнун айланасындагы проблемаларды жана жетишкендиктерди чагылдырган окумуштуулардын макалалары жарыяланган [188], [202].

РФнын Томск Мамлекеттик университетинин окумуштуулары Е.В.Савковичтин[192], [255], [506], [507], Е.Ф.Троицкийдин [209], [344], К.С.Ануфриевдин [92] ж.б. илимий эмгектери көңүлгө алаарлык.

Алардын арасынан тарых илиминин доктору, профессор Е.В.Савковичтин[192] эмгегинде КЭРдин постсоветтик БА республикаларына 1992-2012-жж. экономикалык кызматташтыктын оң жана терс таасиринин мүнөзүн салыштыруу ыкмасынын негизинде карап чыккан. БАдан Россиянын таасирдүүлүгүнүн “кетиши” менен башка мамлекеттердин таасирдүүлүгү күчтөндү, алардын бири КЭР экендигин көрсөткөн. Эгерде 1990-ж. Кытай БАда этият мамиле кылса, кийин экономикалык жактан бир нече активдүү кадамдарды ишке ашырууга өткөн, анын негизи ШКУалкагында түзүмдөрдүн иш аракеттерин кеңейтүү аракети экендигин анализдеген. 2011-ж. тарта чөлкөмгө кытайлыктардын массалык кирүүсү жана жайылуусу экономикалык таасирдүүлүк энергетика жана соода тармагына таркады. КЭР көп тараптуу байланыштын системасын иштеп чыгып, өз территориясын өнүктүрүү максатында Синьцзян – Уйгур автономдуу району менен коңшу жайгашкан БА мамлекеттеринин анын ичинде Кыргызстандын ресурстук базасын колдонууга өттү деп баа берген. Эмгекте 1992-2012-жж. Кыргызстан менен КЭР ортосундагы соода-экономикалык байланышына терең анализ берип, эки мамлекеттин ортосундагы мамиле 1990-ж. жөн гана кызматташуу болсо, кийинчерээк чөлкөмдөгү негизги шериктеши катары тааныла баштагандыгын баса көрсөтөт. Мында Кыргызстандын СУАР менен чектешиши стратегиялык

жактан маанилүү экендигине токтолгон. Кытайдын 20 жыл ичинде Кыргыз Республикасынын экономикасына сарптаган каражаттарын жана инвестициясынын жалпы көлөмүн көрсөткөн. Кытайдын инвестициясынын жылдан жылга көбөйүшү республиканын стратегиялык баалуу ресурстарына ээ болуу мүмкүнчүлүгүн түзүп жаткандыгын анализдөө менен Кыргызстандын территориясы “Кытай товарларын сактоочу кампага” айланып баратат деген жыйынтык чыгарган[192].

**Үчүнчү топтогу тарыхый эмгектер:** ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын чагылдырган РФнын илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитиктердин эмгектери арбын. Алардын катарына И. Н. Комиссинанын, А. А. Куртовдун [144], М. Аруныванын [248] А. Б. Боляткoнун [254] ж.б. илимий эмгектери кирет. Алар ШКУнун уюшулушунун тарыхый өбөлгөлөрүн жана этаптарына токтолуу менен чөлкөмдөгү коопсуздук маселесиндеги жаңы коркунучтардын пайда болушун иликтешкен. Ал эми Ю. А. Никитина[173] эмгегинде ЖККУ менен ШКУнун коопсуздук маселелерди биргелешип чечүү механизмдери бар экендигине токтолгон.

Коопсуздук маселесин изилдеген белгилүү окумуштуу А. Ф. Клименконун бир топ эмгектери жарык көргөн [232], [279], [280], [281], [282]. Алардын ичинен “Стратегия развития Шанхайской организации сотрудничества: проблема обороны и безопасности” деген эмгегинде ШКУнун учурдагы жана келечектеги өнүгүүсүнө баа берген. ШКУнун мүчө мамлекеттеринин коңшу өлкөлөр менен болгон мамилесиндеги проблемаларга анализ берүү менен ШКУ форматындагы мамлекеттер аралык кызматташтыктын жаңы формасы катары стратегиялык өнөктөштүккө, коопсуздук чөйрөсүндөгү маселелерге көңүл бурулган. Чөлкөмдүк коопсуздукта жаңы кооптуу коркунучтардын (аскердик чөйрөдө) пайда болушуна бөгөт коюу ШКУнун башкы милдети экендигин комплекстүү изилдөөгө алган. Эмгекте Коопсуздук чөйрөсүндөгү уюмдун мүчөлөрүнүн жана анын байкоочуларынын, өзгөчө Россия менен Кытайдын БАдагы стратегиялык кызматташтыгынын мүмкүнчүлүктөрү иликтенген [279].

ШКУнун жаралуу тарыхы, ишмердүүлүгү жана өнүттүү жагдайлары РФнын окумуштуулары тарабынан тарых, саясат ж.б. адистиктер боюнча илимий диссертациялык иштер корголгон [362], [363], [365].

КЭРди жана ШКУну изилдеген РФнын саясат таануучулары, тарыхчылары жана экономисттери – орус-кытай мамилесинин стратегиялык негизги багыты ШКУэкендигин, уюм аркылуу БАда көп тараптуу кызматташуу ишке ашып жаткандыгын анализге алган авторлордун биргелешип жазган бир нече эмгектер жарыкка чыыкан [138], [139], [140], [142], [186], [200], [201], [235], [238].

РФ менен БА окумуштуу– серепчилери биргелешип жазган (А.В.Лукин, С.Г.Лузянин, Ли Синь, И.Е.Денисов, К.Л.Сыроежкин, А.С.Пятачкова) аналитикалык эмгеги жарык көргөн. Эмгекте КЭР демилгелеген эң олутуу долбоорлор “Жибек Жолунун экономикалык алкагы”, “Бир алкак бир жол” КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин тарабынан 2013-ж. Астанада жана Жакартада жарыяланса, учурда бул Кытай экономикасын ар тараптан жаңылоо реформанын ишке ашыруу жана жайылтуу саясаты экендигине анализ беришкен [141].

Юридика илиминин доктору, академик Т. Я. Хабриеванын редакторлугунда “Шанхайская организация сотрудничества: новые приоритеты развития: деген эмгекте Орустун белгилүү юристтери, экономисттери жана тарыхчылары азыркы мезгилдеги ШКУнун ишмердүүлүгүнө ар тараптуу салыштырмалуу көз караштa илимий теориялык пикирлер айтылган [233].

ШКУнун эл аралык уюм катары калыптануусун анализдеген А. С. Небренчиндин [172], Ф. Г. Олейновдун [320], С. В. Севастьяновдун [193], [194], [329], А. А.Свешниковдун[514] ж.б. эмгектери көңүлгө алаарлык.

Илимий иштин методологиялык ыкмаларын мүнөзүн ачууга жана андагы тарыхый, эл аралык, укуктук ж.б. булактарды изилдөө А. В. Бочаровдун [112], И. Д. Ковальченконун [143], П. А. Цыганковдун [228], А. В. Абрамовдун [241], Н. И. Смоленскийдин [197] ж.б. эмгектерин колдонуу аркылуу ишке ашты.

ШКУнун ишмердигиндеги жетишкендиктер жана көз жаздымда калган ар кандай олуттуу жагдайларын кеңири талкууга алган эл аралык конференциялардын материалдары: “Афганистан, ШОС, безопасность, и геополитика Центральной Евразии”[250], “Шанхайская организация сотрудничества: взаимодействие во имя развития”[232], “Шанхайская организация сотрудничества: от становления к всестороннему развитию” [234], “Шанхайская организация сотрудничества: экономическая интеграция и национальные интересы”[235] ж.б. диссертациялык иште колдонулду.

Кыргызстандын БАдагы алган ордун, геосаясий, геоэкономикалык баалулугун изилдеген В. Гусейинов менен А. Ганчаренконун Стратегия Экономического пояса Шелкового пути и роль ШОС в ее реализации”[224] [265], [266] эмгектери бар. БАнын транзиттик денгээлин изилдеген А. Свечников менен С.Чаплинскийдин [328] эмгегинде ар бир БА республикаларынын транзиттик абалына салыштырып анализ берилген. Ал эми Кыргызстандын тарыхый жашоосун ички жана тышкы саясатын, интеграциялык түзүмдөрдөгү өнүгүүсүнө анализ берген РФнын изилдөөчүлөрүнүн эмгектери каралды. Алар, А.Г.Осиповдун[182], [485] М. Олимовдун [479] ж.б.

Кыргызстандын ички социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана тышкы байланыштарын изилдеген Россия окумуштуусу Е.А.Бородиндин [110], [111] эмгеги жарык көргөн. Бул эмгекте автор Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүн эки чоң этапка бөлгөн. Биринчи этабы, 1995–2001-ж. Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн чыңдоо мезгили, экинчи этабы 2005-ж. мартынан бүгүнкү күнгө чейинки мезгилге бөлүп анализдеген. Бул мезгилдерде ички жана тышкы экономикалык проблемалардын курчушу. Республикада болуп өткөн эки революциянын жүрүшүндөгү тышкы күчтөрдүн же шериктештердин жарандарга болгон геосаясий манипуляциясы күчөгөндүгүнө анализ берген. Республика үчүн ыңгайсыз жана эффективдүүлүгү жок насыя алуу ортомчу түзүмдөр аркылуу жүргүзүлгөндүгүн аныкталган. Мындай жагдай мамлекеттин

карызын ого бетер терендетип экономикалык ж.б. өнүгүүдө кедерги болоору анализденилген[110].

Дагы бир РФнын саясат таануучусу В. С. Власовдун «Стратегическое ство Российской Федерации и Кыргызской Республики: предпосылки и основные направления»[115] деген эмгегинде Россия менен Кыргызстандын стратегиялык шериктештигинин өбөлгөлөрүн жана негизги багыттарына сереп салган.

Изилденип жаткан иштин негизги тарыхнаамасын түзгөн РФнын окумуштууларынын эмгектерин үч топко бөлүп талдоодо, төмөндөгүдөй **жыйынтык** чыгарсак:

1. XIX к. – XX к. башындагы орус–кытай мамилелериндеги чек ара маселесин изилдеген кээ бир орус окумуштуулардын эмгектеринде (Д.Воскресенский, М: В.А Моисеев ж.б.) Орто Азия территориясы Орус падышачылыгы үчүн транзиттик жана стратегиялык жактан баалуу экендиги көрсөтүлгөн, бул аймакта жашаган калкын маданий өнүгүүсү изилдеген менен алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү басып алынган аймак катары анча деле маанилүү болбогондугу тастыкталган.
2. РФнын окумуштууларынын эмгектеринде Россия менен Кытайдын БАдагы саясатына, таасирдүүлүгүнө, кызыкчылыктарына ж.б. жакшы анализ берилген. РФ жана КЭР БА чөлкөмүндө ШКУ алкагындагы таасирдүүлүгүн бекемдөөдө эң жакын шериктеш болуу менен чектен ашпаган этият саясатты ишке ашырып жатат. Россия БАда Батыш жана АКШнын ж.б. мамлекеттердин кызыкчылыгын жана таасирдүүлүгүн болуусуна чектөө үчүн ШКУ алкагында КЭР менен кызматташууга кызыктар. Орус окумуштуулары ШКУну түзүү демилгеси КЭР жана РФнын мамилеси аркылуу ишке ашкандыгын белгилешет.
3. ШКУнун ишмердигин өнүктүрүүдө Кытай жана Россия ж.б. тараптар БА жайгашкан Кыргызстан сыяктуу чакан мамлекеттердин саясий-экономикалык, социалдык ж.б. өнүгүүсүн, айрыкча коопсуздук маселесин

камсыздоого кызыкдар. Анткени, ШКУнун өнүгүшү Кыргызстанга окшогон мамлекеттердеги туруктуулуктан көз каранды. Орус окумуштуулары ШКУнун өнүгүүсү “кызматташтыктын төрт ара байланышы” концепциясынын алкагында өнүгүп жаткандыгына анализ беришкен. Орус авторлору чөлкөмдөгү бир нече ири державалардын кызыкчылыктары жана таасирдүүлүккө болгон күрөшү БАРга кедергисин тийгизип жатат деген кээ бир жергиликтүү саясатчылардын ой пикирин толук колдоорун билгизет.

4. Орус окумуштууларынын эмгектерине таянып, XIX к. аягынан XX к. аягына чейин БА жана Кыргызстан “буфердик аймак” катары эки империянын (Цин жана Орус падышачылыгы, кийин СССР жана КЭР ортосунда), азыркы учурда РФ, КЭР ортосундагы туруктуу кызматташуунун балансын камсыздап турат деп ишеничтүү айта алабыз. Жыйынтыктап айтканда, РФнын окумуштуулары эмгектеринде БАнын изилдөөгө алып жатып анын ичинде гана Кыргызстандын ШКУ сыяктуу интеграциялык бирикмелердеги өнүгүүсүнө жалпылаштырып баа беришкен. Алар БАдагы Кыргызстанга окшогон кичинекей мамлекеттер Россия жана Кытай мамлекеттеринин ар тараптуу колдоосуна муктаж деген ой пикирден алыс эмес. Бирок, алар БА жана анын ичинде Кыргызстанда кытайлашуу саясатынын күчөп жаткандыгына кооптонуу, т.а. чочулоо менен сыпатташат. Кыргызстан БАнын башка республикаларына салыштырганда Кытай үчүн “кытай товарларын сактоочу кампа” катары колдонулуп жаткандыгын белгилеген кээ бир орус окумуштууларынын эмгектери кездешет. РФнын жалпы академиялык чөйрөсүнүн эмгектери диссертациялык иште Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусун этаптарга бөлүп изилдөөдө жана уюмдун алкагында ар тараптуу кызматташууну талдоодо кызмат кылды.

## 1.4. ШКУга мүчө болгон Борбордук Азия республикаларында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр

ШКУ ишмердиги жана чөлкөмдөгү интеграция маселелерине арналган илимий изилдөөлөр жаңыдан өнүгүү жолуна түшүп жаткан БА өлкөлөрүнүн ар биринде изилдене баштады. Эгемендүү Казак Республикасында Россия менен Кытай сыяктанган ири мамлекеттердин БАга багытталган саясатын изилдеген казак окумуштууларынын эмгектери арбын. Алар М. Т. Лаумулин[152], [153], [154], [155], [290], [464], К. Л. Сыроежкин [204], [519], Б. К. Султанов [222], С. К. Кушкумбаев [146], У. Т. Касенов [135], С. М. Акимбеков [88], А. В. Малашенко[167], [301], [469] ж.б. Жогоруда аталган окумуштуулардын илимий эмгектеринде БАнын дүйнөлүк жана чөлкөмдүк интеграция катышуусундагы көйгөйлүү багыттарын жана өңүттөрүн ачууга арналган маселелер каралган.

Казак Республикасынын улуттук коопсуздук маселеси боюнча алектенген белгилүү окумуштуу А. Бисенбаевдин эмгегинде[104] Россиянын БАда эки кылым үстөмдүгү СССРдин кулашы менен аяктагандыгын, азыркы мезгилде БАны – саясий аянтча (полигон) катары мүнөздөп, АКШ, Россия жана Кытай

ж.б. мамлекеттеринин ортосунда таасирдүүлүк үчүн күрөш жүрүп жаткандыгын анализдеген. БА чөлкөмүндө Кытай кандай ролду аткарууга жөндүмдүү ж.б.у.с. суроолордун үстүндө өз пикирин билдирген. СССР кулагандан кийинки 20 ж. жыйынтыгы, мурдагыдай эле учурда БА өлкөлөрү үчүн “Чоң оюн” жаңы этабы жүрүп жатат деген бүтүм чыгарган.

Эл аралык мамиле жана геосаясат боюнча белгилүү окумуштуу М. Т. Лаумулиндин эмгегинде Казакстандын он жыл аралыгындагы тышкы саясатына жана коопсуздук жана эл аралык мамиледеги маселесине жалпы чөлкөмдүк деңгээлде көз жүгүрткөн. БА мамлекеттеринин тышкы саясий өнүгүүсү бири биринен аз гана айырмаланаарын баса белгилеп, Казакстандын интеграциялык өнүгүүдөгү ролун жана ордун аныктоого аракет жасаган [152].

Ушул эле автордун беш томдуу монографиянын жарыкка чыккан. Анын үчүнчү тому “Геополитика и международные отношения (вторая половина ХХ – начало XXI вв.”[153] геосаясаттын классикалык тарыхы жана постсоветтик доордун абалына арналган. Китепте эки уюлдук тынчтыктан биполярдык дүйнөнүн кыйрашындагы эл аралык мамиленин эволюциясы жана бир уюлдуу дүйнөнү куруу аракети каралган. ШКУнун түзүлүүсү БА мамлекеттери үчүн Кытай менен болгон карым-катнашта бир топ ийгиликтерге жетишилгендигин, чөлкөмдүк интеграцияда БАнын башка мамлекеттерине салыштырганда Казакстандын ролу жогору экендигине баа берген.

Ушул эле монографиянын бешинчи томунун “Центральная Азия и Китай” деген бабында М.Т.Лаумулин Кытайдын төртүнчү муундагы жетекчилеринин БАР менен чектешкен Тибет жана Синьцзян (Чыгыш Туркестан) территорияларындагы жүргүзгөн саясатына мүнөздөмө берип, Кытайдын болуп көрбөгөндөй экономикалык өсүүсү Пекиндин геосаясий жана тышкы саясатынын активдешүүсү демилгеленип жаткандыгын айгенелеген[154].

Кытайдын БАга жана Казакстанга болгон стратегиялык ж.б. кызыкчылыктарын изилдеген, казактардын белгилүү окумуштууларынын бири саясат таануу илиминин доктору, профессор К.Л.Сыроежкиндин бир топ

эмгектери бар. Анын “Казакстан и Китай: от пограничной торговли к стратегическому ству” деген эмгегинде 1990-ж. аягында БА чөлкөмүндөгү РФнын таасиринин алсызданышы, АКШ өз таасирин жайылтууда активдүү иш аракеттеринин башташы, КЭРдин чөлкөмдө өз таасирин бекемдөө үчүн жаңы ыкма табуусу тууралуу маселелерге токтолгон. Кытай БАны туруктуу стратегиялык тыл катары сактап калуусунда бир нече шарттарга көз каранды экендигин аныктаган. Кыргызстан Кытай товарларынын сактоочу жайына айланган деген орус окумуштууларынын пикирин колдойт. Автордун көз карашында, ШКУдагы КЭРдин орду чөлкөмдө гана эмес дүйнөлүк саясатта өзгөчө ири лидер мамлекеттердин катарында өзүн экономикалык ж.б. күчүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү деп белгилейт [204].

Казак окумуштууларынын “Центральная Азия сегодня: вызовы и угрозы” деген коллективдүү эмгеги профессор К.Л. Сыроежкиндин редакторлугунда жарык көргөн. Анда БАРдын ар биринин ички саясий өнүгүүсүнө токтолуу менен маңыздуу анализ берүүгө аракет жасалган. “Внутриполитическая ситуация в Кыргызстане” деген 1-бапта 2010-ж. 7-апрель окуясы Кыргызстандын саясий системасынын мамлекетти башкаруусунун укуктук өнүгүүсүнө олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келгендигин, этностордун ортосундагы кандуу кагылышуу постсоветтик Кыргызстандын өнүгүүсүндө олуттуу сыноо болгондугун анализдешкен. Кыргызстандын азыркы кездеги саясий системасында уруктук-уруулук жана регионалдык-кландык топтордун ролу абдан күчтүү экендигине анализ берген. Мындай көрүнүш айрыкча К.Бакиевдин башкаруусунда күч алып, кадр саясаты кландык топтордун кызыкчылыгында ишке ашып келген жана ишке ашып жаткандыгына токтолгон[223].

С.К.Кушкумбаевдин “Центральная Азия на путях интеграции: геополитика, этничность, безопасность”[146] аттуу эмгегин постсоветтик БАнын актуалдуу маселелерин талдоого арналган. Автор БАнын интеграция жолундагы эң көйгөй жараткан маселелерине токтолгон.

Чөлкөмдүн жалпы коопсуздук маселесинин ар тараптан ачып изилдеген казак окумуштуусу У.Т.Касеновдун “Безопасность Центральной Азии: национальные, региональные, глобальные проблемы” [135] деген эмгеги XX кылымдын аягында жазылганы менен тагдыр чечээрлик улуттук, чөлкөмдүк жана ааламдык маселелерди терең изилдеген.

“Современная история и геополитика в Центральной Азии» деген монографияда Р.С. Жаркынбаева, Г. Дадабаева ж.б. казак окумуштууларынын макалары жарык көргөн. Монографияда азыркы мезгилдеги БАнын көп кырдуу интеграциялык өнүгүүсүнүн мүнөзүн ачууга арналган көйгөйлүү маселелерине токтолушкан [198].

Казак окумуштууларынын эмгектеринде БА чөлкөмүндөгү интеграциялык өнүгүүнүн башатында турган мамлекет Казакстан экендигин ачык айкын билгизишкен. Кыргызстанга болгон мамиледе айрым казак окумуштууларынын бир тараптуу көз караштары калыптанган. Негизинен Кыргызстанды саясий-экономикалык өнүгүүсү БА республикаларына салыштырмалуу начар өнүгүп жаткан мамлекет катары сыпатташат. Ошону менен катар казак окумуштууларынын ШКУнун айланасындагы маселеде Кытайдын БАдагы таасирин, стратегиялык кызыкчылыктарын кеңири ачып көрсөтүүгө аракет кылышкан.

**Өзбекстан Республикасы** ШКУга 2001-ж. мүчө болуп кирип, уюмдун алкагында ишке ашып жаткан интеграцияда активдүү актор катары таныхууда. Өзбекстандын ШКУ алкагындагы ишмердүүлүгү, коопсуздук, саясат, экономика ж.б. маселелерин изилдеген жоон топ окумуштуулардын мектеби калыптанган. Алар, белгилүү өзбек окумуштуулары жана иликтөөчүлөрү А.Х.Ходжаев[219], В.В.Парамонов, А.Строков, О.А. Столповский [183], [184], [185], [494], [495], Ф.Толипов[341], [342], [521] ж.б. Алардын эмгектери жарыкка чыгып, интернет баракчаларына жарыяланган.

ШКУнун ишмердүүлүгүн, чөлкөмдөгү ордун жана ролун изилдеген көрүнүктүү окумуштуулар В. В. Парамонов, А. Строков, О. А. Столповскийдин

эмгектери жүйөлүү пикирлерди сунуштагандыгы менен айырмалант. Авторлордун биргелешип жазган эмгектеринде БАнын саясаты, экономикасы, коопсуздугу ж.б. маселелери каралып жакшы анализ чыгарылган. Россия менен Кытайдын БАРдын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине салыштырмалуу анализ беришкен. БАнын интеграциялык өнүгүүсүдөгү ролу, айрыкча ШКУнун ишмердиги жакшы таразаланып баа берилген.

Өзбекстандан айырмаланып **Тажикстан Республикасы** ШКУнун уюшулушунун башатында эле "Шанхай бештигине" кирген. Тажикстан КЭР, Кыргызстан, Өзбекстан жана Ооганстан менен чектешет. ШКУ алкагында коопсуздук маселесинде активдүү катышуучу десек болот. Анткени, анын чыр чатактуу Ооганстан менен коңшу болгондугу ШКУга мүчө мамлекеттерди Россия менен Кытайды абдан кабатыр кылып келет. ШКУнун ишмердигин изилдеген бир топ тажик окумуштуулары бар. Алардын ичинен БА чөлкөмүнө таанымал окумуштуу, саясат таануу илиминин доктору, ШКУнун мурунку башкы катчысы Р. Алимовдун бир топ эмгектери жарык көргөн [90], [238], [408]. Анын "Шанхайская организация сотрудничества: становление, развитие, перспективы"[90] деген монографиясында ШКУнун 15 жылдык жашоосунда универсалдык мүнөздөгү чөлкөмдүк уюмдан эл аралык уюмга айлангандыгын белгилеген. Монография 7 баптан туруп, ШКУнун өнүгүү хроникасын ирээти менен чагылдырган. Ал ШКУнун ишмердигине түздөн түз катышып калган адам катары уюмдун иш аракеттери тууралуу, анын ичинде КЭР менен РФнын ролун белгилөөдө бир нече макалаларды жазган. Анын ой пикирлери дайыма интернет баракчаларына жарыяланып келет.

Тажик окумуштууларынын Х. Зарифи, А. Сатторовдун «Таджикистан - Китай: становление государственной границы. История и современность»[129] деген монографиясы Тажикстандын тышкы саясатынын өнүгүүсү эгемен мезгилде бир катар оор жана татыктуу жолду басып өткөндүгүнө сереп салган. Ошону менен катар Кытай менен Тажикстандын чек ара маселелеринин тарыхына анализ беришкен.

Ал эми Ш.Д. Бобоевдин «Шанхайская организация сотрудничества в геополитической структуре Среднего Востока»[105] деген эмгекте ШКУнун Ортонку Чыгыш эл аралык мамиле системасындагы ишмердүүлүгүн жана анын келечекте Азиядагы чөлкөмдүк уюмдар менен кызматташуусунун стратегиялык ролун караган.

Тажик окумуштуусу Холикназаров Худоберди эмгегинде ШКУнун эл аралык уюм катары калыптануусунда жана өнүгүүсүндөгү Тажикстандын мүчө өлкө катары катышуусу жана уюм алкагындагы биргелешкен иш аракеттерине анализ берген[220].

**Кыргыз Республикасынын** ички жана тышкы саясий тарыхындагы маанилүү маселелерин изилдөөгө алган кыргыз окумуштууларынын, серепчилердин, саясат таануучулардын, илимий эмгектери жана монографиялар бар. Алар М. С. Иманалиев [131], [132], [273], [274], Каана Айдаркул [87], К. Токтомышев [208], А. Акунов [89], А. Д. Джекшенкулов [267], Н. М. Омаров [176], [177], [178], [308], [309], А. С. Ормушев [179], [180], [181], А. Э. Джоробекова [125] ж. б. Алардын эмгектеринде эгемендүү мезгилдеги Кыргыз Республикасынын тышкы саясий өнүгүүсү, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылуу тарыхы изилденген.

Кыргыз Республикасынын КЭРдеги биринчи Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси катары кызмат кылган белгилүү кытай таануучу–окумуштуу М. С. Иманалиевдин калеминен жаралган аналитикалык көз караштагы эмгектери баалуу десек жаңылышпайбыз. Ал “Очерки о внешней политке Кыргызстана”[131] деген эмгегинде кыргыз-кытай мамилесинин тарыхын эки чоң этапка бөлүп изилдеген. Биринчи этабында XVIII к. экинчи жарымынан XIX к. биринчи жарымындагы БА жалпы тарыхый кырдаалга токтолуу менен Кытай менен кыргыздардын алакаларын караган. Экинчи этабы XX к. жана эгемен Кыргызстан мезгилиндеги кытай-кыргыз өз ара кызматташтыгы анализденген.

2019-жылы М.С.Иманалиевдин “Китай, Евразия и ШОС”[132] деген монографиясы жарык көргөн. Эмгек алты бөлүктөн туруп, КЭР менен Кыргыз Республикасынын жана Евразия мейкиндигиндеги коопсуздук маселесиндеги ШКУнун ролу каралган. БАнын мамлекеттеринин жана этносаясий бирикмелери менен Кытайдын мамлекеттик түзүмдөрүнүн жана династияларынын ортосундагы тарыхый-диний, социалдык-маданий, этно-психологиялык мамилелеринин кээ бир өзгөчөлүктөрүнө анализ берген. БА өлкөлөрүнүн, анын ичинде КР менен КЭРдин 1991-ж. азыркы мезгилге чейинки мамилесинин келечеги каралган. “Евразиялык интеграция” жана “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” долбоорлорунда Кыргызстандын катышуусунун эки багытын көрсөткөн. Биринчиси, бул долбоордо Кыргызстандын ЕАЭБ алкагындагы өнүгүүгө катышуусу кыргыз-кытай мамилесинде ЖЖЭА (ЭПШП) кедергисин тийгизбестен, келечектүү өнүгүүгө багытталышы каралган. Экинчиси, стратегиялык айкынсыздык шартындагы ШКУнун азыркы абалына анализ берген. ШКУнун БРИКС жана РИК форматындагы кызматташтыгына сереп салган. Индия менен Пакистандын ШКУга мүчө болушу менен БАда өз таасирлерин бекемдөөсү али эрте, анткени БА мейкиндигинде Россия менен Кытай көп убакка чейин эң башкы жана көбүрөөк таасирдүү актор бойдон калат деген пикирин билгизген.

М. С. Иманалиев менен А. Э. Джоробекова [273] биргелешип жазган эмгегинде Кыргызстан менен Кытайдын өз ара байланышындагы КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин демилгелеген “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” долбоору жаңы байланышты камсыздоонун идеясы экендигине токтолушкан. КЭРдин тышкы саясий концепциясында маанилүү өлкөлөрдүн үч тобу аныкталган: ири державалар, чектеш мамлекеттер, өнүгүп келе жаткан мамлекеттер. Булардын ичинен Кыргызстан  акыркы эки топко кирсе, ал эми Россия толук үч топко тең кирет. Кытайдын чөлкөмдүк жана ааламдык стратегиясында Кыргызстандын алган ордунун бир нече факторлоруна жана шарттарына токтолгон. Азыркы кездеги эки өлкөнүн карым катнашындагы

негизги көйгөй жараткан маселе маданий-гуманитардык алкакта экендигине көңүл бурушкан. Эки өлкөнүн байланышынын туруктуу өнүгүүсү үчүн Кыргызстанда күчтүү илимий-эксперттик синология “мектебин” түзүү, ошону менен катар өкмөттүк түзүмдөрдө, коомдук уюмдарда, адистик бөлүмдөрдө кытай проблемасы менен алектенген адистер даярдалышы зарыл экендигине белгилешкен[273, с. 38-48].

Эгемендүү Кыргызстандын БАдагы жана эл аралык өнүгүүдөгү ордун жана ролун аныктоого белсенген окумуштуулардын ичинен Н.М.Омаровдун эмгектери Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүү абалын чагылдырууда абдан олуттуу маселелерди камтыгандыгы менен баалуу. Анын “Внешняя политика КР в эпоху «стратегической неопределенности” [177] деген эмгегинде Кыргыз Республикасынын эгемендүү мезгилиндеги тышкы саясий өнүгүүсүн этаптарга бөлүп кароо менен Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсү изденүү жолунда тургандыгына анализ берген.

Кыргызстандын жана БАнын тышкы саясий өнүгүүсүндөгү улуу дөөлөттөрдүн анын ичинде Кытайдын стратегиясы жөнүндө тарых илиминин доктору, профессор А. М. Кылычевдин бир топ илимий макалалары жарык көргөн [285], [286]. Ал эмгектерде КЭРдин БАдагы саясаты жана таасирдүүлүгүнө анализ берген. Постсоветтик БА республикаларынын Кытай менен өз ара байланышы, аймактагы саясий өзгөрүүлөр, чек ара маселелери каралган. БА республикаларынын Кытай үчүн мааниси энергокоопсуздук, сепаратизм менен күрөшүү, аймактар аралык соода жана транзиттик кудуретине сереп салган. Мындан тышкары, БАнын аймагы Россия менен Кытайдын ортосундагы мамиле Кытай дипломатиясы үчүн башкы маселе экендигине токтолгон.

Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүнүн маанилүү маселесин изилдеген белгилүү окумуштуу Каана Айдаркулдун эмгегинде [87] кыргыз элинин эл аралык мамилелеринин тарыхын байыркы мезгилден XXI кылымга чейинки мезгили иликтөөгө алынган. Эмгекте Кытай менен Кыргызстандын өз

ара мамилеси эки тараптуу достукту жана шериктештикти калыптандыруу жана өнүктүрүүгө болгон умтулуусу каралган.

Кыргыз Республикасынын дагы бир окумуштуусу Т.Абдрахмановдун эмгегинде постсоветтик мезгилдеги Кыргызстандын ички өнүгүүсүнө анализ берилип, социалдык – экономикалык, диндик ж.б. кедерги жараткан өңүттүү маселелерине жакшы аналитикалык пикирлер жазылган [86].

Кыргызстандын эгемендүү мезгилиндеги ислам мамлекеттери менен болгон кызматташтыгына сереп салган окумуштуу А.С.Ормушевдин эмгектеринде Кыргыз Республикасынын тышкы саясий өнүгүүсүн жана “Жибек Жолунун дипломатиясы” тууралуу анализ берилген [179], [181].

Эгемен мезгилдеги Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн мүнөздөмө берүүдө республиканын тышкы саясаты менен эл аралык мамилелерин изилдөөгө алган Н. Ж. Эсенкуловдун эмгегинде Кыргызстан менен Кытайдын эки тараптуу карым-катнаш мамилеси каралган [240].

Кыргызстан менен Россия мамлекетинин эгемендүү мезгилдеги байланыштарын изилдеген кыргыз окумуштууларынын эмгектери да арбын. Алардын ичинен Кыргызстандагы Россиянын мурдагы элчиси, окумуштуу Г.А.Рудовдун эмгегинде[190] Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы мамиленин тарыхый өнүгүүсүн анализдеген.

Кыргызстанда эгемендүү жылдардагы АКШ менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы мамилесин изилдөө өнүгүү жолуна түшүп жатат десек жаңылышпайбыз. Акыркы жылдарда АКШнын Кыргызстандагы саясатынын негизги өзөгүн жана өңүтүн изилдеген окумуштуулар А.Бейшеналиевдин[100] жана Муса кызы Алинанын [170] эмгектери жарык көргөн. А. Бейшеналиевдин эмгегинде АКШнын БА анын ичинде Кыргызстанга карата жүргүзүп жаткан геосаясий стратегиясын маани маңызына талдоо жүргүзгөн. Ошону менен катар Кыргызстанга карата болгон АКШнын саясатынын калыптанышына, өрчүшүнө жана өзгөчөлүктөрүнө сереп салган. Ал эми Муса кызы Алинанын эмгегинде Кыргызстандагы АКШнын

“жумшак күч” саясатынын калыптануу эволюциясына жана бул саясатты ишке ашыруу стратегиясынын өзгөчөлүгүнө мүнөздөмө берген.

Кыргызстандын геосаясий, геоэкономикалык жана транзиттик баалуулугун изилдеген жергиликтүү окумуштуулардын бири А.А.Верещагандин эмгегинде Евразия интеграциялык жараянындагы АКШ, КЭР жана Россия Федерациясынын Кыргызстан үчүн болгон геосаясий таймашын жана карама-каршылыктарын анализге алган. Монографияда Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыгы жана андагы глобалдык акторлордун геосаясий таймашынын маселелери иликтенген. Кыргызстандын Кытай менен болгон мамилесинде эки тараптуу байланышын каралган [114].

Кыргызстандын геосайсий, геоэкономикалык маселелерин изилдеген окумуштуу М.Н.Суюнбаевдин эмгегинде Кыргызстандын коопсуздук маселесин ааламдык, чөлкөмдүк, улуттук алкакта талдап анализдеген [203].

Россиянын, Кытайдын XIX к. аягы XX к. башындагы оторчулук саясатына арналган жергиликтүү окумуштуулар Б. М. Жумабаевдин [127], [128], Б. Боотаеванын[109], Т.Кененсариевдин ж.б. эмгектерин жарык көргөн. Профессор Т.Кененсариевдин “Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917)” [136] – деген эмгегинин 6-бөлүмдө Кыргызстандын “Чоң оюндун” алкагындагы абалы, XIX кылымдын экинчи жарымы жана аяк чениндеги Кулжа, Текес жана Памир маселесинин чечилишине байланыштуу кытай-орус мамилелеринин жүрүшү анализденилген. Кыргызстандын 1885-1917-жж. чейинки созулган оторчулук (колониялык) доордун татаал окуяларынын тарыхы мүнөздөлүп, оторчул бийликтин “орусташтыруу” саясатынын алкагындагы административдик, экономикалык, социалдык саясаты чагылдырылган[136].

ШКУну изилдөөнүн алкагында БА өлкөлөрүнүн тышкы саясатын изилдөө ишенимдүү жолго коюлган, мисалы эгемендүү мезгилдеги Кыргызстандын саясий ж.б. өнүгүүсү көптөгөн изилдөөчүлөрдү кызыктырууда. Алардын ичинде эгемен мезгилдеги Кыргызстандын чек ара маселесин изилдеген кыргыз окумуштууларынын эмгектери бар [148]. Кыргыз

окумуштуулары тарабынан биргелешип жазылган “Кыргызско-китайская граница: исторические документы и научные работы [147] деген эмгекте Кыргыз Республикасынын КЭР менен чектешкен территориялык сызыктары боюнча жүргүзүлгөн иш чаралар иликтенген. Кыргызстан менен Кытай мамлекеттик чек ара маселесин чечүүдө Орус падышачылыгы менен Цин империясынын, кийин СССР менен КЭРдин ортосунда кол коюлган мамлекеттик документтер, келишимдер, макулдашууларга анализ берүүгө аракет жасалган. 1991-2002-жж. “Шанхай бештиги” кийин ШКУнун ишмердүүлүгү менен жетишилген Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы келишимди ишке ашырууда кыргыз бийлигинин канчалык деңгээлде туура жана так чечкендигине баа берүүдө туура чечилген деген пикирди колдошкон[147].

Мындан тышкары чек ара маселесине байланышкан жергиликтүү окумуштуулардын Н.Керимбекованын [278], С.Аламановдун[245] эмгектери көңүлгө алаарлык.

“Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017-ж) деген профессор А. Акуновдун эмгегинде Кыргыз Республикасынын геосаясий, геоэкономикалык кызыкчылыктары жана “Улуу Жибек Жолу” доктринасы ж.б. тышкы кызматташтыктар тууралуу маалыматтар берилген. Автор, Кыргызстандын КЭР менен чек ара мамилесин жана ШКУнун алкагындагы коопсуздук ж. б. кызматташтыктар боюнча жакшы талдоого алып анализ берген [89].

Кыргызстан менен КЭРдин ортосундагы эки тараптуу карым катнаштарын изилдеген эмгектер арбын. Алсак, Р. К. Сабировдун эмгегинде [191] Кыргызстан менен КЭРдин саясий-экономикалык кызматташуусун изилдөөдө “Шанхай бештиги” жана ШКУнун уюшулушу андагы Кыргызстандын Кытай менен алакалары тууралуу азын оолак жазып кеткен.

Профессор А. Асанкановдун эмгегинде азыркы мезгилде КЭРдин СУАР аймагында жашаган кыргыздардын демографиялык, этномаданий жашоосун чагылдырылган маалымат камтылган [93].

Кыргызстандын окумуштуулары Б. К. Абытов, С. Б. Ахметжанова биргелешип жазган макалада ШКУнун пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү тарыхы иликтенген. ШКУга кирген өлкөлөрдүн саясат, коопсуздук, дипломатия, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрүндө өз ара кызматташтыктарынын ар тараптуу чыңдалышы каралган [242].

Кыргыздын бир нече көрүнүктүү илимпоздору биргелешип жазган “ШОС как фактор интеграции: фундаментальное исследование” [239] деген эмгекте 2011-ж. чейинки БА чөлкөмүндөгү постсоветтик мамлекеттердин интеграциялык фактору катары ШКУнун жаралуу тарыхы, өбөлгөлөрү, анын өнүгүү этабы, максаты жана милдеттери, ишмердүүлүгүнүн негизги принциптери каралган. Фундаменталдуу изилдөөнүн негизги өзөгү дүйнөлүк ааламдашуу мейкиндигиндеги жаңыдан көз карандысыздыкка жеткен БА мамлекеттеринин интеграциялык факторлордогу жөндөмдүүлүгү жана ийкемдүүлүгүн иликтөөгө багытталган.

Ал эми “Совместное развитие и процветание стран вдоль Великого Шелкового пути [199]” деген аталышта Бишкекте болуп өткөн конференцияда саясат жана коопсуздук жаатында кызматташтыктагы Кыргызстандын ролу жана анын мүмкүнчүлүктөрү, көйгөйлөрү тууралуу докладдар жасалган. Жибек Жолунун экономикалык жааттагы кызматташтыгына жана маданий – гуманитардык чөйрөдөгү байланыштарына баа берилген. Мындан тышкары Кыргызстанда ШКУнун ишмердүүлүгүнө арналган бир нече эл аралык конференциялар, форумдар өткөрүлүп материалдар жарык көргөн [237], [250].

Учурда ШКУнун өнүгүүсүн ар тараптуу изилдеген кыргыз окумуштууларынын илимий эмгектери саналуу болгон менен эгемендүү мезгилдеги Кыргыз Республикасы менен КЭРдин эки тараптуу алакаларын изилдеген А. М. Асанованын [361], Г. Э. Турсунбаеванын [369], Р. К. Сабировдун кандидаттык диссертациялары корголгон. Ал эми Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдарда коопсуздук ж. б. алкактагы интеграциясын анализдеген И. В. Волковдун [364], А. А. Жорокуловдун [366],

илимий диссертациялары жакталган. Аталган авторлордун эмгектеринде Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдарга катышуусуна көңүл бөлүнүп, ШКУнун ишмердүүлүгүн жалпы жонунан гана анализге алышкан.

ШКУ алкагындагы БА анын ичинде Кыргызстандын өнүгүүсүн жалпылаштырып изилдөөгө аракет жасаган З. Т. Мураталиеванын [368] жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн чөлкөмдүк интеграциядагы экономикалык маселелерин изилдеген Н. А. Эсенгулованын [370] кандидаттык диссертациялары корголгон**.**

Эми БА (казак, өзбек, тажик) жана Кыргызстандын окумуштуу – изилдөөчүлөрүнүн жана серепчилеринин илимий эмгектеринин мазмунуа карата төмөндөгүдөй **тыянактар** чыгарылды:

1. БА окумуштууларынын эмгектеринде постсоветтик БАга Кытайдын ШКУ аркылуу жүргүзүп жаткан саясатына карата бирдей ой пикирлер калыптанып жана айрым аналитикалык изилдөөлөрү окшош экендиги сезилет. Алар, ШКУнун ишмердигиндеги Кытайдын БА жана анын ичинде Кыргызстанга болгон мамилеси жана кызыкчылыгы беш багытта болгон зарылчылык экендигин белгилешет: 1) Кытай менен чектеш БА мамлекеттер менен чек ара маселесиндеги талаш территориялык тилкелерин биротоло чечүү үчүн болгон укуктук-ченемдик (макулдашуулар ж.б.аркылуу) зарылчылык; 2) Транс чек ара коопсуздук маселеси, БА территориясында орун алган уйгурлардын уюмдары аркылуу жүргүзүлгөн этникалык сепаратизмдин коркунучтарын тез арада жок кылуу зарылчылыгы; 3) Кытай БА мамлекеттеринин калкынын жана саясий жетекчилеринин көз карашында туруктуу жана позитивдүү беделин калыптандыруу зарылчылыгы; 4) Кытай өзүнүн Батыш аймагын өнүктүрүү үчүн БАнын табигый жаратылыш ресурстарын алуу жана пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ачуу зарылчылыгы; 5) БАны Кытай үчүн кооптуу же мамилеси начар бир да чоң державанын же бир нече мамлекет бириккен уюмдардын таасиринен тышкары болуусун камсыз кылуу зарылчылыгы.

2. Казак окумуштуулары БАнын чөлкөмдүк интеграциясынын башатында турган мамлекет катары Казакстанды белгилешет. Ал эми ШКУнун айланасындагы маселеде Кытайдын БА жана анын ичинде Кыргызстанга болгон таасирин, стратегиялык кызыкчылыктарын негизинен туура баамдашкан. КЭРдин саясатындагы Кыргызстанга багытталган үч максатын көрсөткөн: 1) уйгур сепаратисттери үчүн республиканын территориясы база катары кызмат өтөөсүнө бөгөт коюу; 2) транспорт коридорун Кыргызстан аркылуу куруу долбоорун ишке ашыруу аракети; 3) Кыргызстан аркылуу чөлкөмгө кытайдын соода эскпансиясы жана демографиялык каптап кирүү менен КМШ мамлекеттерине жайылуусу (анкени КР менен КМШ мамлекеттер ортосунда визасыз кирип чыгууга тартип киргизилген).
3. Тажик окумуштууларынын эмгектеринде ШКУ алкагындагы Кытайдын Тажикстанга болгон кызыкчылыгы "Шанхай бештигинин" алкагында хронологиялык тартипте жүргөндүгү төмөндөгү маселелерге байланыштырышат: чек арадагы делимитация, демаркация маселеси жана терроризмге, баңги зат жайылтууга каршы күрөш, унаа-коммуникациялык долбоорлор жана энергетика жаатындагы кызматташтыктар, жаратылыш ресурстарына ж.б. болгон кызыкчылыктар.
4. Кыргыз окумуштуу серепчилери Кыргызстанга болгон ШКУнун таасири Кытайдын Батышы менен чектешкендиги жана ал аймакта жашаган түрк тилдүү калк, өзгөчө уйгурлар менен болгон байланыштарды жөнгө салууда жана көзөмөл кылуу маселелери каралгандыгын белгилешет. БАнын окумуштуу, аналитик, эксперт ж.б. эмгектеринде жалгыз гана Кытай катышкан ШКУда эки мамлекеттин (РФ менен КЭР) таасирдүүлүгү бирдей эместиги уюмдун ишмердигине баа берүүдө билинип жаткандыгын жазышкан. Кыргыз серепчилери РФнын демилгеси менен Кыргызстандын ЕАЭБге кирүүсүн ШКУнун алкагындагы ишке ашып жаткан "Жибек Жолунун экономикалык алкагы", "Бир алкак, бир жол" долбоорлоруна алкагындагы биргелешип

өнөктөштүк зарылчылыгы бул атаандаш тараптарды өз ара ынтымакка келүүгө мажбурлап тураарына токтолушкан.

5. Жыйынтыгында, СССР кулагандан кийинки соңку мезгилдин таарыхнаамасында жаңыдан пайда болгон БА мамлекеттеринин тарыхый өнүгүүсү жаңыча иликтөөнү талап кылууда. Факт жүзүндө бул тарыхнаама совет мезгилиндеги изилдөө нугун улантуу катарында өкүм сүрүүдө. ШКУнун тарыхы жана Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты өөрчүтүп жатышы тууралуу илимий изилдөөлөр азыркы тарыхнааманын чет өлкөлүк илимий мектептеринде да, Кыргызстандын өзүндөгү илимий чөйрөлөрдө да улам жигердүү жүзөгө ашырылууда. Аларга сереп салбастан туруп ШКУнун тарыхын бейтарап жана калыс иликтөөгө мүмкүн эмес.

# II БАП. КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ШКУНУН ӨНҮГҮҮСҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ОБЪЕКТИСИ, ПРЕДМЕТИ, БУЛАКТЫК БАЗАСЫ ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ

## 2.1. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүн изилдөөнүн объектиси жана предмети

Диссертациялык иштин объектиси катары Евразиядагы ири эл аралык уюм катары Шанхай Кызматташтык уюму (ШКУ) жана аны уюштуруучулардын бири катары саналган Кыргызстан каралды. Илимий иштин негизги өзөгүн түзгөн ШКУнун өнүгүү эволюциялык жолу биздин пикирибизде төрт этапта ишке ашкан:

Биринчи этапта - 1996-ж. “Шанхай бештиги” аталыштагы мамлекеттер аралык түзүм катары таанылган;

Экинчи этапта - 2000-ж. Өзбекстандын байкоочу макамын алышы менен “Шанхай бештиги” форумуна айланган;

Үчүнчү этапта - 2001-ж. 14-июнда Өзбекстандын бул форумга мүчө катары кабыл алынышы менен Шанхай кызматташтык уюму аталыштагы чөлкөмдүк уюм катары калыптанып өнүгө баштаган;

Төртүнчү этапта - 2017-ж. Индия жана Пакистандын мүчө болушу менен ири эл аралык уюм катары таанылган.

ШКУнун толук мүчө өлкөлөрүнүн жалпы аймагы — Евразиянын 63%ын, же 34 млн. чарчы км$^2$ аянтты, жана калкы — дүйнөнүн төрттөн бир бөлүгүн, же 3 млрд. 40 млн. кишиден ашуун, дүйнөнүн калкынын 42%ын түзөт[531] ШКУ тууралуу маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме №1)**.

ШКУ эл аралык институт катарында үч категорияга ээ [279], [35], [42], [44].

**ШКУга кирген мамлекеттердин категориясы: Таблица 2.1**

| № | ШКУга кирген өлкөлөрдүн макамы | ШКУга мүчө мамлекеттердин аталышы |
|---|---|---|
| 1-категрория | ШКУнун мүчө өлкөлөрү | Кытай Элдик Республикасы (2001)<br>Казакстан Республикасы (2001)<br>Кыргыз Республикасы (2001)<br>Россия Федерациясы (2001)<br>Тажикстан Республикасы (2001)<br>Өзбекстан Республикасы (2001)<br>Индия Федеративдүү Республикасы (2017)<br>Пакистан Республикасы (2017) |
| 2-категроия | ШКУнун байкоочу өлкөлөрү | Белоруссия (2017)<br>Иран (2012)<br>Монголия (2005) |
| 3 категория | ШКУнун шериктеш () өлкөлөрү | Армения<br>Камбоджа<br>Непал<br>Түркия<br>Шри-Ланка |

Жогоруда таблицада көрсөтүлгөндөй ШКУга жалпы жонунан Евразия континентинин 16 мамлекети кирип, ар кандай деңгээлдеги кызматташтыкты

ишке ашырууда. Бул өлкөлөрдөн тышкары ШКУга байкоочу мамлекет катары кирүү демилгесин көтөргөн өлкөлөр да бар. Алардын катарында: Бангладеш, Сирия, Египет, Израиль, Мальдивия, Украина, Ирак, Вьетнам, Бахрейн, Катар мамлекеттери кирет [531].

ШКУга БУУ нун коопсуздук кеңешинин туруктуу эки өкүлү жана төрт ядердик держава Россия, Кытай, Индия, Пакистан мүчө. Дүйнөдөгү калкынын саны эң көп эки мамлекет (Кытай жана Индия), дүйнөдөгү тез темп менен өнүгүп жаткан эки мамлекет (Индия жана Кытай), БРИКСтеги мамлекеттердин үчөө (Россия, Индия, Кытай), эң көп сандагы энергетиканы пайдалануучулар (Кытай жана Индия) [471] кирет.

Уюмдун башкы милдеттери мүчө мамлекеттерди бириктирген кеңири мейкиндикте коопсуздукту жана туруктуулукту чыңдоо жарыя кылынган, 2002-ж. 7-июнда Санкт-Петербург шаарында уюмдун кезектеги саммитинде Шанхай кызматташтык уюмунун Хартиясы кабыл алынган[42].

ШКУнун Хартиясында максат жана милдеттери коюлган: ШКУнун максаты жана милдеттери жана эл аралык-укуктук макамы жана принциптери тууралуу маалыматты тиркемеден караңыз (**тиркеме №2).**

ШКУнун чечим кабыл алуучу жогорку органы уюмга мүчө мамлекеттердин өлкө башчыларынын кеңеши болуп саналат. Ал жылына бир чогулуп, уюмдун бардык маанилүү маселелери боюнча чечимдерди кабыл алат. Уюмга мүчө өлкөлөрдүн өкмөт башчылары жылына бир ирээт чогулуп, уюмдун алкагындагы маанилүү багыттарды жана көп тараптуу кызматташтыктын стратегиясын, экономикалык жана башка кызматташтыктын актуалдуу жана принципиалдуу маселелерин, ошондой эле уюмдун жылдык бюджетин талкуулашат.

Ар жылда өткөрүлгөн ШКУнун саммити тууралуу маалыматтарды тиркемеден караныз **(тиркеме №3).**

Өлкө жана өкмөт башчыларынын кеңешмелеринен тышкары парламент төрагаларынын, коопсуздук кеңешинин катчыларынын, тышкы иштер, коргоо,

өзгөчө кырдаалдар, экономика, транспорт, маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, укук коргоо министрлеринин, жогорку жана арбитраждык соттордун, башкы прокурорлордун деңгээлиндеги жолугушуулар өтүп турат. Уюмга мүчө мамлекеттердин улуттук координаторлор кеңеши ШКУнун алкагында координациялоо милдетин аткарат. Ташкентте аймактык терроризмге каршы түзүмдүн аткаруу комитети жайгашкан. RATS уюмга мүчө-өлкөлөрдүн терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы кызматташтыгын илгерилетүүнү көздөйт[33], [36].

Уюмдун катчылыгы – дайыма иштеп туруучу административдик орган. ШКУ катчылыгы уюмдун чечимдеринин жана токтомдорунун ишке ашыруусун тейлейт, сунушталган документтердин (декларация жана күн тартиби сыяктуу) долбоорлорун даярдайт, уюмдун документтерин сактоочу жайы катары милдетин аткарат. ШКУнун алкагында атайын ишмердүүлүктү жүргүзөт, уюм тууралуу маалымат таратат жана жарыялайт. ШКУнун алкагында жүргүзүлүүчү уюштуруучулук-техникалык иш чараларды камсыздоону ишке ашырат жана уюмдун бюджети боюнча сунуш даярдайт. Катчылыкты Аткаруучу катчы башкарат, аны Тышкы иштер министрлердин сунушу менен мамлекеттер башчыларынын кеңеши бекитет. ШКУнун катчылыгы – башкы аткаруучу борбору (штаб-квартирасы) Пекинде жайгашкан, расмий тилдери – орус, кытай [42], [44].

**ШКУнун Башкы катчылары:** **Таблица 2. 2**

| № | Аты-жөнү | Өлкөнүн аты | Иштеген жылдары |
|---|---|---|---|
| 1 | Чжан Дэгуан | Кытай Эл Республикасы | 15.01.2004-31.12.2006-жж. |
| 2 | Нургалиев Болат Кабдылхамитович | Казакстан Республикасы | 01.01.2007-31.12.2009-жж. |
| 3 | Иманалиев Муратбек Сансызбаевич | Кыргыз Республикасы | 01.01.2010-31.12.2012-жж. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Мезенцев Дмитрий Федорович | Россия Федерациясы | 01.01.2013-31.12.2015-жж. |
| 4 | Алимов Рашид Кутбидинович | Тажикстан Республикасы | 01.01.2016-31.12.2018-жж. |
| 6 | Норов Владимир Имамович | Өзбекстан Республикасы | 01.01.2019-азыркы учурга чейин. |

ШКУнун географиялык алкагы Евразия континенти тактап айтканда, Россия Федерациясынын территориясынан баштап Индия, Пакистан мамлекеттеринин мейкиндигин өз ичине камтыйт. Мүчө-өлкөлөр боюнча маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме № 4).**

СССР кулагандан кийин БАда эгемендүү беш республика пайда болгон. Алардын төрт мамлекети Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан ШКУга мүчө катары таанылган. БА республикалары боюнча жалпы маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме № 5).**

ШКУнун пайда болушунун биринчи күнүнөн баштап анын баштапкы коопсуздук жаатындагы өнүгүшүндө жетишилген ийгиликтерине салымы бар мамлекеттер БА республикалары десек болот. Алардын арасында Кыргыз Республикасы ШКУну уюштуруучу мамлекеттердин катарына кирген БАда жайгашкан чакан өлкө. Өзүнүн географиялык жайгашуусу геосаясий, социалдык-экономикалык, демографиялык, маданий ж.б. өнүгүүсү менен айырмаланат:

1. Кыргызстандын географиялык жайгашуусу - Борбордук Евразиянын калкынын 9%, жер шаарындагы калктын 0,08% түзөт. Ал эми территориясы боюнча Борбордук Евразиянын 5%, жер шаарынын 0,1478% ээ[203, с.66]. Кыргызстан төрт тарабынан эч бир ири океан, деңиз менен чектешпеген, жалаң гана кургактыкта жайгашып, Азия менен Европа цивилизацияларын бири-бири менен байланыштырып турган аймак катары байыркы мезгилден азыркы күнгө чейин кызмат кылып келет. Кыргыз Республикасы БАнын түндүк чыгыш

тарабында жайгашып негизинен Тянь-Шань тоолорунун батыш бөлүгүн, Памир-Алай тоолорунун түндүк тарабын ээлейт. Кыргызстандын чек арасы көбүнчө бийик тоолордун кыркалары, суулар бир аз гана жери Чүй, Талас жана Фергана өрөөндөрү аркылуу өтөт. Кыргызстандын аймагы батыштан-чыгышка 900 км, түндүктөн-түштүккө 410 кмге созулат, чек арсынын жалпы узундугу 4503 км, болжол менен 39(0) жана 43 (0) түндүк кеңдиктеринин аралыгында жатат. Жалпы аянты 198,5 миң $км^{2,}$ Кыргызстан бийик тоолуу өлкө. Аймагынын деңиз деңгээлинен орто бийиктиги 2750 м. эң бийик жери 7439 м. (Жеңиш чокусу). Республиканын 94% тен ашуун аймагы деңиз деңгээлинен 1000 м. бийик жатат. Республиканын аймагында түндүк жарым шарга мүнөздүү бүт табыгый аймактар (тропиктен башка) кездешет. Кыргызстандын аймагынын негизги ландшафты жана чарбалык пайдаланылышы боюнча кескин айырмаланган ири кырка тоолор жана тоо аралык кенен өрөөндөр түзөт. Республиканын эң бийик бөлүгү анын чыгыш жагында жайгашкан, Кытай менен чектешкен бул аймактагы тоо томунан (Хан-Теңири тоо) бүт Тянь Шандын эң бийик жери Жеңиш (7439 м) жана Кан – Тоо чокулары орун алган.

2. Республикада 7 облус, 40 район, 21 шаар, 31 шаар тибиндеги аймактар бар. Кыргызстан географиялык жайгашуусуна ылайык түндүк жана түштүк аймактарга бөлүнөт. Түштүгүндө Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары, ал эми түндүгүндө Чүй, Талас, Иссык-Көл жана Нарын облустарында жайгашкан. 40 райондун ичинен 34 району Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан жана Кытай менен чектешкен аймактар [328, с.128].
3. Совет мезгилинде Кыргызстан жеңил өнөр жайы абдан жакшы өнүккөн агрардык-ндустриалдык өлкө катары тарыхта калган. Кыргызстандын экономикасынын негизги көрсөткүчү ички дүң өндүрүмү (ИДӨ) дүйнөлүк ИДӨнүн ичинен 0,0051% жана Борбордук Евразиянын ИДӨ 6,5% түзөт [110, с.81]. 1991-жылга чейинки маалымат менен алганда Кыргызстандын өнөр жай өндүрүшүнүн экспорттук салыштырма салмагынын көлөмү - 0,1% түзгөн. Ал эми Казакстан 1,7%, Тажикстан 0,7%, Түркмөнстан 0,4% жана Өзбекстан 3,2%

болгон. Мында Кыргызстандын башка республикаларга салыштырганда төмөн көрсөткүчтүн болушу географиялык жайгашуусу тоолуу чөлкөм болгондугу менен айырмаланган[203, с.81]. Республикада айыл чарба тармагына жарактуу жердин көлөмү 10780,3 миң гектар, анын 9189,1 миң га. жайыт жери, 1282,0 миң га. айдоо жери, 72,0 миң га. мөмө бак дарак отургузулган жерлер[249, с. 157].

4. 1990-ж. октябрда республиканын Жогорку Совети Кыргыз ССР аталышты Кыргыз Республикасы деп атоо жөнүндө чечими чыгарылган.[110. С.38] Ал эми 15 декабрда 1990-ж. Жогорку Совет Кыргыз республиканын суверендүүлүк тууралуу Декларация кабыл алган. 1991-ж. 31-августа Жогорку Советтин кезектеги он экинчи чакырылышынын алтынчы сессиясында “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндө декларация” жарыяланган[18], [178, с.63]. 1993-ж. 5- майда Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынган[1]. Конституция боюнча Кыргызстан демокртиялуу өлкө катары бүт дүйнөгө тааныла баштаган. 1993-ж. 10 майда улуттук валюта – сом кабыл алынган[110, с.27].
5. Азыркы мезгилге чейин Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет катары дүйнө жүзүндөгү 132 мамлекет менен мамиле түзгөнгө жетишти [89, б. 406-408]. 1992-ж. 2-мартта Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 46-сессиясында Кыргызстан бул уюмга толук кандуу мүчө болуп кабыл алынган[178, с. 90]. Мына ушундай таанылуудан кийин Кыргызстандын эл аралык мамиленин субъектиси катары жашоосу башталган. 1991-ж. баштап БАнын ичинде Кыргызстан 20дан ашуун эл аралык уюмдардын мүчөсү катары таанылып келет. Ушундай уюмдардын бири биздин изилдөөбүздүн объектиси катары каралып жаткан КЭРдин Шанхай шаарында уюшулган ШКУ болуп эсептелет. Кыргыз Рсепубликасы ШКУга кирген өлкөлөр менен 1991-ж. баштап дипломатиялык эки тараптуу байланыштарды ишке ашырып жатат. Кыскача маалыматты тиркемеден караңыз (**тиркеме №6**).

*Ал эми илимий иштин предмети ШКУнун уюм катары тарыхый өнүгүү баскычтары, өзгөчөлүктөрү жана бул уюмдун алкагындагы Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыктарына карап анализ берүү болду.*

Диссертациянын тарыхнаамасы менен булактык базанын негизинде Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусу жана уюмдун алкагындагы тарыхый өнүгүүсү үч этапка бөлүп изилденди. БАнын жана Кыргызстандын ШКУ алкагындагы коопсуздук, экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. алкактагы кызматташтыктагы ишмердүүлүгүнө анализ берилди. БА республикалары сыяктуу Кыргызстан ШКУ жана ЖККУ коопсуздук жаатында чечилбеген көйгөйлүү маселелерди чечүүдө, транзиттик чек ара аймактарындагы коопсуздукту сактоодо жана "үч жамандыкка" каршы күрөшүүдө улуттук кызыкчылыкка туура келген мыйзамдуу иш аракеттерди дайыма колдоп келүүдө.

Ошону менен катар Кытайдын ШКУ аркылуу ишке ашып жаткан экономикалык кызматташтыгынын чыныгы жүзүн ачууда, Кытайдын инвестициялык саясаты, ар бир аймактарында активдүү жайылып жаткан кытай ишкерлеринин иш аракеттерине мүнөздөмө берилди. Кытайдын экономикалык кызматташтыктагынын негизи чөйрөсү: унаа жолдорду куруу, оңдоп түздөө, коммуникация, тоо кен тармагы, жаратылыш ресурстары, гидроэнергетика ж.б. экендигин аныктоо менен алардын "Жибек Жолунун экономикалык алкагы"[184], [198], [201] долбоорунун негизги максаты коңшу мамлекеттердин жаратылыш байлыктарына ээ болуу экендигин белгилеген айрым окумуштуулардын эмгектерине таянылып анализ берилген.

Тарыхнаамада берилген айрым окумуштуулардын пикирине таянып Россия, АКШ, Япония жана БА өлкөлөрүнүн Кыргызстанга жана ШКУга карата саясатынын тарыхый эволюциясына жана көйгөйлөрүнө анализ берүүгө аракет жасалды [188], [189], [192], [410], [411]. Мурда Орус империясынын, кийин СССРдин курамында болгон Кыргызстан XX к. аягында эгемен мамлекет

болушу менен КЭР менен кызматташтыктын бардык аянтчасында жигердүү байланыштарга өткөн. Кытай өзүн БАРда жана Кыргызстандын негизги шериктеши жана өнөктөшү катары көрсөтүүдө, алар иштелип чыккан “Гармониялуу дүйнө теориясы”, учурда КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин мезгилинде “Кытай кыялы” [515], “Бир алкак бир жол” демилгеси, “эки жакка тең пайда” [172], [174], [195], [196], «Жибек Жолунун экономикалык алкагы»[226], [227], [332], [508] ж.б. концепцияларына талдоо жүргүзүлдү.

Россия Федерациясынын БАда жана Кыргызстанда ШКУ жана ЕАЭБ алкагында ишке ашырылып жаткан саясаты иштин өзөктүү проблемаларынын бири болду. Коопсуздук жаатында Россия ШКУ жана ЖККУ алкагында иштерди мүчө-өлкөлөр менен чогуу ишке ашырып жаткандыгына сереп салып, социалдык – экономикалык, маданий –гуманитардык ж.б. көйгөй жараткан маселелер каралды[110], [111], [114], [115], [133], [183], [187], [501].

ШКУ жана Борбордук Азия Батыш, АКШ жана ЕБ ж.б. өлкөлөрдүн саясатынан тышкары турган чөлкөм болгондугу менен маанилүү[91], [94], [108], [134], [135], [153], [407] [470] ж.б. АКШнын БА жана Кыргызстанга болгон кызматташтыгы 1992-ж. башталган, абдан тездик менен активдешүүсү 2001-ж. кийин ишке аша баштагандыгы иште каралып, анализ берилди. Япония мамлекетинин мамилесинде АКШ сыяктуу эле ШКУнун түзүлүшү Кытайдын демилгеси катары бааланып, Кытай БАны коопсуздук жаатында гана эмес ж.б. чөйрөдө дагы активдүү саясатын ишке ашырып жатат деп баа берген эмгектерине анализ берүү менен тыянак чыгарылды[88], [92], [96], [105], [139], [419].

## 2.2. Кыргызстандын ШКУдагы тарыхый өнүгүү этаптарын изилдөөнүн булактары

Диссертациялык иште коюлган максат жана милдеттерге жетүүдө жана ар бир бап боюнча жыйынтык чыгарууда колдонулган тарыхый булактар төрт топко бөлүнүп талдоого алынды.

**Биринчи топтогу булактар:** Кыргызстандын жана ШКУнун укуктук–ченемдик документтери жана мыйзамдары:

Кыргыз Республикасынын (КР) эгемендүүлүгүн бекемдеген расмий документтери [1], [18], КРдин Улуттук коопсуздук жөнүндөгү мыйзамы [7], КРдин Тышкы саясий концепциясы ж.б.[43]. Ошону менен катар КР менен КЭРдин (мамлекеттер жана өкмөттөр) ортосунда кол коюлган эки тараптуу документтер [3], [15], [22], [39]. Эки мамлекеттин ортосунда жана БАнын РФ менен чогуу чек ара маселеси боюнча кол коюлган документтер диссертациялык ишти жазууда, айрыкча 1996-ж. жана 1997-ж. “Шанхай жараянынын” жүрүшүндө “Шанхай бештигинин” түзүлүшүнө анализ берүүдө көмөк түздү [20], [28], [29], [30], [31], [32].

Бул документтен тышкары КРдин ШКУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылгандан кийин уюмдун мүчөлөрү кабыл алган документтер, конвенциялар ж.б. республиканын Жогорку Кеңеши аркылуу ратификацияланган

мыйзамдары[2],[3], [4],[5],[6],[13], [14] да иштин булактык базасын толуктады. Бул документтер Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы коопсуздук ж.б. чөйрөдөгү иш аракетин толук ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мындан тышкары 2019-жылдагы Кыргызстандын ШКУда төрагалык милдетин аткарышында иш чаралардагы расмий кабыл алынган Бишкек декларациясы ж.б. документтер, эки өлкө ортосундагы макулдашылып кол коюлган келишимдер кирди [17], [416].

БА мамлекеттеринин анын ичинде Кыргызстандын Россия менен болгон укуктук-ченемдик актылары, келишимдери [23], [25], [34], [37], [38], [41] каралды. Алардын ичинде мамлекеттердин улуттук кызыкчылыктарын, тышкы саясий багыттары декларациялаган документтер өзгөчө орунда турду. Чөлкөмдүн өзгөчө багытын камсыздаган БА республикаларынын улуттук коопсуздук стратегиялары, аскердик жана тышкы саясий доктриналары каралып анализ берүүгө аракет жасалды.

ШКУнун укуктук – ченемдик документтери: 2002-ж. 7-июнда Санкт-Петербург шаарында ШКУнун алты мүчөсү катышкан саммиттин жыйынтыгында уюмдун ишмердигин багыттоочу документтер кабыл алынган:

- ШКУнун Хартиясы (Уставы) [42], [44]. Хартияда ШКУга мүчө мамлекеттердин максат милдеттери чечмеленип берилген. Кабыл алынган Хартияга ылайык уюмга мүчө мамлекеттердин негизги принциптери жактырылган (толук маалыматты № 2 тиркемеден караңыз);
- Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүм жөнүндө макулдашуу (ЧТКТ) (РАТС) [33], [36], [44]. ЧТКТ 21 беренеден туруп, чөлкөмдөгү коопсуздук маселесин камсыздоо негизги милдеттерден болуп саналган. ШКУнун расмий документтери[44]. Бул материалдар уюмдун эл аралык макамын жана стратегиясын аныктоо үчүн негизги булак катары колдонулду.
- ШКУнун мүчө мамлекеттеринин башчыларынын ар жылда өткөрүлгөн жыйындарында кабыл алынган декларациялар, конвенциялар[16], [17], [20], [21], [24] ШКУнун расмий сайттарында (Россия, Казакстан, Өзбекстан,

Тажикстан), жарыяланган жана жарыяланбаган ШКУнун расмий документтери, ШКУга мүчө мамлекеттердин университеттеринин сайттардагы [44], [426] ж.б. документтер иштин маани маңызын, укуктук – ченемдик макамын ачып көрсөтүүдө баалуу булак катары кызмат кылды.

- ШКУга мүчө мамлекеттердин эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдери БА чөлкөмүндөгү коопсуздук саясатынын өзгөчөлүгүн ачып кароого жардам берди. Уюмдун мындай документтери аймактагы коопсуздук саясатынын трансформациясынын өзгөчөлүгүн мүнөздөйт. Ошону менен катар ШКУнун калыптануусунун баштапкы этабы коопсуздук саясатындагы жетишкендиктер өлкөлөр ортосундагы территориялык чектер туралуу келишимдердин ишке ашышы менен жетишилгендиги каралды [13], [14], [25], [33], [22], [28], [29], [30], [31], [32], [34].

- ШКУнун расмий документтери жана мамлекеттер ортосундагы кызматташтык тууралуу келишимдер илимий ишти ачып берүүгө негиз салган булак катары илимий айлампага киргизилди.

Жогоруда КРдин укуктук ченемдик документтери жана ШКУнун түзүлүшүнө негиз салган расмий документтер илимий ишти жазуунун укуктук-ченемдик базасын гана толуктады. БА анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун ишмердүүлүгүнө катышуусун анализ берүүдө толук маалымат катары кызмат кыла албайт. Анткени алар укуктук- ченемдик документтер катары чектелген мүнөзгө ээ. Ошону менен бирге Кыргызстандын ШКУ алкагындагы кызматташтыгы КРдин негизги мыйзамы аркылуу ишке ашкандыгын айгинелеп турат. Бул мыйзамдар да расмий документ катары Кыргызстандын ШКУдагы коопсуздук, экономика ж.б. жааттагы кызматташууда катышуусун аныктоодо негизги булак катары илимий айлампага киргизилди. Биздин изилдөөбүздүн аталган мыйзамдар уюмдун ишмердигин укуктук –ченемдик жөнгө салуучу булак катары кызмат кылды.

**Экинчи топтогу** булактар: ШКУга мүчө мамлекеттердин расмий жетекчилигинин өкүлдөрүнүн кайрылуулары, сүйлөгөн сөздөрү, билдирүүлөрү, интервьюлары (маектери) ж.б. турат.

Мамлекет башчыларынын[8], [9], [10],[11], [12] саясий жана коомдук ишмерлердин, дипломат элчилердин, министрлердин, эл аралык уюмдардын кызматкерлеринин ШКУнун ишмердиги боюнча берген билдирүүлөрү. Бул контекстте өзгөчө ШКУнун биринчи катчыларынын (Чжан Дэгуан, Б. Нургалиев, М. Иманалиев, Р. К. Алимов, В. И. Норов), эскерүүлөрү жана интервьюлары ШКУнун ишмердүүлүгүн тереңирээк изилдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Мамлекет башчыларынын расмий сүйлөгөн сөздөрү, *(интент-анализ негизинде)* саясий коомдук ишмерлердин эскерүүлөрү жана билдирүүлөрү ШКУнун ишмердигине бир жактуу баа берүү менен ар тараптуу анализ берүүсү жокко эсе. Ошондуктан ШКУнун ишмердүүлүгүн ачып көрсөтүүдө көмөкчү булак катары кызмат кылды.

Ошону менен катар КЭРдин башкы төрагасы Си Циньпиндин “Мамлекетти башкаруу жөнүндө”[196] деген монографиясы диссертациялык иште Кытайдын азыркы кездеги тышкы саясий багыттарын анализдөөдө жана КЭРдин биринчи лидеринин көз карашы, ШКУнун Кытайдын тарыхындагы орду тууралуу бөлүшкөн ой пикирин анализдеп талдоодо баалуу экендигин айта кетүү зарыл.

**Үчүнчү топтогу** булактарга — архивдик материалдар, статистикалык-маалыматтар жана кээ бир министрликтердин маалыматтары кирди.

Диссертациялык изилдөөнү жүзөгө ашырууда Кыргызстандын Улуттук статистика комитетинин улам жаңыртылып турган материалдары кеңири колдонулду[124], [434], [436]. Бул булактар ШКУга мүчө мамлекеттердин саясат, экономика, гуманитардык-маданий алака, коопсуздук, экология ж.б. кызматташтыгын тактоодо жана андагы мүчүлүштүктөрдү анализдөөгө, Кыргызстан тараптын кызыкчылыктарын башкы назарда тутуп сереп салууга мүмкүнчүлүк берди. Алсак, Кыргызстан менен ШКУ өлкөлөр ортосундагы

ИДПнын деңгээлин, сооданын айлануу өлчөмүн далилдөөдө жана салыштырууда сандык көрсөткүчтөрдү топтоого жана алардын негизинде жыйынтыктоочу статистикалык маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мындан тышкары статистикалык-маалымат басылманын ар жылда чыгарылган материалдарын системалык анализдөөнүн негизинде Кыргызстан менен ШКУ алкагындагы Кытай менен болгон байланышындагы салыштырмалуу салмактык деңгээлинин жетишкендиктерине жана кемчилдиктерине баа берүүдө сандык маалымат негизинде гана анализ берилгени менен ага сапаттуу илимий баа берүү жетишсиз экендигин айта кетүү зарыл.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви (КР ПА):**

КРдин Президентинин архивдик фондунда булактык база катары мурда кездешпеген материалдарды жана маалыматтар камтылды. Бул архивдин материалдары түзүлгөн индекисине жараша 3 топко бөлүнүп каралды:

Биринчи топто – 1991-2007-ж. аралыгындагы материалдарда КРдин тышкы саясий ж.б. байланыштары төмөндөгүдөй тартипте берилген:

- 1- фонд, 1- тизме (опись) 17-1 индекси (инвентарында) бир нече томдон турат - КРдин эл аралык байланыштар боюнча аналитикалык материалдар жана КРдин Тышкы иштер министрлиги (ТИМ) аркылуу чет мамлекеттерге жөнөтүлгөн жана алардан келген расмий билдирүүлөр, жооптор, кат алышуулар боюнча топтолгон материалдар берилген:
- 1- фонд, 1- тизме, 17–3-индексинде (инвентарында) – Кыргызстанга келген чет элдик мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын башчыларынын расмий жолугушуулары (визит) тууралуу материалдар камтылган;
- аталган фонддун 17–4-индексинде (инвентарында) – КРдин өкмөтүнүн тышкы саясий байланыштарды ишке ашырууну көзөмөлдөө боюнча материалдар тиркелген;
- аталган фонддун 17–11-индексинде (инвентарында) - экономикалык байланыштар маселеси боюнча маалыматтар берилген;

- аталган фонддун 17–12-индексинде (инвентарында) – социалдык – маданий байланыштар маселеси боюнча маалыматтар берилген;
- аталган фонддун 17–13-индексинде (инвентарында) – КРдин КМШ жана чет мамлекеттер менен түзүлгөн келишим, макулдашуулары камтылган.

Экинчи топтко: 2008–2010-ж. аралыгында ЖККУ жана ШКУга арналган жаңы индекс киргизилген.

- 1-фонд, 1-тизме 6148-номеринин 03–6-индекс боюнча – ЖККУ жана ШКУнун (программалары, каттары, пландары ж.б.) ишмердүүлүгүн чагылдырган материалдар бериле баштаган;
- аталган фонддун 6366-номеринин 03-индекс боюнча – КРдин коопсуздук советинин катчылыгынын маалыматтары кошулган.

Үчүнчү топко: 2010–2015-ж. аралыгында КРдин тышкы саясий ж.б. байланыштары боюнча материалдар кирди. Белгилей кетүүчү нерсе 2010-ж. баштап КРдин Президентинин архивинде тышкы саясий байланыштар 17 индекс менен берилбей 14 индексине өзгөрүлгөн.

- 1-фонд, 1- тизмесинин 14–6-индексинде ШКУ, ЖККУ сыяктанган эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү, ал уюмдардын жетекчилигинин расмий иш сапарлары тууралуу маалыматтар, Тышкы иштер министрлигинин (ТИМ) маалымат берүүсү, КЭРдеги элчиликтин билдирүүлөрү, ШКУнун Кыргызстандагы Ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн маалыматтары камтылган.

КР менен КЭРдин ортосундагы чек ара маселелери 1-фондун, 1-описинин 1216-делосунда 23–30-май 1995-ж. СУАРдын Үрүмчү шаарында КНРдин жана КРдин өкмөтүнүн делегацияларынын ортосунда мамлекеттик чек ара көзөмөл бурчтарын ачуу жана анын эрежелери тууралуу макулдашылган долбоор жана келишим бар. Бул келишим 1995-ж. 29-майда Үрүмчү шаарында кол коюлган[53]. Келишимге ылайык КРдин жана КЭРдин өкмөтү эки мамлекеттин ортосундагы достук, коңшулаштык мамилени өнүктүрүүнү бекемдөө максатында өз ара пайда, тең укуктуу байланыш принцибине таянып экономикалык, соода ж.б. байланышты жөнгө салуу боюнча мамлекеттик чек

ара көзөмөл бурчтарын ачуу жана анын эрежелери тууралуу 8 беренеден турган Макулдашуу кабыл алышкан[53].

Мындан тышкары КРдеги ТИМдин демилгеси менен 22–23-май 1996-жылы Бишкекте транзиттик жүк ташуу боюнча төрт жактуу Казакстан, Кытай, Кыргызстан жана Пакистан өкмөттөр аралык макулдашууну ишке ашыруу механизмин иштеп чыгышкан. Бул боюнча жумушчу жыйындын материалдары ушул фонддун 323-делосунда камтылган[54]. Ал эми 2306-делодо КРдин Азия өлкөлөрү (КНР, Тайвань, Индия, Корея, Таиланд, Вьетнам, Сингапур) менен 1991–2001-ж. чейинки соода-экономикалык мамилесине анализ берилген[84]. Бул материалдар иште 1996-ж. “Шанхай бештигин”, 2001-ж. ШКУнун түзгөнгө чейинки эки тараптуу байланыш багыттарын аныктоого жардам берди.

Архивдик материалдарда КР расмий иш сапарына байланышкан документтер, ТИМдин маалымат берүүсү, КЭРдеги элчиликтин билдирүүлөрү, ШКУнун Кыргызстандагы Ыйгарымдуу өкүлдөрүнүн маалыматтары камтылган. КР ТИМ тарабынан, КРдин ШКУнун алкагындагы 1996–2002-ж. чейинки өнүгүүсү тууралуу жазылган маалымат ишти жазууда баалуу материал катары пайдаланылды.

21-апрелде 2000-ж. Москва шаарында “Шанхай бештигине” катышкан мамлекеттердин укук коргоо органдарынын жана атайын кызматтарынын жыйынында уюмдун мамлекет башчылары “Бишкек группасы” деген кайрылуу кабыл алышкан. Кайрылууда “үч жамандыкка” – терроризм, экстремизм, сепаратизмге каршы күрөшүү боюнча 21 беренеден турган укуктук актылар кабыл алынган [70].

КР Президентинин архивинде мамлекеттер менен болгон расмий алакалары тууралуу маанилүү документтер каралды. 23-24-июлда 2001-жылы Казакстандын Президенти Н. А. Назарбаевдин КРге жасаган расмий визити мезгилинде Кыргызстан менен Казакстандын 20дай чакан бөлүктөн турган биргелешкен билдирүүсү жарыяланган [79]. Ушул эле жолугушууда кыргыз-

казак мамлекеттик чек арасын делимитациялоо маселеси боюнча коммюникеге кол коюлган [62].

Архивде изилденип жаткан иште эң маанилүү тарыхый окуя катары кабыл алынган ШКУнун уюшулушу тууралуу бир топ баалуу документтер иштин негизги өзөгүн түздү. Аталган фонддун 2726-делосунда 2001-ж. 15-июнда КЭРдин Шанхай шаарында боло турган “Шанхай бештиги” алкагындагы иш чараларга даярдануу боюнча ведомстволор аралык иш план жана ага катышууга бара турган курам (формат 1+14), жогорку деңгээлдеги эки тараптуу кытай-кыргыз жолугушуусуна катыша турган тизме (формат 1+10) тиркелген[75]. ШКУ түзүлгөндөн кийин ар жылда өтүлө турган мамлекет башчыларынын жолугушуулары тууралуу билдирүүлөр, мамлекет башчыларынын расмий жолугушуулары ж. б. иш чаралар камтылган маалыматтар берилген.

Ошону менен катар архивде аталган фонддун 4527-делосунда 2001-ж. 15-июндагы ШКУнун саммитинде Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан мамлекеттер башчыларынын мамлекеттик чек ара тогошкон сызыктары жөнүндөгү үч тараптуу Макулдашуусу [85] камтылган. Ушул эле фонддун 2728-делосунда КЭРдин төрагасы Ху Цзиньтаонун 2–4-июнь 2003-ж. Казакстанга барган расмий жолдомосу тууралуу КРдин Президентине КЭРдеги Кыргызстандын элчисинин жазган маалыматтары бар[55].

КР Президенттик архивинде ШКУ алкагындагы ар кандай жааттагы кызматташтык кеңири чөйрөсү тууралуу документтер сакталган. Аталган фонддун 3151-делосунда 16-апрель 2002-ж. КРдин ШКУга мүчө мамлекеттер менен унаа жана байланыш тармагындагы өз ара кызматташуу тууралуу маалымат сакталган [45]. 2770-делодо ШКУнун 2003-ж. Москва шаарындагы мамлекет башчыларынын жолугушуусунда транспорт жаатындагы чөлкөмдүк кызматташууну өнүктүрүү үчүн Ош–Сары–Таш–Эркештам–Кашгар унаа жолун каржылоо жана КЭР–Кыргызстан–Өзбекстан темир жол курууну жакынкы арада баштоо боюнча материалдар сакталган[65]. Бул маалыматтар иште

ШКУнун алкагындагы экономикалык кызматташуу боюнча анализ берүүдө баалуу булак катары кызмат кылат.

Ал эми 3151-делодо 2004-ж. 16-17-июнь ШКУга мүчө мамлекеттердин Ташкент шаарында боло турган жыйынына даярдыктар тууралуу жана КРдин Өзбекстан жана Тажикстан республикалары менен мамлекеттик чек арасын делимитациялоонун жүрүшү жөнүндө маалымат камтылган [58]. Ушул эле архивдик делодо КРдин Транспорт жана коммуникация министрлигинин Ош–Сары–Таш–Иркештам–Кашгар унаа жол жана КЭР–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолдорун куруу долбоору тууралуу маалыматтар берилген[77]. Ошону менен КЭРдин төрагасы Ху Цзиньтао менен КРдин президенти А. Акаевдин КЭР–Кыргызстан–Өзбекстан темир жол түйүнүн куруу маселелери боюнча пикир алышуусу тиркелген. КРдин ШКУга мүчө өлкөлөрү менен транспорт жана байланыш жаатындагы өз ара карым катнашы каралган[74]. 2004-ж. 17-июнда Ташкент шаарындагы ШКУнун жыйынында КРдин Президенти А. Акаевдин сүйлөгөн сөзү жана жыйындын жүрүшү тууралуу маалымат бар. Анда Монголияга ШКУнун байкоочу макамын ыйгаруу жана ШКУнун мүчө мамлекет башчылары кабыл алган Ташкент декларациясы тууралуу маалымат сакталган[68].

Ал эми 3738-делодо 15-декабрь 2001-ж. КРдин ТИМдин министри А.Айтматовдун КРдин Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруучу палатасынын мамлекеттик коопсуздук маселелери боюнча комитетинде КРдин мыйзамынын долбоору “Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан мамлекеттер башчыларынын мамлекеттик чек ара тогошкон сызыктары жөнүндөгү үч тараптуу Макулдашуу”[47] тууралуу билдирүүсү камтылган. Ушул эле делодо 2004-ж. 16-17-июнда ШКУга мүчө-мамлекеттеридин жыйынынын жүрүшү, андагы талкууланган маселелер жана кабыл алынган документтери бар[63]. 3151-делодо ШКУга мүчө өлкөлөрдүн Ташкент декларациясы тиркелген [83].

3704-делодо 2005-ж. 25-февралда Астана шаарында ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин ТИМдин кезектеги жыйынынын болуп өткөндүгү жана

жыйындын жүрүшүндө талкууга алынган маселелелер тууралуу билдирүү[60] камтылган.

Жогорудагы архивдик материалдар ШКУнун мүчө өлкөлөрүнүн ортосунда айрыкча уюмга мүчө БАРдын ортосунда чек ара маселеси актуалдуу жана курч мүнөздө калгандыгын айгинелеген маалыматтарды алганга мүмкүндүк түздү. Мындан тышкары, ШКУ алкагында коопсуздук, экономика, энергетика, транспорт, коммуникация, унаа жол, инфраструктура ж. б. кызматташтыкты ишке ашырууда бир топ иш чаралар тууралуу маалыматтар ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын ар тараптуу кызматташуусун чагылдырууда маанилүү болду десек болот.

КР Президентинин архивинен мамлекеттер ортосундагы эки тараптуу документтер каралды: КР менен РФнын ортосунда 16 беренеден турган коопсуздук тармагындагы кызматташуу жөнүндө Макулдашуу (5-декабрь, 2002-ж. Бишкек ш.) [64]. Бул маалымат иште (5-бап) Кыргызстан менен Россиянын мамилесин анализдөөдө булак катары кызмат кылды.

3151- делодо Кыргыз Республикасы, Өзбек Республикасы жана Тажик Республикалар ортосундагы (24-май 2004-ж.) мамлекеттик чек араны делимитациялоонун жүрүшү жөнүндө маалымат берилген [58]. 3195-делодо 2004-ж. 28-май ШКУнун мүчө мамлекеттеринин Экономика министрлеринин жыйыны, ШКУнун ишкерлер форумунун түзүмү жөнүндө маалыматтар ж.б. бар[57]. Ушул эле делодо 2004-ж. 16-17-июнда боло турган ШКУнун мамлекет башчыларынын жыйынына даярдыктар тууралуу КР Коммуникация жана транспорт министрлигинин маалыматтары берилген [77]. Уюмдун алкагындагы экономикалык кызматташтыктын мүнөзүн ачууда жана талдоо жүргүзүү үчүн иште колдонулду.

Ал эми 3705-делодо 2005-ж. 5-июлда Астана шаарында ШКУнун мүчө мамлекеттеринин жыйынында КРдин Президентинин милдетин убактылуу аткаруучу К. Бакиев менен КЭРдин төрагасы Ху Цзиньтаонун жолугушуусу жөнүндө маалымат бар [56]. 5304-делосунда 2006-ж. 9–10-июнда КРдин

Президенти К. Бакиевдин КЭРге жасаган расмий сапары тууралуу маалыматтар тиркелген[71].

Аталган фонддун 4528- делосунда ШКУнун юбилейлик саммити (15 июнь, 2006 ж.) тууралуу КР ТИМдин КР Президенти К.С. Бакиевге билдирүүсү сакталган[82]. Ал эми 6149- делодо 2007-жылы 16-августта Кыргызстандын Бишкек шаарында боло турган ШКУнун кезектеги жыйынына даярдык көрүү жөнүндө документтер, Бишкек декларациясынын долбоору жана ар кандай иш чаралар тууралуу маалыматтар берилген[76]. Жогорудагы маалыматтар КР менен КЭРдин ШКУнун алкагындагы кызматташтыгын кароодо жана анализ берүүдө маанилүү булак катары кызмат кылды.

1-фонддун 6367-делосунда 2007-ж. 25-27-декабрда Пекин шаарында ШКУ мүчө мамлекеттеринин Улуттук координаторлор советинин жыйыны[72] тууралуу билдирүүлөр бар. Аталган фонддун 6151-делосунда ШКУ мүчө-мамлекеттеринин эксперттик тобунун эл аралык маалыматтык коопсуздук боюнча жыйынынын токтому сакталган[78].

2009-ж. 12-май ШКУга мүчө-мамлекеттеринин Коопсуздук кеңешинин Катчыларынын жолугушуусу жана 2009-ж. 15–16-июнда ШКУнун мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын жыйыны тууралуу маалыматтар тиркелген[52].

Аталган фонддун 1-тизмесиндеги 8817-делосунда 2011-ж. 14-майда ШКУга мүчө өлкөлөрдүн тышкы иштер министрлер советинин жыйынында ШКУ мүчө-мамлекеттердин 2011–2016-жж. терроризмге каршы күрөшүү стратегиясы боюнча аткарыла турган иш аракеттери тууралуу программасы толук берилген. Ушул эле делодо КРдин ШКУга мүчө мамлекеттеринин ар бири менен коопсуздук жаатындагы кызматташтыгы тууралуу баалуу аналитикалык маалыматтар камтылган[69]. Бул маалыматтар иштин 4-бабынын 1-параграфында колдонулуп анализ чыгарууга көмөк түздү.

2011-ж. 15-июнь КРдин Президенти Р. И. Отунбаеванын ШКУмүчө-өлкөлөрүнүн мамлекет башчыларынын жыйынында сүйлөгөн сөзү аталган

фондун 8817-делосунда [48] сакталган. Ушул эле делодо КРдин Улуттук коопсуздук мамлекеттинин комитетинин (ГКНБ) мамлекеттик чек ара кызматынын ШКУ боюнча берген маалыматы тиркелген [61].

Диссертацияда КРдин Президенттик архивинде ШКУнун эл аралык институттар менен болгон кызматташтыгы жөнүндөгү ар кандай маалыматтар сакталган. Бул маалыматтар уюмдун ар тараптуу жана кеңири тармактагы кызматташтыкта ар бир өлкө менен ачык жана акыйкат шериктештикке барууга жөндөмдүү экендигин көрсөтүү аракети экендигин белгилесек болот. ШКУ менен АСЕАН ортосундагы кызматташуу боюнча 2007-ж. 5-октябрь ШКУ менен ЖККУ ортосундагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандуму [66] аталган фонддун 8819-делосунда сакталган. Бул маалыматтар иште коопсуздук боюнча кызматташтыкты чагылдырууда колдонулуп анализ берилди.

КР Президентинин архивинде ШКУ алкагындагы маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыкты чагылдырган маалыматтар да кездешет. ШКУнун башкы катчысы Б.Нургалиевдин “Европа Биримдиги жана Борбордук Азия өлкөлөрү коопсуздук маселеси” аттуу биринчи Форумда сүйлөгөн сөзү 6154-делодо (Париж ш. 18-сентябрь, 2008-ж) [46] берилген. Ошону менен катар ушул Париж форумунда Евробиримдик жана ШКУ коопсуздук боюнча биргелешкен билдирүү кабыл алышкан [80].

Архивдин 1-фондунун, 1-тизмесинин 14–03–001 делосунда КРдин Энергетика жана өнөр жай министрлиги менен РФнын “Рус Гидро” ачык акционердик коомунун энергетика боюнча, тактап айтканда Камбар- Ата ГЭС-1 жана Жогорку Нарын каскады ГЭС куруу, экспулатацияга берүү боюнча (2013-ж. 28-май) Меморандуму тиркелген[67].

Ал эми 14–02–005 делодо КР менен РФ коопсуздук, чек ара кызматынын жетекчилеринин жолугушуулары (2013-ж.28-октябрь) тууралуу маалыматтар берилген. КЭРдин “Синогидро” компаниясы менен КРде “Көкөмерен” каскадында ГЭС куруу жөнүндөгү долбоорду ишке ашыруу боюнча иш чаралардын жүрүшү тууралуу маалыматтар аталган делодо сакталган. [50].

14–07–001-делодо – Өзбекстан Республикасы менен Кыргызстан Республикасынын (2013-ж. 4–7-сентябрь) делимитация жана демаркация маселеси боюнча өкмөттүк делегациялардын жумушчу топторунун жолугушуулары тууралуу маалыматтар бар[51].

Ушул эле делодо (14–07–001) КРдин Президенти А. Атамбаевдин КЭРге жасаган иш сапарынын (18-21-май, 2014-ж) алкагында ишке ашып жаткан иш чаралары, пландары 13 беренеден турган эки тараптуу техникалык-экономикалык жардам долбоору боюнча кызматташтык жөнүндөгү келишими сакталган[59].

Жогорудагы архивдик булактар диссертацияда тарыхыйлуулук ыкмасынын негизинде иштин жаңылыгын, жоболорун, практикалык маанисин жана корутундуларды чыгарууда кызмат кылды.

КРдин Президенттик архивдик булактардан тышкары биздин илимий изилдөөбүздө КРдеги ар бир министрликтердин алдында эл аралык байланыш жана тышкы саясатын изилдөө үчүн түзүлгөн бөлүмдөрүнүн интернет сайттары каралды. Алсак, Экономика министрлигинин алдындагы КРдин инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо агенттигинин аналитикалык маалыматы боюнча КР менен КЭРдин инвестициялык кызматташтыгы ( 2012-2017-жылдарда) [434], [435] каралып анализ берилди (илимий иштин 4-бабында). КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин[505], КРдин Мамлекеттик миграция кызматынын (ММК) билдирүүсү, КРдин Мамлекеттик каттоо кызматынын (МКК) маалыматтары ж.б. колдонулду[491].

**Төртүнчү топтогу** булактарга массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана ШКУнун ишмердиги чагылдырылган оперативдүү материалдар кирди. Диссертациялык иште мезгилдик басма сөз материалдарында дүйнөлүк маалыматтык чөйрөнүн абройлуу журналдарда: «Центральная Азия и Кавказ», «Россия в глобальной политике», «Международные организации», «Международная жизнь», «International affairs», «Foreign affairs», жана «Интерфакс», «Женьминь жибао», «Синьхуа»,

«Синьцзян жибао» ж.б. аналитикалык–маалымат баракчаларында жарыяланган маалыматтар илимий иштин булактык базасын толуктады.

Бирок, колдонулган булактардын баалуулугуна так баа берүүдө бир кыйла кыйынчылыктар туулду. Аларга сын көз менен кароо муктаждыгы бардык учурда сезилет, анткени ШКУга кирген мүчө өлкөлөрдүн расмий бийликтеринин идеологиялык багыттары бул булактарга өз таасирин тийгизбей койгон жок. Маселен, жергиликтүү басма сөз материалдарынын катарында Кытай тарап каржылап чыгарылган "Жибек Жолу. Маданий өнүгүү" (орусча: "Шелковый путь. Культурное развитие") [427] гезитинде басылып чыккан маалыматтар көбүнесе кытайлык долбоорлорду баяндоо жана алар тууралуу үгүт кылуу менен чектелет.

Мындан тышкары Орус, Кытай, БА мамлекеттердин эксперттеринин форумдары, М: "Новое Восточное обозрение", "Пикир" ж.б.[433], [442], [478], [497]. Кыргызстандын ички жана тышкы маселелерин чагылдырган электрондук сайттары аркылуу жарыяланган материалдар [452], [451], [468], [460] илимий иштин негизги өзөгүн чагылдырууга жардам берди.

Россиянын жана Кытайдын гезит–журналдарынын, аналитикалык борборлорунун жана кабар агенттиктеринин сайттары, ШКУга кирген жана сырткаркы өнөктөш болгон тараптардын электрондук сайттарындагы бай материалдар, айрым дипломатиялык академиялардын, илимий мекемелердин электрондук китепканалары, интернет каражаттарында жарыяланган даректүү матералдар диссертациялык иштин негизги мазмунун чагылдырууга зарыл болгон олуттуу санариптик жана мултимедиалык маалыматтарды камтышат.

Изилденип жаткан иштин негизги булактык базасын түзгөн маалыматтарды кароодо **төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды:**

Диссертациялык иштин булактык базасы төрт топко бөлүнүп анализ берилди. Ар бир топтун булактык маалыматын иликтөөгө алууну негиздеген жана тастыктаган КРдин жана ШКУнун расмий укуктук – ченемдик документтеринен баштап, ШКУга мүчө мамлекеттердин расмий

жетекчилигинин өкүлдөрүнүн кайрылуулары, ж.б. маалыматтары анализге алынып ишти жазууда көмөкчү булак катары кызмат кылды. Айрыкча КРдин Президентинин алдындагы архивдик материалдар илимий иштин негизги өзөгүн түздү, жаңы сандык, факт жүзүндөгү маалыматтарды алууга жана ал материалдардын негизинде салыштырмалуу анализ берүүгө аракеттер жасалды. Ал эми кээ бир министрликтердин, статкомитеттин ж.б. чек ара, эки жана көп тараптуу байланыштар, ШКУнун ишмердүүлүгү тууралуу аналитикалык мүнөздөгү маалыматтар жана Кыргызстандын ШКУ алкагындагы өнүгүүсүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин чагылдырган материалдар илимий айланпага киргизилди. Массалык маалымат каражаттарында жана интернет баракчаларда, сайттарда жарыяланган материалдар ШКУнун коопсуздук, экономикалык, маданий-гуманитардык маселелерин сын көз караште анализдөөгө негиз салды. Жогорудагыдай булактык база иштин жаңылыгын, жоболорун, практикалык маанисин жана корутундусун аныктоого жардам берди.

Жыйынтыгында, тарыхый булактар салттык (архивдерде, китепканаларда ж.б. кагаз бетинде сакталган, мезгилдүү басма сөздө, расмий басылмаларда жарык көргөн, ж.у.с.) материалдардан жана жаңыча санариптик материалдардан туруду. Алардын бардыгы ШКУнун тарыхын жана бул уюмдун алкагында БАнын анын ичинде Кыргызстандын өнүгүүсүн ар тараптуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк түздү. Иштеги ар бир бап боюнча корутунду чыгарууда жана диссертациялык иштин алдына коюлган максат, милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн жетишээрлик даректүү маалымат топтоого булактык кызмат кылды.

## 2.3. ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдөөнүн илимий ыкмалары

Диссертациядагы ар бир бап боюнча натыйжалуу тыянактарды алууга жана корутундуулоого айрым гуманитардык илимдерде колдонулуучу методологиялык ыкмалары колдонулду.

Биздин изилдөөбүздүн методикалык базасы болуп, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү принциби[143, с.159], конкреттүү тарыхый булактар аркылуу ШКУнун уюшулушуна өбөлгө түзгөн чек ара, коопсуздук ж.б. маселелерин кароодо чет мамлекеттердин, постсоветтик БАнын белгилүү тарыхчылардын, саясат таануучулардын ж.б. эмгектери бир нече этапка бөлүп иликтенди. Илимий иштин 3,4,5-баптарында жана корутунду бөлүгүндө төмөндөкү ыкмаларды пайдаландык.

Изилдөө биринчи кезекте, илимий объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук (историзм) принцибине таянылды. Объективдүүлүктүн негизи ар бир тарыхый окуя же көрүнүш көп кырдуу жана карама каршылыктуу экендигин аныктайт. Ошол эле мезгилде ар кандай булактардан алынган маалыматтарды жана тарыхый фактыларды алууда анын маалыматтык мүмкүнчүлүгү тарыхый окуяны туура чагылдырып сын көз караш менен баа берүү маанилүү.

Ошондуктан изилдөөнүн максатына жетүүгө, ар бир бап боюнча натыйжалуу жыйынтыктарды алууга жана корутундуулоого айрым тармактык илимдердеги методдор колдонулду:

1. Тарыхый изилдөө ыкмалары – ШКУнун жаралуу тарыхын жана Кыргызстандын уюм алкагында өнүгүү баскычтарын изилдөөдө тарыхый анализ берүүдө олуттуу ыкма катары маанилүү десек болот.
2. Эл аралык уюмдарды изилдөө ыкмалары – дүйнөлүк аренада ШКУ эл аралык уюм катары таанылуусу, мамлекеттер аралык байланыштар, БА чөлкөмүндөгү Кыргызстандын КЭР, РФ, АКШ ж.б. менен болгон мамилесин изилдеп сереп салууга негиз болду.
3. Укуктук-ченемдик изилдөө ыкмалары – КР менен КЭР, РФ ж.б. мамлекеттер ортосундагы эки тараптуу жана ШКУ аркылуу көп тараптуу байланыштагы кабыл алынган Хартия, мыйзам, макулдашуу, келишим ж.б. анализ берүүдө салым кошту.

ШКУнун учурдагы коопсуздук чөйрөсүндөгү, саясий, экономикалык жана социалдык жүрүмдөрдүн таасирин жана анын иш аракеттерин кароодо, уюмдун өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн анализдөө ыкмалары бар. Уюм алкагындагы Кыргызстандын өнүгүүсүнө жана иш аракеттерине ж.б. баа берүүдө тарых илиминде жана эл аралык мамилени изилдөө жүргүзүү үчүн атайын илимий ыкмалар калыптанган.

Тарыхый изилдөө жүргүзүүдө атайын ыкмалардан тышкары жалпы илимий ыкмада нарративдүү ыкма колдонулат. Бул ыкма орус окумуштуусу Н.И Смоленскийдин аныктамасы боюнча жазуу – баяндап жазуу ыкмасы[197] катары бүгүнкү күнгө чейин тарых ж.б. илимдерде кеңири таралган. Нарративдүү ыкма тарыхый окуяларды жазуу үчүн маанилүү болуп эсептелгени менен тарыхый фактыларды талдоодо жыйынтыктуу анализ бере албайт. Анткени изилдөөчү такталган факт аркылуу окуянын жүрүшүн, себебин, натыйжасын интерпретациялайт. Алынган жыйынтыктар тарыхый окуянын анализдөөдө мааниси чоң. Бирок, окуянын маңызына терең сүңгүп кирүүдө бир ыкма жетишсиз. Ошондуктан изилдөөдө тарыхый изилдөөнүн методдорун колдонуу аркылуу илимий иштин коюлган милдеттерине жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Тарыхый изилдөөнүн методдору: тарыхый–салыштырмалуу ыкма, тарыхый–диахрондук ыкма, тарыхый–системалык ыкма, тарыхый–типологиялык ыкма[143, с. 183].

Тарыхый–салыштырмалуу ыкма жалпы дүйнөлүк жараянда чөлкөмдүк коопсуздуктун концептуалдык негизин калыптандырууда ШКУ өлкөлөрү жүргүзүп жаткан коопсуздук саясатынын өнүгүү жараяны жана деңгээли изилденди. ШКУнун тарыхый өнүгүүсүн ачып көрсөтүүдө, анын ишмердүүлүгүнө карата кабыл алынган пландар жана ишке ашырылган иш аракеттерге салыштырма ыкма колдонулду. Тарыхый-салыштырмалуу ыкма ШКУнун хронологиялык ырааттуу өнүгүүсүн изилдөөгө, бул уюмдун ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн башка уюмдар менен салыштыруу аркылуу ишке ашты[143, с. 186-189].

ШКУнун өнүгүү этаптарын кароодо тарыхый–салыштырмалуу ыкма кеңири колдонулду. Бул ыкманын алкагында КЭРдин чөлкөмдөгү жүргүзгөн саясаты ар бир этапта ар кандай деңгээлде ишке ашып жаткандыгы байкалды. Алгач эки тараптуу байланыш алкагында болсо ШКУ аркылуу көп тараптуу дипломатияга өткөндүгү белгиленди.

Тарыхый–диахрондук ыкма[143, с. 206-207] – “тарыхый реалдуулуктун маани, маңызынын, убактылуулугунун өзгөрүшүн” изилдөөгө багытталган илимий ыкмалардын жыйындысы. Россиянын окумуштуусу И. Д. Ковальченко объектти анализдөөдө тарыхый-диахрондук ыкманы үч вариантын бөлгөн: 1) Сандык жана сапаттык мүнөздөөнүн негизинде ар кандай окуяларды билүү жана баа берүү. Мындан ШКУнун коопсуздук жаатындагы мүчө-мамлекеттер менен жүргүзүп жаткан иш аракеттерине баа берүүдө, анын ичинде (РАТС) чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүмдүн ишмердигин анализдөөдө колдонулду. 2) Ички өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүү жана катаал системалык объекттин жана жараяндардын өзгөрүшүн сапаттуу баскычын бөлүү, тактап айтканда мезгилдүүлүккө бөлүү. Постсоветтик БА республикаларынын ички саясий ж.б. өнүгүүсүн кароодо жана ШКУга

Кыргызстандын мүчө катары кирүүсүн иликтөөдө маанилүү болду. 3) Абдан татаал тарыхый системанын фонунан өнүгүүсүнүн мүнөзүн ачуу. Ушул үч система биздин илимий иште ШКУнун өзгөчө КЭРдин РФнын, АКШнын Евразия чөлкөмүндөгү анын ичинде Кыргызстандагы таасирдүүлүгүн кароодо кеңири пайдаланылды [143, с.207].

Тарыхый–системалык ыкма [205, с.156] – өткөн тарыхты бирдиктүү тарыхый система катары изилдөө: ички жана тышкы байланыштардын жана динамикалык өзгөрүүлөрдү (генезис) алардын функцияларын жана түзүмүн анализдөө. “Шанхай бештиги” келишиминен, форумуна анан ШКУ болуп уюшулушуна жана калыптануу жолун анализдөөдө кызмат кылды.

Тарыхый-типологиялык ыкма – тарыхый изилдөөнүн негизги ыкмаларынын бири, типологиянын негизи ( грек сөзүнөн τόπος - из, форма, үлгү жана λόγος – сөз, окуу, үйрөнүү) объектинин жыйындысы же бир түрдүү типтеги көрүнүштөрдү класстарга бөлүүдө жатат. Тарых илиминде тарыхый-типологиялык ыкма тарыхый объекттерди жана көрүнүштөрдү изилдөө үчүн колдонулат. Анын негизги милдети – социалдык-маданий, социалдык-экономикалык типтерди анализдөө, тактап айтканда тарыхый типологиясын түзүү болуп эсептелет[99.с.178], [143, с.190-193].

Тарыхый фактыга диалектикалык материалисттик мамиле биринчи кезекте үч башка категорияларын (типтерин) бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет: 1) тарыхый чындыктын фактылары, 2) тарыхый булактын фактылары ("булактын билдирүүсү"), 3) илимий жана тарыхый фактылар ("фактылар - билим"). Бул категориялардын ортосундагы олуттуу айырмачылыктар бар экендиги айдан ачык [143, с.143].

Бул ыкма илимий иште ШКУ менен Кыргызстандын ишмердүүлүгүн классификациялоодо экономикалык жана маданий-гуманитардык , илимий ж.б. чөйрөдөгү кызматташтыгын анализ берүүдө колдонулду. Ошону менен изилдөөдөгү окуялардын ар тараптуулугун ШКУнун ишинин эволюциясы

жалпы мыйзам ченемдүүлүк менен ички бирдиктүү жараянда өнүгүп жаткандыгын аныктоого мүмүкүндүк берди.

Хронологиялык ыкма – ШКУнун калыптанышын тарыхый этаптарга бөлүп кароого мүмкүнчүлүк берди. Ошону менен катар ар бир этаптагы анын коопсуздук концепциясынын маселелерин каралышы хронологиялык тартиптүүлүктө изилденилди. Ал эми мезгилге бөлүү ыкмасы – ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын изилдөөгө мүмкүнчүлүк берди [143, с.207].

*2. Эл аралык уюмдарды изилдөөдө ыкмалары:*

Р. Арон эл аралык мамиледе алдын ала билүү (прогноздоо) ыкмасын пайдаланып, тарыхый-социологиялык ыкманын негизинде эл аралык мамиленин изилдөө методдорун төрт деңгээлге бөлгөн[95]:

1. фактыларды изилдөө;
2. абалдын олуттуу мүнөздөмөсүн жана себептерин билүү;
3. системанын келечекте өнүгүүсүн божомолдоо (прогноздоо);
4. ар кандай альтернативаларды издөө.

Бул окумуштуу өз эмгектеринде эл аралык системаны изилдөөдө божомолдоо ыкмасын колдонгон. Ал алдын ала дүйнөлүк саясаттагы көптөгөн өзгөрүүлөрдүн болушун т. а. коммунисттик идеология кыйрап постиндустриалдуу коомго өтүү менен эгемен улуттук мамлекеттердин пайда болуусу менен аяктай тургандыгын божомолдогон. Анын ыкмасынын божомолдоо мүмкүнчүлүгү бүгүнкү күндө да эл аралык реалдуулукту теоретикалык анализдөөдө колдонулуп келет [95, с.554].

Эл аралык мамилени анализдөө натыйжасында жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сандык ыкманы колдонуу менен жетишсе болот. Сандык ыкма математикалык жана статистикалык ыкмалар менен маалыматтарды анализдөө үчүн колдонулат. Сандык изилдөө ыкмасынын негизи статистикалык моделде жатат жана бул ыкма илимий иште ШКУга кирген мүчө-мамлекеттердин ИДП (ВВП), калкынын санын, территориясын ж.б. билүүгө жардам берди. Сандык ыкманы колдонуу объективдүүлүк жана системалык белгини көрсөтүүсү менен

маанилүү. Сандык ыкма ар тараптан универсалдуу эмес экендигин кээ бир окумуштуулар белгилейт[205, с. 477].

Россиянын окумуштуулары эл аралык мамилени изилдөө үчүн АКШнын окумуштуусу Ч. Макклеландын саясий өнүгүүнү иликтөөгө сунуштаган *ивент-анализ* (англ, тилинен *event* — окуя) ыкмасын колдонуу маанилүү экендигин белгилешет. Ал мамлекеттик жашоодогу окуяларга мүнөздөмө берүүдө коммуникациялык теориянын саясий кыймыл аракетин аныктоодо төрт параметрди колдонгон [107, с.287].

1. Таасирдүүлүктүн субъектилерин аныктоо (ШКУну демилгелеген мамлекеттер катары КЭР жана Россия аныкталган);
2. Саясий окуялардын мазмуну (ШКУнун түзүлүшү чек ара, коопсуздук маселелерине таянылган);
3. Объект (кайсы тарапка таасирдүүлүк көбүрөөк багытталган, Кытай тарапка);
4. Окуянын бүткөн убактысы (ШКУнун уюшулушу жана эл аралык уюм катары жашоосу).

Дагы бир ыкма катары *интент-анализ* (англ, тилинен *intent* — каалоо же ниет, максат) — вербалдуу маалыматтарды изилдөө ыкмасы, сүйлөнгөн сөздүн каалоо, максат, багытын анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бул ыкма эл алдында чыгып сүйлөгөн сөздүн, саясий билдирүүлөрдүн, ар кайсы мамлекеттердин саясий лидерлеринин талкууларын анализдөөдө абдан маанилүү. Бул метод ШКУнун жыйындарын ж.б. иш чараларын иликтеп анализ жүргүзүүгө пайдаланылды.

Изилдөө жараянында системалык ыкма – XX к. ортосунда калыптанган илимий айлампага “система, “элемент”, “байланыш”, ”түзүлүш”, “функция”, “туруктуулук” жана “чөйрө” түшүнүктөрү кирген. Системалык ыкманы биринчилерден болуп колдонгон белгилүү теоретиктер, америкалык окумуштуулар Д. Истон (David Easton) жана Т. Парсонс (Parsons) болгон[228, с.148]. Алар бул ыкма эл аралык мамилени изилдөөдө бир чөлкөмдүн тарыхый өнүгүүсүн ачык айкын кароого көбүрөөк мүмкүнчүлүк түзөөрүн аныкташкан.

Мында чөйрө аралыгында болуп жаткан өзгөрүүлөр (чөлкөм) себеп – натыйжаны табууга, тактап айтканда факт менен ШКУнун тарыхый өнүгүү векторлорун аныктоого жардам берди.

Эл аралык мамилелерди иликтөөдө колдонулуп келген системалык ыкма батыш окумуштуулары [99], тарабынан, мындан тышкары орус окумуштуулар [107], [260], [329] тарабынан жигердүү колдонулган.

Изилдөөнүн методологиялык негизин А. Д. Богатуровдун жана А. Д. Воскресенскийдин эл аралык мамилелердин тарыхынын теориялык жана салыштырма изилдөөлөрүндө келтирилген көп факторлуу тең салмактуулук концепциясы түзөт. Көп факторлуу тең салмактуулуктун концепциясы, эл аралык система көзкарандысыз саясий бирдиктерден, тактап айтканда, улуттук мамлекеттерден турат. Бул система тартипсиз тең салмактуулукта, бирок жогорку саясий бийлик жана бийлик боло турган көзөмөлдөөчү саясий орган (дүйнөлүк өкмөт) жок деген мааниде гана. Демек, мамлекеттер, эреже катары, аймактык жана ааламдык чакырыктарды чечүү үчүн конструктивдүү диалог түзүп, өз ара тең салмактуулукту сакташат[107], [108].

Ушул теориянын алкагында ШКУнун ичиндеги мамлекеттер аралык мамилелердин динамикасын талдоо изденүүчү тарабынан ШКУга мүчө мамлекеттердин Борбордук Азия чөлкөмүндөгү кызыкчылыктардын тең салмактуулугун көп факторлуу көз караштан издөө катары каралат. Мындай мамиле татаал мамиледе саясий, экономикалык жана коопсуздук көйгөйлөрүн карап чыгууга гана мүмкүнчүлүк бербестен, маданият фактору, психологиялык жана тарыхый мүнөздөмөлөр сыяктуу өз ара аракеттенүүнүн жаңы факторлорунун байланышын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Ал эми А.Д.Воскресенский жана С.Г.Лузяниндин салттык моделдөө (илимий калып жаратууга негизденген) анализи — ШКУнун тарыхый баскычтарын башка да эл аралык уюмдардын тарыхына салыштыруу аркылуу колдонууда дурус натыйжа берет. Ушул авторлордун “Кытайды чордонго коюу” (“китаецентризм”) [261, с.123-148], [262] калыбы аркылуу азыркы тапта

да расмий Бээжин өзүнө чектеш мамлекеттерге карата дипломатиялык ж.б. стратегиясын жүргүзүп, демилгелер менен долбоорлорду ишке ашырып жатканын белгилешет. Биздин диссертациялык ишибизде да салттык моделдөө усулу майнаптуу болду.

Кытайдын тышкы саясатында “стратегиялык тең салмактуулук” түшүнүгү Чжао Хуашендин эмгектеринде [229], [349], [350], [351] көп кездешет, ушул негизде КЭР эл аралык байланыштын усулдук ыкмаларын иштеп чыккан [350, с.18-22]. Кыргызстан да көп вектордук дипломатия аркылуу КМШ, ШКУ жана башка уюмдардын алкагында жана алардан тышкаркы учурларда өзгөчө байсалдуу саясат жүргүзө алаары диссертацияда колдонулган методологиялык ыкмадан улам айгинеленет.

Азыркы мезгилде “Тынчтык жана өнүгүү” концепциясынан тышкары “Гармониялык дүйнө”, “Бир алкак, бир жол” [174], [226], [335], сыяктуу жоболорду колдонгон КЭРге, Түндүктөгү өнөктөшү — РФга жана жалпы ШКУга карата Кыргызстан жүргүзүп жаткан саясатты так жана калыс баалоо үчүн тарыхыйлуулукка жана объективдүүлүккө негизделген бейтарап методологиялык усулдарга таянаары диссертацияда баса белгиленди.

3.Укуктук – ченемдик (нормативдик) документтерди изилдөө методу:

Документтерди изилдөө ыкмасы - байкоонун инструменталдык ар тараптуулугу, чектелген маалыматтарды ар кандай технологиянын жардамы менен алуу (интернет баракчалар аркылуу, архив материалдары ж.б.)

Контент–анализ (англ, тилинен content — мазмуну, ичиндеги) — документтерди анализдөөнүн ар тараптуулугу, статистикалык жактан иштелип чыккан сандык көрсөткүч маалыматтарды сапаттуу текстке айлантуу мүмкүнчүлүгү менен байланыштуу. Бул ыкманын маанилүүлүгү массалык маалымат каражаттарына ж.б. эл аралык жашоодогу олуттуу маселелерди билдирүүдө публикацияларды даярдоодо жана анализдөөдө билинет.

Контент-анализ – изилдеп жаткан объектиге тиешелүү болгон саясий-укуктук анализди жүргүзүүдө, ченемдик (нормативдик) актылардын мүнөзүн

ачууга (программа жана план, токтомдор, расмий справка, кайрылууларга жооп ж.б. билдирүүлөр) колдонулат[165, с.324] Бул ыкма биздин иште укуктук-ченемдик документтерди анилиздөөдө абдан маанилүү болду.

Мындан тышкары изилдөөнүн алкагында бир нече илимий ыкмалар жана методдор колдонулду: саясий таануу илиминдеги методдор, цивилизациялык ыкма, учурда гуманитардык илимде белгилүү конструктивизм ж.б.

Ал эми кытай окумуштуусу Чжао Хуашэн, функционализм жана конструктивизм методологиясын колдонуп, али жаш ШКУнун функционалдык жүгүнө салмактуу мамиле кылууга чакырат[349, с. 175], [399, с.5-12]. Функционализм европалык интеграциянын фонунда өнүккөн. Реалисттердин идеясына абдан жакын, айырмачылыгы эл аралык мамиледе бир мамлекеттин кызыкчылыгы эмес бир нече мамлекеттин жалпы кызыкчылыгы башкы маселе катары карашат. Мамлекеттер аралык интеграция жараянынын башталышын токтотуу эң татаал экендигин белгилешет. Бул ыкма ШКУнун калыптануу жолунда интеграциялык өнүгүүсү бир эле мамлекеттин кызыкчылыгында эмес жалпы мүчө мамлекеттер үчүн да пайдалуу экендигин кароого мүмкүнчүлүк түздү.

Конструктивизм методологиясынын негизги принциби – бул эл аралык саясат, талашы жок идеялардын, коллективдүү баалуулуктардын, маданий жана социалдык идентификациялардын таасиринде калыптанат деген ишеничке таянышкан. Бул теория эл аралык мамиленин илимий методорунун айланасында жана эл аралык жаңы күчтөрдүн уюштуруу теориясынын негизинде пайда болгон. Реалисттер менен либералдардын теориясы “кансыз согуштун” аякташы менен маанисин жоготуп, конструктивизмдин авторитетин жогорулаткан. Конструктивизм теориялык методологиясы эл аралык мамиле – бул социалдык конструкция дейт. Өз мезгилинде реалисттер эл аралык мамиледе коопсуздук жана материалдык күч негизги деп келишсе, либералисттер мамлекеттин ички саясий факторлору жана экономикалык өз ара көз карандылыгы маанилүү экендигин белгилешкен. Ал эми конструктивизм эл

аралык мамиле системасында идеялардын ролун анализдөөгө ыклас койгон. Конструктивисттер "идея" түшүнүгүнө максат, опуза, коркунуч, так өзүндөйлүк ж.б. чыныгы кабыл алынуучу элементтерди көрсөтөт, алар мамлекетке жана мамлекеттик эмес эл аралык мамиленин объектилерине таасирин тийгизүүдө. Мамлекет эл аралык мамиледе болуп жаткан кырдаалга көз каранды. Бул методологиянын жактоочулары эл аралык мамиле системасында туруктуу эместигин жана бул көрүнүштүн субъективдүүлүгүн аныкташкан. Конструктивисттер улуттук коопсуздук маселесине караганда социалдык нормалар эл аралык мамилени түзөт жана өзгөртөт деп белгилешет. Бул методологиянын маңызына ылайык илимий иште ШКУга мүчө мамлекеттердин да, ага кирбеген мамлекеттердин да БАда жана Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан концептуалдык идеяларын ирээти менен анализдөөгө мүмкүн болду.

Саясат таануунун салыштырма ыкмасынын алкагында "кызмытташтыктын төрт ара байланышы" концепциясы сунушталган. Фр.Дж.Старрдын теориясына [333], [386] таянып, орустун белгилүү окумуштуусу С.Г.Лузянин өзүнүн эмгектеринде [159], [160], [161] ШКУнун өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон бир нече теориялык "өз ара байланыштарга" бөлгөн. Биринчи, чөлкөмдүк жана глобалдык байланыш. Экинчи, жамааттык (көп тараптуу) жана эки тараптуу кызматташуу. Үчүнчү, коопсуздук, гуманитардык, инвестициялык ж.б. байланыштар. Төртүнчү кандайдыр бир деңгээлде атандашуу күчтүү болсо ар кандай интеграциялык долбоорлордун ортосундагы байланыш жигердүү болоорун божомолдогон.

**Жыйынтыктап айтканда**, диссертациялык ишти жазууда колдонгон ыкмалар үч топко бөлүнүп анализ берилди. Учурда Кыргызстан көп багыттуу дипломатиясы ШКУ, КМШ, ЖККУ ж.б. уюмдардын алкагында жана алардан тышкаркы учурларда өзгөчө байсалдуу саясат жүргүзө ала турган актор катары өнүгүү жолуна түшүүдө. Ошондуктан каралып жаткан эмгекте БА анын ичинде Кыргызстандын ШКУ алкагындагы өнүгүүсүнүн тарыхый ордун иликтөө үчүн

тарыхый, эл аралык мамиле, саясий таануу ж.б. илиминин алкагындагы ыкмаларды колдонуу абдан маанилүү болду.

# III БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН УЮШУЛУШУ ЖАНА КЫТАЙДЫН БОРБОРДУК АЗИЯГА КАРАТА СТРАТЕГИЯСЫ

## 3.1. Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы жана ШКУнун уюшулушунун тарыхый өбөлгөлөрү жана өзгөчөлүктөрү

Бүгүнкү күндө кездешкен терминдердин арасынан "Борбордук Азия", "Борбордук Евразия", "Чоң Борбордук Азия", «Орто Азия» өңдүү аталыштарды кездештирүүгө болот. Географиялык мейкиндик жана эл аралык мамилелердин субъектиси катары «Борбордук Азия» түшүнүгүнүн илимий айлампага кириши салыштырмалуу жаш. Азыркы мезгилде чөлкөм өзүнүн жамааттык иденттүүлүгүн издөө жана аңдоо жараянында турат.

"Борбордук Азия" түшүнүгү XIX к. Азия континентинин ири этно-географиялык мейкиндигин изилдөөдөн улам пайда болгон. Орус окумуштуусу Н.В.Ханыков БАнын так аймагын тактоо үчүн гидросистемдүү принципти колдонууну сунуштаган. Бул принцип так эмес территориялык бөлүктөргө ээ болгон чөлкөм дегенди түшүндүргөн. Түштүктөн-Тибет тоо кыркалары, Батыштан–Памир тоо кыркалары, Чыгыштан Чоң Хинган тоо системасы жайгашкан кең географиялык аймак "Борбордук Азия" деген аталышка ээ [166], [167], [187] . Чөлкөмдүн туш тарабынан тоо системасы менен курчалып турушу бул чөлкөмдө жашаган калктын коңшу элдер менен болгон байланышын чектеп, тышкы дүйнөгө чыгуу мүмкүнчүлүгү жеткиликтүү деңгээлде ишке ашпагандыгын белгилешкен. Бирок XX к. аягында БА тышкы дүйнөнүн

кызыкчылыгынын чордонунда болушу чөлкөмдүн жамааттык иденттүүлүгүн изилдөөнүн актуалдуулугун арттырган. Академик В.А.Обручев БАга физикалык-географиялык мааниде Монголиянын, КЭРдин Ганьсу, Цинхай провинцияларын, Синьцзянь жана Ички Монголия автаномдуу райондорун киргизет. Ал эми Советтик адабияттарда чөлкөм кыйла кенен – «Орто Азия жана Казакстан» деп аталган, бул анын эки маанисин туюнткан[301, с.241-264]. СССР кулагандан кийин 1993-ж. Ташкент шаарында БАРдын мамлекет башчыларынын жолугушуусунда бул чөлкөмдү «Борбордук Азия» деген геосаясий аталышы колдонууну чечишкен[178, с.7].

Япония мамлекетинин дипломаты Кадзуо Огура «БА тышкы экспансия үчүн бириктирилген же тышкы күчтөрдүн кысымына каршы биригип жаткан чөлкөм" катары көз карашын билгизген[94, с.91]. Мындай баалоонун чын төгүнүн карасак, чөлкөмдөгү мамлекеттердин биригүүсүндө тышкы экспансиянын таасири анча деле байкалбайт, бирок тышкы күчтөрдүн таасирдүүлүккө умтулуусу өзгөчө орунга ээ экендиги анык. Ал эми башка авторлор көрүнүштү чөлкөмдүн мейкиндигинде жайгашкан мамлекеттердин улуттук кызыкчылыктарын жана географиялык абалы менен байланыштырышат. Алсак, Россиянын серепчилери БА чек арасын ачык айкын түшүндүрүү ирээтинде "БА чөлкөмү океан менен чектешпеген (Кыргызстан, Тажикстан, Казастан, Түркмөнстан жана Өзбекстан республикаларын Россия (түндүгүндө) Монголия (чыгышында), Ооганстан (түштүгүндө), Кытай (батышында)) мамлекеттери менен чектешкен» Азия континентинин бир бөлүгү экендигин белгилейт[106, с.285]. Мындай ой пикир географиялык мерчемде "Борбордук Азия мамлекеттери океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу" менен негизделген десек болот. Мындан тышкары чөлкөмдү айкындоодо географиялык жактан гана эмес саясий, экономикалык, аскердик–стратегиялык, кээ бир учурларда, улуттук–этникалык жана цивилизациялык факторлоруна кеңири мааниде анализ берилип келет. Кээде бир чоң чөлкөмдү аянты боюнча бир нече кичине субрегиондорго бөлүп айырмалап чыгышат. Ал

эми азыркы мезгилде тескерисинче, кээ бир кичинекей чөлкөмдөргө кеңейтилген маани берүү иш жүзүнө ашып келет[198, с.77]. Мисалы, Советтик Союзунун чачыроосунан соң, БАнын жаңы эгемен мамлекеттерининин, тарыхый тагдырынын, турмуштук нугунун, өзгөчө географиялык - мейкиндиктик (С.Хантингтондун терминологиясы боюнча өз алдынча цивилизациялардын «өзөктүү мамлекеттер”[214, 215. с.203] болушкан Россиянын, Кытайдын жана Индиянын ортосундагы аралыкты) абалынын жалпылыгынан улам, чөлкөмгө кеңейтилген баа берүү менен, анын өзгөчөлүгүн артыруу үчүн БАнын жалпы көйгөйлөрүнө жана коркунучтарына анализ берүү акыркы мезгилде олутуу болууда.

Жалпысынан, БА чөлкөмү саясий биригүүдөн жана стратегиялык максаттардан чыгып ажыратуучу, анан «табигый географиялык феномендер» катары алга чыгуусу салыштырмалуу жаш географиялык объекттердин катарына кирет[157, с.178].

Ал эми азыркы мезгилде БАда таасирдүүлүк үчүн дүйнөнүн ири мамлекеттери чөлкөмдө өздөрүнүн кызыкчылыгын ишке ашыруу максатында атайын долбоорлорду сунуштап келишет. Мындай иш аракеттер окумуштуулардын тили менен айтканда “жумшак күч” саясаты экендиги белгилүү.

КЭРдин БАда республикалары менен кызматташууда көбүрөөк кездешкен долбоорлору: “Кытай кыялы”, “Гармониялык дүйнө”, “Жибек Жолунун экономикалык алкагы”, “Стратегиялык өнөктөштүк” [322], [330], [397], [349], [359] “жаңы эл аралык тартип” жана “коопсуздуктун жаңы концепциясы” [337], [238] жана азыркы кезде дүйнө жүзүнө жайылып жаткан ири долбоор “Бир алкак, бир жол” [174], [226], [327], [305], [411]ж.б.

РФнын БА мамлекеттери анын ичинде Кыргызстан менен эриш аркак кызматташуу максатындагы долбоорлору: Е. Примаковдун мезгилиндеги көп уюлдуу дүйнө үчүн “Чоң азиялык үчтүк”[374, с.79], [237], В. Путиндин мезгилиндеги “ЖККУ алкагындагы кызматташтык” [149], [156], [160], [173]

ж.б. “Ири Чыгыш” [160], [163] “ЕАЭБ интергациясы” [164], [301], [325], [343], [412]ж.б.

Ал эми АКШнын Мамлекеттик департаменти БА мамлекеттерин Россия менен бир топко, АКШнын Коргоо министрлиги БАдагы беш мамлекетти Ооганстан менен бириктиришет. Ушундан улам бул чөлкөм Батыш саясат таануучулары тарабынан “Чоң Борбордук Азия (ЧБА)” деп расмий аталып, бул чөлкөмгө өзгөчөлөнгөн “Чоң Борбордук Азия үчүн өнөктөш программасын” түзүшкөн [333, с.34-38]. 1997-ж. «Жибек Жолунун стратегиясы жөнүндө Акт» 2015-ж. Обаманын администрациясы түзгөн С5+1 платформасынын алкагында БА анын ичинде Кыргызстан менен кызматташуу боюнча гуманитардык ж.б. алкактагы долбоорлор бар [456], [457], [470]. НАТОнун алкагында “Тынчтык үчүн шериктештик”, [209] ж.б.

Япония мамлекетинин БАнын республикалары үчүн сунуштаган долбоорлору: Япониянын премьер-министри Хашимото демилгелеген “Евразия дипломатиясы” [347], “«Борбордук Азия үчүн Япониялык долбоор»”[381], “Улуу Жибек Жолундагы Япониянын дипломатиясы”[381] “Борбордук Азия + Япония” “Евразия стратегиясы”, “Гүлдөп өсүү жана эркиндиктин көпүрөсү” [385]ж.б.

Азыркы мезгилде дүйнөдөгү ири мамлекеттердин БАга болгон кызыгуусу жана таасирдүүлүгү, алар демилгелеп уюштурган эл аралык уюмдар аркылуу да ишке ашып жатат. БА чөлкөмүнүн баалуулугу анын геосаясий, геостратегиялык, геоэкономикалык ж.б. мерчемдери менен аныкталаары белгилүү. Ошондуктан жогорудагы оюнчулардын ичинен БА үчүн демилгеленген саясий, экономикалык ж.б. долбоорлордо Кытай башкы орундарда тураарын белгилей кетсек болот.

БАдагы коомдук пикир азырынча Кытайды сырдуу, табышмактуу, тааныштыгы аз өлкө катары кабыл алып, ага багыт алууда ар кандай кооптуу маселелер болуп жатканын белгилөө маанилүү. Ошондуктан бул багыттагы мамилелердин активдешүүсүн күтүү керек болсо, анда ал Азиялык башкаруу

стилин айырмалап турган жана азыркы БАнын элитасынын конъюнктуралык кызыкчылыктары менен руханий дүйнөсүнө бөтөнчөлүктөрүнө толук байланышкан эки тараптуу алакалардын, бейформал байланыштар менен келишимдердин алкактарында жүрө турган болот. Кытайдын маанисинин артуусу ШКУ форматындагы кытайлыктардын демилгесин күчөтүү аркылуу да жүрө алат. Анткени бул Кытайдын колундагы өзүнүн оюн эрежелерин түзүүгө жана БАдагы кызыкчылыктарын ишке ашырууга жол ачуучу бирден бир саясий шайман. ШКУнун жашап туруусу, бир эле мезгилде БА мамлекеттеринин чөлкөмдө кайсы бир жалгыз державанын үстөмдүгүнө байланыштуу кооптонууларын жумшартат. Россиянын да, Кытайдын да чөлкөмдөгү активдүүлүгүн ыраатташтырат, алардын РФнын Түштүк чек аралары менен Кытайдын Батыш чек арасындагы тынчтыкты сактоо үчүн БАдагы саясий туруктуулуктун жогорку деңгээлин колдоого күч-аракеттерин бириктире алат[310, с.163].

Эми Евразия мейкиндигиндеги интеграциялык өнүгүүдө жалгыз гана Кытайдын катышуусунда өнүгүп жаткан ШКУнун жаралуусунун тарыхый өбөлгөлөрү XX к. аягында БАда көйгөй жараткан эң маанилүү факторлорго таянылган:

**Биринчи фактор, СССР дөөлөтүнүн кыйрашы, биполярдык (бир алкактуу) системадан көп алкактуу системага өтүү мезгили.**

XX кылымдын 1985–1991-жж. аралыгында “кайра куруу” жараянынын башталышы Советтер Союзунун жашоосунда чоң өзгөрүүлөрдүн, ири тарыхый окуялардын болушуна алып келген. Ушул жылдарда СССР үчүн стратегиялык жактан эң маанилүү Азия-Тынч океан чөлкөмү (АТР) болгон. Айрыкча Кытай жана АСЕАН мамлекеттери менен болгон байланышты калыбына келтирүү олуттуу маселеге айланган. 1989-ж. чектешкен аймактар жана талаш жер тилкелери боюнча биринчи жолу биргелешкен ыктыярдуу совет-кытай келишимине кол коюлган[26, с.81]. СССРдин жогорудагыдай ар тараптуу кызматташуусунун башталышы менен социалисттик система изоляциядан

чыгып дүйнөлүк саясатта жана эл аралык мамиледе “бир алкактуу” системадан “көп алкактуу” кызматташууга өтүү мезгили башталган.

1991-ж. 69 жыл өкүм сүргөн СССР кулап, дүйнөнүн картасына жаңы түзүлгөн 15 суверендүү мамлекет, алардын бешөө БАда пайда болгон. БАдагы мамлекеттердин үчөөсү КЭРдин Түндүк – Батышы менен чектешип турган. 1991-ж. КЭР БАРдын анын ичинен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн таанып, дипломатиялык байланышын бекемдөөгө ынтызарлыгын көрсөткөн [309, с. 20-24]. Эң алгач Кытай өзү менен коңшу БАР менен кызматташтыкты чыңдоодо талаш-тартыш жаратпай тынчтык жолу менен чек ара маселесин чечүүнү көздөгөн.

XX к. 90-ж. КЭРдин тышкы саясий концепциялары “стратегиялык өнөктөштүк”, “жаңы эл аралык тартип” жана “коопсуздуктун жаңы концепциясы” ж.б. Кытайдын БАнын “перифериялык” мамлекеттерине анын ичинде Кыргызстан менен болгон эки тараптуу байланышын тездеткен.

Түштүк Корея мамлекетинин изилдөөчүсү Кам Сам Гу БА чөлкөмү “КЭРдин тышкы стратегиялык чегинин сферасы экендигин” мүнөздөгөн [276, с. 40]. БА чөлкөмү КЭР үчүн абдан маанилүү экендигин Россиянын саясат таануучулары А. Свешников белгилеп, ал Кытайдын саясат таануучусу Ли Динсиняндын эмгегине жана Х. Д. Маккиндердин теорияларына таянып, БАны жана ага кошуна райондор дүйнөлүк саясаттын “жүрөгү” деп эсептеген[514].

Орус окумуштуулары КЭР БА чөлкөмүнүн геосаясий маанилүүлүгүнө белгилүү бир деңгээлде баа берүүдөн баш тартат дейт. БА “ортодогу чөлкөм” же болбосо Кытай менен “башка күчтөрдүн” ортосундагы буфер деп белгилейт[507]. Бирок, Кытайдын Россия менен өз ара карым катнаш үчүн болгон тышкы саясий стратегиясын ишке ашырууда Тынч океан аймагына караганда БАга терең көңүл буруу керектигин белгилешет. 1990-ж. БАга болгон Кытайдын экономикалык таасиринин күчөшүнө жооп берүүчү эки критерий каралган. Биринчиси, Кытайдын бул чөлкөмгө болгон эң маанилүү

экономикалык кызыкчылыгы, экинчиси анын башка өлкөлөрдүн же мамлекеттик топтордун бул аймакка кирүүсүнө жол бербөөсү.

XX к. аягында Кытайдын БАга багытталган саясатынын стратегиялык багыттары:

– БАнын бай ресурстарга оңой чыгууга мүмкүнчүлүк алууда багыттуу жана ишеничтүү пайда берүүчү булактардын түшүшүн издөө жана аны үчүн ыңгайлуу шарт түзүү керектүүлүгү[507];

– географиялык жактан Кытайдын бул чөлкөмгө жакын болушу, КЭРдин эң кооптуу райондор менен чектештиги, шартталган көп полярдуулуктун тез өсүүсү, саясий туруксуздук жана чөлкөмдөгү өлкөлөрдүн бири-бирине экономикалык жактан көз карандылыгы[509];

– КЭРдин БАда активдүү жана таасирдүү ролун кеңейтүүнү каалоосу, өзүнүн таасирин чөлкөмдө чыңдоо жана КЭРге көбүрөөк лоялдуу болгон БА республикаларынын өкмөттөрүнүн радикалдуу маанайларынын өзгөрүшүн болтурбоо[507];

– көптөгөн өнүккөн өлкөлөр БАнын базарларына чыгууга болгон аракетинен улам Кытайдын негизги каалоосу Россия сыяктуу бул жерде таасирдүү ролду ойногусу келгендиги[507];

– АКШнын чөлкөмдөгү таасирин чектөө үчүн уюмдун механизмин пайдаланууга болгон кызыкчылык, КЭРдин ШКУда «гегемонизмге каршы» абалын жана өзүнүн улуттук кызыкчылыгын коргоо зарылчылыгы[411];

– КЭР Россия менен БАда соода-экономикалык жана энергетика базарлары аркылуу Кытайдын Түндүк багыттагы энергетикалык ресурстарды диверсификациялоо жана экономикалык кызматташтыкты ар тараптуу кеңейтүү[255];

– БА өлкөлөрү менен Россиянын аскердик-техникалык байланышын колдоо менен Түндүк багыттагы чек аралаш провинциялардын туруктуулуугун камсыздоого умтулуу, коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүү[248, с. 46-54].

1960-ж. Кытайдын катышуусундагы АТР багытында биринчи эл аралык уюмдар түзүлгөн. Ал уюмдарда КЭРдин активдүүлүгү БАга салыштырмалуу бир топ жогору. Ал эми постсоветтик мейкиндикте КЭРдин саясатынын жаңы багыты болуп саналган жана эл аралык коомчулук тарабынан таанылган чөлкөмдүк уюмдарда Кытайдын катышуусу чектелүү болгон. Бул фактор бир жагынан, Кытайды БА аркылуу чыгуучу мамлекеттер менен болгон байланыш мүмкүнчүлүгүн төмөндөткөн. Экинчи жагынан бир эле учурда, Кытай жетекчилиги ар бир уюмдардын чегинде конкреттүү милдеттерди жана чечимдерди күчөтүүгө мүмкүндүк алууга умтулуусу байкалган.

Кытай окумуштуусу Ся Ишаньдын белгилөөсү боюнча БА мамлекеттери бай ресурстарга ээ жана коңшу мамлекеттер менен достукта болууга көңүл бөлөт[338, с.58]. Дагы бир Кытай окумуштуусу Ч. Вандын  оюнда, Кытайдын ички саясатынын максаты “Түндүк–батыш чөлкөмүнүн өнүгүүсүнө шарт түзүүнү” карманат, ушул себептен Кытай менен чектешкен БА мамлекеттери менен чек араларын бекемдөөгө кызыкдар экендигин белгилеген [257, с.57-63].

**Экинчи фактор, БА геосаясий** эл аралык саясий системада географиялык жайгашуусу менен баалуу чөлкөм экендигин көптөгөн окумуштуу-изилдөөчүлөр белгилеп келишет Улуу Жибек Жолунун тарыхый айдыңында жашаган элдердин бири-бири менен болгон байланышын, Европа менен Азиянын ар кандай цивилизациялык алкактагы карым-катнашын камсыздап келген. Өз мезгилинде БА Кытайдын, Россиянын, Осмон жана Британ империяларынын көңүл чордонунда турган. Англиялыктар үчүн бул чөлкөмдөгү аскердик таасирдүүлүгү “бүт дүйнөнү ээлөө менен барабар” дегендикти билдирген. XIX к. ортосунда БА чөлкөмү Орус падышачылыгынын колониялдык ээлигине, кийин СССРдин курамында кирген [92], [101], [110], [114], [135], [146].

СССР кулагандан кийин БАда жаш эгемен республикалар үчүн жаңы геосаясий кызыгуу жана таасирдүүлүк башталган. XXI к. башында цивилизациялык фактор маанилүү боло баштаган мезгилде, көптөгөн саясат

таануучулар[101], [104], окумуштуу–серепчилер [108], [137], [155], [158] ж.б. белгилегендей эл аралык мамиленин келечектеги абалы цивилизациялардын кагылышуусунан көз каранды экендигин ырасташкан. БА дүйнөлүк белгилүү цивилизациялардын кездешкен кошулмасында – инди-буддалык, кытай-конфуций, перс, араб жана түрк-мусулмандык, провослав-христиандык цивилизацияда жашаган элдердин этно-демографиялык, диний мүнөздөгү маданиятын байланыштырып турган ири мейкиндикти ээлегендиги менен актуалдуу десек болот.

**Үчүнчүдөн геоэкономикалык факторго** – КЭРдин БАга карата энергетикалык кызыкчылыгын көрсөтсөк болот. БАРдын энергетикалык ресурстары КЭР үчүн олуттуу мааниге ээ. Кытай мунай (нефт) берүүчүлөрдү, көмүр суутектерин (углеводород) унаа жана сатып алуу ыкмаларын ар тараптан диверсификациялоого умтулууда. Себеби, КЭРге энергоресурстарын сунуш кылган өлкөлөр саясий жактан өтө кооптуу чөлкөмдөрдө жайгашкан. Мындан сырткары, Кытайга келген мунайдын 70-80% ы АКШнын аскер-деңиз күчтөрү тарабынан тескелген Малак (Малаккский) кысыгы аркылуу өтөт. Ал эми БА өлкөлөрүнөн мунай транспорттоо салыштырмалуу коопсуз, кыска жана кургак жердин бети менен өтөт. Ушул себептен, Кытай өзүнүн БАдагы кургак жол магистралын Түндүк Иран жана андан да ары Жакынкы Чыгышка чейин созууну көздөйт.

БА ааламдык маанидеги минералдык запастардын эң бай баалуулугуна ээ. Бул баарынан мурда нефть жана мунай запастарына байланыштуу. Казакстандын мунай запасы 5,3 млрд. тонна (39,8 млрд. баррелей), бул дүйнөлүк запастын 3,2% түзөт. Ал эми Казакстандагы газдын запасы 1,82 триллион куб. м. (1% дүйнөлүк), Өзбекстанда – 1,58 трлн. куб. м. (0,9% дүйнөлүк), Түркмөнстан - 7,94 трлн. куб. м (4,3% дүйнөлүк) [265, с.28]. Бирок, бул үч мамлекеттен айырмаланып Кыргызстан менен Тажикстан мунай жана газ запастарына бай эмес. Ошентсе да Кыргызстанда жаратылыш газынын запасы 6 млрд. куб. м. газ, мунай зат кен чыккан жерлерин геологиялык

өзгөчөлүктөргө жана өнүккөн инфраструктуралардын жетишсиздигине байланыштуу өздөштүрүлбөй келет. Кыргызстанда мунай зат запастарынын эң төмөн болгондугуна карабай Россиянын БАдагы энергетикалык саясатында эң орчундуу орунду ээлеп келет.

1990-ж. ортосунда БАРдын электр станцияларынын жалпы кубаттуулугу 38 млн. кВт саат түзгөн[479]. Ал эми Кыргызстанда 28 миң агын суулар, 7 ири дарыялар бар. Алардын арасында эң маанилүүсү Нарын дарыясы, суунун молдугу (жылдык орто чыгымы саатына жакын 429 м 3/сек) жана энергиялык деңгээли боюнча Нарын дарыясынын мааниси чоң. Кыргызстандын гидроэнергетикалык денгээли 142 млрд. кВт саатты түзөт, техникалык жактан алганда - 73 млрд. кВт саат, экономикалык жактан - 48 млрд. кВт саат. Акыркы көрсөткүчтөрү менен салыштырып караганда Кыргызстан Россия менен Тажикстандан кийинки орунда турат. Кыргыз экономикасынын эң маанилүү ордун көбүрөөк арзан энергия берүүчү ГЭСтер ээлейт. Чөлкөмдөгү 15 ГЭСтин абдан кубаттуусу «Нарын каскады», Нарын дарыясында жайгашкан гидроэлектростанциялардын комплекси түзөт, 5 ГЭСти жана ирригациалык курулуштарды ичине камтыйт[266, с.63-68].

БАР стратегиялык баалуу жаратылыш байлыктарына ээ, сейрек кездешүүчү түстүү металлдар ж.б. химиялык элементтерге бай жетиштүү өнүккөн экономикалык жана илимий – техникалык деңгээли бар чөлкөм [265, с 27-98], [479], [495]. БАнын ичинде Кыргызстанда пайдалуу кендер, жаратылыш газы, энергия, минералдык ресурстар, түстүү металлдар ж.б. мурунку СССРдагы кендердин 62% түзгөн, Россиянын территориясындагы (запас) кендерден 2,2–2,5 эсеге жогору[495].

Республиканын көп жерлеринде дүйнөлүк мааниге ээ алтын, күмүш кендери бар. Жалпысынан алганда, Совет мезгилинде эле Кыргызстанда геологдор алтын кени бар жерлерди аныкташкан. Алар: Макмал, Жер-Үй, Кумтөр, Талды-Булак, Сулуу-Терек, Куру-Терек, Башкы-Терек, Солтон Сары.

Кыргызстандын аймагында жалпы 302 алтын жана алтын аралашкан кен чыккан жер бар. Эгер курамына алтындан башка дагы металлдар, маселен, жез, сымап, сурьма, кобальт, вольфрам камтылган кендерди да эске алсак, анда бул көрсөткүч 382ге жетет. Алтын кендеринин саны боюнча алдыңкы сапта Жалал-Абад облусу турат, алтын аралашкандары менен бирге 95 баалуу металл топтолгон кен бар. Ысык-Көл облусунда жалпыга маалым болгон Кумтөр бар. Божомолдорго караганда, 2019-жылы алтын өндүрүү көлөмү аталган кенде 16–17,5 тоннаны түзгөн. Чүй облусунда Талды-Булакта алтындын кору 64 тоннадан ашат. Эгер курамында алтындан сырткары башка металлдар да камтылган кендерди кошо эсептесек, анда ири кендердин саны эки эсеге көбөйөт. Талас облусунда Талды-Булак кени (алтын, жез), ал эми Ош облусунда Чалкуйрук-Акжылга (алтын, кобальт) кени бар. Саны боюнча алтын кенине жарды Баткен облусу, бирок изилдөөчүлөр алардын ичинен үчөөнү орточо кендерге киргизет [460]. Жогоруда аталган жерлерде Кытайдын инвесторлорунун активдүү иш аракеттердин натыйжасында бир нече тоо-кен тармагындагы ишканалары ачылган. (Бул тууралуу иштин 4-бабынын, 2-параграфында каралды).

БА анын ичинде Кыргызстандын жер үстүндөгү суу ресурстарына да бай. БА болжол менен 170-180 кв. км жер үстүндөгү суу ресурстарына ээ[266, с. 63], азыркы мезгилде алардын 90%дан ашыгы пайдаланылат. Бардык республикаларда суунун запасы бирдей эмес, үстүнкү катмардагы суунун 90% булагы Кыргызстан менен Тажикстанда жогору. Ал эми сууну айыл чарбасына көбүрөөк пайдалануучулар Өзбекстан менен Казакстан республикалары.

**Төртүнчү геостратегиялык жана транзиттик фактор**: БАнын геостратегиялык абалы мамлекеттер ортосундагы мамиледе аскердик – саясий карым катнашы эң маанилүү орунду ээлейт.

БАнын анын ичинде Кыргызстандын стратегиялык жана транзиттик деңгээли бул жөн гана бир нече мамлекеттердин транспорт мүмкүнчүлүктөрү эмес. БА республикалары – саясий, аскердик, экономикалык ж.б. көптөгөн

кызыкчылыктардын чордону. Бул чөлкөм көп кылымдык тарыхый, маданий жашоосу менен айырмаланып, бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн кыймылдуу күчтөрдүн экономикалык өнүгүүсү үчүн негизги булагына айландырууну жана транзиттик деңгээлин пайдаланууну көздөгөн иш аракеттер болуп келүүдө. Транзиттик темир жол магистралдарынын көбөйүшү, унаа жана аба жолдорунун өнүгүүсү БАРдын геосаясий, соода-экономикалык маанисин жогорулатууда. БА аркылуу ири жүк ташуучу агымдар АТР, Европа, Батыш Азияга чейинки мейкиндиктерди байланыштырат. БА мамлекеттеринин статистикалык маалыматы боюнча азыркы мезгилде БАнын автоунаа жолдору 320.000 км ашат, темир жол – 20.000 км, нефти магистралдары – 40.000 км. БА республикаларында 100 дөн ашуун аэропорттор бар, анын ичинен 30 эл аралык каттамдарды тейлейт [437].

БАнын транзиттик деңгээли КЭР үчүн өтө маанилүү. Кытай БА аркылуу Иранга, андан ары Европага чыгууга мүмкүндүк берген кургак жол магистралына ээ болууну көздөйт. XXI к. башында эле Кытайды Батыш менен байланыштырган трансазиялык темир жолду (ТАТЖ) куруу актуалдуулугу арткан. 2001-жылдан тарта КЭР Кыргызстан аркылуу темир жол курууну ишке ашырууну пландап келет. Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жол куруусу дагы эле болсо келишим ирээтинде калып ишке ашпай келет.

Кыргызстандын жайгашкан географиялык алкагы эки түндүк-түштүк жана чыгыш-батыш чөлкөмдөрүн кайчылашкан транзиттик кесип өткөн жеринде эң маанилүү соода-экономикалык чордонунда жайгашкан. Республиканын транспорттук инфраструктасы 34.000 км авто унаа жолу, 424 км. темир жол, 2 эл аралык аэропорту жана 21 аэродрому бар. БА менен чектештип турган 8 маршруттук транспорт коридорлору жалпы аралыгы 2.231км түзөт: Бишкек–Ош (664 км); Бишкек–Алматы (240 км); Бишкек–Чалдовар (96 км); Бишкек–Нарын–Торугарт (539 км); Тараз–Талас–Суусамыр (274 км); Ош–Сарыташ–Эркештам (256 км); Ош–Исфана (245 км); Сарыташ–

Карамык (135 км). Республиканын түндүгү менен түштүгүн байланыштырган кыргыз темир жол жалпы аралыгынын узундугу 424 км[437].

Кыргызстандын социалдык – экономикалык өнүгүүсүн камсыздоодо өнөр жай өндүрүшүн өнүктүрүүдө транспорттук инфраструктуранын жетишсиздиги эсептелинет. Анткени, Кыргызстан 2018-ж. Дүйнөлүк банктын индексинде логистикалык эффективдүүлүк боюнча 160 мамлекеттин ичинен 108 орунду ээлеген. БА мамлекеттеринин ичинен акыркы мезгилде Казакстан логистикалык денгээли жогорулаган. Евразия өнүктүрүү банкынын берген билдирүүсүндө 2010-2017-ж. Кытайдан Евробиримдикке жеткирилген транзиттик жук ташуу (темир жол ж.б.) 5,6% өскөн. Мындай өсүүнүн себеби Кытайдан Евробиримдик мамлекеттерине чейин курулуп жаткан темир жол түйүндөрү аркылуу ишке ашып жаткандыгы менен байланыштуу. Темир жол аркылуу жүктөрдү ташуунун өсүүсү деңиз аркылуу жүк ташуута салыштырганда көбүрөөк арзан жана кыска мөөнөттө жеткирилет. Дагы Кытай – ЕБ темир жол ташуулары бул жолдун айдынында жайгашкан өлкөлөрдүн өнөр жай ж.б. экспорттоо денгээлин жогорулатуу менен бул аймактардын экономикалык өнүгүүсүнө оң таасирин тийгизет. Бирок, азыркы мезгилде БА аркылуу өткөн темир жол түйүндөрү 15% гана түзөт, дагы деле дениз аркылуу ташуу 90% тегерегинде [409].

БАнын транзиттик деңгээлин жогорулатууда негизги шериктештери Россия жана Кытай экендиги талашсыз. Ал эми Индия, Иран, Түркия ж.б үчүн БАР аркылуу транзит жүктөрүн ташуу менен чөлкөмдөгү транспорт тармагын өнүктүрүү эң маанилүү милдет болууда[357, с. 14-17].

**Бешинчи демографиялык фактор** - БАнын жалпы аянты, калкынын саны, улуттук курамы боюнча тиркемеден караңыз **(тиркеме № 7)**

БАРдын ичинен Түркмөнстан гана ШКУга мүчө эмес. Ал эми ШКУга кирген БА республикаларынын маданий-цивилизациялык алкагы, Кытай менен Россиядан айырмаланат. Тиркемеде көрсөтүлгөндөй акыркы жылдарда социалдык-экономикалык кыйын абалга карабастан чөлкөмдүн калкынын өсүү

деңгээли жогорулоодо. Демографтардын айтуусунда БАда “жашаруу улануудa”. БУУнун маалыматы боюнча БАнын калкынын ичинен жаш муундун өсүүсү Өзбекстанда 57%, Тажикстанда 61%, Түркмөнстанда 56%, Казакстанда 43% жана Кыргызстанда 53% экендиги белгилүү[485]. Жумушка жарактуу жаш курактагы жарандардын пайыздык көрсөткүчтөрү жогору болгону менен жумушсуздук маселесинин болушу ички жана тышкы миграцияны күчөтүүдө.

**Алтынчы – коопсуздук фактору:**

БА тарыхый жактан анын мейкиндигинде жайгашкан көчмөн жана отрукташкан элдердин этникалык көп түрдүү конгломераты Улуу Жибек Жолу менен ассоциацияланган. БА Евразия континентинин булуң-бурчунан – Европадан, Жакынкы Чыгыштан, Түштүк жана Чыгыш Азиядан адамдар, товарлар жана идеялар кездешкен, кесилишкен орун катары чыккан. Бул мейкиндиктеги мамлекеттердин чек аралары калктын өзү өңдүү кыймылдуу бойдон калган, бул жаңы тарыхый чекте жаңы эгемен мамлекеттер үчүн аймактык маселенин өзгөчө сезимталдыгына алып келген. Кийинки мезгилде чөлкөм терроризм, сепаратизм, экстремизм, баңгитрафик өңдүү коопсуздукка жаңы коркунучтар менен байланышкан терс контекстте улам көбүрөөк көрүнө баштаган.

Мындан тышкары, БАда көбүрөөк басымдуулук кылган маданияттын өзгөчөлүктөрү исламдын таасир кылуу даражасы менен байланышкан. Мындай исламдын таасири жана мүнөзү чөлкөмдүн калыптануусуна таасир этүүдө мисалы, Өзбекстанда жана Тажикстанда жогору, Түркмөнстанда бир аз төмөн, Казакстан менен Кыргызстанда азыраак болууда. Ал эми Казакстан менен Кыргызстанда советтик модернизациясынын жана орусташуусунун ар кыл даражасынын маанилүү көрсөткүчтөрү жогору болсо, Түркмөнстан, Тажикстанда жана Өзбекстанда төмөн болуп саналат[419].

БАРда коопсуздук маселесинин олуттуулугу күндөн күнгө артууда:

Биринчиден, дүйнөлүк жана эл аралык коомчулукта эң эле кооптуу Ооганстан маселеси каралат. Ооганстан БА чөлкөмү менен чектешет, ал

Азиядагы өзгөчө маданиятта жашаган өлкө. Тарыхчылардын изилдөөсүндө Ооганстан кылымдар бою бир дагы тышкы күчтөргө толук баш ийип, тынчтыкта жашап калган мамлекет эмес. Тынымсыз тышкы таасирлердин жана ички карама-каршылыктардын болушунан улам дайыма согуш очогу өчпөй келет[523].

Экинчиден, Пакистандын талибандашуусу, БАдагы “Хизб бут-Тахрир” ж.б. ролу, Синьцзяндагы этникалык-диний сепаратизм ж.б. Кытайдын ички саясатында эң көйгөйлүү маселе катары Батыш тарабында жайгашкан СУАР жана Тибет территориялары БА менен чектешкен, бул аймактарда тили дини ж.б. этникалык түпкү тарыхы менен тыгыз байланышкан улуттар жашайт. Бул аймактардын Кытайдан өз алдынчалыгын алууга умтулган күч аракеттери абдан күчтүү экендиги белгилүү[485]. Мындан тышкары ислам дининин радикалдашуусу БАнын ар бир республикасында байкалууда.

Мисалы, Кыргыз Республикасында жергиликтүү калктын 80-85% ислам динин тутушат. Ислам дини азыркы мезгилде маданий, социалдык жана диний феномендик көрүнүш катары гана жашабастан белгилүү бир мерчемде саясатка таасир тийгизүүчү ролду аткарууга белсенип келет. Алар ар кандай ислам багытында идеологияны тараткан “Хизбут-Тахрир-аль-Ислами”, “Салайфий”, “Акромия” ж.б. иш аракеттери байкалууда. Бүгүнкү коомдун өнүгүүсүнө жалпы көз чаптырсак элдин сабаттуулугун жоюуда кызмат кыла турган илим билим жаатында ислам ж.б. диндердин таасирдүүлүгү күч алууда. Айрыкча мамлекеттин келечек муундары болгон жаш муун диндин таалим тарбиясына өтүп жатышы абдан көйгөйлүү маселе экендиги эч кимге жашыруун эмес. Азыркы мезгилде КРда диний билим берүү мекемелеринин саны боюнча БА республикаларынын ичинен биринчи орунда турат. Жалпысынан республикада 2013-ж. маалыматы менен 91 динний билим берүү мекемелери болсо, алардын ичинен исламдык 75 жана христиандик 16 окуу жайлары. Ислам окуу жайларынын арасынан 1 университет, 9 институт жана 65 медресе иштеп келген [86, с.59]. Ал эми 2019-ж. маалыматы боюнча Кыргызстанда 3 миң 294

диний уюмдар катталган. Республика боюнча 2 миң 696 мечит, 1 синагог жана 233 христиан чиркөөсү бар[526]. Дагы ислам багытындагы 112 диний окуу жай дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиядан каттоодон өткөн. Анын ичинде медреселердин саны – 102, учурда иштеп жаткан – 78 медресе бар. Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгынан алынган маалыматка караганда, Бишкекте 5, Чүйдө 28, Таласта 4, Ысык-Көлдө 1, Нарында 2, Жалал-Абадда 6, Ош облусунда 19, Ош шаарында 4, Баткенде 9 медресе бар. Бул медреселерде 6 миң бала билим алууда, медреселердин эң чаканында 20га чукул бала окуса, эң чоң дегенинде 200дөй бала окуйт[461].

Ислам окуу жайларына байланышкан маселеде БАР жалпы абалын карап көрсөк. Абдан исламдашкан мамлекет катары таанылган Өзбекстанда 2013-ж. маалыматы менен 50гө жакын гана түрдүү диний окуу жайлар катталган. Ал эми Таджикстанда 20 медресе гана иштеген[86, с.59]. Ал эми 2019-ж. маалыматы боюнча 30 миллиондон ашуун калкы бар Өзбекстанда бир ислам университети, 9 медресе калса, 6 млн. калктуу Кыргызстанда 100гө чукул диний окуу жайлар катталып көбөйүп жатат. Учурда Тажикстанда бир ислам институту бар, анда исламдын базалык түшүнүктөрүн окутуу медреселерде эмес, ошол ислам институтунун коллежинин алкагында гана берилет. Тажикстанда бардык медреселер жана жападан-жалгыз ислам гимназиясы жабылган. Ал эми Казакстанда 13 диний окуу жай бар. Бир университет, имамдардын билим деңгээлин жогорулатуучу 1 институт, 9 медресе жана каарыларды даярдаган 2 окуу борбору иш жүргүзөт[424].

Жалпысынан Кыргызстанда 1991-ж. 39 мечит болсо, 2019-ж. 2669 мечит салынган [443]. Бул маалыматтан 28-жылдын ичинде Кыргызстанда мечиттердин саны 70%га чейин өскөндүгүн көрсөк болот. Ошону менен катар учурда Кыргызстанда светтик билим менен диний билим берүү биринен бири обочолонуп, кызматташтык жок болгондуктан, ортодо ажырым улам тереңдеп баратат. Эксперттердин божомолунда, коомдо диний окуу жайда окуган жаштар менен светтик билим алган жаштар арасында тирешүү күч алышы

мүмкүн. Ошол себептен диний билим берүү жана дин таанууну окутуу системасын Кыргызстан БАнын башка республикалары сыяктуу реформалоону ишке ашыруусу керек. Ал үчүн дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы ж.б. мамлекеттик органдар менен биргеликте чукул арада системалуу иштерди жүзөгө ашырышы зарыл.

**Үчүнчүдөн,** БАнын чек ара аймактардагы территориялык, анклавдык ж.б. көйгөйлөр. БА өлкөлөрү өз алдынча эгемен өлкө катары күн көрө баштагандан бери чек ара тилкелерин тактоодогу бир топ татаалдыктарга туш болушту. Кыргызстан түндүгүнөн Казакстан жана Кытай менен болгон чек ара сызыктарын аныктап алган менен түштүк коңшулары Тажикстан жана Өзбекстан менен чек араларынын көп бөлүгүн такташа элек.

Фергана өрөөнүндө Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан бири бири менен чектешкен аймактарда территориялык талаш маселеси өтө курч абалды түзүүдө. Фергана өрөөнүнүн арбынураак бөлүгү тоо кыркалары менен Анжиян, Асаке, Кокон, Кувасай, Маргалаң, Наманган жана Фергана шаарлары Өзбекстанга кирген. Ферганanын түндүк жагынан өрөөн менен курчалган, түштүктө тоолор жана чыгыш бөлүгү Жалал-Абад, Ош жана Өзгөн шаарлары жайгашкан аймак Кыргызстанга кирет. Ал эми Фергананын батышы Исфара жана Канибадам шаарлары (Ходжент) жана Согд (мурунку Ленинабад) облусу Тажикстанга кирет. Ушундай административдик бөлүнүүнүн кесепетинен бир эле этностук топтор бири-бирине жакын аймактарда жашашканы менен башка мамлекеттин курамында жашоого аргасыз болуп, чек ара менен бөлүнүп калышкан [451], [457], [485]. БАРдагы анклавдар боюнча маалыматты тиркемеден караныз **(тиркеме № 7).**

Тиркемеде көрсөтүлгөн маалыматтан тышкары, Кыргызстандын аймактарында—14% өзбек, ал эми Өзбекстандын аймактарында 0,9% кыргыз этностору жашап келет. Мунун ичинен Өзбекстанга караштуу Фергана өрөөнүнүн үч облустарын: Анжиян, Фергана жана Наманган аймактарында кыргыздар көптүк кылат[485]. Сарваксай, Таштепе анклавдары жана кыргыздар жашаган 30дан

ашуун майда эл жашаган айылдары Кыргызстанга келүү үчүн башка мамлекеттердин жолун кесип өтүүгө аргасыз[467]. Ушундай көйгөйлүү маселелердин болушунан улам көптөгөн жарандар жашаган жерлерин таштап тыш жактарга чыгып кетүүсү уланууда. Азыркы кездеги Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен талаш жер тилкелер боюнча абалын так иликтөө, өз жашаган аймактарын таштап чыгып кеткен жарандардын демографиялык курагын жана так санын аныктоо маселеси маанилүү десек жаңылышпайбыз.

Эми жыйынтыктап айтканда, постсоветтик БАда саясий ж.б. өнүгүүдө жогорудагыдай стабилсиз ички жана тышкы факторлор, айрыкча Кытайдын бул чөлкөмгө болгон таасирдүүлүгүн арттырып, акыры БАР менен чек ара маселесин чечүүдө 1996-жылы "Шанхай бештиги" келишимин кийин "Шанхай форумун" уюшулушуна чечкиндүү кадамдар жасалган. *(Кытай менен БА республикасынын чек ара маселеси кийинки (3.3.) параграфта каралат)* 1996–2001-жж. аралыгында Кытай Россия жана чек аралаш БАР менен чек ара маселерин чечүүдө ара тараптуу келишимдерге жетишкен. 2001-ж. 15-июнда "Шанхай бештигине" кирген мамлекеттердин жыйынында Өзбекстан уюмга мүчө болуп кирген. Ушундан тартып "Шанхай бештиги" форуму Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ) аталып калган. Алгач уюмдун толук макамдуу мүчөлөрү алты мамлекет болсо. Учурда уюмдун мүчө мамлекеттери сегизге жетти. ШКУнун географиялык алкагы Евразия континенти тактап айтканда, РФнын территориясынан баштап БА, Кытай, Индия, Пакистан мамлекеттеринин мейкиндигин өз ичине камтыйт[423], [447], [453], [464], [470], [478], [497].

ШКУнун чөлкөмдөгү коопсуздуктун кепилдиги катары жаралуусу бир нече өзгөчөлүктөргө ээ:

Биринчиден, ШКУнун географиялык алкагы - Чыгыш Европадан – Борбордук Азия аркылуу – Түштүк жана Чыгыш Азияга чейинки кең

мейкиндик. Бул — Евразиянын өтө ири бөлүгү жана калкынын саны жагынан да башка аймактар эч теңдеше албай турган ири чөлкөм [512], [533].

Экинчиден, ШКУнун мейкиндиги геосаясий, геоэкономикалык ж.б. деңгээли менен баалуу. Бул чөлкөмдүн кең аймагы бай жаратылыш ресурстары, көп тарамдуу эл аралык транзиттик деңгээли, логистикалык өнүгүүсү жагынан башка дүйнөлүк жана чөлкөмдөр аралык түзүмдөрдөн өзгөчөлөнөт [447], [509], [521].

Үчүнчүдөн, ШКУнун мейкиндигинде тарыхый-цивилизациялык, улуттук, диндик, тилдик, маданий өнүгүүсү, жада калса мамлекттик башкаруу формасы менен бири-бирине эч окшобогон мамлекеттер жайгашкан. КЭР – конфуцианство идеяларын ыйык эреже катары туткан көп маданий баалуулуктарда жашаган калкы бар мамлекет. РФ жана БА мамлекеттери бир кезде (1917—1991-жж.) СССРдин курамында чогуу жашаганы менен алардын мурдагы жана постсоветтик доордогу тарыхый-цивилизациялык өнүгүүсү таптакыр бирдей эмес. Ал эми Индия жана Пакистан XX к. ортосунда гана эгемендүүлүккө жеткен, британдык оторчулук маалында дээрлик бирдей тагдырга ээ болгон мамлекеттер.

Төртүнчүдөн, ШКУ – Россия, Кытай, БА өлкөлөрүн жана Индия менен Пакистанды бириктирген жападан жалгыз чөлкөмдүк уюм. Иран, Монголия, Ооганстан жана Беларусь мамлекеттери бул уюмга байкоочу катары катышууда. Акыркы мезгилдерде уюмдун иш чараларында Түркия мамлекетинин таасирдүү иш аракеттери байкалууда, Батыш жана Түркия эксперттеринин баамында бул мамлекет өз өнүгүүсүн Россия, БА, Кытай, Индия өлкөлөрү менен тыгыз кызматташтыкка бел байлап жаткандыгына кызыгышкан [259], [263], [283]. Уюмга Кытайдын негиздөөчүлөрдүн бири катары кириши абдан маанилүү. Анткени бул тез өнүгүп жаткан мамлекет ШКУнун ишмердүүлүгүнүн ички жана тышкы өнүгүүсүн, стратегиялык багыттарын аныктоодо кубаттуу таасирге ээ [281], [290], [447].

Бешинчиден, ШКУ Евразия мейкиндигинде ар кыл идеологиялык багыттарды (маселен, кайнаса каны кошулбастай болгон капитализм менен социализмди) бири-бирине айкалыштырган уникалдуу кызматташтык түрү болуп калды. Мында социалисттик Кытайдын өзү деле Гонконг аймагында капиталисттик системаны сактоого уруксат кылган “бир мамлекет — эки система” деген Дэн Сяопиндин доктринасын белгилей кетелик [161]. Индия — салттык либералдык жеке менчик экономикасы менен айырмаланат[113]. КМШнын ШКУга мүчө өлкөлөрү болсо базар экономикасына карай ар кыл деңгээлде багыт алышкан. Евразия мейкиндигинде экономикалык интеграциянын башында турган үч чоң мамлекет жайгашкан. Биринчиси, БА интеграциясынын локомотиви катары Кытай мамлекети, экинчиси, Евразия территориясынын ири бөлүгүн ээлеген Россия мамлекети, үчүнчүсү Түштүк Азияда жайгашкан Индия Республикасы. Евразия экономикалык интеграциясынын кыймылдаткыч күчү катары көрсөтүлгөн үч мамлекеттин экономикалык деңгээли ушул чөлкөмдө жашаган мамлекеттерден алда канча жогору[452].

Алтынчыдан, ШКУ дүйнөдүгү белгилүү эл аралык уюмдарга (ЕБ, НАТО, БРИКС, ЖККУ ж.б.) салыштырганда – жайгашкан территориясы, калкынын санына, ички дүң азык өсүшү (ВВП) тилдик, диндик ж.б. цивилизациялык өнүгүүсү менен да өзгөчөлөнүп турат [185], [194], [471].

Эми жогорудагы мамлекеттер аралык уюмдарга кирген өлкөлөрдү 2017–2019-ж. маалыматы боюнча жалпы калкынын санын жана территориясынын жалпы аянтын карасак [471].

**Эл аралык уюмдардын калкынын санын жана территориясынын жалпы аянты** **Таблица 3.1**

| Өнүккөн мамлекеттер тарабынан уюшулган интеграциялык бирикмелер | | | | Өнүгүп бара жаткан өлкөлөр тарабынан уюшулган интеграциялык бирикмелер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Евро** | **млн.** | **НАТО** | **млн.** | **ШКУ** | **млн.** | **БРИКС** | **млн.** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **бримдик (ЕБ)** | **адам** | | **адам** | | **адам** | | **адам** |
| 28 мүчө-жалпы калкынын саны | 512,461,290 (December 31, 2017) | 28 мүчө-калкынын жалпы саны | 933,283, 825 (Декабрь 31, 2017) | 8 мүчө-калкынын жалпы саны | 3,132, 633,815 (Декабрь 31, 2017) | 5 мүчө-калкынын жалпы саны | 3,157,074,333 (December 31, 2018) |
| **Евро бримдик (ЕБ)** | **Территориясы** | **НАТО** | **Территориясы** | **ШКУ** | **Территориясы** | **БРИКС** | **Территориясы** |
| 28 мүчө-жалпы аянты | 4,383,712 км² | 28 мүчө-жалпы аянты | 24,087,626 км² | 8 мүчө-жалпы аянты | 34,270,190 км² | 5 мүчө жалпы аянты | 39,726, 862 км² |

Таблицада көрсөтүлгөндөй ШКУнун калкынын саны, территориялык аймагы ЕБ, НАТО интеграциялык уюмдарга салыштырганда алда канча жогору. ШКУга салыштыруу ирээтинде дүйнөдөгү белгилүү эл аралык уюмдарынын - Ички дүң азык өсүшү (ИДА) (АКШ доллары менен) боюнча маалыматтарды төмөндөгү таблицадан көрөсө болот[471].

**Ички дүң азык өсүшү** (ИДА) **Таблица 3.2**

| **Өнүккөн мамлекеттер тарабынан уюшулган интеграциялык бирикмелер** | | | | **Өнүгүп бара жаткан өлкөлөр тарабынан уюшулган интеграциялык бирикмелер** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Евро биримдик (ЕБ) | ИДА | НАТО | ИДА (ВВП) | ШКУнун | ИДА | БРИКС | ИДА |
| 28 мүчө- | 20,187. | 28 мүчө- | 42,438 | 8 мүчө | 21,051.5 | 5 мүчө | 22,97 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жалпы көрсөткүчү | 57 (Декабрь 31, 2019) | жалпы көрсөткүчү | .03 (December 31, 2020) | жалпы көрсөткүчү | 4 (Декабрь 31, 2019) | жалпы көрсөткүчү | 8.08 (12月31, 2019) |

Жогоруда көрсөтүлгөндө, ИДАнын өсүшү Еврobrимдикке кирген Европанын 28 мамлекеттеринде ШКУга кирген 8 мамлекети менен бирдей экендигин байкоого болот. Бирок уюмдардагы калктын санын эске алуу зарыл. Ал эми Америка менен Европанын ири мамлекеттерин өз кучагына алган НАТО өлкөлөрүнө ИДА ШКУга салыштырмалуу алда канча жогору экендиги байкалууда. Мунун себеби НАТО мамлекеттеринде калктын саны ШКУга салыштырганда алда канча аз жана бул уюмда социалдык-экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер жайгашкан [471].

ШКУнун ишмердүүлүгүнө чек ара аймактарында коопсуздук, ар кандай кооптуу жагдайлардан коргоо жана алдын алуу, бөтөнчө "үч коркунучка" каршы туруу болуп эсептелет. ШКУ жаш уюм болсо дагы башка чөлкөмдөрдөгү уюмдарга караганда өнүгүүгө болгон мүмкүнчүлүгү кенен. Уюмдун алкагындагы экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. кызматташтык эң эле маанилүү багыттардан болуп саналат.

Кытайдын Борбордук Азияга карата стратегиясы жана ШКУнун пайда болушунун тарыхый факторлоруна анализ берүүдө төмөндөгүдөй **жыйынтык** чыгардык:

КЭРдин жеке иш аракети менен БАР менен эки тараптуу байланышы 1990-жылдардын башында биполярдык системанын кулашы менен көп тараптуу кызматташтыкка өтүү мезгилинде башталган. Ошону менен катар жогорудагы факторлор Кытайдын БАга болгон эки тараптуу саясаты "Шанхай бештигинин" форумунан кийин кескин өзгөргөн. Ал форум БАга Кытайдын коопсуздук маселесинен кийин көп алкактуу кызматташууга өтүүсүнө өбөлгө түзгөн. Иште көрсөтүлгөн геосаясий, геоэкономикалык ж.б. факторлордун маани маңызы БА анын ичинде Кыргызстанга болгон кызыгууну айрым Батыш

саясатчыларынын: “Кайсы бир тарап Борбор Азияны бийлесе – ал Евразияны бийлейт. Ким Евразияны бийлесе – ал дүйнөнү бийлейт” деген түшүнүгү кооз айтылганы менен, ШКУга байланыштуу бир чындыкка карама-каршы келет. Бул — ШКУнун теңата шериктер (мамлекеттер) тарабынан негизделиши. Ал эми ШКУнун эл аралык уюм катары башка уюмдарга салыштырганда бир нече багыттагы өзгөчөлүгүн аныктайт.

## 3.2. Кыргыз Республикасынын эл аралык институттардагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

XXI к. башталышы менен интеграциялык бирикмелердин, союздардын иш аракеттеринин активдүүлүгү дүйнөнүн ар бир чөлкөмүндө өсүүдө. Ааламдашуу шартындагы өнүгүүдө дүйнөдөгү эч бир мамлекет өз алдынча өнүгө албайт, андыктан кайсы гана өнүккөн мамлекет болбосун экономикалык, коопсуздук ж.б. чөйрөлөрдө кызматташуу менен башка мамлекеттерге жардам берүүгө, ал тургай алардан жардам алуу сыяктуу алакаларга баруусу шарт. Бул ааламдык интеграциялык өнүгүүнүн негизги багыты десек болот. Ошол себептен чөлкөмдүк интеграция постсоветтик БАнын анын ичинде суверендүү Кыргызстандын ички саясий, социалдык – экономикалык өнүгүсүнө түз же кыйыр таасирин тийгизип келет. КРдин ички туруктуу өнүгүүсү үчүн тышкы стабилдүү, тең салмактуу стратегиялык багыттардын болуусу олутуу маселелерден экендиги талашсыз.

Чейрек кылым эгемендүүлүк тарыхы бар Кыргызстандын тышкы саясий багыт алуусу төмөндөгүдөй багытта өнүгүүдө: “көп алкактуулук”, б.а. кызматташтыктын жеке чөйрөлөрүндөгү убактылуу (альянстарга) биригүү, күчтүн ар башка геосаясий борборлорунун ортосунда тең салмактуулукту сактоо жана ар кандай кыймылга даярдык көрүү. Мындай абал максималдуу каржы, мүмкүнчүлүгүн жана саясий пайда алууну болжоп келет. Буга Кыргызстандын аймагында РФнын, АКШнын (2014-ж. чейин) аскердик объекттеринин жайгашуусу мисал боло алат.

Азыркы мезгилде БАнын анын ичинде Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсү абдан саясатташып кеткен десек болот. СССРдин курамында жашаган мезгилинде Кыргызстан жалпы эле БА (Орто Азия) саясаттан тышкары болгон деп айтуудан алыспыз. Бирок, ал мезгилде бир топ изилдөөчүлөр Орто Азия союздук борборлошуу же «вакуум» мейкиндигинде жашап, тышкы дүйнө менен кызматташтыкка чыгуу мүмкүнчүлүгү жокко эсе болгон деген пикирде. Орустун изилдөөчүлөрүнүн бири К. Плешаков «Борбордук Азия – борборлошуунун вакууму, тактап атканда, «көндүм адатка айланып калган» кандайдыр бир борборлошкон мамлекеттердин карамагында жашап калган (М:Чынгызхандын, Тамерландын, Александыр II, кийин Сталиндин) мейкиндик. СССРдин кулашы менен бытыранды беш өз алдынча мамлекеттик бирикме пайда болгон. Алардын чек ара маселелери чечилбеген бири бири менен касташкан этностук топтор, баш аламан аралашма маданияттын негизинде жашаган, «жакшы же жаркын жашоого болгон» үмүтү жок, табигий ресурстарын (Батышка) экспорттоо менен тышкы инвестициянын көлөкөсүндө жашоосун улантып келишет. Дагы эле болсо ири империялардын таасири астында жашоосун улантууга даяр чөлкөм» экендигин жазган[324, с. 68-69].

Жогорудагыдай көз караш XX к. аягында жазылганы менен ушундай эле ой пикирди азыркы мезгилдеги БАны иликтеген көптөгөн окумуштуулардын, саясат таануучулардын эмгектеринде да кездешет. Алар БАнын тышкы саясий өнүгүү контуру «көп векторлуулук» катары мүнөздөшүп, тышкы саясий көп векторлуулук локалдык деңгээлде гана өнүгүп, чөлкөмдүк деңгээлде – БА өлкөлөрүнүн өздөрүнүн ортосундагы лидерлик үчүн атаандаштык (мисалы, Өзбекстан менен Казакстан тараптан өзүнүн өзгөчөлүгүн аңдоо жана БАнын чөлкөмүндө лидерлик абалга умтулуусу) жана чек ара, этникалык ж.б. (кыргыз-өзбек, тажик-кыргыз ж.б.) чечилбеген карама-каршылыктар менен толукталып жаткандыгына анализ беришкен [419], [423], [428]. БА өлкөлөрүнүн мындай «көп алкактуу саясаты» б.а. ынак өнөктөштүк үчүн эмес, белгилүү бир максатка жетүү үчүн өнөктөштүк түзүү мүнөзүнө ээ. Мындай маселелер БАда бир

тараптан, ШКУ жана ЖККУ, экинчи тараптан – ОБСЕ жана НАТОнун долбоорлорун күчтөнткөн. Эгерде 2001-ж. 11-сентябрынан кийин АКШ менен НАТО терроризм жана экстремизм менен күрөшүү ураанынын астында өз абалын чыңдоо демилгесин колуна алса, анда Кытай, АКШнын кысымдан өзүнө келип, Россия менен бирге чөлкөмдөгү өз стратегиясын иштеп чыгып, ШКУну ар тараптуу деңгээлдеги иш аракеттерин активдештирген[103], [104], [141], [144].

Акыркы мезгилдерде дүйнөлүк коомчулукта белгилүү болгондой эл аралык уюмдардын же донорлордун өнөктөштүгү, ири мамлекеттердин кызыкчылыгында же демилгеси менен уюшулган уюмдар аркылуу ишке ашып жатат. Алсак XIX к. аягында XX к. башында жогоруда айтылып келген ири же таасирдүү мамлекеттер чөлкөмдөрдү колония катары каратып алуусу эч бир эл аралык уюмдарсыз эле ишке ашкан. БА чөлкөмү XIX к. ири колониялдык империя катары тарыхта калган Россия менен Британиянын ортосунда чоң талашка түшкөн.

XIX к. жер шарынын 25% (37,2 млн. кв. км) Британ империясынын колониялдык ээлигинде болуп, анда дүйнө калкынын 25% (462,6 млн. адам) жашаган. Ошол кездеги башка ири державалардын ээликтери Улуу Британияга салыштырмалуу аз болгон. М: Россия империясы 74 миллион калкы менен 18 млн. чарчы метр аянтка ээ болгон. Франция болжол менен 50 миллион калкы бар, 10 млн. чарчы метрди, ал эми Германия 12 миллион 23 калкы бар 3 млн. чарчы метр кв колониялык ээликтери болгон [102, с.31-32]. Британия эң күчтүү деңиз флотун аскердик жана каржылык жактан камсыз кылган. Тышкы саясатында Улуу Британия күч саясатынын тең салмактуулугун карманып, Россия менен Германиянын дүйнөлүк үстөмдүк кылуу дымагын солгундатуу үчүн Европа өлкөлөрүнүн, айрыкча Франциянын колдоосуна таянган.

Ал эми Англиянын Түштүк Чыгыш Азияга болгон колониалдык саясаты 1841-ж. Кытайдын Гонконг территориясын, 1843-ж. Индостан жарым аралынын Түндүк-Батыш территориясы Синд жана 1849-ж. Пенджаб

аймактары өзүнүн ээлигине айландыруудан баштаган. 1845–856-жж. Малай жарым аралы, Сарвак аралы, Бирма территорияларын баш ийдирген. 1857-ж. Персия булуңун толук каратып, Түштүк Ооганстандын территориясын өз колуна ала баштаган[216, с.8]. Англиянын басылып алынган территориялар аркылуу Тянь-Шань тоо кыркалары менен Каспий деңизинин мейкиндигинде жайгашкан үч ээликке – Бухара эмиратына, Хива жана Кокон хандыктарынын аймактарына кызыкчылыгы арткан. Анткени, үч хандыктын географиялык жайгашкан абалы: Иран, Ооганстан, Кытай жана Россия менен чектешип тургандыгы, геосаясий стратегиялык жактан жана соода жүргүзүүдө ыңгайлуу аймак катары баалуу болгон. БА чөлкөмү Кытай менен Европаны байланыштырып Улуу Жибек Жолунун айдыңында жана дүйнөлүк цивилизациялардын жаралуусунда өзгөчө из калтырган маанилүү аймак катары Британ жана Орус империяларынын көңүл чордонунда турган. Эки империянын ортосундагы территориялык ээлик үчүн ачык тирешүү Крым согушунан (1853–856-жж.) кийин башталган. Орус падышачылыгынын Крым согушунан жеңилип калышы Европада анын таасирдүүлүк беделин түшүргөн. Россия Азия үчүн болгон тирешүүдө айрыкча, БА үчүн күрөштө өз беделин бекемдөө үчүн болгон күч аракетин жумшаган[216].

Эки ири империянын ортосундагы колониялык ээлик үчүн болгон күрөш 1813-1907-жж. аралыгында жүрүп, тарыхта “Чоң оюн” деген аталышта белгилүү [133], [157]. Булардын ортосундагы көптөгөн талаш- тартыштын натыйжасы акыры келип 1873-ж. 19-январда БАда үстөмдүгүн орнотуу жана өздөрүнүн стратегиялык таасирдүүлүгүн бекемдөө үчүн келишимдин түзүлүүсүн шарттаган[217,с.148]. Келишим боюнча Ооганстандын Түштүгүнө чейинки территория Англиянын карамагына, ал эми Орто Азия территориясы Орус империясынын карамагына каратылгандыгы менен Ооганстан эмиринин бийлигин толук таануу каралган. Британия мындай шартты аткаруудан баш тарткан. 1876-жылы 19-февралда Орус падышачылыгы Кокон хандыгынын территориясын толук каратып алган[109], [127], [128], [136] [212, с.325]. Ал эми

Британия Ооганстанда үстөмдүгүн (протекторат) орноткон. 1884-жылы мартта орустар Мерв шаарын басып алып түркмөндөрдү толук Россия империясынын карамагына киргизген[212, с. 364]. 1895-ж. 27-августта “Памир маселесине” чек коюлган[128], [212, с.404]. Жыйынтыгында көп жылдарга созулган колониялык талаштын натыйжасы 1907-ж. орус-англичан келишими түзүлгөндүгү менен аяктаган. Мында Персия үч аймакка бөлүнгөн: Түндүгү Россияга, Түштүгү Британияга, ортосу нейтралдуу болуп калган. Ал эми Ооганстан Британиянын таасириндеги аймактын бөлүгү экендигин Россия тааныган. Мындан тышкары эки мамлекет Тибеттин ички жашоосуна кийлигишпөө милдеттин алышкан[217]. “Чоң оюндун” тарыхый жүрүшү XX к. башында БАны үч “Чоң оюнчулар” – Россия, Англия жана Кытайдын ортосунда бөлүнгөндүгү менен тарыхта калган. Жогорудагыдай тарыхый окуялар эл аралык укуктук контекстте орус-кытай, орус-британ келишимдери жана чектешкен аймактар боюнча документтер болгондугу менен тастыкталган[116, с.299]. Ал эми БА анын ичинде Кыргызстандын Россия падышачылыгынын курамына кирүүсү жана алардын оторчулук саясаты жөнүндөгү маалыматтар жергиликтүү окумуштуулардын эмгектеринде жакшы анализденген [109], [127], [128], [136].

СССР мезгилинде “Чоң оюндун” ролу БА үчүн маанисиз болуп калган. Анткени, БА толук бойдон СССРдин курамын кирген. Ал эми 1991-жылы август айында СССРдин кулоосу менен БАдагы беш постсоветтик өлкө: Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан эгемендикке жеткен. Ушул мезгилден баштап БАда “Чоң оюндун” жаңы геосаясий маселеси кайра жанданган. Азыр жаңы оюндун оюнчуларынын катарын мурдагы Англия, Россия сыяктуу АКШ, Кытай, Индия, Иран, Түркия ж.б. ири мамлекеттер толуктаган. Ал эми Кыргызстан менен Теңир-Тоо “Чоң оюндун” чордонунда орун алгандыктан, кыргыз жергесинин геостратегиялык мааниси өткөн кылымдардагыдай эле баалуу бойдон калган [133], [157] ж.б.

Советтер Союзунун кыйроосунан тартып «Чоң оюндун» жаңы этабы башталган жана эреже катары, чөлкөмдөгү коомдук-саясий жараяндарга кыйыр

таасир кылуучу формалары менен усулдарынын көп түрдүүлүгү менен айырмаланган. Алар насыялык-каржылык, гуманитардык мүнөздөгү иш чаралар аркылуу сүңгүп кире баштаган. Эгерде 90-ж. ортосунда телекоммуникациялар аймагындагы сапаттык технологиялык алга озууга байкоо салып, саясат таануучулар маалыматтык согуштар жөнүндө эскертишсе, анда азыр, эл аралык мамилелердин ар кыл субъекттеринин ортосундагы күрөш эреже менен маанилер деңгээлинде жүрүүдө дешет[303], [308], [310].

Негизинен, колониялык келишпестиктердин болушу XX к. эки айгышкан дүйнөлүк согуштун болушуна алып келип, дүйнөлүк саясатта жана эл аралык мамиленин өнүгүүсүндө жаңы мыйзам, эрежелердин пайда болушуна таасирин тийгизген. Айрыкча 1947-ж. башталган “деколонизация” саясатынын башталышы менен эгемен мамлекеттердин макамын бекемдөө, укуктарын теңдөө, улуттук коопсуздук ж.б. маселелер чечүү үчүн эл аралык мамиледе жаңы системаны иштеп чыгуу олуттуу маселеге айланган.

Эгерде XX к. аягында 20га жакын өкмөт аралык жана 200гө жакын өкмөттүк эмес эл аралык уюмдар болсо, XXI к. башталышында 300гө жакын өкмөт аралык жана 40миңге жакын өкмөттүк эмес эл аралык уюмдар пайда болгон[320, с.15-24].

Эксперттердин божомолунда, өкмөт аралык уюмдар үч же андан көп мамлекеттердин биригүүсүнөн кабыл алынган Уставдык документке ылайык жалпы максатты ишке ашыруу үчүн эл аралык келишимдин негизинде уюшулат. Мамлекеттер аралык уюмдар (ӨАУ) жана бейөкмөт уюмдар (ӨЭУ) институционалдык талабы (жайгашкан жери, катчысы, туруктуу түзүмдөр ж.б.) жана өздөрүнүн максаттарын ишке ашыруу механизмдерин түзөт.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эл аралык мамиледе алардын орду жана таасири салыштырмалуу жаңы мүнөзгө ээ болгон. Бул кырдаал саясат таануу илими аркылуу салыштырмалуу начар изилденип жаткандыгын айгинеленген. Бир четинен булардын чыныгы маанисинин чагылдырылышы төмөнкү терминдер менен байланыштуу: «Көрүнбөгөн континент» (И.Галтунг),

«экинчи дүйнө» (Д.Розенау). Мындай терминдер эл аралык мамиленин катышуучуларына гана таандык эмес, Д. Розенау жазгандай жогорудагыдай аныктама эл аралык уюмдарга да таандык болгон[329, с. 338].

Француз адиси Ш.Зоргбиб эл аралык уюмдарды аныктоодо үч негизги белгисин көрсөткөн: биринчи - уюштуруу документтеринде көрсөтүлгөндөй шериктештикке болгон саясий эрктүүлүк, экинчи - уюмдарды калыптандыруу үчүн туруктуу аппараттын түзүлүшү, үчүнчү - кабыл алынган чечимдердин автономдуу болушу[228, с.189].

АКШнын саясат таануучу С.Хантингтон эл аралык институт бул “туруктуу, маанилүү жүрүм-турумдун дайыма жаңыланып туруучу формасы” деп аныктама берген [214, с. 32]. Дагы бир АКШнын саясат таануучу Р. Даль “Демократия жөнүндө” деген эмгегинде, саясий институттар уюмдарды болжолдойт, “мурастан мураска кала тургандай” муундан муунга өтүүчү, узак мөөнөткө жашап кетүүсүн белгилейт[123, с.83].

Ал эми Россиянын изилдөөчү А. Абрамов саясий институт - бул байыртадан калыптанган, нормативдүү–ченемдик документтер менен бекемделген, уюшкандык түргө келтирилген жана коомдук башкарууну иш жүзүнө ашыруу менен саясий бийликке ээ болууга байланышкан мамиледе үзгүлтүксүз кайрадан уюшулган жараянга жарандардардын катышуусу экендигин белгилейт[241, с.53-55].

Жогоруда окумуштуулардын пикиринде эл аралык уюмдар саясий институт менен тыгыз байланышта болуп, мурунтадан бери эле калыптанып, алардын жүрүм-турумдун улам жаңыланып туруучу мүнөзгө ээ экендигин белгилешет. Бирок, азыркы мезгилде чейин эл аралык уюмдарга институт катары так аныктама берүү абдан чар жайыт, ар бир изилдөөчүнүн өз дараментине жараша аныктама берүүлөр уланууда. Жогоруда окумуштуулардын ой пикиринде эл аралык уюм өз алдынча институт катары жашоого мүмкүнчүлүгү чектелбегендигин аныкташат.

Ошону менен катар кээ бир экспертердин оюнда эл аралык институттардагы артыкчылыгы, андагы мүчөлөрдүн бардыгы үчүн бирдей эместигинде. Мамлекеттердин абдан бушайман кылган мындай кызматташтыктагы артыкчылыкты бөлүштүрүүнүн теңсиздик абалда болуусун айтса болот. Бирок, алар үчүн мындай маселени чечүүдө көп кырдуу кызматташуу старатегиясынан баш тартпастан, экономикалык жактан начар өнүккөн катышуучулардын муктаждыктарын камсыздоого мүмкүн болгон моделдерди иштеп чыгууга байланышкандыгын белгилешет[329, с.338-342].

Италиялык саясат таануучу Дж. Марицца: “геосаясий жараяндын маңызына ылайык улуттук мамлекеттин ролу акырындык менен төмөндөп, азыркы мезгилде эл аралык уюм мааниси бара-бара өсүүдө. Ааламдык кысым астында улуттук мамлекет жашап кетүүгө аракет кылууда, бирок, ал өзүнүн эгемен жашоосунда эл аралык уюмдардын кийлигишүүсүнөн тышкары болуусу мүмкүн эмес” дейт[470].

Бул окумуштуунун пикирин БА мамлекеттеринин мисалында карап анализ берүүгө негиз бар. Анткени учурдагы ааламдашуу шартында бир да улуттук мамлекет өз алдынча өнүгүүсү мүмкүн эмес, эл аралык мамиледе биргелешкен интеграцияга катышуусу актуалдуу болууда.

Ал эми С. В. Севастьянов, ”кансыз согуштун” аякташы менен кээ бир эл аралык уюмдар ишмердүүлүгүн токтотсо, жаңыдан түзүлгөн эл аралык уюмдардын сан жагынан көбөйүп жаткандыгын белгилеген[193, с.45-46]. Мамлекеттердин институционалдык кызматташуу стратегиясында эл аралык институттардын калыптануусунун ар кандай моделин, алардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу шарттарын, эл аралык мамиле маселесине тийиштүү теориялык ыкмаларынын айырмачылыктарын изилдөө бүгүнкү күндө маанилүү маселеге айланды.

Эл аралык мамиле илиминде белгилүү саясий реализм мектебинин өкүлдөрүнүн оюу боюнча түзүлгөн эл аралык институттардын көбү ири мамлекеттердин кызыкчылыгын ишке ашыруучу куралы катары кызмат

кылаарын тастыкташкан. Ал эми кээ бир институттар арасындагы жүрүм-туруму алардын ортосундагы кызыкчылыктардын дал келген жыйынтыгы катары кабыл алынгандыгын анализдешкен [193, с. 111].

Азыркы мезгилде эгемендүү чоң же кичинекей мамлекет болбосун өз алдынча өнүгө албайт, өз казанында кайнай бергендердин дарамети чектелүү. Андыктан кайсы гана өнүккөн же жаңыдан өнүгүү жолуна түшүп жаткан мамлекет болбосун экономикалык жана маданий алакаларга, ар кандай кызматташууга барбай коё албайт. Бул ааламдык мыйзамдардын бири экендиги талашсыз. Ошол себептен Кыргыз Республикасы да бүгүнкү күндө дүйнөдөгү бир канча мамлекеттер менен дипломатиялык байланыштарды түзүп ар кандай кызматташтыктарды ишке ашырып келет. Дүйнөлүк жана чөлкөмдүк эл аралык уюмдардын мүчө мамлекети катары таанылып, алардын ишмердүүлүктөрүнө да активдүү катышып жатат.

Азыркы мезгилде эгемендүү мамлекеттин эл аралык уюмдардын катышуучусу катары ордун жана ролун изилдөө абдан актуалдуу экендиги билинүүдө. Анткени ар бир эл аралык уюмдардын ийгиликтүү иш алып барuusу, жадагалса жашоосу эгемендүү мамлекеттердин жүргүзгөн тышкы саясаты менен тыгыз байланыштуу.

Ошондуктан эгемендүү мамлекеттин тышкы саясий концепциясын иштеп чыгуусунда өткөн кылымдагы тарыхый өнүгүү тажрыйбасын колдонуу абдан баалуу экендигин серепчилер белгилешүүдө. Алсак, Кытай окумуштуулары КЭРдин саясий концепциясынын негизи байыркы (постулаттарына), принциптерине таянаары шексиз экендигин жашырышпайт [410]. Демек, КЭРдин тышкы саясатын жүргүзүү жана иштеп чыгуу жараяны дүйнөлүк коомчулукта дайыма өзгөрүүгө дуушар болуучу күч балансынын шарттарына көзөмөл салууда, аскердик жана саясий чечим кабыл алууда этияттуулугу менен башкалардан айырмаланаарын белгилешет[193, с.189].

КЭРдин тышкы саясат теориясында “тынчтык жана өнүгүү” концепциясынын пайда болушу менен катар “мамлекеттин комплекстүү

күчтүүлүгү” концепцияларын маани маңызын, РФнын окумуштуулары учурдагы мамлекеттин тышкы саясий багыт алуусунда анын күчү, аскердик, илимий-техникалык өнүгүүсү жана экономикалык деңгээли негизги факторлордон экендигин белгилешет[320, с.17].

Эл аралык институттардагы мамлекеттин тышкы саясатынын ролун изилдеген ар кандай теориялык мектептердин өкүлдөрүнүн ой пикиринде, тышкы саясаттын негизги максаты бул коопсуздук экендигине көңүл бурушат. Ар бир мамлекет өзүнүн коопсуздугун сактоого умтулат. Мындай умтулуу эгемендүү улуттук – мамлекеттердин эң орчундуу маселеси катары эл аралык мамиледе «коопсуздуктун дилеммасы» деп аташат. Реализм мектебинин классиктери “коопсуздукка”, “күч” түшүнүгүн киргизишкен. “Күч” түшүнүгү аскердик күчтөн тышкары, экономикалык, саясий, идеологиялык ж.б. Реалисттер “кансыз согуш” мезгилинде эл аралык мамилени аскердик ченем менен көрсөтүүгө көңүл бурушкан. 1950-ж. Дж. Херц “коопсуздук дилеммасы” түшүнүгүн киргизген. Азыркы мезгилге чейин көп окумуштуулар “коопсуздук” түшүнүгүн биринчи кезекте аскердик анан кийин экономикалык, экологиялык ж.б. жагдайларда түшүндүрмө беришет. Эл аралык аренада мамлекеттин кубаттуулугунун көрсөткүчү анын башка мамлекеттин жүрүм-турумуна таасир этүү жөндөмдүүлүгү (эл аралык укук принциптерин капарга албастан үчүнчү мамлекеттер менен эки тараптуу байланыштагы пайдалуу келишимдерди карап чыгуусун талап кылуу ж.б.).

1980-ж. таасирдүү мамлекеттердин эл аралык уюмдарда катышуусун изилдеген неолибералист Д. Най тарабынан иштелип чыккан “жумшак күч” теориясында: эл аралык институттардын, мамлекеттердин ж.б. акторлордун өздөрүнүн максатына жетүү саясатындагы кызматташууга тартуу жөндөмдүүлүгү экендигин көрсөткөн[171, с. 229]. Д. Най бул аныктаманы “катуу күч” менен салыштырат, мында “төлөө жана эрксиз иштетүү, аргасыз кылуу” мүнөздүү. “Жумшак күч” теориясы дүйнөлүк саясатта, экономикада жана дипломатияда бирден бир негиз салуучу теория болуп калган[171, с. 333].

Европа жана Түндүк Америкадагы эл аралык институттардын изилдөөлөрүндөгү таасирдүү мамлекеттер жөнүндө айтсак: НАТО, НАФТА, ЕБ ж.б. уюмдарда эксперттер башкы жетектөөчү ролду АКШ жана Европанын ири мамлекеттери ээлөө менен эл аралык институттардын өнүгүү курсу ушул өлкөлөрдүн саясатына көбүрөөк көз каранды экендигин белгилешет[107, с. 222].

Ал эми Азия чөлкөмүндөгү эл аралык институттар С.В. Севастьянов белгилегендей, Европа жана Американын институционалдык кызматташуу деңгээлине салыштырганда алда канча төмөн[193, с.174]. Бул чөлкөмдүн уюмдарынын түзүмдөрүнүн өзгөчөлүгүнө байланышкан, анткени, чөлкөмдүк кызматташуу жараянында өтө таасирдүү мамлекеттердин салымынын күчтүүлүгү мүнөздүү.

А. Богатуровдун көз карашында, Чыгыш Азия үчүн артыкча “мейкиндүүлүк” мамиле түзүмү мүнөздүү, мында кичи жана орто өлкөлөрдүн чөлкөмдүк мейкиндигиндеги калктын абдан “жыш жайгашуусу” АСЕАНдагы лидерлерди кеңири аракеттерин токтотууга аргасыз кылат[253, с.284-388]. Буга карабастан, АСЕАНда аскердик мамиледе активдүүлүгү күчтүү АКШ болуп саналат дешсе, бир нече окумуштуу изилдөөчүлөр А. Воскресенский, С. Севастьянов, А. Л. Лукин ж.б. Чыгыш Азиянын чөлкөмдүк жараяндын борбору катары Кытай Эл Республикасын аташат [162], [261], [329], [194].

С. Севастьянов белгилеп кеткендей, Чыгыш Азияда бир нече миң жылда бир топ туруктуу Кытай борборлошуу тартиби, XIX к. орто ченинде Батыш мамлекеттери тарабынан интервенциялык саясаттын башталышы менен токтотулган. Мындан Кытай башка империялар сыяктуу кулап калган эмес, тескерисинче жер шаарындагы калктуу, дүйнөдөгү элдердин эң көп миллиондогон диаспорасы жайгашкан мамлекет катары жашоосун сактап калган. Мындай тарыхый чындык Кытайдын жери Чыгыш Азиядагы чөлкөмдүк тартип борборунун легитимдүүлүгүн аныктоочу сезимин бергендигин аныктаган[193, с.200].

А. Д. Воскресенский КЭР Батыш капитализмдин альтернативдик формасындай жашоого жөндөмдүү экономикалык моделин түздү жана ааламдагы кызыкчылыгын аныктоо менен башкаруучу чөлкөмдүк держава катары транформациялануугa жетишкендигин белгилейт[261, с.123-148].

Кытай изилдөөчүсү Чжан Байцзя, 1990-2000-жж. КЭР саясатын иликтөөдө, эл аралык маселелерди жөнгө салууда КЭР ири держава катары сапаттуу иш алып барууда тажрыйбасы жетишсиз деген[251, с.22-26]. Ал эми азыркы мезгилде мындай ой пикирди көптөгөн Кытай окумуштуулары четке кагып келет. Азия эл аралык институттарынын алкагында мамлекет топторунун ортосундагы саясий мамилелерин караган КЭРдин окумуштуу-саясатчылары Цун Пэн ж.б. коопсуздук чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүдө ички чөлкөмдүк принциптерди бөлүү менен изилдеп келишет[227, с.178].

Учурда мамлекеттердин тышкы саясат концепциясын иштеп чыгууда көптөгөн окумуштуу изилдөөчүлөрдүн теориялык жана концепциялык ой пикирлери калыптанган. Кытай, Россия сыяктуу ири мамлекеттердин тышкы саясат концепциясынын калыптануу жараяны тарыхый таржымалы илимий теориялык жактан анализ берилип изилденип келет. Ал эми 29 жылдык суверендүү тарыхы бар Кыргызстандын тышкы саясий өнүгүүсүнүн калыптануусу бүгүнкү күнгө чейин илимий теориялык жактан таасын баа берилип изилденүү жолуна түшө элек.

Алгачкы эгемендүүлүк жылдардагы Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты БА мамлекеттеринин тышкы саясий багыттарынын бири-бирине маани маңызы жагынан шайкештиги байкалган. Мындай жагдайы бул мамлекеттердин тарыхый басып өткөн тагдыры жана өткөөл мезгилдеги өнүгүүсүнө таянылган десек болот. 1990-ж. БАРдын тышкы саясий өнүгүүсү алардын улуттук кызыкчылыгын көздөөдөгү көп тараптуу (векторлуу) дипломатиясынын айрым окшоштуктары болгондугу менен белгилүү. Арийне алардын экономикалык, илимий-интеллектуалдык, технологиялык, каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү болгондугу КМШ алкагында мурунку

шериктештери менен жаңыча форматтагы мамилеге ыңгайлашуу зарылчылыгы объективдүү түрдө "Чоң дүйнө" менен байланыштын өсүшүнө мүмкүндүк берген. Бул жараянда дүйнөлүк державалардын кызыкчылыгы жана таасирдүүлүгү "жабык" болуп келген бир кыйла адам жана жаратылыш ресурстары бар геосаясий жана геоэкономикалык мейкиндикти өздөштүрүү эң акыркы ролдо эместиги айкын болгон[176, с.28].

Чөлкөмдөгү өлкөлөрдүн тышкы саясатын ишке ашыруу жана калыптандыруунун өзгөчөлүгүн белгилеген маанилүү фактору жалпы коопсуздукка болгон коркунучка биргелешип коргонуу жана жооп кайтаруу жолдорун иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыккандыгы менен аныкталган. Алардын трансулуттук жана чектешкен мүнөзү ички жана тышкы чөлкөмдүк кооперациялардын түзүү зарылчылыгы жаңы коопсуздук институттарынын пайда болушуна мүмкүндүк түзгөн. Буга ШКУнун өнүгүү эволюциясынын тарыхы күбө боло алат. Азыркы мезгилде ШКУнун көп тараптуу кызматташуусу саясий жана экономикалык маселелерди чечүүдө үлгү көрсөтүү үчүн чечкиндүү кадамдардын башатында турат десек болот.

Постсоветтик Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болуусундагы негизги багыттарды аныктоочу теориялык концепциялар "көп багыттуу дипломатия", "ынак коңшулук" (алыскы туугандан жакынкы коңшу артык" макалы бар), "маселелерди тынч жол менен чечүү" сыяктуу идеяларга негизденген.

Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусунда аймактын геосаясий, геоэкономикалык жана геомаданий өзгөчөлүктөрү да эске алынат. Кыргыз Республикасы 20дан ашуун дүйнөлүк жана чөлкөмдүк эл аралык институттарга мүчө болуп саналат. Анын дүйнөлүк жана чөлкөмдөр аралык мамлекеттик уюмдарга мүчө катары ишмердүүлүгу беш багытта (векторлуу) ишке ашып жатат[177, с. 112].

Биринчи багыт — Кыргызстан эгемен мамлекет катары БУУ (жана анын ЮНЕСКО сыяктуу тармактары), Дүйнөлүк Соода Уюму (ДСУ), Эл аралык Валюта Фонду (ЭВФ) ж.б. менен мүчөлүк жана өнөктөштүк кызматташтыгы.

Экинчи багыт — Евразия менен Түндүк Американы байланыштырган багыт. Кыргызстанда ЕККУ (ОБСЕ), НАТОнун «Тынчтык үчүн өнөктөштүк» программасы, ЕБ долбоорлору (ТРАСЕКА, ИНОГЕЙТ, ЕБтин «Евробиримдик тарабынан Борбордук Азия чөлкөмүнүн өнүгүүсүн колдоо» жана «Борбордук Азия адам укуктары жана демократияны өнүктүрүү боюнча европалык демилге" ж.б. долбоорлор, программалар) ишке ашууда.

Үчүнчү багыты адатта "Россиялык багыт", бул багыт да КМШ, ЖККУ, ЕврАзЭБ сыяктуу институттарды да кучагына камтыйт. Ошондуктан аны постсоветтик евразиялык багыт десе да болот. Арийне, Кыргызстанда КМШ, ЕврАзЭБ, БАЭБ, ЖККУ ж.б. эл аралык уюмдар аркылуу РФнын таасири жана кызыкчылыгы жүзөгө ашырылып жаткандыгы көбүрөөк байкалат. Бул уюмдардын ишмердүүлүгү айрым учурларда майнапсыз болууда. Маселен, КМШга мүчө болгон Грузия, Украина сыяктуу өлкөлөргө Россиялык куралдуу күчтөрдүн бөлүктөрү киргизилгенде, КМШ эскалацияны оздуктоо жаатында эч кандай таасир тийгизе алган жок.

Төртүнчү багыт — Чыгыш жана Түштүк Азия багыты. Адатта, анын Ыраакы Чыгыш бөлүгүн "Кытай багыты" деп коюшат. Кыргызстандын коопсуздук ж.б. жаатындагы кызматташтыкта КЭРдин таасири ШКУнун ишмердүүлүгү аркылуу натыйжалуураак жүзөгө ашып жатканын адистер белгилеп келишет. Бирок Ыраакы Чыгыш жалаң гана чектеш КЭРди туюнтпайт. Кыргызстан Япония жана Түштүк Корея менен да өз ара пайдалуу кызматташтыкты калыптандырууда. Ал эми Түштүк Азияга келсек, албетте, биринчи кезекте Кыргызстандын Индия менен жүргүзө баштаган карым-катнашы кирет.

Бешинчи багыт — "ислам дүйнөсү" деп аталган мусулман мамлекеттери менен Кыргызстандын карым-катнашынын багыты. Бул багытта боордош

Түркия өлкөсү бараандуу орунда турат. Андан тышкары араб мамлекеттери, Иран, Ооганстан, Пакистан, Малайзия сыяктуу өлкөлөр менен кызматташтык постсоветтик Кыргызстандын эл аралык байланыштарынын өзгөчө багыты болуп калды. Кыргызстан бул жана башка мусулман мамлекеттердин көпчүлүгүнүн каржылоосу менен уюшулган айрым эл аралык уюмдарга (Экономикалык кызматташтык уюму, Исламдык конференция уюму ж.б.) мүчө болуу менен эл аралык карым-катнаштардагы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү табууда.

Жогоруда саналып өткөн багыттарга кирбеген алакалардын улам жаңы түрлөрү Кыргызстанды азыркы ааламдашуу шартында уламдан-улам өзүнө тартып жаткандыгы жашыруун эмес. Дүйнөлүк жана чөлкөмдүк интеграциялардын бул түрлөрүнүн бардыгын атап чыгуу менен бирге, Кыргызстан үчүн ШКУнун алкагындагы кызматташтыкты изилдөө биздин диссертациялык иштин негизги милдети болууда .

БАдагы чөлкөмдүк интеграцияны аныктоодо Кыргызстандын саясий-экономикалык деңгээлин, саясий кызыкчылыктарын эске алуу илимий диссертациялык иштин көйгөйлүү маселелеринен десек болот. Жогоруда мамлекеттердин саясатына таасирин тийгизе алган эл аралык институттардын маселелерин изилдеген теориялык мектептерди, илимий концепцияларды карап көргөнүбүздө төмөндөгүдөй **жыйынтыктарга токтолсок** болот:

1. БАда анын ичинде Кыргызстандын тышкы саясатына эл аралык институттардын тийгизген таасири Европа, Чыгыш Азияга салыштырганда бир топ төмөн, бул чөлкөмдөгү эл аралык уюмдардагы таасирдүү мамлекеттердин чөлкөмдүк кызматташуу жараянынын мүнөзүнө жана өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. СССР кулагандан кийинки мезгилдеги БАРдын трансформациялануу жолунда эл аралык институт, айрыкча чөлкөмдүк түзүмдөр Россия тарабынан демилгеленип иштеп келет (КМШ, ЖККУ, БАС ж.б.). СССРдин мураскору катары жашап жаткан РФ тарабынан демилгеленип уюшулган уюмдар республиканын ички жана тышкы саясатына түздөн-түз

кийлигишүүсү саясатка, экономикага таасир тийгизип жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес.

2. Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардын институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануусу XX кылымдын аягында СССР тутумунун чачыроосу менен башталган. Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болуусундагы негизги багыттарын аныктоочу теориялык концепциялар калыптануу жолунда турат. Ошентсе да биздин өлкөнүн эл аралык уюмдарда интеграцияланышы “көп багыттуу дипломатия”, “ынак коңшулук” (алыскы туугандан жакынкы коңшу артык” макалы бар), “маселелерди тынч жол менен чечүү” сыяктуу идеяларга негизделген.
3. Постсоветтик Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусу беш багытта ишке ашууда, алардын ичинен Кыргызстандын ШКУ алкагындагы кызматташуусу олутуу багыттардын бири десек болот. Уюмдун демилгелеген мамлекеттер КЭР менен РФнын таасири жана багыттоочу кызыкчылыктары БАда анын ичинде Кыргызстанда ишке ашып жаткандыгы эч кимге жашыруун эмес.

## 3.3. Кыргызстандын ШКУга мүчө катары өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары

Шанхай эл аралык изилдөө институтунун кызматкери Цян Сяоюнь өз мамлекетинин (КЭР) БА өлкөлөрүнө карата ишке ашырып жаткан саясатын үч этапка бөлүп караган. Бул Кытай кызматкеринин пикирин кээ бир орус окумуштуулары да постсоветтик мейкиндикке болгон кытайдын саясатын кээ бир тактоолор менен колдоого алышкан [200, с 7]. Ал эми биздин көз караштa мындай этапты ШКУ уюшулушу жана уюмга Кыргызстандын мүчө болуусун да үч этапта кароого болот.

**Биринчи этап,** "ынак коңшулук жана достук мамилелерин түзүү" (1991–1997 жж) мезгили болгон.

Бул мезгил КЭРдин өзү менен коңшу постсоветтик республикаларга – Россия, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Монголияга расмий мамлекеттик жана дипломатиялык мамилелерди түзүү менен баштаган. Бул жылдарда коңшу мамлекеттер менен чек араны маселесин чечүү биринчи кезекте турган. Көптөгөн Россиялык серепчилер Кытай менен ар бир пост советтик республикалар (Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Россия) менен эки тарапка ыңгайлуу болгон келишим түзгөнгө жетишкен. БАР Кытайдын "Бирдиктүү бир Кытай" экендигин таанышып Тибет жана Синьцзян - Уйгур автономдук районунун сепаратисттик кыймылдарына каршы күрөшүн колдоолорун билгизишкен[200, с.7-8].

КЭРдин БАР менен болгон территориялык келишпестиктерин жөнгө салууда, принципиалдуу маанилүү "биргелешкен делегация" форматы Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстанга Россиянын тышкы иштер

министрлигинен керектүү документтерди, советтик-кытай келишимдерине тийиштүү токтомдорду алууга уруксат берилгендиги менен башталган. Тактап айтканда, БА менен КЭРдин чек арасын чечүүдө Орус падышачылыгынын, андан кийин СССР мезгилиндеги келишимдер, макулдашуулар каралган[312, с.363]. Кийинки консультациялардын жүрүшүндө чек ара маселелери боюнча СССР менен КЭРдин ортосунда мурда жетишилген келишимдери каралып анализденилген. Ошол кезде КЭР мындай абалды ар бир мамлекет менен эки тараптуу келишим негизинде тактаган.

ШКУ жаралуусун изилдеген тарыхнаамада ШКУнун калыптануу тарыхынын түпкүлүгүн чек ара маселеси менен байланыштуу болгондугу тастыкталган. Ошондуктан ШКУнун жаралуусунун тарыхый өнүгүүсүн кароодо чек ара маселесине байланышкан келишимдердин кыскача мазмунун үч этапка бөлүп караса болот:

*Биринчи этабы* – империялардын ортосундагы мамиле. XIX к. экинчи жарымында - XX к. биринчи жарымы Кытайдын Цин сарайы менен Орус падышачылыгынын ортосундагы БАга байланышкан чек ара маселелери боюнча кол коюлган мамлекеттик деңгээлдеги укуктук документтер кирген.

XIX к. биринчи жарымында Орто Азияда Россия мамлекетинин таасири күчөй баштаган мезгилде, Цин империясы жана Англия мамлекеттеринин кийлигишүүсү белгилүү бир мерчемде күчтүү болгон. Ушул мезгил БАнын тарыхында Россия жана Кытай мамлекеттеринин чек ара боюнча өз ара кызматташуу маселелеринде саясий ж.б. тарыхый кырдаалдар жана окуялардын болгондугу менен коштолгон.

Орус-кытай чек ара маселелеринин башталышы Айгунь (1858 ж.) жана Тяньзинь келишимдерине кошумча Россия менен Цин империясынын ортосунда 1860-ж. 2-ноябрда Пекин келишими БАдагы чек ара тилкелерин тактоо боюнча түзүлгөн [145,с.43]. Бул келишим аркылуу Батыш Саяндан Памирге чейинки чек ара такталган [147, с. 20]. Жалпы жонунан Пекин келишими келечекте боло турган чек аранын багытын жана принцибин

аныктаган [313, с.127]. Ушул келишимдин уландысы 1864-ж. 25-сентябрда Чугучак Жобосу боюнча чек ара табыгый географиялык тилкелер (чектер) менен аныкталган (тоо кыркалары, тоолор, суу-дарыялар)[122]. Чугучак Жобосунун кол коюлушуна көптөгөн Россиялык жана советтик окумуштуулар Россия мамлекети үчүн баалуу тарыхый документ болгондугуна баа беришет [116], [119], [169]. Ушул келишимдин негизинде БА территориялары Орус империясына кийин СССРдин курамына өткөн.

Тарыхта Цин сарайын абдан катуу тынчсыздандырган 18 беренеден турган Ливадий тынчтык келишимине 1879-ж. 20-сентябрда кол коюлган. Бул келишим боюнча Россия падышачылыгы бир нече ири артыкчылыктарга: стратегиялык жактан абдан маанилүү жана жаратылыш байлыктарына, Иле аймагынын көп бөлүгүнө, тактап айтканда - Текес өрөөнү жана Музарт ашуусу; Кулжадан Аксуга кеткен жолду Россия көзөмөлгө алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ошону менен катар 1858-ж. кол коюлган Айгунь орус-кытай келишимине ылайык, Россия Сунгар дарыясында эркин сүзүп жүрүү укугун атайын жобо менен бекемдеген[116, с.62].

Жогорудагыдай келишимдин маани маңызы Цин сарайында чоң талаш-тартыш жаратып келишимди ратификациялоодон баш тартышкан, Иле маселесин кайрадан карап чыгууну талап кылышкан. XIX к. аягы XX к. башындагы Орус империясынын ички жана тышкы өнүгүүсүн курчап турган саясий кырдаал кайрадан орус-кытай келишимин кароого аргасыз кылган.

Үч этап менен жүргөн өз ара сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы 1881-ж. 12-февралда Россиянын Тышкы иштер министрлигинин статс-катсысы Н.К.Гирс жана элчи Е.К.Бюцов, ал эми Цин империясынан Кытайдын генерал губернатору Цзэн Цзицзэнин катышуусу менен орус-кытай Санкт-Петербург келишимине кол коюлган[116, с.128].

Ошол мезгилдеги Орто Азияда жашаган калктын тарыхый-территориялык, маданий-демографиялык, чарбачылык, кол өнөрчүлүк ж.б. өнүгүүсү феодалдык мүнөздө болгон[212, с.128]. XIX к. аягында Орто Азия

аймагынын Россиянын курамына кириши менен коомдук-саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр башталган. Падышачылык колониалдык баскынчылык саясатын бардык аймакта жүргүзгөн, админстративдик башкаруу системасын түзгөн[187, с.378], салык саясатынын теңсиздиги жергиликтүү калктын абалын оорлоткон. Чөлкөмдүн геосаясий баалуулугу Россия үчүн эң маанилүү болуп калган.

Жыйынтыгында, Санкт-Петербург келишиминде Россия көптөгөн чегинүүлөргө барган: Кытайга Иле аймагынын территориясы кайтарылып берилген. Келишимде көрсөтүлгөн негизги беренелер боюнча Иле аймагына байланышкан орус-кытай чек араларын демаркациялоо ишин баштоого ылайыкташылган жобого кол коюлган[168, с.127]. 1882-ж. 16-октябрда Россия менен Кытай ортосунда Нарин-Халга капчыгайынан Тянь-Шань тоолорунан Кара-Дабан ашуусу Ала-Тоо кыркаларына чейинки; 1882-ж. 25-ноябрда (Кашкар токтому) Нарынкол дарыясынан Бедель ашуусуна чейинки; 1883-ж. орус-кытай чек арасындагы Мус-тау тоосунан Ак-Каба дарыясы Чон Алтай кыркасы жер бөлүктөрү боюнча; 1884-ж. 22-майда Бедель ашуусунун Батыш тарабынан Уз-Бел (Ново-Маргелан токтому) ашуусуна чейинки ж.б. территориялар боюнча жүргүзүлгөн[169, с.133]. Орус-кытай чек ара маселесинде Орто Азияга байланышкан жогорудагы тарыхый келишимдин негизи XX к. аягына чейин күчүн жоготкон эмес.

Орус-кытай келишимдери боюнча көпчүлүк Кытай окумуштуулары Орус падышачылыгы тарабынан таңууланган, теңсиз келишмдерди түзгөнгө мажбур кылган деген көз караштары А. Д. Воскресенскийдин эмгегинде чагылдырылган. Бул окумуштуунун пикиринде орус-кытай мамилесинде дайыма карама-каршылык болгондугун, бирок эки мамлекет согуштук күч колдонбой бири-бирине компромиске баруу менен дайыма тынчтыкты сактап чечип келгендигине токтолгон. Узакка созулган орус-кытай өз ара мамилесинин туруктуулугу эки империянын ортосунда буфердик аймактардын

болушу менен сакталган [116, с.77], т.а., БА тиешелүү чек ара маселеси империялардын саясатына көз каранды болуп калган.

*Экинчи этап –1917-1991-жж. СССР менен КЭР ортосундагы чек ара маселеси.* 1917-ж. Октябрь революциясынан кийин орус-кытай мамилесинде Синьцзян менен соода байланышына тыюу салынып калган, бирок 1920-ж. Советтик Россия менен соода байланышы жөнгө салынган. 1924-ж. май айында СССР менен Кытайдын ортосунда биринчи расмий мамлекеттер аралык келишим түзүлгөн[116, с.445].

1949-ж. КЭР түзүлгөндөн баштан эки мамлекеттин ортосундагы мамиле жакшыра баштаган. Бирок, 1950-60-ж. КЭР менен СССР ортосунда мамиледе чек ара жаатындагы маселе курчуган. Ошол учурдагы “кансыз согуштун” кесепетинен эки мамлекеттин башкаруучуларынын жеке келишпестиктеринен улам Кытай менен СССРдин ортосундагы мамиледе наразычылыктар күчөгөн. 1964-ж. Кытай жетекчиси Мао Цзэдундун СССРдан мурда Россия империясы тарабынан басылып алынган кытайлардын 1,5 млн.кв.км. территориясын кайтарып берүүсүн талап кылган кайрылуусу басма сөз маалыматтарында жарыяланган[116, с.478]. Мындай кайрылуу эки социалисттик системада жашаган мамлекеттин ортосунда чек ара маселеси саясий мааниде да курч мүнөздө экендигин аныктаган. Ушундан улам чек ара маселеси XIX к. аягындагыдай Орто Азияда эки империянын таасирдүүлүгүн бекемдөө гана эмес, Кытай тарабынан өзүнүн суверендүүлүгүн, бүтүндүүлүгүн бекемдөө максатында, тышкы улуттук коопсуздук маселесин чечүү аракети экендигин көрсөтүүгө умтулгандыгы баса белгиленген.

1964-ж. Совет мамлекетинин демилгеси менен совет-кытай чек араларынын кээ бир бөлүктөрүндөгү сызыктарын аныктоо үчүн эки тараптан кеңеш берүү же текшерүү иштери жүргүзүлгөн. Ал эми 1969-ж. 13-июнда Совет өкмөтү Кытайга чектешкен абдан талаш жараткан аймактарын кайсыл мамлекетке тиешелүү экендигин тастыктаган документтер аркылуу чечүүнү сунушташкан. Ушундан кийин 1969-ж. 11-сентябрда Пекин шаарында

СССРдин Министрлер Советинин төрагасы А. Н. Косыгин жана Кытайдын Мамлекеттик Советинин төрагасы Чжоу Энлай менен жолугушуп чек ара маселесин чечүү каралган[120, с.87]. 1970–71-жж. Бедель ашуусунун чегинде КЭР жана СССР аскерлеринин ортосунда карама-каршылык болгондугу белгиленген. 1970-ж. 11-февралда эки мамлекет тарабынан чек ара маселесин тынчтык жолу менен чечүүдө "статус-кво" абалынын сакталуусу жөнүндөгү макулдашууга кол коюшкан[116, с. 479]. 1980-ж. Совет мамлекети менен Кытай ортосундагы мамиледе кайрадан жакындашуу этабы байкалган. Негизги эки мамлекет ортосундагы тирешүүнү жоюу маселеси 1989-ж. 15-18 майда СССРдин башкы катчысы М.С.Горбачев, КЭР төрагасы Ян Шанкун жана өкмөт башчысы Ли Пен менен расмий жолугушуусу совет-кытай мамилесиндеги мамлекеттер аралык мамиленин жөнгө салынышына жол ачкан[312, с. 362]. Мында орус-кытай чек ара маселесиндеги 100 км. аймак аралыгындагы аскердик таасирдүүлүгүн азайтуу менен чектешкен территориялардагы жашаган калктын өз ара чарбачылыгын улантуусуна жана тынчтыкта, коңшулаштыкта жашоосун камсыз кылууга макулдашылган эки тараптуу келишимге кол коюшкан. Жогорудагыдай милдеттерди ишке ашыруу үчүн 1989-ж. ноябрда СССР менен КЭРдин чектешкен территориялардагы талаш-тартыштарды жөнгө салуу жана согуштук аракеттерди жоюу боюнча сүйлөшүүлөр башталган. 1990-ж. 24-апрелде СССР менен КЭРдин өкмөттөрүнүн ортосунда совет-кытай чек ара райондорунда аскердик тынчтык ишеничин бекемдөө жана биргелешип согуштук аракеттерди жоюу боюнча Макулдашууга кол коюшкан[307, с.146]. Ал эми 1991-ж. май айында КЭРдин башчысы Цзян Цзэминь Советтер Союзуна болгон расмий жолдомосу Кытай менен Россиянын чыгыш чек ара жер тилкелери боюнча макулдашууга эки тараптуу кол коюга жетишишкен[121, с.276].

Көптөгөн орус жана жергиликтүү окумуштуулар белгилегендей чек ара маселесин чечүүдө тиги же бул мамлекет менен акыркы чекит коюуга эрте,

анткени бул маселени кайрадан тастыктап изилдөө мезгил талабы болуп саналат.

*Үчүнчү этабы – 1991-2001-жж.* аралыгындагы жаңы кызматташуу башталышы, КЭР менен постсоветтик БА республикаларынын ортосундагы чек ара меселесинин чечилиши катары кароого болот.

«Көп полярдуулук», «стратегиялык шериктештик» концепцияларынын өнүгүшү 1990-ж. башында Кытай жетекчилигинин КНРдин РФ менен болгон кызматташтыгын конструктивдүү шериктештиктеги жаңы мамиле катары мүнөздөгөн көптөгөн Россиялык изилдөөчүлөрүнүн эмгектери жарык көргөн [96], [117], [149], [50], [172]. Орустун белгилүү академиги М.Л.Титаренко ушул мезгилдеги эки мамлекеттин стратегиялык шериктештигинин жана кызматташтыгынын башталышын, келечекте жаңы мүмкүнчүлүктүн өсүп кетүү деңгээлине ачылган жол катары баа берген[207]. Россия менен Кытайдын ортосунда чек ара маселелери боюнча бир нече келишимдер, алардын арасында Кытайдын Батыш чек аралары боюнча келишимдерге кол коюлган [31], [32].

1992-ж. 9-октябрда КМШнын мамлекет башчыларынын жолугушуусунда РФ, Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан, КЭР менен чек ара маселесин биргелешип чечүү жөнүндө макулдашууга кол коюшкан[27, с.6-8]. 1993-ж. декабрда Россия, Кыргызстан, Өзбекстан, Казакстан, Түркменстан жана Тажикстан мамлекет башчылары тышкы чек араларын биргелешип коргоо боюнча Меморандумга кол коюшкан[25, с.37-38].

Алтайдан–Памирге чейинки чек араларды делимитациялоо маселеси Россия, Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан мамлекеттеринин сүйлөшүлгөн макулдашуулары боюнча төмөндөгүдөй тартипте каралган. 1994-ж. октябрда Цзянь Цзэминдин Россияда болгон расмий жолугушуу учурунда Россия менен Кытай батыш жер тилкелери жөнүндө ийгиликтүү сүйлөшүүгө жетишишкен[121, с. 227]. Ушул негизде 1995-ж. октябрда көрсөтүлгөн жер тилкелер боюнча ратификацияланган расмий Макулдашуу документтерин бири-бирине тапшырышкан. Жыйынтыгында биринчи жолу Кытай менен

Россиянын ортосунда 4300 км аралыктагы чек ара укуктук-ченемдик жактан тастыкталган [116, с. 489]. Ушундан кийин Кытайдын БАР менен өз ара келишимдери башталган. Кытай окумуштуулары белгилегендей чек ара маселесин чечүү алар күткөн маселелерден тышкары конструктивдүү маанайда чечилген [351], [400].

КЭР менен Кыргыз Республикасы байыркы мезгилден бери коңшу жашап, тарыхтын бир далай окуяларында каршылаш катары да союздаш, дос катары да жашаган мамлекеттерден. Эки мамлекеттин жалпы чектешкен аймагы 1071,8 км ээлейт. Кыргызстандын территорриясы КЭРдин Батыш тарабында жайгашкан СУАР менен чектешет [522]. СУАРдын Кызыл Суу аймагында сүйлөгөн тили окшош, туткан дини бир кыргыз, казак ж.б. боордоштор жашайт. Алардын ал территорияда жашап калышы XIX к. Орус падышачылыгы менен Цин сарайынын баскынчылык саясатына байланыштуу болгон. XIX к. ортосунан XX к. аягына чейин СССРдин курамында жашаган Кыргызстан 1991-ж. 31-августта эгемендүүлүккө жеткен. 1991-ж. 27-декабрда Кытай Элдик Республикасы КыргызРеспубликасынын көз карандысыздыгын тааныган [309, с.20]. Ал эми 1992-ж. 5-январда эки мамлекеттин ортосунда дипломатиялык байланыш түзүлгөн [87]. 1992- ж. майда Бишкекте Кытай элчилиги ачылган [309, с.22]. Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы биринчи расмий алака 1992-ж. 12–16-майда Кыргыз Республикасынын президентинин Кытайга жасаган расмий сапарынан кийин башталган[313, с.125-130].

Негизинен, СССР менен Кытайдын ортосундагы талаш чек ара маселеси 25 жер тилкеде болгондугу аныкталган, бул жер тилкелердин жалпы аянты 1,5 миллион кв. км. болгон. Бул территориялар боюнча так жүргүзүлгөн чектеринин сүрөттөмөсү жок болгондуктан СССРга же КЭРге караштуу экендиги талаш жараткан. 25 талаш жараткан участоктун ичинен беш аймак Кыргызстанга тиешелүү, алардын жалпы аянты 3750 кв. км. барабар. Алар Бедель ашуусу, Үзөңгү-Кууш, Хан-Тенгри чокусу жана Жеңиш чокусу талаш

жараткан территориялар катары белгилүү[311, с.152]. 1992–1996-жж. КЭР менен Кыргызстандын делегацияларынын ортосунда сүйлөшүүлөрдө талаш жараткан беш участоктун ичинен төртөө гана боюнча келишимге жетишишкен [245, с.142]. Ал эми Үзөнгү-Кууш участогу боюнча өзгөчө статус сакталып, мындан ары да сүйлөшүүлөр уланган.

1995-ж. 23-30-майда СУАРдын Үрүмчү шаарында КЭРдин өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн делегацияларынын ортосунда мамлекеттик чек ара көзөмөл бурчтарын ачуу жана анын эрежелери тууралуу долбоор макулдашылган[53, с. 350-356].

Бул этапта Кытай элчилери бир нече “келишимдердин жыйындысын” ишке ашырышкан (1994-ж., 1997–1998 жж.), КЭР менен БАРдын ортосундагы кээ бир талаш чек ара маселелеринин баары чечилген эмес. Бирок, КЭР менен Кыргызстандын ортосунда чек ара мамилесин жөнгө салууда жылыштар байкалган. 1993-ж. кыргыз-кытай чек арасында Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан Нарын аймагы менен Кытайдын Кашкар шаарын байланыштырып туруучу жалгыз гана текшерип – өткөрүү күзөт бурчу Торугарт ашуусунда жайгашкан. Жогорудагы кол коюлган келишимге ылайык Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана КЭРдин өкмөтү эки мамлекеттин ортосундагы достук, коңшулаштык мамилени өнүктүрүү жана бекемдөө максатында экономикалык, соода ж.б. байланышка шарт түзүү үчүн 8 беренеден турган мамлекеттик чек ара көзөмөл бурчтарын ачуу жана анын эрежелери тууралуу макулдашууга кол коюшкан[53, с.354]. 1-беренеде “Эркештам”, “Торугарт”, 2-берене боюнча эки тараптын жарандарынын жана транспорт (унаа) каражаттарынын кирип чыгуусу каралган. 3-беренеде эки тараптын улуттук мыйзамына ылайык бажы көзөмөлүн текшерүү жана кызматтык милдеттери. 4-беренеде “Бедель” жаңы көзөмөл буручун ачуу жана анын эрежелери милдеттери каралган. 5-беренеде расмий ачылган көзөмөл бурчтарынын ачуу жана жабуу күнү жана сааты макулдашылган. Эгерде кандайдыр бир шашылыш күтүлбөгөн себептер болсо алдын ала же убагында билдирүү каралган. 6-

беренде эки тарап текшерүү – көзөмөл органдары киргизип чыгарууну өздөрүнүн эрежелери менен түзүүсү талаптандырылган. 7-беренеде бул макулдашууга эки тарап эгер зарыл болуп калса өзгөртүүгө жана кошумчалоо, 8-беренеде бул Макулдашуу 5 жылга кол коюлуп күчүнө кирген [53, с.356]. Ушундан кийин Кытай менен Кыргызстанды Түштүк тарабын унаа жолу менен байланыштыруучу дагы бир Сары-Таш (Ош облусу) Эркештам ашуусу аркылуу Кытайдын Улугчат шаары менен байланыштыруучу текшерип өткөрүүчү күзөт бурчу ачылган[169, с.292].

1996-ж. КЭРдин төрагасы Цзянь Цзeминдин Кыргызстанга болгон расмий жолдомосунда кыргыз-кытай чек ара маселеси жөнүндөгү Макулдашууга кол коюлган[147, с.48]. Андан кийин эки мамлекеттин чек ара маселесин чечүүгө аракет жасалган жолугушуу 1996-ж. 26-апрелде Кытайдын Шанхай шаарында болуп өткөн[307, с. 149]. Мында Кытай Россия жана БАР менен чек ара маселесин чечүүдө “Шанхай бештиги” (Кытай, Россия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан) уюшулган [313, с.128].

Бул келишими, анан форуму келечекте байланыштын фундаментин түзүү менен ар бир жылда беш мамлекет башчыларынын жолугушууларына импульс болуу мүмкүнчүлүгүн ачып, Шанхай Кызматташтык уюмунун түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн. “Шанхай бештиги” Кытай менен БА мамлекеттеринин тарыхында эң маанилүү окуя катары кабыл алынган[313, с.129]. Анткени, БА чөлкөмүндө чек аралаш жашаган өлкөлөрдүн бир арага келиши, чек араларынын коопсуздугуна кооптуу терроризмдин коркунучтарынын булагы эң башкы очогу Ооганстан экендиги белгилүү эле.

1996-ж. Казакстан, Россия, Кыргызстан, Тажикстан жана КЭР ортосунда чек ара районунда аскердик чөйрөдөгү «Өз ара ишенимди чыңдоо жөнүндө Макулдашуу»[28] тууралуу документ кабыл алышкан. Бул документ коңшу чектеш аймактардагы коопсуздуктун кепилдиги үчүн өз ара ишенимди чыңдоо максатында кол коюлган мамлекеттер ортосундагы биринчи маанилүү документ болгон.

Биздин оюбузча, изилденип жаткан биринчи этапта КЭРменен КРдин ортосунда тең укуктуу алкактагы эки тараптуу келишимдер, макулдашуулар болгондугу анык. Бул мезгил Кыргызстан үчүн жалгыз гана Кытай менен гана эмес коңшу жашаган БАР менен да өз ара ишеним, ынанымдуу мамиле түзүүгө жетишкен. Ошону менен катар чек ара маселесине байланышкан маселеде коопсуздукту камсыз кылуу, сактоо, алдын алуу ж.б. актуалдуу маселелер ШКУнун пайда болушуна өбөлгө түзгөн десек болот.

Россиянын изилдөөчүсү С.Луневдин пикиринде, “БА мамлекеттери КЭР менен болгон мамилесинде ага карата ишенбөөчүлүк сезишкен жана эки тараптуу мамиленин татаал жагдайында өздөрүнүн өткүр аракетин көрсөткөн фактылар болгондугу маалым[163, с.189]. Мындай пикир БА өлкөлөрү менен КЭРдин мамилесинде Кытайдын “калтырылган талаш” доктринасы жөнүндө эскертет, чек ара маселелерге байланышкан көйгөйлөр кийинки убакта кайрадан көтөрүлүшү мүмкүн деген ой пикир учурда жаралууда.

**Экинчи этап “кызматташтыктын күчөшү” аталышта (1997–2001-жж.)** БА чөлкөмүндө коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташтыктын жайылышы менен соода-экономикалык байланыштардын жанданышы менен мүнөздөлгөн.

1997-ж. 25-апрелде “Шанхай бештигинин” экинчи жыйынында беш мамлекеттин жетекчилери “Чек ара райондорундагы куралдуу күчтөрдү биргелешип азайтуу жөнүндөгү Макулдашууга” кол коюшкан. Чөлкөмдөгү коопсуздукту камсыз кылуу, чек араларда ар бир мамлекетке коюлган милдеттерди аткаруусун текшерүү, аскердик бөлүктөрдүн санын чектөө, куралдуу күчтөрдү азайтуу ж.б. маселелер каралган[29]. Бул документтерди бекитип ар бир тарап ишеним чөйрөсүн кеңейтүү максатында чек ара райондорунда макулдашылбаган согуштук иш аракеттерди болтурбоого иш чараларды көрүүгө макулдуктарын беришкен. Чек ара райондорунда куралдуу күчтөрдүн иш аракети боюнча бири бирине маалымат берүү каралган. райондорунда согуштук машыгууларга тыюу салынган. Атайын аскердик машыгууларда байкоочулардын катышуусунда өткөрүү ж.б. каралган[30], [31].

Алар Кытай менен чек ара маселелери, 7,5 миң чакырым узундуктагы алкакта жайгаштырылган куралдуу күчтөрүн эки тараптан тен 100 чакырымга ичкери жылдыруу жөнүндө келишимдерге кол коюшкан[121, с.22].

БА өлкөлөрүнүн Кытайдын Батыш шаарлары, өзгөчө Синьцзян менен соода-экономикалык байланыштары өнүгүү жолуна түшө баштаган. Ушул мезгилде Кыргызстанга Кытай тараптан инвестициялык колдоолор энергетика ж.б. тармактарда байкалган. Өзгөчө транспорт жана коммуникация багытында 1998-ж. 18-19-февралда Ташкент шаарында (КЭР, Кыргызстан, Өзбекстан) үч тараптуу мамлекеттер ортосунда жүк ташуу жаатында кызматташуу жөнүндөгү макулдашуу кабыл алынган. Бул долбоорду ишке ашыруу боюнча сентябрда Үрүмчү шаарында үч мамлекеттин транспорт министрлеринин катышуусунда кошумча токтомго кол коюлган. 1998-ж. 18-майда расмий түрдө Пекин – Бишкек аба жол каттамы ачылган[192, с.271].

1999-ж. 24-26-августта Бишкек шаарында “Шанхай бештиги” мамлекет башчыларынын жолугушуусу болуп өткөн. Жолугушуунун жыйынтыгында биргелешкен билдирүүлөрдүн негизинде «Бишкек декларациясы» кабыл алынган[16]. Ошону менен катар үч тараптуу 1999-ж. 25-август «Казакстан Республикасы, Кытай Элдик Республикасы жана Кыргыз Республикасынын ортосунда мамлекеттик чек аранын кесилишкен жери жөнүндөгү макулдашууга» кол коюлган[30], [39].

Ал эми 1999-ж. 26-августа Бишкек шаарында КЭР төрагасы Цзянь Цзэминдин жана Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаев Үзөңгү-Кууш боюнча келишимге кол коюшкан. Мында талаш территориянын жалпы аянты 2848 кв.км. түзүп 857кв. км. (30%) Кытайга берилип, 1985кв. км. (70%) Кыргызстан тарабына калгандыгын аныкташкан[39], [313, с.128], [506], [522]. КЭР Батыш тарабында жайгашкан мамлекеттер менен чек ара маселесин чечүүсү ийгиликтүү ишке ашкан. Кытайдын мындай саясаты БА менен ар тараптуу байланышка жол ачкан десек болот.

Арийне, азыркы мезгилде Кыргызстандын мурдагы президенти А. Акаев Кытай менен болгон чек ара бүтүмдөрүн өз учурунда 'элдин алдында ачык талкууга коюлбай, көмүскө чечилип калган деген ой пикирлер айтылып келет. Бул маселе 2001–2002-жж. Кыргызстанда саясий кризисти пайда кылып анын апогейи 2002-ж. 17-18-мартында Аксы аймагында тынч демонстранттарды милициянын аткылашы менен аяктагандыгы, мунун акыры барып акаевдик режимдин кулашына алып келген себептердин бири экендигин да айтышууда. Бирок бул окуялар Кыргызстандын авторитардык президенттик башкаруу мезгилиндеги ички саясаты менен гана байланыштуу болгон. Кытай жана башка чектеш өлкөлөр менен чек ара тынч жол менен гана аныкталууга тийиш.

Россия менен Кытай ортосундагы узакка созулган эки тараптуу чек ара маселеси, кийин эгемендикке жеткен БАР менен чектешкен аймактардагы коопсуздук көйгөйлөр боюнча өз ара сүйлөшүүлөрдүн жетишкендиги “Шанхай бештиги” келишиминин, анан форумунун түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Япониянын саясат таануучусу И. Акихиро “баштапкы мезгилде Кытай менен Россия мамлекеттин ортосунда курал жарак, согуштук техника жана согушка мүнөздүү маалыматтар менен алмашуунун эркин аймактык түзүлүшү эффективдүүлүгү ишенбестикти жараткан, бирок, ошол эле учурда Кытайдын ШКУдагы саясаты постсоветтик мейкиндиктеги кызматташтыкта жана дүйнөдөгү тынчтыкты чыңдоодогу кадамы катары көрсөтүлгөндүгүн” белгилейт[375, с. 32-36].

1997-ж. март айында Москвада боло турган “Шанхай бештигинин” жыйынына бир ай калганда, Кытай өкүлчүлүгү чөлкөмдүк АСЕАН өлкөлөрүнүн жыйынында “коопсуздуктун жаңы моделин” түзүүнү талкуулашкан. 1997-ж. апрелде өтүп жаткан жыйында Цзян Цзэминь “Кытайдын чек араларындагы коопсуздукту сактоо жана согуштук күчтүн чыңалуусун азайтуу үчүн “Шанхай бештигине” көңүл бурууга чакырган. Бул бүт дүйнө жүзүндө жана АТРде тынчтыкты колдоо жана коопсуздуктун, туруктуулуктун сакталуусу, ийгиликке алып келе турган бири-бирине болгон

ишеничтин өнүгүүсү” деген. Россиянын изилдөөчүсү В.З Зимониндин байкоосу боюнча, коопсуздукту комплекстүү каржылоо чегинде башка маселелерди чечүүгө каржыны үнөмдүү колдонуууга жол ачкан[430].

“Шанхай бештигинин” негизги багыттары 1999-ж. Кыргызстандагы жолугушуусунда, Бишкек Декларациясын кабыл алышы менен бекемделген [16]. 2000-ж. жайында Душанбе шаарында мамлекет башчыларынын саммитинде «Шанхай бешитиги», «Шанхай форуму» деп атала баштаган. Анткени, Өзбекстан мамлекети уюмга байкоочу катары кирген. Мүчө мамлекеттердин демилгеси менен БА (ядролук эмес) ядерсиз аймак деп жарыяланып, Бишкекте террористтик кыймылга каршы борбор, террористтерге каршы ири масштабдагы операция жүргүзүү каралып, БУУнун ичинде эл аралык терроризмге каршы күрөш жүргүзүү биримдиги уюшулган.

XX кылымдын 90-ж. чегиндеги орус-кытай келишимдеринин иштелип чыгышы жана КЭРдин БА республикалары менен түзгөн жамааттык укук документтери, көптөгөн курч жана кылдат суроолорду чечүүгө жардам берген [31], [32]. 2000-ж. июлда “Шанхай бештиги” Душанбе шаарында өткөн бешинчи саммити чек ара маселелерин чечүүдө чоӊ бурулуш жасаган. Мында үч мамлекеттин – Кытай, Тажикстан жана Кыргызстан мамлекеттик чек араларынын чектешкен аймактары жөнүндөгү мамлекеттер аралык Макулдашууга кол коюшкан[278, с. 131-134]. Ушул макулдашуу Кытай менен Тажикстандын ортосундагы чек ара маселелерин чечүүнүн негизи катары кызмат кылган. Жогорудагы келишимдердин бардыгы Шанхай бештигинин ишмердигинин жетишкендиги катары бааланган.

Ал эми 2001-ж. кытай-кыргыз, кыргыз-казак[47, с. 47-57], [62, с. 132-134], [79, с. 126-131] кытай-таджик, кыргыз-тажик[28],[30], [58, с. 122-124], кытай-казак чек ара сызыктары боюнча маселелери ийгиликтүү макулдашуулардын негизинде чечилгендигин белгилешкен.

**Үчүнчү этапты “ар тараптуу кызматташуу” же “достук чөйрөнүн түзүлүшү” деп аталууда (2001-жылдан азыркы мезгилге чейин).**

2000-ж. 21-апрелде “Шанхай бештигине” кирген мамлекеттердин башчыларынын жолугушуусу үзгүлтүксүз белгилүү бир тартипте өткөрүү боюнча чечим кабыл алган[70, с. 134-138]. 2001-ж. 15-июнда “Шанхай бештигине” кирген мамлекеттер жыйынында Өзбекстан дагы катышып, тең укуктуулук принцибинде уюмга мүчө болуп кирген[75, с.171]. Ушундан тартып уюмдун аталышы Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ) деп аталып калган.

2001-ж. 15-июнда ШКУнун саммитинде Кыргызстан, Казакстан жана Өзбекстан мамлекеттеринин башчылары мамлекеттик чек аралардын тогошуу чекити жөнүндөгү үч тараптуу макулдашууга кол коюшкан. Макулдашуу 3 беренеден турган. Ушул ШКУнун жыйынында кол коюлган макулдашуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан талкууланып кабыл алынган[47, с. 47-57].

БУУнун Ассамблеясынын 65-комитетинин биринчи жыйынына КЭРдин өкүлү Ху Сяодяо сүйлөгөн сөзүндө, куралсыздандыруу көйгөйү боюнча ШКУнун ролун белгилөөдө “ааламдашуу жараяны БУУга кирген бардык мамлекеттердин жана алардын жашоосуна таасири тийген эл аралык көйгөйлөр үчүн жаңы ыкманы иштеп чыгуунун зарылдыгы пайда болууда жана эл аралык коопсуздук чөйрөсүндө жаңы ой жүгүртүүнү түзүү керек экендигин билгизген” деген[500].

ШКУнун мыйзамдуулук базасы 2002-ж. июнда түзүлгөн. 2004-ж. 16–17-июнда ШКУнун саммитинде ШКУнун байкоочу макамы жөнүндөгү жобо[32], 27 беренеден турган ШКУнун иммунитети жана артыкчылыктары жөнүндө конвенция кабыл алынган[63, с.203-211]. ШКУнун административдик органы болгон башкы катчылык 2004-ж. 15-январда Пекинде түзүлгөн. ШКУнун чегинде көп баскычтуу пландаштырылган механизми жана өз ара карым-катнаш боюнча маселелерге көңүл бурулган. Айрыкча улуттар аралык жана диндер ортосундагы чыр чатактарды болтурбоо, уюмдагы бардык катышуучу мамлекеттеринин туруктуулугун жана коопсуздугун камсыз кылуу аракети байкалган.

Уюмдун институционалдык функциялары чөлкөмдүк интеграцияны ишке ашырууга мүмкүндүк берет, мунун алкагында мүчө мамлекеттердин бири-бири менен болгон байланыш көйгөйлөрүнүн кең маанисинде карасак: товардык байланыштар жана чек арадагы бажы кызматташтыгы жана террористтик коркунучтардын мизин кайтаруу ж.б. ишке ашырууга түрткү берет. Мындай багыттагы ШКУнун ишмердүүлүк мүнөзү "Шанхай деми" саясатынын чегинде уюмдун катышуучу мамлекеттеринин кызматташтык форматында чагылдырылат. Япон изилдөөчүсү И. Акихиронун пикиринде, "Шанхай деми" РФ, КЭР жана БАРдын территорияларын жөнгө салынышы, чөлкөмдүк кызматташууну түзүп аны биротоло бекемдеди. "Шанхай бештигине" кирген мамлекеттер олуттуу карама-каршылыктарды жеңүү менен өз ара ишеничтин жана түшүнүүнүн сапаттуу жаңы баскычына чыга алды" деген [375, 32-36 p.].

ШКУнун негизги ишмердүүлүк принциптери болуп, ачык-айкындуулук принциби жана ШКУнун Декларациясында, жыйындарында ж. б. кабыл алынган документтеринде белгиленгендей күч колдонуу ж.б. иш аракеттерге каршы туруу каралган. Астанада болуп өткөн ШКУнун бешинчи саммитинде ШКУга кирген бардык катышуучу мамлекеттер башка чөлкөмдөргө жана мамлекеттерге каршы болгон союздарга кошулбоо принцибин карманышат[21].

Мындан тышкары 2006-ж. Шанхай Декларациясына кайрылсак[453], анда эскертилгендей: "ШКУнун ийгиликтүү өнүгүүсү "Шанхай деминин" башкаруусу алдында өз ара ишеним, өз ара пайда келтирүү, тең укуктуулук, координация, ар түрдүү цивилизацияны сыйлоо жана биргелешкен өнүгүүгө аракеттенүү мүнөздүү". Кытай окумуштуусу Чжан Вэньвей уюмдун өз ара белгиленген принциптердин формулаларына төмөндөгүдөй көңүл бөлөт: "өз ара ишенич - негизи, өз ара пайданы – максат катары, тең укуктуулукту – кепилдик, акылдашуу - ыкма катары"[398, с.48-60].

ШКУнун конструктивдүү мамилесин аныктоодо, Кытай окумуштуусу Чжао Хуашендин айтуусу боюнча уюмдун механизминин саясий багытын жана тартибин өнүктүрүүдө инсандардын жана лидерлердин өзгөчө каалоосу

аркылуу ишке ашыруу зарыл. Мындай көз карашты ал эки маанилүү багытка бөлгөн. Биринчи – саясий багыт, ШКУнун саясий милдеттеринин жаратылышы жана мүнөзүн аныктайт. Экинчи – функционалдык багыт, эл аралык аренада ШКУнун стратегиялык багыттары кайра бөлүштүрүү маңызы менен белгиленет[399, с. 5-12].

ШКУда ар кандай чечимдер шайлоосуз макулдашуу жолу менен кабыл алынды деп эсептелет. Бардык мүчө-мамлекеттер кабыл алынган маселелерде жана ар кандай жагдай боюнча өзүлөрүнүн көз караштарын билдире алат, бул жалпы кабыл алынган чечимдер үчүн кедерги эмес. Бул көз караштар жыйын токтомуна жазылат жана киргизилет. Бир нече же бир мүчө мамлекеттердин кызматташууда долбоорун ишке ашырууда кызыкдар болбосо, көрсөтүлгөн кызыкчылыктар башка мамлекеттер үчүн белгиленген учурда мүчө мамлекеттердин катышпоосу, кызыкдар мамлекеттердин долбоорун ишке ашырууда кедергисин тийгизбейт, алар менен кызматташтык долбоорлоруна белгиленген мүчө мамлекеттер менен келечекте ишке ашырууга кошула алат[42].

ШКУнун милдет жана максаттарына карата Кытай окумуштуусу Чжао Хуашен мындай оюн билгизген: “эгер ШКУнун ишмердигинин кеңдигине аныктама берүү абдан тар же кысылган абалда болсо, анда ал өзүнүн миссиясын жана деңгээлин толук түрдө аткара албай калат жана катышуучулардын ишеничинен чыгып өзүнүн аброюн жоготот. Ал эми ШКУнун аша чаап кеңири милдеттери боло турган болсо, анда уюмда бар каржы каражаттары жана механизмдери чоң масштабдагы көйгөйлөргө кабылат[399, с.5-12].

ШКУнун өнүгүүсүндө колдонулган ар түрдүү ыкмаларды (принциптер “өз ара ишенич, өз ара пайда, тең укуктуулук, координация, ар түрдүү цивилизацияларды сыйлоо, союздаш болбоо, багытталбагандык, үчүнчү мамлекеттерге болгон байланышындагы ачыктыкты жана биргелешип өнүгүүгө жетишүү) байкасак болот. Мындай принциптердин болушу “АСЕАН жолу” деп

аталган Азия тынч океан аймагынын көп тараптуу институттарынын принциптерине окшош жактары көп. Бул институттардын жалпы белгиси Азия кең мейкиндигинде эл аралык байланыштын жаңы системасын калыптандыруу үчүн комплекстүү жаңы ыкмаларды колдонуу болуп саналат[162, с.151-157].

2019-ж. 13-14-июнь күндөрү Бишкек шаарында ШКУнун мамлекетет башчыларынын саммитинде КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин "ШКУну биринчиден биримдиктин жана өз ара ишеничтин классикалык үлгүсүнө айлантуу керек. Экинчиден болсо, анын мүчөлөрүн коопсуздук маселесинде жоопкерчиликти бирдей сезип, аны сактоо үчүн бирге аракет кылуусу абзел. Саясий ишенимди бекемдөө, эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташууга ыңгайлуу шарттарды түзүү, келишимде айтылган ШКУнун принциптери жана Шанхай деми менен кетүү маанилүү" экендигин билдирген[287, с.8-9].

ШКУнун КРдин төрагалыгында болуп өткөн саммитинде ШКУга мүчө мамлекеттердин Бишкек декларациясы кабыл алынды. Декларацияда коопсуздук, экономика, маданий-гумантардык алкактагы кызматташтык боюнча маанилүү маселелер каралган [17], [321, с.12]:

–Мүчө мамлекеттер ШКУ мейкиндигинде тынчтыкты, коопсуздукту, туруктуу өсүүнү жана гүлдөп өнүгүүнү камсыз кылуу кызыкчылыгындагы ар тараптуу кызматташтыкты жана көп кырдуу өнүгүүнү улантышат. Ушуга байланыштуу, алар БА чөлкөмүндөгү өлкөлөрдүн саясий, экономикалык, маданий-гуманитардык багытта өз ара аракеттенүүнү тереңдетүү боюнча аракеттерин колдоп жатышат.

–БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2018-жылдын 22-июнундагы "Борбордук Азия чөлкөмүндө тынчтыкты, туруктуулукту жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн аймактык жана эл аралык кызматташтыкты чыңдоо" резолюциясынын кабыл алынышын жана 2019-жылы Ташкент шаарында БА мамлекет башчыларынын экинчи кеңеш берүү боюнча жолугушуусун кубаттайт[17].

–Мүчө мамлекеттер БУУнун эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо, ааламдык өнүгүүнү турукташтыруу адам укуктарын илгерилетүү жана коргоо боюнча ар тараптуу жасаган аракеттерин бекем колдой тургандыктарын ырасташты.

–Алар БУУнун Уставына ылайык, эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо үчүн негизги жоопкерчилик жүктөлгөн БУУнун Коопсуздук кеңешинин негизги ролун күчөтүүнү жакташат.

–Мүчө мамлекеттер 2018-жылдын 27-ноябрында Нью-Йоркто кыргыз тарап тарабынан өткөрүлгөн "БУУ жана ШКУ: Тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуулукту чыңдоо үчүн кызматташуу" аттуу иш-чаранын жыйынтыктарын жогору баалашты[17].

Ошентип, Кыргызстандын ШКУга мүчө катары кирүүсүнө төмөндөгүдөй **жыйынтык чыгарсак**:

1. Кыргызстандын ШКУга мүчө болуу тарыхы үч этапта жүрүп, ШКУнун демилгечи мүчө өлкөсү Кытай менен чек ара маселелери бир нече келишимдердин негизинде такташкан. Эки мамлекеттин чек араларын тактоосу (“Үзөңгү-Кууш чек ара тилкесиндеги жер кесүү”) 70% Кыргызстанга калып, 30% Кытайга өткөндүгү менен чечилген. Ошону менен катар чектешкен аймактарда коопсуздук маселесин биргелешип чечүү көйгөйүнүн маани маңызы олуттуу маселе болгон.
2. Кыргызстан ШКУнун мүчө өлкөсү катары уюмдун бардык ишмердүүлүгүнө катышып келет. Бишкек декларациясына ылайык, ШКУнун сегиз мамлекеттин кызматташтыгы башка мамлекеттерге каршы эмес ачык айкындуулукка негизделип, уюмга мүчө мамлекеттердин ички маселелерине кийлигишпөө, бардык маселелерди альтернативдүү тең укуктуу чечүү каралган. Декларацияда чөлкөмдүк туруктуулукка коркунуч жараткан эл аралык терроризм, курал жарак, контрабанда, легалсыз миграция, диний экстремизм, улуттук сеператизм ж.б.у.с. менен мүчө мамлекеттер биргелешип күрөшүүсү макулдашылган.

3. Азыркы мезгилде ШКУнун трансформацияланышын кароодо, келечектеги уюмдун эффективдүү интеграциялык биригүүсүнө жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө мамлекеттер ортосунда чечилбеген чек ара маселеси кедергисин тийгизээри белгилүү. Ошенсе да ШКУнун келечектеги ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү, БАРдагы ара тараптуу интеграцияда орчундуу орунду ээлөөсү менен аныкталат. Акыркы мезгилде ШКУ өзүнө мүчө мамлекеттер ортосунда коопсуздук, экономика жана маданий–гуманитардык ж.б. карым–катнаштарында биргелешкен ишенимдүү мамилени бекемдеп жатат. ШКУ өзүн келечекте Евразиядагы бирден бир жарамдуу уюм катары туруктуу өнугүүсүн камсыздоо үчүн алдына койгон максат жана милдеттерин ишке ашырууга кедерги тийгизген иш аракеттерди алдын алууда көп багыттуу кызматташтыкты ишке ашырууга абдан кызыкдар экендигин жашырбайт.

# IV БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АР ТАРАПТУУ КЫЗМАТТАШТЫГЫ

## 4.1. Кыргызстандын ШКУнун алкагында жамааттык коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташуусу

2019-ж. 13-14 июнда Кыргызстандын Бишкек шаарында ШКУнун мамлекет башчыларынын 19-жыйыны Кыргыз Республикасынын төрагалыгында болуп өтүп, мында өткөн жылдын жыйынтыгын чыгаруу менен өз ара аракеттенүү боюнча 19га жакын макулдашууга жана меморандумдарга кол коюлган [422].

Жыйында РФнын Президенти В. Путин “ШКУ чындыгында ийгиликтүү өнүгүп келе жатат. Терроризм бул чоң коркунуч. Россия терроризмге үгүт кылып жаткан бардык тармактарды токтотуп, бирге иш алып барууну колдойт. Ооганстанды экономикалык, гуманитардык, коопсуздук жаатында колдоо зарыл. Учурда, терроризм очокторун жоготуу заман талабы”[287, с.8] деп белгилеген. Индиянын Премьер-министри Нарендра Моди “Индия ШКУга мүчө мамлекеттер менен терең кызматташууну өнүктүрүүгө кызыкдар, өзгөчө коопсуздук чөйрөсүндө кызматташууну колдоорун билгизген”[287, с.9].

Бишкектеги ШКУнун 19-жыйынынын жүрүшүндөгү маанилүү талкууга алынган маселелердин эң башкысы коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташуу болгон. ШКУга мүчө мамлекеттердин 2018–2023-жж. баңгизатка каршы стратегиясынын аткарылышы боюнча 21 бөлүктөн турган программасын ишке ашыруу боюнча иш планы бекитилген. Мында “ШКУ–Ооганстан” байланыш тобунун мындан аркы иш аракеттеринин жол картасын кабыл алынган[354, с.9].

Жыйында Бишкек декларациясы кабыл алынган. Декларацияда мүчө мамлекеттердин ШКУ мейкиндигиндеги туруктуулукка жана коопсуздукка

келтирилген коркунучтарга каршы аракеттенүүсүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө умтулганы баса белгиленген. Мүчө мамлекеттер ШКУнун экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча Конвенциясы күчүнө киргендигин, ошондой эле ШКУга мүчө мамлекеттердин Коргоо министрлеринин кеңешинин (Бишкек ш., 29-апрель, 2019-жыл) жана Коопсуздук кеңештеринин катчыларынын жолугушуусунун жыйынтыктарын жактырышты (Бишкек ш., 14-15 май, 2019) [17].

ШКУнун Бишкектеги жыйынында уюмдун географиялык алкагынын кеңейиши менен мүчө мамлекеттердин кызматташуусунун бардык чөйрөсүндө коопсуздук маселеси олуттуу экендиги тастыкталган. Учурда, коопсуздук маселеси чөлкөмдүк алкактан ааламдык мааниге чыгып, жалпы адамзат дүйнөсүнө залал тийгизген коркунучтарга, коогалаңдарга алып келүүдө. Бул таризде, СССР кулагандан кийин БА мамлекеттеринин көз карандысыздыкка жетиши менен коопсуздук жаатында уюшулган уюмдар жокко эсе болгон. Постсоветтик БАда коопсуздук маселесин эң башкы максаты катары иш аракетин баштаган түзүмдөрдүн бири “Шанхай бештиги” кийин ШКУ экендиги белгилүү. КЭРдин катышуусунда уюшулган ШКУнун негизги ишмердиги так аныкталбаган чек ара маселеси менен башталып, чөлкөмдөгү коопзудук маселесине чыккан. 1990-жылдардагы БАРдагы туруксуз саясий кырдаал, эң кооптуу Ооганстан мамлекети менен чектешкен Өзбекстандагы террористик кыймыл, Тажикстандагы жарандык согуш, Кыргызстандагы Баткен жана Ош окуялары ж.б. коңшу мамлекеттерди анын ичинде Кытайды да кооптонткон. Анткени, БАР Кытайдын Батыш чек арасы менен чектешет. БАда кээ бир террористтик уюмдардын иш аракеттеринин жанданышы байкалган.

Чөлкөмдөгү коопсуздук эки деңгээлди ичине камтыйт – өлкөнүнү тышкы коопсуздугу жана ички коопсуздугу – бул эки түшүнүк бири-бири менен тыгыз байланышта. Албетте, биринчи кезектеги маанилүү деңгээл – бул тышкы коопсуздук. Анткени ички коопсуздукту жана туруктуулукту сактоо же камсыздоо, биринчи кезекте, тышкы коопсуздукка көз каранды.

БА анын ичинде Кыргызстан үчүн 1990-ж. чейин чөлкөмдүк коопсуздук маселеси абдан курч мүнөздө эмес эле, анткени БАР СССРдин курамында жашаган. Бирок, бирдиктүү социалисттик системанын кулашы менен БАР үчүн кедерги жараткан кооптуу маселелер пайда болгон. Алар: мамлекеттик эгемендүүлүктү сактоодо, мамлекеттик чек араны тактоо, улуттук, экономикалык, диний ж.б. коопсуздук маселесинде келип чыккан.

Азыркы мезгилде БА анын ичинде Кыргызстан үчүн көптөгөн коопсуздук маселелери калыптануу жолунда турат. Анткени эгемен мамлекет катарындагы тарыхыбыз башка мамлекеттерге салыштырганда чейрек кылымдык мезгилди гана камтыйт. 1991-жылдан берки эгемендүүлүк мамлекетти куруудагы тажрыйбабыздын чабалдыгына карабай, биздин республика эл аралык тажрыйбанын методологиялык өнүттөрүн эске алуу менен чөлкөмдүн коопсуздук контекстинде улуттук коопсуздук системасын калыптандырууда.

Учурда Кыргыз Республикасы чөлкөмдүк интеграцияда мүчө катары таанылган эл аралык уюмдардагы кызматташтыгынын орчундуу багыты коопсуздук маселеси менен байланышкан.

**Кыргызстандын ШКУга мүчө мамлекеттер менен эл арылык уюм аркылуу кызматташтыгы:** **Таблица 4.1**

| Мамлекеттер | уюмдар | кызматташтыгы | жылдары |
|---|---|---|---|
| Кытай | “Шанхай бештиг” жана ШКУ | Коопсуздук ж.б. | 1996-жылдан баштап |
| Россия | КМШ, ЖККУ, ШКУ, ЕАЭС ж.б. | Коопсуздук, экономика ж.б. | 1991, 1994, 1996, 2015 – жж. |
| Казакстан | КМШ, ЖККУ, ШКУ, ЕАЭС ж.б. | Коопсуздук, экономика ж.б. | 1991, 1994, 1996, 2015 –жж. |
| Тажикстан | КМШ, ЖККУ, ШКУ ж.б. | Коопсуздук, экономика ж.б. | 1991, 1994, 1996-жж. |
| Өзбекстан | ШКУ ж.б. | Коопсуздук, экономика | 2001-жылдан |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Пакистан | ШКУ | Коопсуздук | 2017-жылдан |
| Индия | ШКУ | Коопсуздук | 2017-жылдан |

Жогорудагы белгиленгендей, КЭР, РФ, БА мамлекеттери менен биргелешип 1991-ж. баштап коопсуздук ж. б. тармактарда уюмдарды түзүшүп кызматташа башташкан. Ал эми Кытай, Индия жана Пакистан өлкөлөрү менен ШКУнун алкагында гана чөлкөмдөгү коопсуздук ж.б. маселесин чечүүдө кызматташып келет. Аталган үч мамлекет менен БА анын ичинде Кыргызстандын алакаларын тигил же бул багытта абдан жыйынтыктуу жолго түшүп жатат деп анализдөө али эрте.

Саясат таануучулар "чөлкөм" түшүнүгүн ааламдык жана чөлкөмдүк коопсуздуктун ар кандай жагдайларына көңүл бөлүү менен аныкташкан. Анын түшүндүрмөсү коопсуздук жаатындагы уюмдар географиялык жактан бир чөлкөмгө тиешелүү гана өлкөлөрдө эле эмес, тескерисинче, башка чөлкөмдөгү мамлекеттерди дагы ичине камтыйт. Ошондой эле бир эле территорияда коопсуздук чөйрөсүн демилгелеген бир нече түзүмдөр болушу мүмкүн[340, с.84-95].

Россиянын окумуштуусу Н. А. Косолапов, азыркы мезгилде изилдөөчүлөр арасында коопсуздук маселесине карата саясий, интеллектуалдык жана адеп-ахлактык талаш-тартыш жүрүп жатат деп белгилеген[284, с. 380]. Ал коопсуздук түшүнүгүн төмөндөгүдөй чечмелеген:

1. Коопсуздук – бул өзү чыныгы ниети менен кыйноодон, толук же жарым жартылай куралдануудан баш тартууга негизделген.
2. Коопсуздук – бул жетиштүү күчкө ээ басып алуучуга эффективдүү сокку берүү жөндөмдүүлүгү жана басып алууга аракет кылып жаткан мамлекетке да күч колдонууга тыюу салууга негизделген.
3. Коопсуздук – бул эл аралык укук тартип системасында жалпы адамдардын бирдиктүү түзүлүшүнө, жамааттыктын башталышын калыптандырган өз ыктыяры менен иштөөчүлүк жана демократизмге, келечекте анын мүчөлөрүнүн бирдей болуусуна милдеттендирүүсүнө негизделген[284, с. 383].

Ал эми башка серепчилердин оюнда «коопсуздук» түшүнүгү кеңири маанисинде – мүмкүн болгон бардык зыян келтирүүдөн коргонуу абалын, коркунучтуу таасир көрсөтүүлөрдү токтотууга же тосууга, ошондой эле эгер зыян келтирилген болсо, анын ордун ылдам толтурууга болгон жөндөмдүүлүктү туюнтат. Ошентип, «коопсуздук» «коркунучтан коргоонун» натыйжасы болуп саналат. Коопсуздукка умтулуу качан биз тутумдун туруктуулугуна реалдуу чакырык менен бет келгенде, аны идентификациялаганда жана коргоо тутумун куруп, ага каршы аракеттене баштаганда башталат. Эгер тутум деп биз мамлекетти түшүнсөк, анда «коопсуздук» инсандын, коомдун жана мамлекеттин жашоодогу маанилүү кызыкчылыктарынын ички жана тышкы коркунучтардан корголгондук абалы катары аныкталат.

Улуттук коопсуздуктун түзүүчүнүн бири салттуу руханий-ахлактык нукту сактоо болуп саналат. Улуттук коопсуздук өз кезегинде эл аралык коопсуздук менен тыгыз байланышкан, анткени мамлекеттин коопсуздугу эл аралык коопсуздуктун алкагында гана камсыздала алат.

ШКУнун Хартиясында, уюмдун негизги милдети катары мүчө-мамлекеттердин «үч жамандыкка» – терроризмге, сепаратизмге жана экстремизмге каршы бардык багыттарда аракеттенүүсү каралган[42]. Анын уставдык максаттары менен милдеттерди ишке ашыруу жаатындагы мындан аркы ишмердүүлүгү көп жагынан мүчө өлкөлөрдүн социалдык–экономикалык ж.б. өсүүсүнө багытталган.

Уюмдагы антитеррористтик ишмердүүлүккө өзгөчө токтолуу керек, анткени «үч жамандык» – сепаратизм, экстремизм, терроризм БАдагы негизги «тынчтыкты бузуучулар» болуп саналат. БАдагы мамлекеттердин социалдык–экономикалык жашоо деңгээлинин төмөндүгү, этникалык азчылыктар жыш жашаган анклавдар, экономикалык кризистер, көптөгөн өндүрүштөрдүн жабылуусу, соода чөйрөсүнүн коррупцияланышы ж. б. – чөлкөмдө ар кыл криминалдык элементтер үчүн жагымдуу чөйрөнү түзгөн, алардын ичинде,

терроризм да бар. Терроризмге каршы күрөшүү боюнча ишти координациялоо, эл аралык террористтик уюмдар жана алардын мүчөлөрү боюнча маалыматтарды ыкчам чогултуу жана алмашуу боюнча документке Санкт-Петербург шаарында 2002-ж. 7-июнунда ШКУга мүчө өлкөлөр башчыларынын жолугушуусунда кол коюлган[42]. Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүмдү уюштуруу жөнүндө ШКУга мүчө-мамлекеттер ортосунда макулдашылган[4].

Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүмдү (ЧТКТ) түзүү идеясын Кыргыз Республикасы демилгелеген[304,с.247]. ШКУнун Хартиясы боюнча коопсуздук алкагындагы жүргүзгөн иш чаралары тууралуу кабыл алынган документтер Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен ратификацияланган [2]. Кийин ЧТКТ жөнүндө өзгөртүүлөр да Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралып жактырылган[4].

ШКУга мүчө мамлекеттердин Коопсуздук кеңешинин катчылары ШКУнун 2002-жылдын 7-июнундагы Уставына ылайык кабыл алынган Жобо, эл аралык келишимдер ж.б. документтер аркылуу иш аракеттерин турмушка ашырат. 2019-жылдын 15-майда Кыргызстандын Бишкек шаарында ШКУга мүчө мамлекеттердин Коопсуздук кеңешинин катчыларынын 14 жыйыны болуп өткөн. Коопсуздук кеңеш боюнча жалпы маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме № 8).**

2004-ж. 16-17-июнунда ШКУнун жыйыны Ташкент шаарында өткөн, анда ЧТКТ түзүлгөндүгү жарыяланган [499]. ЧТКТ штаб-квартирасы Ташкентте (Өзбекстан) жайгашкан. Түзүмдүн башчысы үч жылга шайланат. Ар бир мүчө өлкө түзүмгө туруктуу өкүлүн жиберет.

**ШКУнун ЧТКТ (РАТС) аткаруу комитетинин төрагалары**.

**Таблица 4.2**

| № | Аты-жөнү | Өлкөнүн аты | Иштеген жылдары |
|---|---|---|---|
| 1. | Касымов Вячеслав Темирович | Өзбекстан Республикасы | 01.01.2004-01.01. 2006-жж. |
| 2. | Субанов Мырзакан Усурканович | Кыргыз Республикасы | 01.01.2007-01.01. 2009-жж. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Джуманбеков Дженисбек Мухамедкаримович. | Казакстан Республикасы | 01.01.2010-01.01. 2012-жж. |
| 4. | Чжан Синьфэн | КЭР | 01.01.2013-01.01. 2015-жж. |
| 5. | Сысоев Евгений Сергеевич | Россия Федерациясы | 01.01.2016-01.01.2018-жж. |
| 6. | Гиёсов Джумахон Файёзович | Тажикстан республикасы | 01.01.2019-азыркы учурга чейин. |

ШКУнун ЧТКТын Аткаруу комитетинин функциялары жана негизги милдеттери үч маанилүү багыт боюнча аныкталган[33]:

- оперативдүү–координациялык багыт (терроризм, экстремизм менен күрөшүүдө катышуучу өлкөлөрдүн жоопкерчиликтүү органдарынын өз ара аракеттенүүлөрү жана жолго салуулары, терроризмге каршы окууларды өткөрүүсү ж.б.);
- укуктук–эл аралык багыт (терроризм менен күрөшүү маселелери боюнча, БУУнун алкагындагы эл аралык документтерди даярдоого катышуу, БУУнун Коопсуздук кеңешине жардамдашуу ж.б.);
- маалыматтык–аналитикалык багыт (ар түдүү маалыматтарыды калыптандыруу жана толуктоо, терроризм менен күрөшүү маселелери боюнча маалыматтарды топтоо жана анализдөө ж.б.).

ЧТКТын коопсуздук чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн негизги милдеттери: ШКУнун мүчө мамлекеттери терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча берген маалыматтарын чогултат жана анализдейт, терроризмге каршы түзүмдүн маалыматтык банкын түзөт, бул багыттагы кызматташтыкты өнүктүрүү жөнүндө сунуштарды иштеп чыгат[33]. Кыскасы, ЧТКТ ШКУга мүчө өлкөлөрүнүн терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы кызматташтыгын координациялайт.

2006-ж. мартта болуп өткөн ЧТКТынын кеңешинин отурумунда ШКУнун антитеррористтик түзүмдөрүнүн 2007–2009-жж. кызматташтык программасынын долбоору талкууланган, террористтик уюмдардын жана

террористтик ишмердүүлүккө катышы бар адамдардын жалпы маалыматтар базасын даярдоо боюнча сунуштар иштелген. Отурумга катышкан Кытайдын коопсуздук министринин орун басары Мэн Хунвэй, ЧТКТ чөлкөмдүк коопсуздукту камсыздоодогу кызматташтыктын реалдуу механизми болуп калганын белгилеген. Ал «биз ЧТКТынын өнүгүү жараяндарына канааттанабыз жана ШКУга катышуучу өлкөлөрдүн мейкиндигинде коопсуздукту камсыздоо боюнча биргелешкен иштин ийгилигине ишеним билдиребиз» [499] деп жарыялаган. ШКУнун БАдагы жана дүйнө жүзүндөгү терроризмге каршы аракеттери практика жүзүндө ишке ашып жаткандыгы, анын аскердик-турукташтыруучу миссиясын алдыга жылдырат.

ШКУнун максаттары менен базалык принциптери анын Уставдык документтеринде аныкталган. Өнүгүү стратегиясын тандоодо б.а., жеке ыкчам пландарды ыраатка салуучу жалпы планда каралган: жакынкы милдет, келечектеги милдет, андан аркы иш-аракеттердин багыты. Бул стратегиянын базалык принциптери төмөнкү үч фактор менен ишке ашырылат:

- чечим кабыл алуучу тараптардын кызыкчылыктары (ЧКТК) менен;
- ааламдашуу жараян жүрүмүнө камтылган чөлкөмдүн өнүгүү алкагы менен;
- курчап турган табияттык-географиялык шарттар, аскердик-экономикалык дарамет, калктын саны, улуттук курамы жана ресурстук деңгээли ж.б.

БА чөлкөмүндө коопсуздук жаатындагы кырдаал көйгөйлүү мүнөзгө ээ, ал эми карама-каршылыктардын түйүндөрү чечилүүдөн алыс. Демек, ШКУнун (жана постсоветтик мамлекеттер үчүн ЖККУнун) алкагындагы көп тараптуу кызматташтык бардык субъекттеринин улуттук кызыкчылыктарына туура келет.

Азыркы мезгилде коопсуздук чөйрөсүндөгү кызматташтык бир нече түзүүчүгө ээ, алардын ичинен, маанилүүсү аскердик-саясий жагдайды бөлүп көрсөтүү керек. Ал биргелешкен машыгууларды уюштуруу жана өткөрүү, аскердик базаларды эксплуатациялоо, армияны заманбап куралдар менен жабдыктоо, аскердик-техникалык кызматташтык маселелерин ичине камтыйт.

Уюмда 2003-ж. баштап адамдарды кулчулукка сатууга каршы күрөшүү боюнча жылына машыгуу уюштурулат. 2006-ж. 15-июлда КЭРде эл аралык маалыматтык коопсуздук боюнча ШКУга мүчө мамлекеттердин эксперттик группасы түзүлгөн[81].

ШКУнун тарыхында 2005-ж. баштап, РФ жана КЭРдин демилгеси менен «Тынчтык миссиясы-2005» аттуу ири масштабдагы аскердик машыгуу өткөрүлгөн. Ушундан кийин мындай машыгуу ар бир эки жылда өткөрүлүп келет [535]. Аскердик машыгуулар боюнча маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме № 9)**

Дүйнөдөгү окуялар көрсөткөндөй, аскердик күч өлкөнүн жана чөлкөмдүн коопсуздугунун эң ишенимдүү элементи болуп келген. Чыгыш Евразиядагы коопсуздук көйгөйлөрүн изилдеген, профессор А. В. Болятконун пикиринде, азыркы мезгилде коопсуздуктун башка түрлөрүн: экономикалык, экологиялык, демографиялык ж.б. көрсөтүү ишке ашууда дейт[254,с.61-64]. Мындай көрсөтүү азыркы кездеги өнүгүүсү актуалдашып бара жатат. Анткени, ар бир тармакта кооптуу жагдайлардын болушу, дүйнөнүн ар бир мамлекеттинде жашаган адамдардын коопсуздугу менен байланышкан десек туура болот.

2004-ж. баштап БАда адам укуктары жана демократиялык өнүгүүгө байланышкан “түстүү революциялардын” болушу Батыш менен БАнын ыркын бачым эле кетирген. Кийинчерээк алар дагы татаалдашкан, кайрадан Россия бул чөлкөмгө таасирин жайылтууга мүмкүнчүлүк алган. Башында Россия өз таасирин ЖККУнун алкагында ишке ашырууну каалап келсе. Кийин ШКУдагы РФнын таасири улам барган сайын активдеше баштаган, мындан БАда Россия менен Кытайдын таасири тең салмактуу абалда калган. Россиянын ЖККУдагы амбициясын ооздуктоо менен БАдагы шериктештер чөлкөмдө өз таасирин сактоо үчүн ШКУдагы активдүүлүгүн арттырган. Бирок, азыркы тапта Россия ЖККУ менен ШКУнун аскердик кызматташуусун бириктирүүгө аракет кылууда. Ошону менен катар Россиянын БАда өз абалын сактоо аракети

ШКУдагы ишмердүүлүктө Кытай менен лидерлигин бөлүшүү мүмкүнчүлүгү катары кабыл алынууда[235, с.283-286].

Бул эки уюм тең (ШКУ жана ЖККУ) коопсуздук чөйрөсүндөгү бирге аракеттенүү жаатында окшош милдеттерди ишке ашырат, буга байланыштуу, кээ бир эксперттер биргелешкен күч-аракеттерди бириктирүү жана бул уюмдардын биригишине кыйла тыгыз кооперациялоо боюнча сунуштарды беришкен. Бүгүнкү күндөгү ЖККУнун иштөө механизми Россия үчүн өтө маанилүү, анткени Россиянын абалын ЖККУнун ар бир катышуучусу менен жекече макулдашууга, анан ШКУда бирдиктүү абалдан чыгууга мүмкүндүк берет деген тыянакты айтсак болот. Бул Евразия мейкиндигинде түзүлүүчү жамааттык коопсуздук тутумун кошумча камсыздандыруучу элементи, ошондой эле сырдуулукту сактоонун кепилдиги. БА аймагында жайгашкан мамлекеттер бир эле учурда ЖККУга жана ШКУга мүчө катары таанылышы биргелешип кызматташууга түртөт. 2007-ж. ШКУ менен ЖККУ катчылыгынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумга кол коюлган[24], [40]. Бул документке ылайык төмөндөгүдөй чөйрөдө кызматташуу каралган:

- чөлкөмдүк жана эл аралык коопсуздукту жана туруктуулукту камсыздоо;
- терроризмге каршы туруу жана сокку берүү;
- мыйзамсыз баңгизаттын жайылышына каршы күрөшүү;
- мыйзамсыз курал жарак сатууга бөгөт коюу;
- уюшулган трансулуттук кылмыштуулукка каршы күрөшүү;
- өз ара кызыкдар болгон багыттар боюнча кызматташууну улантуу.

Бул Меморандумдун маани маңызын анализдөөдө, эки уюмдун мүчө-мамлекеттери өздөрүнүн кызматташуусуна кедергисин тийгизген жагдайларды жоюу менен коопсуздук жана коргоону жаатында кеңири байланышты түзүүнү каалашкандыгы ачыкталган. 2008-ж. баштап өз ара кызматташуунун биринчи кадамдары ишке аша башатаган.

**ЖККУ жана ШКУнун жалпы мүнөзү жана милдеттери. Таблица 4.3**

| ЖККУнун багыты | ШКУнун багыты |
| --- | --- |

| | |
|---|---|
| Мүчөлөрү: Россия, Армения, Белоруссия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан. | Мүчөлөрү: Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Россия, Тажикстан, Өзбекстан, Индия жана Пакистан. |
| Миледеттери:<br>1.Аскердик кызматташтыктагы бириктирилген топтордун кеңейтип түзүүсүн камсыздоо же согуштук агрессияга сокку берүү.<br>2. Терроризм, экстремизм, уюшулган трансулуттук кылмыштуулукка жана баңгизатка каршы күрөшүүгө атайын даярдалган иш чараларды жүргүзүү.<br>3. Ар кандай коркунучтарды, чукул кырдаалдарды натыйжалуу жок кылуу. | Милдеттери:<br>1.Терроризмге, сепаратизмге жана экстремизге каршы туруу, мыйзамсыз баңгизат сатууну жөнгө салуу, мыйзамсыз курал жарак сатууга, уюшулган трансулуттук кылмыштуулукка жана мыйзамсыз миграцияга ж. б. көрүнүштөргө каршы туруу;<br>2. Мүчө-мамлекеттер ортосундагы саясий, соода-экономикалык, укук коргоо түзүмдөрү ортосундагы ж.б. кызматташтыгын колдоо.<br>Кызматташтыкты өнүктүрүүнүнүн негизги максаты: чөлкөмдөгү тынчтыкты чыңдоо, туруктуулукту, коопсуздукту колдоо жана камсыздоо. |
| **Аларды ишке ашырууга багытталган күч каражаттары:**<br>Туруктуу иштөөчү - ЖККУнун бириккен штабы. Тез таасирленүүчү жамааттык күч түзүмү (ТТЖК).<br>ТТЖК курамы: Уюмдун Жогорку органы Жамааттык коопсуздук совети; Өкмөт башчыларынын кеңеши; | **ШКУда күч түзүмдөрү жок.**<br>ШКУнун курамы: Мамлекеттер башчыларынын кеңеши; Өкмөт башчыларынын кеңеши; Тышкы иштер министрлеринин кеңеши; Ведомстволордун жана министрлер башчыларынын кеңеши; Улуттук координаторлор кеңеши; |

| | |
|---|---|
| Тышкы иштер министрлер совети; Коргоо министрлеринин совети; Коопсуздук советинин катчылык комитети; Уюмдун Башкы катчысы; Уюмдун бирдиктүү штабы.<br>20 миң адамдан жана аскердик техникалардан, согуштук курал жарактардан турат (ИИМдин улуттук атайын түзүм, МЧС отряды, самолет - 10, вертолет -14).<br>Жайгашкан жери Москва шаары (Россия) [471]. | Терроризимге каршы чөлкөмдүк түзүлүш; Башкы катчылык иштейт.<br>Жайгашкан жери Пекин шаары (Кытай).<br>Терроризмге каршы түзүмүнүн штаб-квартирасы Ташкент шаарында (Өзбекстан) жайгашкан [471]. |

Салыштырма ирээтинде карасак, ЖККУга кирген алты мамлекеттин төртөө ШКУга мүчө жана бирөө ШКУнун байкоочу (Белоруссия), дагы бирөө шериктеш (Армения) макамына ээ. Эки уюмдун географиялык алкагы жана функционалдык жоопкерчиликтери кандайдыр бир деңгээлде айкалышат. Экөө тең бардык эл аралык түзүмдөр менен кызматташууга даяр жана ачык экендигин билгизишкен. Эки уюмдун бири биринен айырмалаган жагдайлары:

- ЖККУга кирген мамлекеттердин географиялык алкагы Европа тарапта жайгашкан мамлекеттерге багытталса, ШКУнун географиялык алкагы Түштүк Чыгыш Азиянын кең алкагын өзүнө камтып, ишмердүүлүгү Евразия мейкиндиги менен тыгыз байланышкан.
- ЖККУнун алкагында аскердик база БАдагы Кыргызстан менен Тажикстанда жайгашкан, бул аскердик база Россиянын түздөн-түз каржылоосунда болуп, жалпы БАнын коопсуздугун сактоо максатында уюшулган. ЖККУдан айырмаланып ШКУ аскердик блок эмес, күч түзүмдөрү жана аскердик базасы БАда жок.
- ЖККУ мүчө мамлекеттердин улуттук коопсуздугун камсыздоодо бардык шарт түзүү үчүн боло турган коркунучтарды алдын алуу жана оперативдүү

таасирленүү жөндөмдүүлүгүнө жана аскердик күч түзүмүн өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга көбүрөөк көңүл бурат.

- Ал эми эки уюмдун алкагында ишмердүүлүктө терроризм, экстремизм, уюшулган трансулуттук кылмыштуулук, мыйзамсыз миграция жана баңгизатка каршы күрөшүү негизги маселе катары алардын өз ара кызматташуусуна жол ачып келет.

Эки уюмдун кызматташуусунун жыйынтыгы постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттердин бардыгын кучагына алып, аларды ар тараптан өнүгүүсүн камсыздоого аракеттер жүрүүдө. 2018-ж. 28-майда Москва шаарында КМШга катышкан мамлекеттердин терроризмге каршы борбору менен ЖККУнун ШКУ алкагындагы ЧТКТнүн ортосунда өз ара түшүнүшүү менен кызматташуу маселеси боюнча Меморандумга кол коюшкан [40]. Мындай кадам бул үч уюм (ШКУ, ЖККУ, КМШ) коопсуздук маселесин Евразия мейкиндигинде биргелешип алдын алуу жана жок кылуу боюнча ыкчам аракеттерди ишке ашыруунун башатында турат.

АКШнын Улуттук чалгын кеңешинин 2005-ж. ачыкка чыгарылган «Дүйнөлүк болочоктун контурлары – Россия жана дүйнө 2020-ж.» баяндамасында айтылган тыянактарга ылайык, дүйнө 2020-ж. карата ишенимсиздиктин барын кучагына алган сезиминин – психологиялык дагы (миграцияга, адаптацияга, жумуштуулук чөйрөсүн түзүүнүн өзгөрүүсүнө байланышкан коркунучтар), физикалык ыраатта – күчөөсүн баштан кечирет. Терроризм активдүү товар алмашуу жүргүзгөн өлкөлөрдү трансакцияны жүзөгө ашыруудагы коопсуздукка чыгымдарды кыйла жогорулатууга мажбурлап, эл аралык чыңалуунун фактору бойдон калат. Муну менен бирге ички чатактардын тутануу ыктымалдуулугу арбыйт. Америкалык талдоочулар Сахаранын түштүгүнөн орун алган Африка өлкөлөрүнөн Түндүк Африка аркылуу Жакынкы Чыгышка, Балканга, Кавказга, Түштүк жана БА аркылуу Түштүк-Чыгыш Азиянын айрым бөлүктөрүнө чейин созулган «туруксуздуктун чоң жарым айы» деп ажыратышат [126, с.123-131]. Алардын пикиринде, бул

чөлкөмдөрдөгү өлкөлөр ааламдашуунун «контурунун тышында» жайгашышкан, демек, чыр чатактын (конфликт) башталыш стадиясында майнаптуу жоюуга жөндөмдүүлүгү жетиштүү эмес дешет.

АКШнын Улуттук чалгын кеңешинин божомолдору көрсөткөндөй чынында бир катар чөлкөмдөрдө аткарылуу стадиясында турган иш-аракеттердин майда-чүйдөсүнө чейин иштелип чыккан программасы сыяктуу көрүнөт. Жакында америкалык тынчтык орнотуучу күчтөр, «Кыйратылгыс эркиндик» деген чуулуу аталышы бар операцияны өткөрүп, Ооганстанда демократиялык башталмаларды орнотуу үчүн күрөшүп жатышканына он жылдан ашса дагы, бул өлкөдөгү абалды турукташтырууда реалдуу прогресске жетишүү ишке ашкан жок. Ооганстан дүйнөдөгү баңгизаттын негизги өндүрүүчүсү, экспортёру бойдон калды. Америкалык талдоочулар көрсөткөн багытты бойлой «түстүү революциялар» кезектеше ишке ашты, терроризмдин жаңырыгы Мумбаиде (Индия) угулду, согуштук жүрүштөр Пакистанды туруксуздаштыды. Кашмир маселесинин кайрадан жанданды, Сириядагы жаңжал, Украина маселеси, анан АКШнын Ирандын дарегине карата чыныгы бейжайлануусуна кошул-ташыл болду[438].

Жогоруда сыпатталган сценарийдин ыктымалдуу мүнөзүн эске алып, «үч жамандыкты» түп тамырынан жок кылуу максатында түзүлгөн ШКУ, БАнын келечегине тиешелүү долбоорун аныктап жана аны ишке ашырууга киришип, ушул интеграциялык бирикменин коопсуздук ж.б. алкактагы уюштуруучу катары чыгуусун колдоого жана чыңдоого тийишпис.

Индия менен Пакистандын 2017-ж. Астана шаарындагы жыйында ШКУга толук кандуу мүчө катары кабыл алынышы менен уюмдун мүчөсүнүн саны сегизге жетти [511]. ШКУ азыркы формасында башка чөлкөмдүк интеграциялык уюмдарга тийиштүү болбогон бир катар мүнөздүү белгилерге ээ. Ошондуктан анын өнүгүү траекториясы Евробиримдиктин да, АСЕАНдын да моделине окшобогондугу менен айырмаланат. ШКУнун эволюциялык баскан жолуна ылайык, өзүнүн он сегиз жылдык чегинде, кайсы бир өлчөмдө

«агым» концепциясынын (spillover), интеграция теориясындагы неРФункционализмдин курамдык элементинин тыянактарын тастыктап келүүдө. «Агымдын» логикасы интеграциянын улам жаңы аймактарга жайылуусу гана эмес, анын сапаттык өнүгүүсү, же «терендөөсү» б. а., интеграциялык курулуштун төмөнкүсүнөн жогорку формасына өтүүсү керектиги жөнүндө билгизет[195, с.177].

Ааламдашып бараткан дүйнөнүн чакырыктары менен коркунучтарынын таасири астындагы БА өлкөлөрүнүн тагдырынын окшоштугу жана ынтымагы, түшүнүгү ушул өлкөлөрдүн илимий-саясий дискурсунда көбүрөөк талкуланууда. Өз коңшуларынын суу, табият, энергетикалык ресурстарынан көз карандылык абалга туш болгондугуна байланыштуу БА мамлекеттери өз ара түшүнүшүүгө жана чогуу аракеттене билүүгө үйрөнүүлөрү тийиш. Өзбекстандык талдоочу Ф.Толипов «саясий окуялар жана жашап турган шарттар бизди БАнын коопсуздугунун бөлүнгүс принциби менен чөлкөмдүн бөлүнүүчүлүгү–бул сыйышпас нерселер, ошондуктан БАР коопсуздуктун жалпы чакырыктарына беш түрдүү эмес, объективдүү бир жалпы жооп берүүгө тийиш. Буга байланыштуу жамааттык иш-аракеттер өзгөчө интеграция багытындагы биринчи маанилүү кадам болуп саналышы керек» дейт[521].

ШКУнун алкагында коопсуздук жаатында кызматташтыкты активдештирүү зарылдыгы жөнүндө абалды көптөгөн казакстандык эксперттер да колдошот. КРнын ЖККУнун Туруктуу кеңешинин ыйгарымдуу өкүлү В. Алексин "азыркы статус-квону колдонбоо, ал эми тышкы дагы, ички дагы коопсуздукка актуалдашкан коркунучтардын фонунда «жаңы региондук тартипти» куруу зарылдыгы» Борбордук Азия мамлекеттеринин кызыкчылыктарына жооп берет" дейт[246, с. 17-23]. Дагы бир Казакстандын Дүйнөлүк экономика жана саясат институтунун эксперти Е. Оразалиев «жакынкы жылдарда коопсуздук жаатындагы кызматташтык ШКУнун өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыты болуп калат» деп баа берген[480].

ШКУнун 19 жылдык тарыхый өнүгүүсүндө анын жоопкерчилик мейкиндиги кеңейген. БА улуттук жана диний кыртыштагы конфронтациядан четте калбаган, ал аз келгенсип бул маселелер жылдан жылга актуалдашып жана курчуп бараткан, полиэтникалуу жана поликонфессиялуу чөлкөм болуп саналат. Ошондуктан чөлкөмдүн өзүнүн ичиндеги бытырандылыкты жоюу, ошондой эле коопсуздук маселелеринде негизги абалды жалпы түшүнүүнү жана чечмелөөнү, жалпы чакырыктар менен коркунучтарды изилдөө мезгил талабы.

Кытай сунуштаган жана Россия менен макулдашылган, ШКУнун «Чөлкөмдүк коопсуздуктун жаңы модели» кансыз согуш мезгилиндеги эл аралык мамилелерге мүнөздүү «каршы туруу, экспансия» стилиндеги ой жүгүртүү стереотиптеринен баш тартып, доордун ааламдык жүрүмдөрүндө активдүү ыңгайлашууда, деп белгилеген кытайлык талдоочу Чэнь Синьмин [394, с.6-10]. Бул моделде, жеке мамлекеттин коопсуздугу чөлкөмдүн, керек болсо бүт дүйнөнүн коопсуздугунан ажырагыс. Коопсуздуктун салттуу концепциясы согуштар менен революциялар доорунда түптөлгөн, коопсуздук көйгөйлөрүн аскердик дипломатиянын негизде чечүү сунушталган. Ал мамлекеттик топтордун коопсуздук жаатындагы мамилелерин «нөлдүк сумма менен оюн» (анда эгер бирөө жеңсе, башкасы сөзсүз жеңилүүгө дуушар болот) катары караган. Ошондуктан бул теориянын нугунда мамлекеттердин аскердик биримдиктери менен жеке державалардын аскердик кубаттуулугунун өсүүсү толук мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Айрым бир Батыш эксперттери уюмдун майнаптуулук чен-өлчөмү боюнча «Чыгыш альянсы» эч качан «Чыгыштын НАТОсу» боло албасын ырасташып, бюджеттин өлчөмү кенен эмес, башкаруу тутуму ийге салынбаган, уюмдун демилгелерине скептицизм менен мамиле кылышат[371, с.1-10]. Ошентсе да, коопсуздук, аскердик–техникалык кызматташтык маселелери «Шанхай бештигинин», кийин ШКУнун 19 жылдык жашоосунда маанилүү орунду ээлеген. Көпчүлүк БА мамлекеттери үчүн коопсуздукка залал

келтирүүчү коркунучтар–алардын социалдык-экономикалык алсыздыгы, чарбалык жана каржылык көз карандылыгы, тыштан болгон саясий кысымга бирдиктүү каршы турууга жөндөмсүздүгү болуп саналат. Бирок, Кытай менен Россия БАны турукташтырууга кызыкдарлыгы жана өз ара пайдалуу шарттарга негизденип, чөлкөмдүн экономикасын өнүктүрүүгө көмөктөшүүсүн болжолдоого болот [508].

БАнын анын ичинде Кыргызстандын ШКУдагы коопсуздук алкагындагы кызматташтыгын кароодо төмөндөгүдөй **жыйынтыкка** токтолдук:

1. ШКУ аскердик маанидеги уюм эместигине карабастан, аймактагы коопсуздук үчүн иштиктүү аракет кылган кубаттуу эл аралык механизмге айланууда. Туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзүүнү максат кылган бул уюм, албетте, эл аралык террорчулуктун ар кандай түрүнө, жикчиликке, баңгизат соодасына ж.б. каршы күрөшүп келүүдө.

2. ШКУнун алкагында коопсуздук жаатында кызматташтыкты ЖККУ жана КМШнын алкагында активдешүүсү каралып ишке ашып жатат. Коопсуздук, аскердик-техникалык кызматташтык маселелери ШКУнун дээрлик 19 жылдык жашоосу ичинде уюмдун күн тартибинде маанилүү орунду ээлеп келет.

3. ШКУнун мүчө өлкөлөрү учурдун жаңы коркунучтарын талдоо жолу менен баратышканы, айрым өлкөлөрдүн экспансиячыл умтулууларын токтотуучу жөндөмдүүлүгүн арттырууда. Жыйынтыктап айтканда, ШКУнун алкагындагы коопсуздук жаатындагы кызматташтыкта БА анын ичинде Кыргызстан башка мүчө мамлекеттер сыяктуу эле активдүү катышууда. ШКУнун коопсуздук кызматташтыгында Кыргызстандын ээлеген орду төмөндөгү факторлор менен аныкталат: КЭРде «исламчы террорчулар болгон эң кооптуу» делген СУАР менен чектешип турушу; Кыргызстандын КЭР менен Россиянын ортосундагы коопсуздук аянтчасын камсыздоодо туруктуу жана инфраструктуралык, логистикалык аймак катары; Жакынкы Чыгыш ж.б. чөлкөмдөр менен байланыштыруучу көпүрө катары; ШКУнун коопсуздук маселесине байланышкан машыгууларга жигердүү катышуусу ж.б

## 4.2. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы экономикалык интеграциясынын өнүттөрү

ШКУ алкагындагы экономикалык интеграциянын башаты 2003-ж. 23-сентябрда ШКУнун мүчө өлкөлөрүнүн көп тараптуу соода-экономикалык кызматташуусунун программасын кабыл алынышы менен башталган. Программа ШКУнун Уставынын ШКУга мүчө мамлекеттердин узак мөөнөттүү жакшы коңшулаштык, достук жана кызматташтык жөнүндө келишиминин, ШКУнун 2025-жылга чейинки өнүгүү стратегиясынын, ШКУга мүчө мамлекеттердин Мамлекет башчыларынын кеңешинин жана Өкмөт башчыларынын кеңешинин (Премьер-министрлеринин) чечимдерине жана башка жыйынтыктоочу документтерине негизделген[42], [44]..

Уюмга кирген мамлекеттин ортосундагы тарыхый коңшулук, достук жана кызматташтык байланыштарын жетекчиликке алып, ШКУнун мейкиндигинде туруктуу өнүгүүгө, туруктуу экономикалык өсүшкө жана прогресске жетүү; ошондой эле чөлкөмдүк жана дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө салым кошуу максатында, өз ара ишенимди, өз ара пайдалуулукту, тең укуктуулукту, өз ара консультацияларды, маданий ар түрдүүлүктү урматтоону жана биргелешип өнүгүүгө умтулуу; ошондой эле тең укуктуулук принциптерин, жалпы көз караштарды издөөнү, басмырлабоону, ачыктыкты, өз ара түшүнүшүүнү жана пикирлер менен кызыкчылыктарды сыйлоону камтыган "Шанхай рухуна" таянуу менен өнүгүү каралган [57].

Программа экономикалык өнүгүү үчүн ачык-айкын, алдын-ала болжолдонгон жана туруктуу шарттарды камсыз кылуунун негизинде соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты ар тараптуу өнүктүрүүгө шартталган. Ошондой эле өз ара сооданын көлөмүн көбөйтүү жана ШКУга мүчө мамлекеттердин элдеринин жыргалчылыгын жогорулатуу жана жашоо деңгээлин көтөрүү максатында инвестициялык кызматташтыкты кеңейтүүгө багытталган[125, с.128].

Көп тараптуу соода-экономикалык кызматташуу программасында уюмдун экономика тармагындагы негизги тапшырмалары көрсөтүлгөн. Аларга соода жана инвестициядагы жардам, бажы тармагында өз ара аракеттенишүү, финансы жана салык тармагындагы, энергетика, телекоммуникация жана жогорку технологияны өнүктүрүү, агро-өнөр жай комплекси багытында кызматташуу, ошондой эле курчап турган дүйнөнү коргоо жана ичиле турган суунун көйгөйлөрүн чечүү ж. б. кирген. Программа бир нече мерчемдерге бөлүнгөн: кыска мөөнөтүн ичинде (2025-жылга чейин); орто мөөнөттүү келечекте (2030-жылга чейин); узак мөөнөттүү келечекте (2035-жылга чейин) [57].

ШКУда тышкы экономикалык жана тышкы соода ишмердүүлүктөрдү ишке ашырган министирлердин кеңешинин механизминин ичинде 7 адистештирилген жумушчу топтор аракет кылышат. Ал топтор төмөнкүдөй тармактарда кызмат өтөшөт:

- Электрондук соода (топтун жетекчилиги Кытайлыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Бажы кызматташтыгы (топтун жетекчилиги Россиялыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Техникалык стандарттар, регламенттер жана ылайык келүүнү баалоонун процедурасы (топтун жетекчилиги Казакстандыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Инвестиция (топтун жетекчилиги Тажикстандыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Транзиттин деңгээлин өнүктүрүү (топтун жетекчилиги Өзбекстандыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Энергетикалык комплекси (топтун жетекчилиги Россиялыктар тарабынан ишке ашырылат);
- Заманбап информациялык жана телекоммуникациялык технологиялар (топтун жетекчилиги Кыргызстандыктар тарабынан ишке ашырылат).

Азыркы мезгилде экономикалык кызматташуунун негизги түзүмдөрү: ШКУнун Жумушчу кеңеши; ШКУнун Банктар аралык бирикмеси; Эксперттик деңгээлдеги экономикалык кызматташуунун өз ара пайдалуу механизмдеринин оптималдуу вариантын иштеп чыккан ШКУнун Форуму болуп саналат. Программанын кантип ишке ашып жаткандыгы жөнүндөгү маалымат жыл сайын (жазуу түрүндө) ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн Өкмөт башчылар кеңешине отчёт берип туруучу уюмдун Катчылыгына жөнөтүлөт [362, с. 15].

ШКУнун экономикалык жааттагы ишмердигин артыруу максатында мүчө мамлекеттердин ар кандай министрликтеринин, түзүмдөрүнүн деңгээлинде жолугушуулар өткөрүлүп, сунуштар берилип, биргелешкен чечимдер кабыл алынып турат.

Бирок, ШКУнун негизги ишмердиги коопсуздук маселеси экендигин эске алганда, уюмдун ишмердигин иликтеген көптөгөн саясат таануучулар, окумуштуулар ШКУнун алкагында күч-аракеттерди жумшоонун чордону эмне болуп калууга тийиш: коопсуздук жаатындагы кызматташтыкпы же соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүүбү деген суроо коюшууда.

ШКУда экономикалык багыттарды параллелдүү өздөштүрүүгө көз карашын билгизген серепчи Виталий Кулик (Украина); «аскердик-саясий түзүүчүнү жана биргелешкен экономикалык долбоорлорду жуурулуштуруу ШКУну өнүктүрүү үчүн натыйжалуу майнап берет. Бул чөлкөмдөгү америкалык экспансияны токтотуунун саясий долбоору гана эмес, чөлкөмдүк интеграциянын жана кооперациянын жарамдуу шайманы дагы» деп белгилейт[453].

Кээ бир эксперттер, өзгөчө Кытайдагы, экономикалык багытта өнөктөштөр менен өз ара түшүнүшүү табуу оңой деп болжошот. Бул жерде көрүнүүчү, туюлуучу интеграциянын пайдасын көрүүгө же анын дараметтүү кемчиликтерин ачыктоочу натыйжаларга тез жетишүүгө болот [399, с. 5-12]. Бирок долбоордун катышуучулары ушунчалык түрдүү экономикалык

дараметке жана өндүрүштүк мамилелердин өнүгүү деңгээлине ээ болгон учурда гана адилеттүү жүйөөлөрдү айтууга болот.

Кытай ШКУга мүчө БА мамлекеттери аркылуу геосаясий, геостратегиялык жана экономикалык өз ара байланышты түзүү менен Евразия чөлкөмүндө каржы-экономикалык маселени чечүүдө ийгиликтүү жетишкендиктерге жетүүнү каалайт. Ошондой эле Кытай АТР аймагында экономикалык, туруктуу экспорттук өнүгүү саясатынын болушун өз таасири астында болушуна кызыкдар экендигин жашырбайт[433]. КЭР Евразиядагы интеграциялык жараяндарда активдүү катышууда, өнөктөштүк долбоорлордо жөн гана катышуучу катары эмес алдынкы жетектөөчү орунду ээлегиси келет. Мындай максаттардын бири Евразия мейкиндигинде ШКУнун Банкын түзүү идеясы менен коштолгон. КЭРдин жогорудагыдай максаты Россия сыяктуу Евразияда жайгашкан эгемендүү мамлекеттердин барынын толук колдоосуна ээ болоору күмөн. Анткени, жаңыдан өз алдынча өнүгүү жолуна түшүп жаткан мамлекеттер кытайлашуу жана юанизация саясатынын күч алышына жол берүүнү каалашпайт[425].

Евразиядагы интеграциялык жүрүмдөрдүн натыйжалуулугуна жетишүүдө Кытайдын катышуусу жок ишке ашыруу өтө кыйын. Кытай – континенталдык интеграциянын эң керектүү архитектуралык элементи катары белгилүү. Дүйнөлүк тажрыйбада экономикалык интеграциянын түшүндүрмөсү өз ара байланышы ар түрдүү транзиттик чектешкен инфраструктура менен тыгыз байланыштуу. Алар нефть-газ түйүндөрү, темир жол жана унаа транспорттук коридорлор, эффективдүү чек ара өтмөлөрү жана чек ара соода аймактары ж. б. биргелешкен элементтер. Бул жагынан алып караганда келечекте постсоветтик интеграциядагы Кытайдын катышуусу абдан маанилүү экендигин белгилесек болот.

Казакстан чөлкөмдүк борборунун божомолунда: – азыркы Кытай Азиядагы экономикалык деңгээли жогору өнүгүп жаткан ири мамлекет экендигин белгилөө менен ааламдашуу мезгилинде КЭР лидер болууга бардык

мүмкүнчүлүгү жетиштүү экенин белгилешкен. Эң ири өсүп келе жаткан аскердик күчү, болуп көрбөгөндөй экономикалык өсүшү, миллиарддаган адамдык ресурстары менен Кытай бүт дүйнөгө өз цивилизациясын жайылтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ [425].

БАга карата багытта соода мамилелерин активдештирүүгө интеграциялык жараяндын бардык катышуучулары кызыкдар. Ушул атаандаштык күрөштүн эрежелери жөнүндө жана соода өнөктөштөрдүн базарларынын ачыктык жана акыйкаттык деңгээли жөнүндө маселе ачык бойдон калууда. ШКУнун укуктук жана институционалдык базаларын өнүктүрүү жараянында аларга «ШКУ мейкиндигинде туруктуу өнүгүү жана жакырчылыкты жоюу үчүн зарыл шарттарды түзүү» максатын көздөгөн чоң дараметтүү мүмкүнчүлүктөр берилген[20].

2004-ж. 28-майда ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин соода жана экономика министрлеринин жыйыны өткөрүлүп, ШКУнун ишкерлер форумунун түзүмү түзүлгөн [57]. 2004-ж. жолугушуунун жүрүшүндө ШКУнун катышуучулары алты артыкчылыктуу багыттар боюнча биргелешип иштөө жөнүндө келишишкен: а) унаа; б) энергетика; в) электрондук байланыш; г) айыл чарбасы; д) тиричилик техникасын өндүрүү; е) жеңил жана текстиль өнөр жайы. 2020-ж. чейинки соода-экономикалык кызматташтык программасы жана аны ишке ашыруу боюнча конкреттүү иш-чаралар планы кабыл алынган. Ал 127 бөлүктөн туруп, анын ичинен 19у отун-энергетикалык комплексте кызматташуу чөйрөсүнө, 20сы – унаа чөйрөсүнө, ал эми бүткүл пландын үчтөн бирине жакыны – билим берүү, илим жана технологиялар аймагына тийиштүү болгон[432].

Ошондой эле ШКУга мүчө мамлекеттердин башчыларынын 2018-жылдын 10-июнундагы соода-сатыкты жеңилдетүү боюнча биргелешкен билдирүүсүнө ылайык, аймактагы сооданы жеңилдетүү боюнча мамилелерди иштеп чыгууну улантууну карашкан. Жогоруда праграммада каралган узак мөөнөттүү келечекте (2035-жылга чейин) планга ылайык санариптик

технологияларды киргизүү жана ШКУнун Уставында каралган товарлардын, капиталдын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана технологиялардын эркин кыймылын акырындык менен жүзөгө ашыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу дүйнөлүк атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу. ШКУга мүчө мамлекеттердин улуттук экономикаларынын санариптик трансформациясын камсыз кылуу милдети турат. Ушул максатта ШКУга мүчө мамлекеттер конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу жана ШКУнун алкагында узак мөөнөттүү максаттарга жетүү боюнча макулдашылган чараларды этап этабы менен жүзөгө ашыруу үчүн консультацияларды өткөрүшөт.

2019-ж 23-сентябрда Бишкекте ШКУга кирген мамлекеттердин Өкмөт башчыларынын жыйынында, уюмдун ишмердигине нук сала турган өтө маанилүү документтер кабыл алынган. Алар телекоммуникацияда жаңы информациялык технологияларды киргизүү, транзиттик мүмкүнчүлүктү кеңейте турган унаа, темир жолдорду салуу, гидроэлектростанцияларды куруу, экологиялык абалды жакшыртуу, мунай, газ кендерин иштетүү жана бажы тармагында бирдиктүү жоболорду кабыл алуу менен инвестициялык абалды жакшыртуу долбоорлору каралган[353, с.3].

Бул долбоорлордун көпчүлүгүндө Кытайдын Батыш аймагында жайгашкан экономикалык ишкерлик менен алектенген ишканалар активдүү катышкан. Кытай Кыргызстан менен болгон кызматташтыкта Синьцзяндын коммуникациясын өнүктүрүү жана биздин табыгый ресурстарга мүмкүндүк алуу үчүн ар кандай тармактагы иш чараларды ишке ашырып келет. Акыркы жылдарда ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан экономикалык долбоорлор Кыргызстандын жалпы илимий-эксперттик чөйрөсүндө кызуу талкууга алынууда. Кытайдын ШКУ аркылуу дагы эки тараптуу байланышынын алкагында Кыргызстанга болгон саясатынын жүзүн ачып көрсөтүү абдан маанилүү экендигин белгилешүүдө.

1990-ж. Кытай серепчилери Кыргызстан КЭРдин чөлкөмдүк шериктеши боло алган эмес, бирок соода шериктеши катары калгандыгын белгилешкен. Ал

эми азыркы мезгилде Кыргызстан БАдагы КЭРдин маанилүү соода шериктеши дегени менен "анча деле өнүкпөгөн, чөлкөмдөгү кичинекей мамлекет" [292], [337], [345], [360] катары сыпатташат. Россиянын окумуштуусу Е. В. Савкович эки өлкөнүн соода-экономикалык байланышын анализдөөдө "Кыргызстан Кытай товарларын сактоочу кампа", "инвестицияга жаратылыш кендерин (ресурс) алмашуу" шартында ишке ашып жатат деп мүнөздөмө берген[192, с.264]. Ал эми Батыш серепчилери КЭРдин Кыргызстанга карата соода, инвестиция ж.б. кызматташуусун "экономикалык экспанция" катары баа беришкен [151], [410]. Айрым АКШнын изилдөөчүлөрү Кытайдын БАга анын ичинде Кыргызстанга карата экономикалык стратегиясы Синьцзян менен соодасын өнүктүрүү үчүн чек ара жолдорун жакшыртуу максатында ишке ашырып жатат деген пикирди жазышкан[496]. Ал эми Өзбекстандын серепчилери БА анын ичинде Кыргызстанда Кытайдын экономикалык таассирдүүлүгү соода чөйрөсү экендигин тастыкташкан[494]. Жогорудагыдай пикирлер кээ бир орус, казак окумуштуулардын эмгектеринде да кездешет [110], [154] [161], [201]. Жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн баамында Кыргызстан Кытайдын заманбап Жибек Жолундагы дипломатиясын ишке ашыруудадагы стратегиялык шериктеши [431], [432], [442] дешсе, кээ бири АКШ, Батыш, Россия серепчилеринин пикирин толукташууда [413].

2019-ж. 13-июнда КРда ШКУнун жыйыны болоор алдында "Кыргыз - Кытай" бизнес форуму өткөрүлгөн. Форумдун жүрүшүндө 24 ар кыл чөйрөдөгү кызматташуу боюнча документке кол коюлган[346, с.12]. Бул форумга Бишкек шаарында 13-14–июнда өтө турган ШКУнун мүчө-өлкөлөрүнүн өкмөт башчыларынын кеңешине мамлекеттик расмий жолдомо менен келген КЭР төрагасы Си Цзиньпин катышты, ал форумда сүйлөгөн сөзүндө: "Жибек Жолунун экономикалык алкагын" биргелешип түзүү концепциясын көтөрүп чыккан соң, кыргыз-кытай мамилелери жаңы деңгээлге чыкты, өкмөттүк деңгээлде, ошондой эле эки өлкөнүн бизнес чөйрөлөрүнүн өз ара аракеттенишүүсү байкалууда. Буга байланыштуу кыргыз-кытай бизнес

форумун өткөрүү биздин өлкөлөрдүн ортосундагы соода жана инвестиция тармактарында кызматташууну кеңейтүү үчүн маанилүү роль ойнойт” деп билдирген[271, с.12-13].

ШКУнун жыйынында КРдин Президенти С.Жээнбеков “учурда ШКУнун экономикалык мазмунун өнүктүрүүдө чоң ролду Эл аралык ишкерлер кеңеш жана Банктар аралык бирикме ойноп жатат. Кызыкдар өкмөттүк түзүлүштөрдүн жана бизнес чөйрөлөрдүн интеграциялык деңгээлге ээ болгон биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга катышуусун кубаттоо зарыл. Агрардык секторлорду өнүктүрүү, экологиялык таза айыл чарба азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү, жашыл экономика – биздин биргелешкен ишмердиктин артыкчылыктуу багыттары болуп саналат”[271, с.12] деп белгиледи.

Эки мамлекеттин экономикалык кызматташтыгынын негизги багыты соода болуп саналат. 2018 ж. КЭРдин КРдеги соода жүгүртүүнүн үлүшү 30%, анын ичинде экспорт – 3,5%, импорт 39,6% түзгөн. 2014-2018-ж. аралыгында КРдин КЭР менен соода жүгүртүүсү 1,6 эсеге, анын ичинен экспорт – 1,9 эсеге жана импорт – 1,6 эсеге жогорулаган. Кыргызстан ШКУнун алкагында ар жылы өтүлүүчү ЭКСПО «Кытай - Евразия» көргөзмөгө катышат, ал эми Кытай тарап ар жылда уюштурулуучу “Ысык-Көл” эл аралык экономикалык форумунун активдүү катышуучусу болуп эсептелет [498].

2019-ж. январь-май айларында Кытай Кыргызстанга жалпы 729 млн.589,7 миң суммадагы товарды, ал эми Кыргызстан Кытайга ушул айларда 23 млн. 45,7 миң суммадагы товарды экспорттогон[459].

Кыргызстан менен Кытайдын ШКУ алкагындагы экономикалык кызматташтыгынын бир багыты инвестициялык ишмердүүлүк болуп калды [434].

**КР менен КЭРдин инвестициалык кызматташтыгы (2012- 2017-жж.):**

**Таблица 4.5.** (миң АКШ долл. менен)

| Көрсөткүч | 2012 ж. | 2013 ж. | 2014 ж. | 2015 ж. | 2016 ж. | 2017 ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Өлкө боюнча | 590 733,3 | 964 507,1 | 727 091,2 1 | 1573 243,7 | 813 960,7 | 590519,5 |
| Өсүш темпи % | 69,6 | 163,3 | 75,4 | 216,4 | 51,7 | 72,5 |
| Кытай | 141 171,6 | 468 336,3 | 221 646,2 | 474 412,2 | 301 303,1 | 269953,4 |
| Өсүш темпи % | 94,36 | 321,97 | 47,3 | 214,0 | 37,0 | 89,6 |
| жалпы бөлүгү % | 23,90 | 45,8 | 30,5 | 30,2 | 63,5 | 45,7 |

2017-ж. Кытайдан келген инвестиция 269 953,4 миң. АКШ долл. болсо 2016-ж. карата 10,4 %. аз болгон. 2012-2017-жж. жалпы анализи 2013-ж. жогору, 2014-ж. төмөн, 2015-ж. кайрадан жогорулаган, ал эми 2017-ж. төмөндөгөн. Бирок, КР Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2018-ж. Кытайдан келген инвестиция 245 млн. АКШ долларын түзгөн, 2017-ж. салыштырганда 19% га төмөндөгөн.[525]

**Экономикалык ишкерликтин түрү боюнча КЭРден КРге келген инвестиция (тыс. долл. США) [434] Таблица 4.6**

| Көрсөткүч | 2012 ж. | 2013 ж. | 2014 ж. | 2015 ж. | 2016 ж. | 2017 ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жалпы | 141171,6 | 468336,6 | 221646,2 | 474412,2 | 301303,1 | 269953,4 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба | 2045,3 | 47,1 | - | - | 180,2 | 21,7 |
| Тоо кен өнөр жайы | 4706,3 | 15729,3 | 72774,9 | 14364,5 | 47260,2 | 48512,6 |
| Кайра штетип чыгаруучу өнөр жай | 76932,9 | 149243,7 | 26872,1 | 388465,0 | 139597,7 | 134438,8 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Курулуш | 231,7 | 6585,7 | 5980,0 | 1900,0 | 695,0 | - |
| Дүң жана чекене соода, унаа оңдоо | 4804,8 | 3509,5 | 3283,2 | 3220,8 | 1878,7 | 252,0 |
| Транспорт жана байланыш | 1204,7 | 18,5 | 6,7 | 6,7 | 231,0 | 1645,9 |
| Кыймылсыз мүлк менен иштөө | 51245,9 | 279401,2 | 395,2 | 8,4 | 214,1 | 0,9 |
| ПрРФессионалдуу, илимий жана техникалык ишмердик | - | - | 112334,1 | 66429,0 | 111180,3 | 85063,3 |

Таблицадагы маалыматка ылайык акыркы жылдарда КЭРдин инвесторлорун кызыктырган тоо-кен казып алуу (54,3), кайра иштетөөчү өнөр жай (48,6); кыймылсыз мүлк менен иштөө (20,6%); кесипкөй, илимий жана техникалык ишмердик (18%) экендиги көрүнүп турат.

Ал эми 2018-ж. КРдин экономикасына келген чет элдик түз инвестициянын жалпы көлөмү 851,7 млн АКШ долл. түзгөн 2017-ж. салыштырганда 38,1%га жогорулаган. 2018-ж. Кытайдан келген түз инвестициянын жалпы көлөмү 338,09 млн. АКШ долл. түзүп, КРге келген чет элдик түз инвестициянын жалпы көлөмү эң чоң үлүш Кытай тарапка таандык (39,7%) экендигин белгилеп кетсек болот[444]. Мындан КРдин экономикасы Кытай инвесторлору үчүн белгилүү бир кызыкчылык жаратып региондор аралык биргелешкен “Бир алкак, бир жол” долбоорунун алкагында ишке ашып жаткандыгын айгенелейт. Кытайдын инвесторлору азыркы мезгилде КРдин ар бир аймагында тоо-кен казып алуу ж. б. (54,3%) иштерине абдан кызыгуусу артып жаткандыгын байкоого болот.

КЭРдин Кыргызстанга багытталган инвестиция саясаты экономикалык чөйрө менен гана токтолуп калган жок. Эми демографиялык чөйрөдөгү байланышты карасак, кытайлардын Кыргызстанга кирүүсү жылдан жылга өсүүдө. Кыргызстандын Мамлекеттик миграция кызматынын билдирүүсү боюнча 2017-ж. 14768 чет элдиктер жумуш иштөөгө уруксат алса алардын 11593ү КЭРдин жарандары. КРдин Мамлекеттик каттоо кызматынын маалыматы боюнча 2017-ж. Кыргызстанда 27566 КЭР жарандары каттодон өткөн, алардын 354 Бишкек шаарында катталган.[491] 2010-2018-жж. 268 Кытайдын жараны Кыргызстандын жарандыгын алышкан. Алардын ичинен 171 кыргыз, 72 уйгур, 9 өзбек, 6 кытай, 9 дунган жана 1 казак[491].

Эгерде КР Мамлекеттик миграция кызматынын жана Мамлекеттик каттоо кызматынын билдирүүлөрүн анализдесек, Кыргызстанда 80%га жакын жумуш квотасы кытайларга берилет, андан азы коңшу өлкөнүнүн жарандары алат. Эмне үчүн кытайларга жумуш квотасы көп берилет? Негизги себеби КР өкмөтү Кытай компаниялары менен жол куруугa, ГЭС, тоо кен ж.б. иштетүүгө ири долбоорлор аркылуу келишим түзүшкөн.

КР өнөр жай, энергетика жана кендерди иштетүү Мамлекеттик комитетинин билдирүүсү боюнча акыркы жылдардагы жалпы лицензия алгандардын саны 2500гө жетсе, алардын 70ке жакыны кыргыз-кытай биргелешкен ишкана макамын алгандар[444]. Эгер пайдалуу кендерди иштетүүдө: алтын, күмүш, мунай зат, газ, таш көмүр ж.б. боюнча 20га жакын Кытай компаниялары издөө, иликтөө жана казуу иштерин жүргүзүп келет[440].

М: Кыргызстандын Түндүк жана Түштүк аймактарында ишкерлигин жүргүзүп жаткан Кытай компанияларынын айрым долбоорлоруна токтолсок:

– Жоопкерчилиги чектелген коом (ЖЧК) «Чайна Петроль Компани «Джунда» мунай затты кайра иштетүүчү заводу Кытайдын Шеньси провинциясынын мамлекеттик Углехимиялык корпорациясы тарабынан негизделген. Кара-Балта шаарында жайгашкан, жалпы ээлеген аянты 350 га, анын ичинен өндүрүштүк аянты 70 га ээлейт: унаа- кампасы, өндүрүш тилкеси жана жашоо-тиричилик

комплекстери курулган. Азыркы кезде заводдо 600 жакын жергиликтүү жашоочулар, мындан тышкары 260 кытай жарандары иштейт[493]. Завод 13-май 2014-ж. ишке кирген. 2012-2017-жж. аралыгында тартылган инвестициянын көлөмү 42475,5 млн. сомду түзгөн[435].

– 2011-ж. ноябрда ЖЧК «Diamond Glass» биргелешкен кыргыз-орус-Кытай айнек буюмдарды чыгаруучу заводу ачылган. Заводдун жеке капиталдык салым 3,5 млн. АКШы долларын түзөт[487].

*2015–2017-жж. Сокулук районунда Кытай ишкерлери аркылуу ишке ашып жаткан долбоорлор:*

– 2016-ж. сентябрда ЖЧК «Тянь-Шань Керамик» жаңы кафель чыгаруучу завод курула баштаган. Заводдун долбоорлук кубаттуулугу 10 млн $м^2$ кафель плиткаларын чыгарат. Заводду курууга КЭР тарабынан 50 млн АКШ доллары инвестицяланган. Жалпы ээлеген аянты Военная-Антоновка айыл өкмөтүнө караштуу 18,76 га территорияны ээлейт[489].

– 2018-ж. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө караштуу Кара Сакал айылында ЖЧК «Ветпром центр» ветеринардык жабдыктарды чыгаруучу цех курула баштаган. Инвестор КЭР (01.05.2018-ж. маалыматы боюнча 60,0 млн. сом. сарыпталган) [434].

– Токмок шаарында энергетика сатуу жана тейлөө боюнча ЖЧК «ТДНЗ» ишканасы түзүлгөн. Бул ишкана Синьцзяндагы ОАО “Синьцзян эл аралык ишкерлер компаниясы” астында негизделген. Кыргызстанда энергетика тармагын жакшыртуу максатында 2009-ж. сентябрда КР Президенти жана Токмок шаардык Мэриясы менен КЭР Меморандумга кол коюшкан. Ушуга ылайык Токмок шаарында мунай зат кайра иштетүүчү завод 2012-ж. август айында пай дубалы түптөлгөн ($60 млн.), 2013-ж. 9-апрелден баштап курула баштаган[488]. Кубаттуулугу 400 000 тонна мунай зат жылына иштеп чыгарат. Ал эми 2018-ж. 1-февралдын маалыматы боюнча заводдо 127 адам иштейт, алардын 93ү КРдин жарандары жана 34ү КЭРдин жарандары.[520].

*2015-2017-жж. Кемин районунун аймагындагы КЭРдин ишкерлеринин катышуусунда ишке киргизилген долбоорлор:*

–2015-ж. Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө караштуу Чолок айылында «Датка-Кемин» (ЛЭП 500кВ) станциясы ишке киргизилген. Негизги инвестор Кытай, инвестициянын көлөмү 389,7 млн. АКШ доллары. Жооптуу аткаруучулары: ОАО «ТВЕА», ОАО «НЭСК» [518].

– ЖЧК «Алтынкен» - Орловка шаарчасы жана Талды-Булак, Чым-Булак табыгый чектери. Инвестиция көлөмү 248,0 млн. АКШ доллары. Жооптуу аткаруучулары: ОАО «Кыргызалтын» - энчисине 40%, КЭР ( тоо-кен казуучу компания «Цзы Цзинь») – энчисине 60% каралган. Фабрика 2015-ж. ишке киргизилген [486]. Жалпы аянты 250 га, алтындын запасы 80 миң тоннага бааланган[529].

*2015-2017-жж. Ысык–Көл районунун аймагындагы КЭРдин ишкерлеринин катышуусунда ишке киргизилген долбоорлор:*

– Балыкчы–Тамчы–Чолпон-Ата–Корумду унаа жолун оңдоп түздөө боюнча 4-ноябрь 2015-ж. ЖЧК «Лонг Хай» жол жана көпүрө Циандон корпорациясы менен келишим түзүлгөн. Инвестиция көлөмү (15.04.18-ж.) 2701,5 млн. сом түзгөн[450].

– Ысык-Көл районунун Кара-Ой айылында 330 га аянттагы жаңы жерлерди сугарууну өздөштүрүү. Инвестор КЭР (50 млн. сом.) [435].

– Исык-Көл районунун Тоң районуна караштуу Ак-Өлөң айылында суу чогулуучу дамба жана каналдарды оңдоо түздөө, калыбына келтирүү. Инвестор КЭР (500 млн сом), 2021-ж. чейин пландалган, учурда 516 га жаңы жер иштетилип, дагы 3565 га жерди суу менен камсыздоо күтүлүүдө.[477].

– Кытай компаниясы ЖЧК “Централь Эйжа-Тин компани» (КР геология жана минералдык ресурстар боюнча Мамлекеттик агенттиги тарабынан 2008-ж. 12-декабрда лицензия берилген № 1766 МЕ). Сары–Жаз game кенинде калай-вольфрам кенин казып алуу пландалган. Даярдык иштери жүрүп келет: кубаттуулугу 630

кВА трансформатор коюлган жана суу түтүктөрү киргизилген, 1012,0 миң. сом сарыпталган.[472].

*2015-2017-жж. Нарын аймагындагы КЭРдин ишкерлеринин катышуусунда ишке киргизилген долбоорлор:*

– Кыргыз-Кытай биргелешкен ишканасы ЖЧК «Ренессанс» (субъект СЭЗ Нарын).

– 2014-ж. Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Кочкор айылында бут кийим чыгаруучу ишкана ачылган. Ишканада 108 адам иштейт, алардын ичинен 30 адам КЭРдин жарандары, 78 адам КРдин жарандары.

– Кочкор районунда биргелешкен кыргыз-кытай ишканасы ЖЧК «Сан хе», курулушка колдонулуучу таш (барит) чыгарат. Инвестор КЭР (85560,0 миң сом [435].

– ЖЧК «Цзинь Юань» – ишкана, Кочкор районунда Арсы аймагында алтын жана жез издөө боюнча геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүп келет.

– ЖЧК «Zhong Ji Mining» – Нарын облусунуну Бучук алтын кенин казуу жана иштетүү менен алектенет[448].

– ЖЧК «Эгиз-Тор девелопинг» – Нарын облусунун Көлтөр кен чыгуучу жерди чалгындоо иштерин жүргүзүп келет [449].

– ЖЧК “Джи Эл Макмал Девелопинг” компаниясыТогуз-Торо районунун Казарман айылында жайгашкан, фабрика 2017-ж. курулуп башталган[360, с.7].

– Кытай–Кувейт биргелешкен компаниясы «Copri/sinohydro Join Venture» Бишкек–Нарын–Торугарт 272-365 км унаа жолун оңдоп түздөө менен алектенет.

– Бишкек–Нарын–Торугарт – Ат-Башы районундагы 367-539 км унаа жолун оңдоп түздөө[435]; Бишкек–Нарын–Торугарт унаа жолундагы 224 метр көпүрөнү оңдоп түздөө (Ат-Башы районунда); Бишкек–Нарын–Торугарт 532 км унаа жолундагы бажы көзөмөлүн оңдоп түздөө (Ат – Башы районунун территориясы) [434].

–КЭРдин “Синогидро” компаниясы менен КРде “Көкөмерен” каскадында ГЭС куруу жөнүндөгү долбоорду ишке ашыруу боюнча иш чаралар каралган[50].

*Кыргызстандын Түштүгүндө КЭРдин ишкерлери аркылуу ишке ашып жаткан долбоорлор:*

– ЖЧК “Кадамжай сурьма комбинаты” Кытайдын ЖЧК “Чжунтэн” кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюлган. КР Өкмөтүнүн буйругу (№ 62-б 6-март 2017-ж.) Баткен облусу боюнча КР Өкмүтүнүн ыйгарымдуу өкүлүнүн, Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясы, Кадамжай шаарынын Мэриясы тарабынан берилген уруксаат документерге ылайык кайрадан иштетүүчү “кичи завод” куруу ишке киргизилген [434].

– Кадамжай районунун Майдан айыл аймагына караштуу “Шамбесай” кен чыккан жерди иштетүүгө кытайлык «Тианди Интернэшнл Майнинг Компани Лимитед» (Tiandi International Mining Co.Limited), компаниясы 2017-ж. январда лицензия алган. Бул компания республиканын территориясында геологиялык иштерди жүргүзүп келет, жалпы 2,2 млрд. сом сарыптаган, анын 340 млн. сому мамлекеттик жана жергиликтүү бажы жана бажылык төлөмдөрүнө кеткен ( декабрь 2017ж.) [435].

– 2016-ж. Жалал-Абад облусуна караштуу Кочкор-Ата, Майлуу-Суу аймактарындагы мунай зат иштетүү үчүн ири Кытай мунай зат иштетүүчү Паньцзин шаардык башкармачылыгына караштуу “Lan Motion” компаниясы менен КР инвестициялык долбоорго кол коюшкан[417].

–Чаткал районуна караштуу Куру-Тегерек кен чыгуучу жерге кытайлык ЗАО «Кичи-Чаарат» компаниясы 2013-ж. геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү үчүн лицензия алган. Куру-Тегерек кен чыгуучу жер үчүн 10,5 млрд сом инвестицияланган, 500 жакын жумуш орду түзүлгөн.[446]

– 2018-ж. 23 апрель КР инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо Агенттиги менен КЭРдин “China Energy Reserveand Chemicals Group” компаниясы өз ара түшүнүү жана кызматташуу Меморандумуна кол коюшкан. Буга ылайык Жалал-Абад облусунда цемент чыгаруучу завод куруу $210 млн. каралган.

Заводдун кубаттуулугу жылына 1 000 -1 300 миң. тонна цемент чыгарууну пландаган [445].

Жогоруда Кыргызстандын бардык аймактарында КЭРдин ишкерлери аркылуу ишке ашып жаткан долбоорлорду анализге алган чет элдик серепчилер Кытайдын Кыргызстандагы экономикалык иш аракетин алардын ачык экспансиясы катары сыпатташкан[303],[405], [474].

Кыргызстан менен Кытайдын геосаясий жана геоэкономикалык кызматташтыгынын олуттуу маселеси эки өлкөнү бириктире турган темир жол байланышы болгон. Бул маселе 2019-ж. 13-14-июнда болуп өткөн ШКУнун Бишкектеги саммитинде каралган жана КРдин Президенти С.Жээнбеков: “Кыргызстан өзгөчө экономикалык жакка басым жасалган ШКУнун 2025-ж. чейинки өнүктүрүү стратегиясындагы милдеттерге өзгөчө көңүл бурат. Бул контекстте биз Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун куруу боюнча долбоорду тезинен ишке ашырууну кубаттайбыз”[287, с.8] деп билдирген. XXI к. долбоору катары бааланган кыргыз-кытай темир жолу КЭР тараптан демилгеленген. Анткени, 2000-ж. Кытай Кыргызстандын чек арасына чейин темир жол түйүнүн бүтүрүп ишке киргизген. Кыргызстан аркылуу курулуучу темир жолго КЭР ошол кезде ($2,5 млн.) каражат бөлүүнү болжолдогон, ал темир жол Кашгар (КЭР), Торугарт ашуусу аркылуу (кытай-кыргыз чек арасы) Ош–Анжиян (Өзбекстан) байланыштыруу пландалган.[65, л.173-174].

2003-ж. 22-июлда Москва шаарында болуп өткөн ШКУнун жыйынында КР менен КЭРдин ортосунда Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолу жана Ош–Сары-Таш–Эркештам–Кашгар унаа жолун куруу боюнча сүйлөшүүлөр жүргөн[65, л.173-174]. 2004-ж. 16-17-июнда Ташкентте болгон ШКУнун кезектеги жыйынында Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолду “Балыкчы–Жалал-Абад–Торугарт–Кытай” аркылуу куруу жөнүндө эки өлкөнүн мамлекет башчылары ортосунда сүйлөшүлгөн[74, л. 231]. 2005-ж. 5-июлда Астана шаарында ШКУнун мүчө-мамлекеттер жыйынында КРдин Президентинин милдетин убактылуу аткаруучу К. Бакиев менен КЭРдин төрагасы Ху

Цзиньтаонун жолугушуусунда да бул маселе талкууланган[56, л.147-151]. Ал эми 2006-ж. 9–10- июнда КРдин Президенти К. Бакиевдин КЭРге жасаган расмий жолдомосунда Кашкар–Торугарт–Анжыян темир жол магистралын куруунун маселелери каралган[71, л. 17-21].

Бүгүн коомчулукта бул маселе кызуу талкууланууда, анткени Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун курулушунун ишке ашпай жатышынын геосаясий жана геоэкономикалык мааниси бар. Бул ири долбоор КЭРдин геосаясий жана стратегиялык кызыкчылыгынын назарында турат. Мында Кытай трансазиялык темир жол (ТАТЖ) курулса өзүнүн Тынч океандагы порттору менен (Ляньюнган, Циндао, Тяньцзин) Түркияны байланыштырууну көздөйт. Дагы кургак жол маршрутунун түзүлүшү Кытайгадан Европага жеткирүүчү товарлардын мөөнөтүн кыскартуу менен ал товарлардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Мындан сырткары, Европага транзиттик темир жол аркылуу товарларды жеткирүү чөйрөсүндө Кытайдын Россиянын (Транссиб, БАМ сыяктуу) жана Казакстандын темир жол магистралдарына көз карандылыгы бир кыйла төмөндөйт. Кыргызстан аркылуу курула турган темир жол бул эки өлкөнүн айланып өтүү менен Кытайды Жакынкы Чыгышка чыгуусуна алтернативдүү жол ачат. Ал эми геоэкономикалык мааниси Кытай менен постсоветтик БАнын темир жол кендиги (колееясы) бири биринен таптакыр айырмаланышы жана темир жол куруудагы каржы маселеси жана жергиликтүү калктын нааразычылыктары ж.б. [409]

Натыйжада, 19 жылдан бери пландалып келе жаткан темир жол түйүнүнүн курулушу кыргыз журтчулугунда жана саясий чөйрөсүндө кытайлардын мыйзамсыз басып кирүүсүнө жол ачуу менен кооптуу жагдайларды жарат деген ой пикирлерден улам бул маселе бүгүнкү күнгө чейин кагаз бетинде кала берүүдө. КЭРдин биздин республикага экономикалык, инвестициялык алкактагы кызматташтыгынын жайылышынан улам Кытайга болгон карызыбыз 2018-ж. декабрына карата 1 млрд 719,38 миллион доллар

болсо, 2019-ж. 2 млрд доллар деп айтылган. Бул КРдин сырткы карызынын 44,9% түзөт[463]. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, 2017-ж. Кытай Кыргызстанда 574 ишканага инвестиция салган. 2013–2017-жж. аралыгында Кытайдан түз келген инвестиция 1768,6 млн долларды түздү [124]. Салыштыра кетсек, бул жылдар аралыгында РФнын Кыргызстандагы инвестициясынын көлөмү 1035,8 млн долларга жеткен[462].

**Жыйынтыктап айтканда**, изилдөөдө көрсөткөндөй азыркы мезгилдеги ШКУ алкагында Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы экономикалык кызматташтыктын негизи чөйрөсү: унаа жолдорду куруу, оңдоп түздөө, коммуникация, тоо кен тармагы, жаратылыш ресурстары, гидроэнергетика ж.б. Бирок, Кыргызстандын экономикасынын бардык чөйрөсүндө КЭР тарабынан инвестицияланган ишканалардын курулушу жана алардын ишмердүүлүгү көптөгөн таасирсиз ой пикирлерди жаратууда: Биринчиден, «демографиялык коркунуч» Кытай жарандарынын миграциясынын жылдан жылга күчөшү. Экинчиден, адамдардын жашоосуна, айлана чөйрөгө, фауна жана флора, жаныбарлар дүйнөсүнө ж. б. таасирин тийгизген экологиялык коркунуч. Үчүнчүдөн, Кыргызстандагы КЭР каржылаган ишканаларда жумуш квоталарын Кытай жарандарына берилиши жана республиканын стратегиялык маанилүү аймактарда бул компанияларынын иштеринин жайылышы. Бул ишканалардагы кытай жарандарынынын иштеши, алардын көбөйүшү, кыргыз жарандарына үйлөнүп үй-бүлөө түзүүсү, өз кезегинде биздин өлкөнүн этнодемографиялык абалына өз таасирин тийгизиши толук мүмкүн. Биздин пикирибизче жогорудагыдай жооптуу жана актуалдуу көрүнүш астейдил мамилени талап калат.

Ошону менен катар, Кытай тараптын экономикалык жааттагы активдүүлүгүн жалаң гана терс кабыл алууга болбойт. Анткени КЭРден Кыргызстандын экономикасына тартылган инвестициялар эки тараптуу жана ШКУнун алкагында мамлекеттик жана өкмөттөр аралык келишим, макулдашуу аркылуу ишке ашууда. КЭР ШКУ аркылуу жүргүзгөн саясатынын

экономикалык кызматташтыгы “Бир алкак, бир жол”, “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” долбоорунун негизинде 2013-ж. бери активдүү ишке ашып жаткандыгы белгилүү. Негизинен дүйнөлүк практикада белгиленгендей экономикалык интеграциянын ишке ашышы транзиттик чектешкен инфраструктура менен тыгыз байланышта болуп келген. БАдагы ушундай транзиттик долбоорлордун бири Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун курулушунун геосаясий ж. б. кызыкчылыктарга карабастан, тараптардын ортосунда макулдашуу, декларация деңгээлинде кабыл алынып, бирок азыркы күнгө чейин ишке ашпай, кагаз жүзүндө кала берүүсү да олутуу маселе десек болот.

## 4.3. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтыгы

ШКУдагы өнөктөштөр биргелешип иш алып баруу тармагынын бири – маданий-гуманитардык кызматташуу болуп эсептелет. Уюм алкагында бүгүнкүгө чейин бир кыйла алгылыктуу долбоорлор ишке ашты десек жаңылышпайбыз. 2019-ж. 11-12-июнь күндөрү ШКУ мамлекет башчыларынын жолугушуусунун алдында, Бишкек шаарында алгачкы жолу Кытай өнөрпоздорунун аткаруусунда “Манас” эпосу көрсөтүлдү. Кытайда жашаган кыргыз, Кыргыз Республикасынын Баатыры Жусуп Мамайдын (1918—2014) варианты боюнча даярдалган “Манас” операсын Манас баатырдын мекенине алып келип тартуулашы, кыргыз эли үчүн байыртадан бери коңшу жашап келген Кытай менен болгон алаканын жогору экендигин далилдеди[327, с.13].

КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин 2015-ж. 15-октябрда маданият маселелери боюнча жыйында жана 2018-ж. 20-мартында Бүткүл Кытай Эл өкүлдөрүнүн жыйынынын 13-съездинин жабылышында сүйлөгөн сөзүндө, Кытайдагы белгилүү маданият чөйрөсүндөгү ачылыштар жана Кытайда жашаган кичи улуттар тууралуу: “кыргыз элинин “Манас”, тибет элинин “Гэсар”, монгол элинин “Джангар” эпостору дүйнөдөгү эң чоң эпос”[327, с.13-17] экендигин белгилеген.

“Манас” эпосу бул Кыргызстан жана Кытай элдеринин жалпы маданий мурасы. Аны жеке гана Синьцзян-Уйгур автономдуу районунда жакшы көрүп, окуп, изилдебестен Кытайдын башка аймактарында дагы кызыгуу менен окушат. Кытай өкмөтү “Манасты” изилдөөгө, колдоого, манасчыларды даярдоого абдан жакшы маани берет дейт, КЭРдин КРдагы Толук ыйгарым укуктуу элчиси Ду Дэвэнь[288, с.10-14].

Ошону менен катар ШКУнун жыйынынын алдында маданий алкактагы саамалык К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде болуп өткөн. Университетте 1000ден ашуун электрондук кытай, орус жана англис тилдеринде китеп менен камсыздалган Кытай китепканасы ачылган. Ачылышка

КЭР дин ККП БК пропаганда бөлүмүнүн башчысы Ван Сяохуэй жана КЭРдин КРдагы Толук ыйгарым укуктуу элчиси Ду Дэвэнь катышкан. Ачылышта “Бир алкак, бир жол” долбоорунун алкагында ишке ашып жаткан иш чараны кубаттоо максатында Кытайдын технологияда, маданиятта жана илим билимде жетишкендиктери көрсөтүлгөн[256, с.5-11].

ШКУ алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык, уюмдун Декларациясынын кабыл алынышы менен башталган. Уюмга мүчө мамлекеттер маданий-гуманитардык кызматташтыкты өнүктүрүү зарылчылыгы, биринчи жолу 2002-ж. 12-апрелде Пекин шаарында мүчө-мамлекеттердин маданият министрлеринин жолугушуусунда кабыл алынган Декларациянын негизинде ишке ашып келет[44].. 2019-жылдын 15-майында Маданият министрлеринин 16-жыйын КРдин Бишкек шаарында болуп, анда Жибек Жолунун боюнда жайгашкан ШКУ өлкөлөрүнүн ортосундагы маданий алакаларды жана кызматташтыкты жигердүү бекемдөөнү макулдашышкан. Маданият министрлеринин иш чаралары боюнча маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме №10)**..

Маданият министрлеринин жолугушуусунда маданият жаатындагы кызматташуу жөнүндө өкмөттөр аралык макулдашууга кол коюлуп, мүчө-мамлекеттердин маданият күндөрүн, искусство ишмерлери катышкан фестивалдарды, ШКУга мүчө мамлекеттердин каада-салтын, маданий мүнөзүн чагылдырган иш чараларды өткөрүү жактырылган. Маданий-гуманитардык өз ара алмашуу Улуу Жибек Жолунун тарыхый айдыңында жайгашкан элдердин маданий мурасын сактоого жана изилдөөгө, архитектуралык баалуу эстеликтерди калыбына келтирүүгө бири-биринин кызыкчылыгына шайкеш келген иш чаралар колдоого алынаарын билгизишкен[356, с.56].

Улуу Жибек Жолу – тарыхый жактан соода-унаа жолу гана болбостон, ал өзүнүн этноконфессиялык курамы боюнча, цивилизациялык негиздери боюнча да ар түрдүү өлкөлөрдүн ортосундагы маданий көпүрө болуп кызмат кылган. Улуу Жибек Жолунун замандаштырылган руху ШКУ өлкөлөрүнүн

ортосундагы маданий жактан бирге аракеттенишүүсүнөн көрүнөт, ал төмөнкү артыкчылыктуу багыттарды ичине камтыйт:

- маалыматтык ишмердүүлүк (ШКУнун мүчөлөрү, анын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты таркатуу, мүчө-өлкөлөрдүн «оң» тышкы саясий аброюнун үстүнөн иштөө);
- билим берүү (ЕБтин Болонья жараяны жаатындагы оң тажрыйбасын үйрөнүү, Erasmus, Socrates өңдүү студенттик мобилдүүлүк программаларын түзүү, ШКУнун кадрларын биргелешип даярдоо);
- маданият (мүчө-мамлекеттер бири бирине арналган (Кытай, Россия ж.б.) маданият жылдарын өткөрүүнүн эки тараптуу тажрыйбасы өндүктүрүүдө кеңири долбоорлорду ишке ашыруу, мамлекет башчыларынын ар жылдагы жыйынынын алкагында ШКУ элдеринин фестивалын өткөрүү) [195, с. 189].

ШКУнун Координациялык коомдук кеңештин төрагасы, запастагы генерал-майор Л. И. Шершневдин сөзү боюнча, «коомдоштук сезимин» жаратуусуз Шанхай биримдиги жогортон саясий эрктин актысы менен түзүлгөн конъюнктуралык уюм бойдон гана калат да, жалпы кызыкчылыктарын жана тагдырынын жалпылыгын аңдаган элдердин биримдигине өсүп жетпейт. Шанхай бирикмеси эгерде анын кызматташтык боюнча долбоорлору адамдык капитал – БА чөлкөмүнүн ареалында жакшы багыт алса, түпкү элдердин руханий бөтөнчөлүгүн сезсе, ушул шарттардагы тышкы экономикалык, инвестициялык ишмердүүлүктүн бөтөнчөлүктөрүн туйса, ШКУнун жумушчу тилдерин биле алышкан адамдар менен чыңдалса, чоң туруктуулукка жана өзүнө тартуучу күчкө ээ болот[534].

Мындай адамдык капиталды түзүү үчүн, жогоруда белгиленгендей, маалыматтык чөйрөдө бирге аракеттешүүнү активдештирүү зарыл. ШКУ өлкөлөрүндө Шанхай бирикмесине арналган адистешкен сайттар иштей баштады, мезгилдүү басма сөздө макалалар чыгууда, тегерек үстөлдөр менен семинарлар өткөрүлүүдө. Ошентес да катышуучу өлкөлөрдүн калкынын маалымдуулук деңгээли адистер чөйрөсүнөн тышкары чыкпай, ШКУнун

ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат өтө төмөн бойдон калууда. Буга байланыштуу калктын кеңири массаларына багыт алган үзгүлтүксүз (капиталдык салымдарды талап этпеген, өндүрүштүк инфратүзүмдү түзбөгөн долбоорлордун) – б. а. семинарларды, конференцияларды, жайкы лагерлерди, интернет форумдарды, ШКУнун жана Евразиялык экономикалык форумдарды жаштар бөлүмдөрүнүн программаларын иштеп чыгуу сунушталган[44].

2019-ж. 13-июнда Бишкекте КРдин төрагалыгы астында ШКУнун Жаштар кеңешинин кезектеги 12-жыйыны болуп өттү [287, с.8].. Жалпы маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме № 11).** Анда кызматташуунун кулачын кеңейтүү боюнча долбоорлор сунушталды. Жаштар кеңеши – бул ШКУнун келечеги. Уюмга мүчө мамлекеттердин башчылары жаштар саясатын жүзөгө ашырууга олуттуу маани берет. Өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоодо 2019–2020-жж. пландарды түзүү каралган. ШКУнун алкагында орус-кыргыз, кыргыз-кытай жаштардын бизнес борборлорун түзүү айтылды. Россия «ШКУнун жаштарынын жол картасын» чыгарган, анын негизги урааны «саякат, баарлашуу, кубануу» программанын негизги милдети ШКУнун мейкиндигинде гуманитардык байланышты өнүктүрүү. ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданиятын, каада-салттары менен таанышуу үчүн атайын электрондук ресурсу (Joinpro.ru) түзүлгөн[268, с.4-8].

ШКУга кирген өлкөлөрдүн Билим берүү министрлеринин биринчи жолугушуусу 2006-ж. 18-октябрда Пекин шаарында болуп өткөн. Бул жолугушуунун алкагында билим берүү жаатында кызматташуу боюнча эксперттик жумушчу топ түзүшкөн[356, с.58]. ШКУнун алкагында илимий-техникалык кызматташтыкты ишке ашыруу максатында биринчи жыйын 4-май 2010-ж. Пекинде болгон. Бул жолугушууда негизги багыттары: айлана чөйрөнү коргоо жана жаратылыш байлыктарын үнөмдүү колдонуу, илим, билим, маалымат алуу жана үн алгы технологиялары боюнча, энергияны сарамжалдуу пайдалануу, жер титирөөнү алдын алуу, геология ж.б. чөйрөдөгү өз ара кызматташуу боюнча макулдашуу кабыл алышкан.

ШКУ алкагындагы илимий-техникалык кызматташтык Кыргызстан тарабынан колдоо тапкан[13. с.120]. Бул жаатта ШКУга мүчө мамлекеттер ортосундагы кызматташтыкка кедерги тийгизип жаткан маселелерин чечүүдө биргелешкен илимий-техникалык долбоорлорду иштеп чыгуу каралган.

Уюмдун алкагындагы гуманитардык багыттын бирден бир маанилүү жагы билим чөйрөсүндөгү кызматташууну өнүктүрүү болгон. 2007-ж. 16-августта ШКУнун Бишкектеги жыйынында талкууланган[76, л. 182]. Жыйында РФнын Президенти В. В. Путин демилгелеген ШКУнун университетин түзүү жөнүндө идеясын апробациялоо максатка ылайыктуу экендигин белгиленген [426]. 2008-ж. 21-августа Москвада ШКУнун Ишкерлер кеңешинин жетекчилиги астында «Шанхай кызматташтык уюму жана билим берүү аймагындагы эл аралык долбоорлор: ШКУ университети кандай болот?» деген эл аралык тегерек үстөл болуп өткөн [441]. Тегерек үстөлдө бул долбоордун келечегине тийиштүү түрдүү пикирлер айтылган: онлайн режиминде ШКУ өлкөлөрүнүн угуучуларына прРФилдик программаларды сунуштай турган «виртуалдуу университетти» түзүүдөн, гуманитардык жана техникалык дисциплиналардын кеңири спектрин камтыган классикалык университетти түзүүгө чейин талкуулашкан. Байкоочу-өлкөлөрдүн, т. а. Индия менен Ирандын көрсөтүлгөн университетте орус жана кытай тилдери менен тең укукта баарлашуу жана окутуу тили катары англис тилин киийрүү жөнүндө каалоолору айтылган. Кандайдыр бир мааниде, үч тилдүүлүк (орус, кытай, англис) ШКУнун байкоочулар менен кызматташтыкты активдештирүүсү каралган[441]. Ушундай сунуштарга карабай ШКУнун расмий тилдери КЭР жана РФнын (кытай, орус) кызыкчылыгында калгандыгын айта кетүү зарыл.

2019-ж. чейин ШКУ алкагында Билим берүү министрлигинин жети жолу жолугушуу болуп, илим билим жаатында бир нече алгылыктуу иштер жүзөгө ашырылган. Бул тууралуу маалыматты тиркемеден караңыз **(тиркеме №12).**

2007-ж. 5-7-июлда Бишкек шаарында болуп өткөн ШКУга мүчө – мамлекеттеринин Улуттук координаторлор кеңешинин (УКС) жыйынында

маданий кызматташууну тереңдетүү максатында кыргыз тарап Ысык-Көлдө жайкы музыка мектебин түзүүнү сунуштаган. Ал эми 2007-ж. 25-27-декабрда Пекин шаарында болуп өткөн УКСтин жыйынында келээрки жылдардагы маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташуу боюнча так иш чараларды өткөрүү каралган[[72, л.14-19].

2008-ж. август айында Тажикстанда өткөн ШКУнун жыйынында мамлекет башчылары тарабынан бекитилген «диалог боюнча өнөк» макамын алууган өлкөлөр менен алакаларын кеңейтүү кеңири келечектерди ачкан. Тил маселесинде англис тилин уюмдун расмий тили катары кийирүү, орус тилинин ШКУ өлкөлөрүндөгү абалына терс таасир кылаарын эскертишкен. Ал акырындап БА өлкөлөрүнүн саясий элитасынын ичинде өз маанисин жоготушу мүмкүн, ошондуктан, «кимдин тили күчтүү жана белгилүү болсо ошол өлкө күчтүү» деген кытайлык афоризмди эстеп, БАРда жана Кытайда орус тили менен орус адабиятын жайылтуу боюнча чаралар комплексин иштеп чыгарылып, жайылтылууда[292, с.354].

Биздин пикирибизде, ШКУ Университети алгачкы этапта «алтылык» өлкөлөрүнүн уюмдун ишинин механизмдери, бирге аракеттенишүүнүн укуктук негиздери, иштөө шарттары болуп келсе, учурда «сегиздиктин» ал же бул чөлкөмдүн азыркы абалдын өзгөчөлүктөрү жөнүндө бир кыйла терең билимге муктаждыгы болгон мамлекеттик кызматкерлери үчүн, чоң компаниялардын, дараметтүү инвесторлордун өкүлдөрү үчүн квалификацияны жогорулатуучу борбору катары иштөөсү зарыл. Көрсөтүлгөн университет мамлекеттик муктаждыктар үчүн кадрларды даярдоо маселелерин борборлоштуруп чечүүсү абдан актуалдуу.

2008-ж. ШКУ Университетинин алкагында чөлкөм таануу (регионоведение), IT – технология, нано технология, энергетика, экология багытына негизделген бирдикүү билим берүү мейкиндигин түзүү каралган. 2010-ж. ШКУ Университети мүчө өлкөлөрдүн 53 университетинде түзүлгөн [536]. Кыргызстандын бир нече жогорку окуу жайлары ушул университеттин

алкагындагы программага кирген. 2010-ж. Бишкек Гуманитардык университети, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин «регионоведение» адистиги 2010-ж. ШКУ университетинин алкагындагы магистрдик программага кирет. 2016-ж. баштап «регионоведение» адистиги ЕАЭБ алкагындагы «Евразия интеграция» программасына кирип активдүү иштеп келет.

2011-ж. 15-июнунда Астана шаарында ШКУга мүчө мамлекеттердин Өкмөттөрүнүн ортосундагы саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлган. Бул макулдашууга КР киргендиги тууралуу[14, с.3] өкмөттүн токтому чыгарылган. Саламттыкты сактоо жаатында байланыштар боюнча иш чаралар каралганы менен алгылыктуу иш аракеттер акырындык менен ишке ашууда. 2018-ж. 9–10-июнь күндөрү Кытайдын Циндао шаарында болуп өткөн ШКУнун кезектеги жыйынында негизги маселе катары саламаттыкты сактоо тармагына көңүл буруу каралган. Уюм алкагында Кыргызстан Шанхай эл аралык фармацевтикалык соода компаниясы ж. б. менен кызматташып жатат [264, с.7-11].

КРдин Президентинин Аппаратына караштуу “Мурас” фонду 2018—2019-жж. расмий Бишкек менен Бээжиндин тарых илими жаатындагы кызматташтыгын чыңдоого, байыркы доордон тартып кытай жазма булактарын калыс изилдөөгө жана эки тараптуу кызматташтыктын жемиштерин жарыялоого багытталган жаңы демилгелер менен чыккан. Бээжиндеги Коомдук Илимдер академиясы сыяктуу илимий мекемелерден колдоо тапты[454].

Гуманитардык чөйрөдөгү кызматташуу көз ирмемдик пайдаларды алып келбейт, ал узак мөөнөттүү келечекте, бир-эки муундан кийин сезилээрлик натыйжаларды берет. Интеграциялык диалогдун ушул тарабын эске албай коюу келечекте олуттуу диспропорцияларга алып келет. Ал аркылуу Кытай өз тилин үйрөнүүнү жана кытайлык салттуу маданият менен таанышууну пропагандалап жаткан «Конфуций институтунун» иштеп чыгуучулары да ушул ой-тилектерди жетекчиликке алышкан. 2004-ж. ноябрда Сеулда биринчи «Конфуций

институтун» ачуудан башталган иш аракеттер 2010-ж. сентябрына карата өз жетишкендиктери менен таасир калтырган. Дүйнөдө курстар менен окуу тайпаларынан тышкары, дүйнөнүн 46 өлкөсү менен райондорунда 108 Конфуций институту жана алардын 12 филиалдары түзүлгөн[299]. Ал эми азыркы кезде Конфуций институту 2010-ж. салыштырганда 3,5 эсеге өскөн. 2019-ж. маалыматы боюнча дүйнөнүн 162 өлкөсүндө 550 Конфуций институту жана 1172 анын мектептери ачылган [418]. Бул “Бир алкак, бир жол” долбоорунун маданий–гуманитардык алкагын ишке ашырып жатат. Конфуций институ тилди өздөштүрүүдөн тышкары, Кытай маданияттын жүзөгө ашыруучу жай болуп саналат.

Азыркы доор тил, маданият таасир этүү күчү боюнча куралдын салттуу түрлөрүнөн, таасир кылуунун экономикалык рычагдарынан ашып түшкөн башкаруунун кубаттуу каражаттары болуп калаарына жетишерлик ынанымдуу далилдерди берди. БА өлкөлөрүндөгү орус тилин колдоо программалары, орус-кытай маданий борборлору, өз ара ишеним жана өз ара түшүнүшүү атмосферасын чыңдоо миссиясына кызмат өтөшөт. Ал экономикалык, энергетикалык, коммуникациялык жана башка долбоорлор боюнча сүйлөшүү жараянынын ишке ашырууда иш алып барат.

КР Билим берүү жана илим министрлигинин билдирүүсү боюнча Кытай тили өлкөнүн бир канча жогорку окуу жайларында окутулат: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (КУУ), И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде (КМУ), Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз–Россия славян университетинде, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде, С. Нааматов атындагы Нарын Мамлекеттик университетинде (НМУ), Ош Мамлекеттик университетинде (ОшМУ), Жалал Абад университетинде, Ош технологиялык университетинде, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда жана ОшМУнун алдындагы «Билим» лицейинде[505].

Конфуций институттары КЭРдин каржылоосунда болуу менен Кыргызстанда кытай тилин, маданиятын активдүү жайылтууда. 2017-ж. ОшМУда чыгармачылык жана окуу иштери боюнча Конфуций институту эң алдынкы орунга чыккан. Кытай тараптан 800 миң доллар грант берилип, ОшМУда 600 орундуу Конфуций институту үчүн өзүнчө окуу корпусу жана 160 орундуу жатакана курулган. Азыркы кезде ОшМУ Кытайдын 52 университети менен кызматташат. ОшМУнун 250гө жакын студенттери 100дөн ашуун мугалимдери Кытайдын Шанхай, Пекин, Ланьчжоу, Сучжоу, Далян жана Үрүмчү шаарларында жайгашкан жогорку окуу жайларынан (ЖОЖ) окушуп жана тажрыйба алмашып келишүүдө[413].

Ошону менен катар Ж.Баласагын атындагы КУУда Конфуций институту 2009-ж. 14-майда ачылган. Азыркы мезгилде 6 класс, 11 кытай тилин окутуучу борборлор Кыргызстандын үч облусунда жайгашкан. Учурда 244 группа, 5687 студент кытай тилин үйрөнүүдө. Конфуций институтунда 31 адам, алардын ичинен 15 квалификациялуу окутуучу, 12-окутуучу-волонтер, 4 жергиликтүү окутуучу эмгектенет. Класстарда жана борборлордо 69 жергиликтүү кытай тилинен берген мугалимдер иштейт. 12 багыт боюнча ар кандай кружоктор бар, ага 400гө жакын студенттер катышат[275, с.4].

Кызматташтыктын алкагында ар кандай маданий иш чаралар “Кытай тилинин көпүрөсү”, “музейдеги Кытай маданиятынын күнү”, “китепканадагы түн”, “Конфуций институнун күнү” ж.б. өткөрүлүп турат. Ошону менен катар 2016-ж. 15-ноябрда “Билим - экспорт” аталыштагы кытай тилин окутуучу борбор ачылган, анын эки өлкөнүн алакасын арттыруу максатында тил жана маданий өнүгүүсүн өркүндөтүүнү ишке ашырат[532].

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Конфуций институту менен кызматташкан Конфуций класстары Кыргызстандын эки облусунун ЖОЖ ачылган. КУУнун Конфуций институту менен С.Нааматов атындагы НМУ менен 2011-ж. 3-октябрда Конфуций классын түзүү боюнча келишим түзүлгөн.

2018-ж. аягында университетте 588 студент кытай тилин окушкан 6 окутуучу эмгектенген.

КУУнун Конфуций институту менен К.Тыныстанов атындагы Каракол мамлекеттик университети менен 2011-ж. 7-декабрда Конфуций классын түзүү боюнча келишим түзүлгөн [275, с.4-8].

Мындан тышкары Ж.Баласагын атындагы КУУнун Конфуций институту менен кызматташкан Конфуций класстары Бишкек шаарындагы жалпы орто билим берүүчү мектептерде да ачылган: Алар, Ленин районуна караштуу № 2 жалпы орто билим берүү мектебинде, №68 А.Осмонов атындагы орто мектебинде, № 31, №69 мектеп-гимназияларында кытай тилдери окутулат.

КУУнун Конфуций институту республиканын аймактарында мектептер менен келишим түзгөн, алсак Токмок шаарындагы № 5 мектеп- гимназия менен 2011-ж. 13-мартта Конфуций классын түзүү боюнча макулдашкан[275, с.4-8]. Ушундай эле келишим Нарын шаарындагы №2 мектеп-гимназиясы, Каракол шаарындагы №1, № 3, № 11 мектеп-гимназиялары менен 2013-2015-ж. аралыгында кытай тилин окутуу борборун түзүү боюнча келишимдер түзүлгөн [275, с.48].

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Конфуций институнун кытай тилин үйрөнүү боюнча борборлору бар:

1. Кыргыз-кытай факультетинин түзүмү колледж, бакалавр, магистратура боюнча студенттерди даярдайт. Студенттердин жалпы саны – 1325, профессордук-окутуучулар курамы – 125.
2. Эл аралык мамиле жана чыгыш таануу факультети, 2006-ж. бери Конфуций институту менен кызматташып келет. Факультетте 641 студент окуйт анын 250сү кытай тилин окуйт, 6 жергиликтүү окутуучу, 1 кытай волонтеру бар.
3. КУУнун экономика факультети 2013-ж. бери Конфуций институту менен кызматташып келет. Факультеттин каалаган студенттери кытай тилин үйрөнүшөт.

4. КУУнун кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу факультетинин алдындагы гимназиянын 10–11-класстарында 70ге жакын окуучу кытай тилин үйрөнүшөт.
5. КУУнун Конфуций институту менен Ала-Тоо эл аралык университети 2011-ж. кытай тилин окутуу борборун түзүү боюнча келишим түзүлгөн. 2018-ж. акырында университетте 42 бакалаврда окуган студент кытай тилин окушкан. Жалпы 7 жылдын ичинде 108 бүтүрүүчү аяктаган [275, с.8].
6. КУУнун Конфуций институту менен Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университети менен 2014-ж. кытай тилин окутуу борборун түзүү боюнча келишим түзүлгөн. 2018-ж. 112 студент орус-кытай тили боюнча котормочу адистигинде окушкан.

Бул маалыматта Ж.Баласагын атындагы КУУнун Конфуций институтунун алкагында түзүлгөн класстар менен борборлор гана камтылды. Бишкекте 37 кытай тилинин курсу, жалпы республикада боюнча 65 кытай тилинин классы бар. Жалпы жонунан республикада институттар, класстар борборлор жылдан жылга көбөйүп бара жаткандыгы билинүүдө. Кытайдын илим, билим маданий алкактагы жүргүзүп жаткан иш чаралары алардын “жумшак күч” саясатын ишке ашыруунун бир механизми [247, с. 198].

2012-ж. КР Президентинин Башкаруу академиясы Кытайдын Мамлекеттик администрация академиясы менен кызматташуу жөнүндө меморандумга кол койгон. Бишкектеги № 95 орто мектеп Кытай грантынын негизинде салынып кытай тилин окутуу каралган.

Ошону менен катар эки өлкөнүн байланышынын туруктуу өнүгүүсү үчүн Кыргызстанда күчтүү илимий-эксперттик синология “мектебин” түзүү, ошону менен катар өкмөттүк түзүмдөрдө, коомдук уюмдарда, адистик бөлүмдөрдө Кытай маселеси менен алектенген адистер даярдалышы зарыл экендигине белгилешкен. [273, 38-48 с.]

Мындан тышкары Кытай маданиятын жайылтуу максатында 2016-ж. БАРдын ичинен Кыргызстандын Бишкек шаарында “Шанс” китепкана дүкөнү

ачылган. Китепкана Кытайдын саясатын даңазалаган кытай тилиндеги китептерди кыргыз тилине которуп окурмандарга тартуулоо менен кытай тилинде окуган окурмандар үчүн кызмат кылып келет. Учурда “Кыргызстан-Кытай Жибек Жолу институтун” салуу планы каралууда[413].

Акыркы мезгилдерде КР менен КЭРдин ортосундагы массалык маалымат каражаттары (СМИ) да кытай журналисттери “жумшак күч” саясатын таратууда маанилүү ролду ойнойт. Алар Кытайдын жакшы жактарын ачып көрсөтүү гана эмес, аларга болгон саясатты, мамилени жакшыртуу максатында иш алып барышат. 2015-ж. ноябрда Бишкекте “Жибек Жолу маданий өнүгүүсү” газетасын басып чыгаруу ишке ашкан. Газета Кытай тараптын каржылоосунун негизинде жума сайын кыргыз, орус тилинде 20 миң даана жана кытай тилинде 4 миң даана чыгарылат. Кытайдын саясаты, маданияты ж.б. жөнүндө кеңири маалымат камтылган газета республиканын бардык аймактарына бекер таратылат[427].

Акыркы жылдарда Кытай менен БА анын ичинде Кыргызстандын теле-радио жаатында да кызматташтык өнүгүүдө. Мамлекеттик телеканалдарда («КТРК» жана «ЭлТР») Кытай жөнүндө берүүлөр көрсөтүлөт [170, с.179], “Кытайга саякат” программасында СУАРда жашаган түрк тектүү элдер, алардын арасында кыргыздар, казактар жөнүндө жалпы маалымат көрсөтүлөт. 2017-ж. январдан баштап Кыргызстандын “Кабар” улуттук маалымат агентствосу Кытай элчилигинин каржылык колдоосу менен кытайдын «Синьхуа» мамлекеттик маалымат агенствосунун жаңылыгы үчүн атайын түйүн ачып берген.

2015-ж. 7-июлда «ЭлТР» телекомпаниясы Кытайдын Синьцзян телеканалы менен 3 жылга келишимин узарткан. “ЭлТР” каналында «Жунгого сапар» берүүсү Кытайдын экономикасынын өнүгүүсүн, маданиятынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Мындан тышкары кытай сериалдарын да көрсөтүү үчүн 2014-ж. Кытай тараптан 19,3 млн. сом грант берилген. Кытайдын телеканалдары Ош жеке телеканалы «Башат» менен да келишим түзгөн[530].

«CGTN Русский» – бул Кытай эл аралык телеканалы, берүүсү орус тилинде болгону менен Кытайдын маданиятын, искусствосун, географиясын, тарыхын, каада-салтын, технологияларынын алдыңкы жетишкендиктерин дүйнө жүзүнө даңазалайт.

ШКУ алкагындагы маданий–гуманитардык кызматташууну кароодо төмөндөгүдөй **жыйынтыктарга** келдик:

Маданий кызматташтыкта ШКУнун мейкиндигинде жашаган элдердин руханий баалуулуктарынын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, БАдагы жалпы эле дүйнөдөгү батыштык жана америкалык интеграциялык долбоорлордон айырмаланат. Эгер Батыш универсалдуу «демократиялык баалуулуктар» же «ачык дүйнө» жөнүндө айтса, анда ШКУ алкагындагы кызматташууда маданияттагы толеранттуулукту сунуштап, ар бир маданиятка этият мамиле кылууну талап катары чыгарат.

Кытайдын ШКУ аркылуу ишке ашып жаткан “жумшак күч” саясаты кызматташуунун бардык алкагында жүрүп жаткандыгы байкалат. Бирок, Кытай тараптан гуманитардык экспансия жок, анткени маданият ар башка, каада-салт, моралдык ж.б. баалуулуктар эч алмаштырылгыс. Ал эми кытай тилин үйрөнүүнү кооптуу маселе катары кабыл алуу али эрте, анткени, биздин жаштар кытай тилин үйрөнүп ар тараптуу мыкты билим алуусу зарыл. Эгер кытайлардын өзүн алсак, Пекин диалектисинде мыкты сүйлөгөн калк 5%ды гана түзөт, ал эми башка аймактарында жашаган кытайлар өмүр бою кытай тилин үйрөнүшөт жана сүйлөшөт. Бирок, учурда республикада “Конфуций институттарынын” ачылышы менен деле кытай тилин каалагандай жогорку деңгээлде мыкты өздөштүрүүсү жокко эсе. Ал эми учурда кытай тилин үйрөнүү БАда жана Кыргызстанда олуттуу болгону менен экономикалык, эл аралык мамиле алкагында сапаттуу жетишээрлик абалда тилди билген жана өздөштүргөн жергиликтүү адистер жетишсиз.

Ошону менен катар ШКУдагы маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтык бардык багыттарга жайылганы менен ишке ашпай жаткан

жагдайлар арбын. Биринчиден, илимий-техникалык чөйрөдөгү кызматташтыкта, айрыкча саламаттыкты сактоо багытындагы уюмдун ишин иликтөөгө белсенген адистердин жетишсиздиги жана биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууда тил жаатындагы кедерги тийгизген көйгөйлөр бар. Экинчиден, маданий–гуманитардык кызматташууда эки өлкөнүн атаандашчыл саясаты билинүүдө, КЭР – ШКУ Университетин түзсө, РФ – ЕАЭБ алкагындагы «Евразия интеграция» программасын түзгөн.

ШКУнун ишмердүүлүгүндө чөлкөмдүк коопсуздукту камсыздоо, экономикалык кызматташтыкты кеңейтүү, жыргалчылыкты арттыруу, заманбап сапаттуу билимди, квалификациялуу медициналык жардам берүү каралган. Уюмдун алкагында инвестициялык жеңилдиктерди алуу үчүн мүмкүндүктөрдү берүү өңдүү баалуулук орнотмолоруна багыт алган гуманитардык долбоорлордун артыкчылыгы жогорулатылса, келечектүү, ишке жарамдуу уюм болуп кала турганы жөнүндө тыянак жасоого жол берет.

# V БАП. ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ ЖАНА КЫРГЫЗСТАН: КЫТАЙ, РОССИЯ, АКШ Ж.Б. ӨЛКӨЛӨРДҮН МАМИЛЕСИ

## 5.1.Кытайдын ШКУ алкагында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстанга карата долбоорлору

XX к. аягында КЭРдин жетекчилиги дүйнөлүк жараянда өзүнүн ордун жана ролун кайра карап чыгуусу олуттуу маселеге айланган. КЭРдин биринчи кезектеги кызыкчылыгы коңшу өлкөлөр менен ынтымактуу достук мамилени түзүү менен тынчтыкта өнүгүү аракети болгон. 1990-ж. КЭРдин тышкы саясатынын эволюциялык өнүгүүсүнүн эки багыты: биринчиси– улуу державалар менен экинчиси – чек аралаш өлкөлөр менен мамиле түзүүсү көрсөтүлгөн. Кытайдын БА өлкөлөрү менен кызматташтыгы да эки баскычтан турган, биринчиси – коңшу өлкөлөр менен чек ара аймактарын демаркациялоо маселеси, экинчиси – бул өлкөлөр менен эки тараптуу расмий карым-катнаш жана биргелешкен коопсуздук чөйрөсүндө кызматташуу каралган.

СССР кулагандан кийин КЭРдин ички жана тышкы өнүгүүсү туруктуу нукка түшүү жараянына өткөн. Кытайдын тышкы саясатынын негизги концепциясы Мао Цзэдундан баштап учурдагы Ци Сзинпинге чейин калыптанып жана ишке ашышында ШКУну түзүү идеясынан тышкары аны өнүктүрүү демилгеси жашап келет. Анткени, 1949-ж. 1991-ж. чейинки мезгилдеги Кытайдын өнүгүүсү СССР тараптан ооздуктоо жана көзөмөлгө алуу болсо, СССР кулагандан кийин Кытайдын Батыш тарабындагы коңшу өлкөлөр менен гана эмес, Евразия чөлкөмүндө эл аралык кызматташууда эркин “оюнчу” катары ролун бекемдөөгө өткөн[161, с.178].

Мындай кырдаалда КЭР биринчилерден болуп өзү менен чек аралаш коңшу жашаган постсоветтик БА өлкөлөрүнүн эгемендигин тааныган. Кыска убакыт аралыгында Кытай БАР менен саясий-дипломатиялык мамиле түзүп, элчиликтерин ачкан, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык ж.б. чөйрөдө байланыштарды ишке аша баштаган. Дүйнөлүк саясатта практика көрсөткөндөй жаңыдан түзүлгөн эгемендүү мамлекеттердин ортосундагы чек

ара тилкелериндеги талаш маселе биргелешкен интеграциялык бирикме, уюмдардын алкагында ийгиликтүү ишке ашышы бүгүнкү күндө дурус жыйынтык берүүдө. Буга мисал катары КЭР жана РФ тарабынан демилгеленип БАР колдоого алып уюшулган ШКУнун ишмердүүлүгү кыска убакыт аралыгында (1996-2002жж.) КЭРдин БА өлкөлөрү менен чек ара маселесин чечүүгө жетишкендигин алсак болот.

1990-ж. башындагы Пекиндин тышкы саясатынын башкы максаты – өз айланасында ыңгайлуу эл аралык чөйрөнү түзүү менен социалдык-экономикалык реформалардын ийгилигин камсыз кылуу үчүн КЭРдин чек арасынын бардык тарабына "туруктуулук алкагын" түзүү болгон. Ошол эле мезгилде КЭРдин тышкы саясаты өтө этияттык жана ийкемдүүлүк менен айырмаланган; ал Кытай реформаларынын патриархы Дэн Сяопин тарабынан иштелип чыккан "24 иероглиф (белги)" концепциясына негизделген. Чындыгында, бул дүйнөдөгү (анын ичинде постсоветтик мейкиндиктеги) кырдаалдын белгисиздигин эске алып, мүмкүнчүлүк берген "күтүү стратегиясы" болгон [286, с. 172-175].

XX к. аягы XXI к. башында ШКУнун уюшулушу менен КЭРдин тышкы саясатында "күтүү стратегиясы" аяктаган. 2017-ж. ККПнын XIX съездинде Кытайдын 2050-ж. чейинки жер жүзүндө улуу державага айлануу мерчемдери каралган. Кытайдын тышкы саясатынын кубулуп турушу - Дэн Сяопин концепциясы боюнча “өз мүмкүнчүлүктөрүн жашыруу, көмүскөдө кармоо” болсо, Цзян Цзэмин менен Ху Цзиньтао мезгилинде “гегемонизм”, “дүйнөлүк капитализмди” таптык түзүлүштү сындап, “гармониялык дүйнө” чөлкөмдүк, ааламдык активдүү тышкы саясатты ишке ашыруу болгон. Ал эми КЭР төрагасы Си Цзиньпин мезгилинде “Кытай кыялы”, “Бир алкак, бир жол” демилгеси, “эки жакка тең пайда” ж.б. концепциялары дүйнөнүн бардык булуң бурчтарына “жумшак күч” саясаты аркылуу кеңири тарала баштаган[161, с.23-24].

Кытайдын тышкы саясий өнүгүүсү жаңы стратегиясы максималдуу прогматизми менен айырмаланат. ККПнын Уставында жана Конституциясында КЭР абдан өнүккөндө да державалыктан жана гегемонизмден баш тартаары айтылган. Кытайдын тышкы саясатындагы бардык аракеттери жалгыз критерий менен чечмеленет – ал экономикалык өнүгүү жана Кытайдын жалпы кубаттуулугунун өсүшү. Мындан башка максатты көздөгөн эл аралык окуялардан Пекин өзүн алыс кармайт. Кытайдын акыркы он жылдыктардагы өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп, өлкөнүн дүйнөлүк экономикага активдүү кириши, чөлкөмдөшүү жана ааламдашуу жараяндарга катышуусу болуп саналат. Активдүү тышкы саясат экономикалык реформанын жетишкендиктерине, өлкөнү модернизациялоого алып келет. Бул күч колдонуудан баш тартуу гана эмес, дүйнөдө жана чөлкөмдүк денгээлде тынчтыкты сактоо болуп саналат. Кытай өкмөтү мамлекеттик кызыкчылыктарды натыйжалуу коргоону жана кеңейтүүнү башка өлкөлөр менен кызматташтык жана эл аралык уюмдардын ишине жигердүү катышуу аркылуу жетет [337, с. 18-32].

Үчүнчү муундун башкаруучусу Цзян Цземин 1993-ж. КЭРдин төрагалыгына келген. Өзүнүн саясатында Дэн Сяопин баштаган реформаларды тышкы ачыктык саясатын уланткан. Цзян Цеминдин убагында КЭРдин экономикасы дүйнөлүк рынокто жетинчи орунга чыккан. Цзян Цземиндин мезгилинде Кытай БДСУ (ВТО) 2001-ж. мүчө болуп кирип, өзүнүнүн экономикалык жана аскердик дараметин бекемдеген. Ошону менен ал Кытайдын Батыш коңшу мамлекеттер менен чек ара маселелерин жөнгө салууга жол ачкан [335, с.45-49].

2002-ж. ноябрь айында ККПнын XVI сеъзди болуп, анда Цзян Цзэмин ККПнын башкы катчысынан кетип, анын ордуна 59-жаштагы Ху Цзинтао шайланган. Ху Цзинтао өз учурунда мамлекетти башкаруу боюнча бир канча теория жана концепцияларды кабыл алган. XXI к. башында КЭРдин дүйнөлүк саясаттагы ролу өсө баштаган. Ху Цзиньтаонун башкаруу учуру “пассивдүү

саясаттан активдүү саясатка өткөн учур” деп аталган. КЭРдин багыттары катары чек арадагы стабилдүүлүк, дүйнөдөгү “Кытай коркунучу” деген имиджин жоюу жана эл аралык мамилелерде конструктивдүү ролду аткаруусу болгон [12].

Ху Цзинтаонун “Гармониялуу дүйнө теориясы” 2005-ж. БУУнун 60-жылдык маарекесинде белгиленип, анын маани маңызы “Гармониялуу Азия” жана жалпы “Гармониялуу дүйнөгө теориясына” биригүү, бардык мамлекеттер бир максатты көздөп, экономиканы алдыга жылдыруу, биргелешүү идеясын көтөргөн[12]. Гармониялуу дүйнө жөнүндө анын баяндамасы эки бөлүктөн турган. Биринчисинде теориянын маңызы менен мазмуну жана аны ишке ашыруу боюнча иш чаралар түшүндүрүлгөн, ал эми экинчисинде Кытайдын ошол жараянда ойной турган ролу жөнүндө айтылган.

КЭРдин ошол кездеги максаттарын жана өлкөнүн тышкы саясатын ишке ашыруу аракети Ху Цзиньтаонун 2006-ж. апрелдеги Йель университетинде (АКШ) сүйлөгөн сөзүндө угулган. Ал Кытай философиясынын улуттук баалулуктарына токтолуп, ар бир мамлекет улуттук баалуулуктарынын негизинде гана концепция кабыл алса, ал концепция өз максатына жетет деп белгилеген[359, с. 39-44]. Кытайлык цивилизация дайыма социалдык гармонияга, биримдикке жана өз ара жардамга чоң маани берген, эми болсо Кытай гармониялуу коомду курууга киришүүдө деп жарыялаган. Мында КЭРнын жетекчиси Ху Цзиньтао “кытайлык цивилизация дайыма коңшулары менен жакшы мамилелерге көңүл бөлгөн, бардык өлкөлөр бири-бири менен гармонияда жашоосуна умтулган. Биздин күндөрдө Кытай тынчтыкты, өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн чыгат, өз ара пайданын кызыкчылыгындагы ачыктык стратегиясын карманат, «башка цивилизациялардын жетишкендиктерин кызматташтык аркылуу тынчтыкка жана өнүгүүгө жетүү үчүн колдонууга умтулат, гармониялуу дүйнөнү, узак туруктуу мамилелерди жана жалпынын бардарчылык жашоосунун гүлдөөсүн курууда өз ролун ойноого умтулат»[12] - деген.

Ху Цзиньтаонун «Гармониялуу дүйнө теориясы» өз убагында КЭРдин ички жана тышкы өнүгүүсүндө позитивдүү идеялардын жыйындысы гана болбостон, коңшу мамлекеттер менен кызматташуусунда майнаптуу ийгиликтерге жетишкендиги менен айгинеленген.

Казак окумуштуусу М.Т.Лаумулин Кытайдын төртүнчү муундагы жетекчилеринин БА менен чектешкен Тибет жана Синьцзян аймагында жүргүзгөн саясатына мүнөздөмө берип, Кытайдын мурун болуп көрбөгөндөй экономикалык өсүүсү Пекиндин геосаясий жана тышкы саясатынын активдешүүсү демилгеленип жаткандыгын айгинелейт. Факт жүзүндө Кытайга төртүнчү муундагы жетекчи саясатчылардын келиши Кытайдын тышкы саясатындагы көтөрүлүүсүн ачык эле жарыялаган жараян башталды. Кытай үчүн ШКУнун түзүлүшү БАга стратегиялык жолду ачты жана чөлкөмгө анын дипломатиясынын жиреп кирүүсү болду. Учурда ШКУ Кытай үчүн коопсуздук механизими аркылуу БА өлкөлөрүнүн бардык ишине катышууга мүмкүнчүлүк алуу менен өз үчүн ар тараптуу байланыштын негизин түзүүдө. Мындан тышкары ШКУнун уюшулушу менен Россия жана Кытай БА үчүн болгон тирешүүдө стратегиялык келишүүгө (компромисске) барып, стратегиялык баланcты түздү, бул чөлкөмдө бири-биринин кызыкчылыгын таанып жигердүү стратегиялык кызматташууга өттү. Батыш ММК эки мамлекеттин жогорудагыдай кызматташтыгын чөлкөмгө АКШ жана НАТОнун таасирин киргизбөө үчүн жасалган аракети экендигин билгизген[153, с.158].

КЭРдин «бешинчи муундагы» башкаруучусу 59 жаштагы Си Цзиньпин 2012-ж. 15 ноябрында ККПнын төрагасы болуп шайланган [286, с.172]. Анын мезгилинде Кытайдын тышкы саясаты жаңы идеологиялык өнүгүүгө багыт алган. Кытайдын улуттук музейинде “Кайра жаралууга жол” деген көргөзмөдө КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин биринчи жолу “Кытайдын ой чабыты” идеясын жактырган[185, с.306]. Алгач бул ички алкакта “кытайлык өңүттөгү социализм” идеясына альтернатива катары гана кабыл алынганы менен бир жылдан кийин бул дүйнөлүк коомчулукка Кытайдын саясий концепциясы катары

жарыяланган. Бул концепция негизинен үч негизги элементтен турат. 1) күчтүү жана бай мамлекет; 2) улуттук кайра жаралуу; 3) бүткүл элдик бакыт [507], [515]. Бул концепция 2012-ж. ноябрда «Оучжоу шибао" газетасына жарыяланган [497]. Кыскасы концепция Кытайдын бай, күчтүү, демократиялык, цивилизациялык жана гармониялык модернизацияда социалдык мамлекет болуп өнүгүүсүнө жол ачат. Бул теориянын негизинде 2049-ж. чейин стратегиялык пландар кабыл алынган. 2013-ж. чет өлкөлүк журналистерге берген маегинде Си Цзиньпин "Кытай Эл Республикасы өз максатын туура тандаган, буга чейин да өнүгүп келген мындан кийин да өнүгө берет деп жооп берип, бул концепция элге пайда гана алып келет коркунуч эмес деп түшүндүргөн"[466].

2013-ж. Си Цзиньпин 28 жолу чет өлкөгө, 5 континентти кыдыруу менен, 56 өлкө жана ири эл аралык жана чөлкөмдүк уюмдардын жайгашкан шаарларына барган[465]. Окумуштуулар белгилегендей, буга чейин КЭРдин бир да лидери кыска мөөнөттө дүйнө жүзүнө мынчалык көп дипломатиялык сапар жасаган эмес. Мындай иш аракетти дүйнөлүк коомчулук Си Цзиньпиндин биринчи төрөгалык мөөнөтүндөгү тышкы саясатты жаңы доордун башталышы деп белгилешкен. Ал тышкы саясатка жаңы төрт идея киргизген: улуу державалардын мамилелеринин жаңы түрү, улуу державанын дипломатиясында Кытай спецификасы, жаңы ааламдык коомду бирдиктүү тагдырын түзүү жана эл аралык мамилелердин жаңы тиби[9].

Азыркы учурда Си Цзиньпиндин башкаруусунда кытайлар бул кайра жаралуунун активдүү фазасы, дүйнөдө татыктуу оордун ээлөөнү баштан кечирүүдө дешет. Бул кайра жаралуунун мыйзам ченемдүү жыйынтыгы кытайдын кыял-тилектерин турмушка ашырууда 2049-ж. чейин КЭРдин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдыгына арналган маарекени белгилөө каралган[9].

Ошондой эле кноцепцияда "Кытай ой-тилеги", "Улуу Кытай улутунун кайра жаралуусу" Улуттук кайра жаралуу" жана "Бакыт баарына жана ар бирине" идеялары камтылган. КЭРдин тышкы саясаттагы бүтүндөй

тынчтыкчыл мүнөзүнө карабастан, Кытай Си Цзиньпин тушунда өзүнүн байыркы замандан берки укуктарын бузууга эч кимге жол бербей тургандыгын чечкиндүү ишке ашырууда. Ошентип, Кытайдын эгемендүүлүгү тууралуу Си Цзиньпин төмөнкүлөрдү айткандыгын белгилей кетүү маанилүү: “Биз тынчтык жол менен өнүгүүнү карманышыбыз керек, бирок эч качан өзүбүздүн мыйзамдуу укуктарыбыздан жана улуттук кызыкчылыктардан баш тартпайбыз. Бизди өзүбүздүн түпкү кызыкчылыктарыбызды соодалайт деп эч ким эсептебеши керек, биздин эгемендүүлүгүбүзгө, коопсуздугубузга жана өнүгүү кызыкчылылыктарга зыянын тийгизүүчү аракеттерге каршы чара көрөбүз”[9].

Кытайдын «Бир алкак, бир жол» концепциясы 2013-ж. сентябрь-октябрь айында КЭРдин төрагасы Си Цзиньпиндин Казакстан жана Индонезияга жасаган расмий жолдомосунда биринчи жолу жарыяланган[322, с. 100]. Бул идеологиянын негизи тышкы дүйнөгө кытайлардын ой мүдөөсүн жайылтууга белсенген «Бир алкак, бир жол» концепциясын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү зор экендиги белгиленген. «Бир алкак, бир жол» - эки долбоорду ичине камтыган: биринчиси, «Жибек Жолунун экономикалык алкагы» экинчиси, «XXI кылымдагы деңиздик Жибек Жолу». Бул эки долбоор евразиялык мамлекеттердин интеграциялык өнүгүүсүнө багытталган. «Жибек Жолунун экономикалык алкагы» үч трансевразиялык экономикалык өткөөлдөрдү камсыздайт:

1) Түндүк тарабы КЭРдин Борбордук Азия, Россия жана Европа өлкөлөрү менен байланышын камсыздоо иш аракеттери.

2) Борбор тарабы КЭРдин Борбордук, Батыш Азия, Персия булуңу жана Жер Ортолук деңизинин аймактары менен кызматташтыгын камсыздоо.

3) Түштүк жагы, Кытайдын Түштүк-Чыгыш, Түштүк Азия жана Инд океан аймактары менен байланышын камсыздоосу каралган[502, с.32-36].

2013-ж. баштап “Кытай ой чабыты” жалпы кытайлык идея катары дүйнө жүзүнө жайыла баштаган. Бул долбоордун ишке ашышы ШКУга мүчө – мамлекеттердин жылда болуучу жыйындарында колдоого алынып, кубатталып

келет. Бирок ШКУга мүчө мамлекеттер арасындагы айрым көз караштар (Кытай, Россия ж.б) бул уюм аркылуу “Кытай ой чабыты” ишке ашуусу күмөн деген ойду айткандар да кездешет[330, с.267].

2017-ж. башында КЭР төрагасы Си Цзиньпин Давос эл аралык форумунда «бир тагдырдагы дүйнөлүк жамааттын» (*«жэньлэй минюнь гунтун ти» –кит.)* түзүү идеясын демилгелеген. Мындай билдирүү Россиянын окумуштуулары тарабынан «келечекти басып алуу», КЭР дүйнөдүгү жаңы системаны түзүү менен АКШдан дүйнөлүк лидерликти алууга белсенип жатат. Си Цзиньпиндин ой сезими боюнча, бүгүн дүйнөлүк экономиканын ааламдаштыруу мүмкүнчүлүгүнөн баш тартпоо керек, ага адаптациялануу керек деген ойун ачыктаган. Ошону менен катар КЭР демилгелеп жаткан “Улуу Жибек Жолу” долбоору ШКУ өлкөлөрүнүн чегинен чыгып практика жүзүндө бардык Азияны каптап, Евразия континентинин бардык чөлкөмдөрүнө жайылат. Пекиндин учурдагы соода-экономикалык жана аскердик-саясий чөйрөдөгү ишмердиги БРИКС жана ШКУдагы ишмердүүлүгүндө активдүү экендигин айгенелешкен. “Бир алкак, бир жол” трансулуттук демилгесин ишке ашырууда Батышка каршы туруууда РФнын ынанымдуу шериктеши экендиги белгилешкен [174, с.116].

Азыркы учурда бул долбоор Россия тараптын колдоосуна ээ болууда. 2019-ж. 13-14-июнда болуп өткөн ШКУнун 19-саммитинде РФнын Президенти В Путин “Биз ШКУга мүчө мамлекеттер менен экономикалык жааттагы байланыштарды чыңдоодо “Бир алкак – бир жол” долбоорун дагы колдонуп, кызматташууну мындан ары өнүктүрүшүбүз керек”[416] деп белгилеген.

Кытай изилдөөчүсү Сунь мындай жазган: «Жибек Жолун калыбына келтирүү кытай элинин кайра жаралуусу менен байланыштуу анткени, ал “Кытайдын арзуусу” концепциясынын негизги ядросун түзгөн. 2000 ж. мурун Жибек жолу 7 миң км. узундуктагы (анын ичинен 4 миң км. Кытайдын территориясында) Борбордук жана Түштүк Азия, Африка, Европа өлкөлөрүнүн ортосунда экономикалык жана маданий карым катнаштын болушуна салымын

кошкон. Ошентип Жибек Жолу – бул дүйнөлүк аренада маанилүү ролду ойногон, күчтүү, туруктуу өнүгүп жаткан Кытайдын белгиси. Ошондуктан Жибек жолун калыбына келтирүү – бул кытай улутунун кайра жаралуусунун бир бөлүгү, мындан КЭРдин ой мүдөөсүнүн негизин билсе болот”[533].

Азыркы мезгилде “Бир алкак, бир жол” долбоорун ишке ашырууда Шанхайдын өзүндө эле 90 мамлекеттик илимий-техникалык борборлор иштеп жатса, 50 жакын борбор, 30дан ашуун илимий лабораториялар курулуп ишке берилүүсү күтүлүп жатат. Кытайда жалпы жонунан долбоордун алкагында 550 инновациалык өндүрүштөр түзүлүп, инновациалык шаарлардын саны 45ке жеткен [515].

Кытай ШКУ мамлекеттеринин интеграциялык өнүгүүсүн Улуу Жибек Жолун жандандыруу менен БАдан Персия булуңуна чейинки транспорт коридорун турмушка ашырууну сунуштап келет. Мындай идеянын демилгечиси КЭР төрагасы Си Цзиньпин БАРдын ар бири менен транспорт магистраль жолдорун куруу долбоору боюнча ондон ашуун келишимдерге кол коюп, миллиарддаган доллар инвестициялаган[447]. Азыркы мезгилде Кытай тарабынан БАга багытына 87 транспорт маршруттары, анын ичинен 43 жүргүнчү ташуучу, 44 жүк ташуучу автоунаа маршруттары бар. Эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде КЭР менен БАРдын ортосунда унаа жолдору курулуп колдонууга берилген. Алар Ляньюньган (Цзянсу провинциясы) – Сиань–Хоргос (СУАР) Е 40 трассасына чыгат, Кытай–Тажикстан, Тажикстан–Кыргызстан; Тажикстан–Өзбекстан жолдорун байланыштырат. Негизги жүк ташуучу агын чек ара өтмөктөрү Торугарт аркылуу (кытай-кыргыз чек арасы), Эркештам (КЭР, Кыргызстан жана Тажикстан кездешкен чек арасы), Кульма-Карасу (кытай-тажик чек арасы) аркылуу өтөт. Кытай булардан тышкары жакынкы арада БАРды өзүнүн Батыш райондору менен байланыштыруучу 12 автоунаа жолдорун курууну ишке ашырып жатат. ШКУ алкагында да бир нече автоунаа жолдорунун долбоорлорун өнүктүрүү каралууда. Мындай долбоорлорго Ташкент–Чымкент

–Тараз–Бишкек–Алмата–Хоргос жана Астрахань–Атырау–Актау аркылуу Түркмөн Республикасынын чакарасына чейинки жолдордун реконструкциясы кирет [452], [473].

“Бир алкак-бир жол” долбоору БА, Африка жана Европанын 60 тан ашуун мамлекеттерин Кытай менен байланыштырып, экономикалык, транспорттук коридорлорду, жаңы соода жолдорун түзүүгө, өнүктүрүүгө арналган эл аралык демилге болуп саналат[515]. КЭРдин жетекчиси Си Цзиньпин Жибек Жолунун экономикалык алкагын түзүү демилгесине Кыргызстандын катышуусу маанилүү экендигин белгилеген. Кытай мындан ары да Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө жардам берүүнү улантаарын белгилеп, Кыргызстан үчүн Кытай негизги экономикалык өнөктөш мамлекет деп саналаарын айткан [339, с.1-2].

Жергиликтүү серепчилер: “Бир алкак-бир жол” долбоорунун алкагында эки мамлекеттин, элдин алакасын бекемдөөгө, чыңдоого өз салымын кошо турган мыкты иш-чараларды аткарууга толук мүмкүнчүлүктөр түзүүсү маанилүү. Ошондуктан, ар бир долбоор элге ачык-айкын жарыяланып, кылдаттык менен майда-баратына чейин изилденип, жоопкерчилик менен аткарылышы керек. “Бир алкак-бир жол” долбоорунун алкагында уюштурулган иш-чараларга терең маани берүү менен бирге, ал аркылуу пайда болгон мүмкүнчүлүктөрдү туура колдонуу заман талабы. Албетте элдин, улуттун кызыкчылыгы биринчи орунда болуусу керек дешет[321, с.12].

КЭРдин саясатындагы БАга анын ичинде Кыргызстанга багытталган үч максатын көрсөтүүгө болот: 1) уйгур сепаратистери үчүн республиканын территориясынын база катары кызмат өтөөсүнө бөгөт коюу. 2) транспорт коридорун Кыргызстан аркылуу куруу долбоорун колдоо. 3) Кыргызстан аркылуу чөлкөмгө Кытайдын соода кызматташтыгын демилгелөөсү, Кыргызстан аркылуу КМШ мамлекеттерине Кытай жарандарынын жер которуусунун активдешүүсү (анкени КР менен КМШ мамлекеттер ортосунда визасыз тартип киргизилген).

Кыргызстан 2019-ж. "Кытай – Борбор Азия кызматташтыгы" деген форумуна катышып, анын алкагында бир катар маанилүү жолугушууларды өткөргөн. Анда айыл чарба, маданият, туризм, спорт сыяктуу маанилүү тармактардагы кызматташуулар боюнча сүйлөшүүлөр болгон[492].

6-декабрь 2019-ж. КЭРдин Тышкы иштер министрлигинин өзгөчө тапшырмаларды аткаруу боюнча элчиси Юэ Бинь “Бир алкак – бир жол” долбоорун бирге куруу Кыргызстан үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү ачат” аттуу теманын алкагында Кыргызстандын журналистери менен жолугушкан. Бул иш чарада ал Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда соода- экономикалык кызматташууда айыл чарба азыктары өзгөчө орунда экендигин белгилеген. 2018-ж. эки өлкөнүн ортосундагы товар жүгүртүү 5,6 млрд. ашкан. Бул эки тараптуу мамилелердин алгачкы жылдарына салыштырганда 150 эсеге көп болгон[252, б. 8]. 2019-ж. сентябрында Кыргызстан менен КЭРдин ортосундагы товар жүгүртүү 6%га 4,4 млрд АКШ долларына өскөн. Кытай көп жылдан бери Кыргызстандын экономикасындагы ири инвестор катары белгилүү. Муну менен катар маданий-гуманитардык кызматташтык алакалары медицина, билим берүү, туризм ж.б. тармактарда бекемделүүдө. 2018-ж. 4,6 миңден ашуун кыргыз студенттери Кытайда билим алууда[252, б. 8].

КЭРдин БАдагы анын ичинде Кыргызстанга карата максаттары менен кызыкчылыктарын ШКУнун алкагында кызматташтыктан күтүүлөрүн сыпаттоо үчүн Кытай бул өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө максималдуу көмөктөшө турган тышкы саясатты жүргүзө тургандыгын так түшүнүүсү керек.

Россиянын окумуштуусу Е. П. Бажанов, Кытайдын XXI кылымда улуу дөөлөт болуу саясатынын абалын жана ишке ашышы тууралуу анализ берүүсүндө, анын тышкы дүйнө менен болгон байланышы өзгөчө коңшу мамлекеттерге болгон мамилесинде өтө этиятуулук аракетин баамдаган[97]. Ал эми Е.Н. Румянцев, XX к. аягынан азыркы Си Цзиньпиндин мезгилинде постсоветтик мезгилдеги кытай-орус мамилелери ШКУ алкагында жакшырып,

Кытайдын дүйнөлүк таасиринин таралышы БА мамлекеттеринде күн санап өсүп жаткандыгына сереп салган[189].

АКШнын серепчилеринин бири Ариэль Пабло, ШКУнун айланасындагы жүрүмдөрдү көзөмөлдөө механизмди иштеп чыгууга чакырган жана чөлкөмдө дестабилизация жараянынын ар түрдүү жайылуусуна тоскоол кылууда Кытайдын прагматикалык мамиле кылуусу бул жерде маанилүү ролду ойнойт дейт [371, p 1-10].

Дагы бир АКШнын изилдөөчүсү Роверт Гуан Тянь, азыркы мезгилдеги Кытайдын саясатынын «Кытайдын Батыш райондорун өздөштүрүү» эң негизги шилтемеси КЭРдин экономикасы менен БАнын экономикасын интеграциялоо болуп жаткандыгына мүнөздөмө берген[326, с. 98-109].

Россиянын окумуштуулары КЭР менен АКШнын мамилесиндеги келишпестиктерди талдоого алууда, Кытайдын Россияга болгон мамилеси АКШга караганда алда кайда ишеничтүү, анткени Кытайды АКШнын таасири бардык тарабынан тегеректеп турат. Кытайга коңшу жайгашкан Түштүк–чыгыш мамлекеттери Япония, Түштүк Корея, Тайвань, кээ бир АСЭАН мамлекеттери АКШнын союздаштары. Ал эми Түштүк–Батыш тарабында Индия байыртадан бери Кытай менен анча жакшы мамиледе эмес. Кытай үчүн АКШнын таасирдүүлүгү жок аймак Түндүк–Батыш тарабында жайгашкан БАР экендигин белгилешет[141, с.75]. Анткени бул аймакта Кытай ШКУ аркылуу активдүү ишмердүүлүгүн ишке ашырууда бир гана Россия менен тең тайлашып турат. Россия тарабынан демилгеленип жаткан “ЖККУ”, “ЕАЭБ” ж.б. БА мейкиндигинде бири-бирине жолтоо болбогон өз ара алакада Евразиялык интеграцияны түзүүсү, орус-кытай мамилесиндеги маанилүү маселе. ШКУдагы ишмердүүлүктө эң маанилүү “Ооганстан фактору” экендиги белгилүү. Ошондуктан ШКУнун аскердик-саясий эволюциясы абдан кылдат көңүл бурууну талап кылууда [202, с. 171-175]. БА чөлкөмүндө абдан кооптуу диндик экстремисттик кыймылдар (Кыргызстан менен Өзбекстанда) активдүү экендигин белгилешет.

КЭРдин окумуштуусу, философия илимдеринин доктору Ху Аньгандын 2020-ж. чейинки мезгилдеги Кытайдын дүйнөлүк державага айлануусун даңазалаган эмгектери жарык көргөн [386, с.78]. Анда “Адам коомундагы гармониянын ылайыктуу мезгили” деген стратегиянын негизги өзөгү Кытайдын тынчтыкта өнүгүүсү, кызматташуусу, экономикалык ааламдашуунун тездетилиши, дүйнөдөгү илимий-техникалык реформалардын тереңдөөсү ж. б. камтылган. Кытайдын жандануусу менен Азиянын ар бир чөлкөмүндө жандануу болуп Кытайдын гүлдөп өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Кытайдын учурдагы максаттары “Кытай кыялы, дүйнөдө биринчи орунда болуу”. Мында ал дүйнөдө биринчи болсо дагы, дүйнөдөгү чоң мамлекеттерден айырмаланып – дүйнөдө үстөмдүк кылууну каалабайт. Ал эки тарапка тең пайдалуу болгон принциптерди карманат. Келечекте дүйнө жүзү өнүккөн, күчтүү Кытайга муктаж болот, ал эми Кытай болсо адамдын өнүгүүсүнө өз салымын кошууга мүмкүнчүлүк түзөт деген пикирлерин жазган [221, с.255].

2019-ж. КЭР төрагасы Си Цзиньпиндин “Мамлекеттик башкаруу жөнүндө” деген эмгегинде “ Жакынкы коңшу алыскы туугандан артык. Кытай менен Орто Азия өлкөлөрү менен ортодогу тоолор, дарыялар менен байланышкан жакын коңшулар. Ушул тапта Кытай Орто Азия өлкөлөрүнө өнүгүүнүн сейрек кездешүүчү мүмкүнчүлүктөрү берилип отурат. Биз Орто Азия өлкөлөрү менен чогуу өз ара ишенимди бекемдеп, достукту күчөтүп, кызматташтыкты алдыга жылдырып, биргелешип өнүгүү жана гүлдөп өсүүгө жөлөк болуп, бардык өлкөлөрдүн элдеринин бакубат болушун камсыздай алабыз [196, б. 93]. КЭР менен коңшу өлкөлөр менен дипломатиялык мамилеге тиешелүү стратегиялык максаттары – чектеш өлкөлөр менен карым –катнашты ар тараптан өнүктүрүү, ынак коңшулук менен достукту бекемдөө, ар тарапка пайдалуу кызматташтыкты кеңейтүү; жаңыдан пайда болгон стратегиялык мааниси бар мүмкүнчүлүктөрдү туура колдонуу, мамлекеттик суверенитетти, коопсуздукту, өнүгүүнүн таламдарын коргоо ж.б. токтолгон [196, с.105]. Ал Кытай аймактык коопсуздук боюнча кызматташууга жигердүү катышат.

Кызыккан тараптар менен бирге ШКУ түзүү үчүн демилге көтөрүп, ишке ашырган. Биз эки тараптуу деңгээлде жана ШКУ алкагында өз ара ишенимди бекемдеп, кызматташтыкты кеңейтип "үч жамандыкка" жана баңги зат сатууга, чек аралаш уюшкан кылмышка каршы күрөшүп, аймактык экономиканын өнүгүшү жана бейпил, тынч эмгек үчүн ыңгайлуу шарт түзүп бере алабыз деген" [196, с.93] .

Жогорудагы окумуштуулардын ой пикирин анализдесек, Кытайдын ШКУ алкагындагы БАРдын ичинде Кыргызстанга карата кызматташтыгы бир нече багытта экендигин белгилесек болот: Биринчиден, коопсуздук же этникалык жана диндик түзүмдөр тарабынан туулган коркунучту алдын алуу жана сактануу болуп эсептелет. Экинчиден, Кытайдын БА жана Кыргызстан менен тыгыз экономикалык байланышы, КЭРдин "ири түндүк-батышы» (СУАР) өздөштүрүү стратегиялык программасын өнүктүрүүсү. Үчүнчүдөн, Кытайдын жашоосундагы эң маанилүү саясий, экономикалык кызыкчылыгы ШКУ аркылуу ишке ашып жаткан геосаясий багыттары "Бир алкак, бир жол", "Жибек Жолунун экономикалык алкагы" ж.б. Төртүнчүдөн, көп полярдуу тынчтыкты сактоо менен Евразия мейкиндигинде доллардык көз карандылыкты жоюу, валюталык көп полярдуулукка жетишүүнү көздөөсү. Бешинчиден, келечектеги ШКУнун өнүгүүсү үчүн постсоветтик катышуучулардын жеке эркин, кызыгуусун арттыруу, уюмдун ишине кызыккан мамлекеттерди катыштырууну көздөйт. ШКУну Евразия мейкиндигинде бирден бир абройлуу уюм катары туруктуу өнүгүп кетүүсүн каалайт.

Кытайдын БАга анын ичинде Кыргызстанга карата саясий долбоорлору аркылуу кызматташуусун кароодо төмөндөгүдөй **жыйынтыкка** келдик:

- Ааламдашуу шартында Кытайдын тышкы саясатын кайрадан кылдат иштеп чыгуусу коңшу мамлекеттер үчүн азыркы мезгилде ири мааниге ээ. Кытай учурда ири эл аралык жана экономикалык салмакка ээ, ааламдашуу жана чөлкөмдөшүү жараяндарына активдүү катышат, жакынкы келечекте өзүнүн

экономикалык көрсөткүчтөрүнүн комплекстүү күчү менен дүйнөнүн ири державасына айлануусун аныктоого аракет кылып жаткандыгын көрсөк болот.

- Кытай БА анын ичинде Кыргызстан менен соода–экономикалык кызматташуунун бардык чөйрөсүнө сүңгүп кирүүдө. КЭР коңшулук саясатын үч негизги принципте ишке ашырууну көздөйт – «дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу». Ошондуктан КЭРдин Кыргызстанга багыттаган тышкы саясатынын маанилүү артыкчылыктарынын бири – Түндүк-Батышындагы СУАР аймагы менен чектеш мамлекеттерге өзүнүн ынак коңшулук карым-катнаштарын тереңдетүүдө. Муну Кыргызстандын мисалында көрсөк болот деп бүтүм кыла алабыз. КЭРдин башчысы Си Цзиньпиндин “Бир алкак, бир жол” жана “Жибек Жолунун экономикалык алкагы” ж.б. ШКУ алкагында ишке ашып жаткан долбоорлору Кытайдын коңшу мамлекеттерге анын ичинде Кыргызстанда өзүн кеңири таанытуу саясаты экендигин белгилей кетсек болот.

## 5.2. Россия Федерациясынын ШКУ жана ЖККУнун алкагындагы Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстан менен болгон карым-катнаштары

СССР кулагандан кийин 1990-ж. Россия Федерациясынын (РФ) постсоветтик БА мамлекеттери менен болгон байланышында саясий-идеологиялык эки багыты пайда болгон.

– Евроатлантикалык («батышчыл») багыт – Б.Н.Ельциндин президенттик мезгилиндеги Тышкы иштер министри А. Козыревдин демилгесинде ишке ашкан. Мунун алкагында Россияда экономикалык реформаларын ишке ашуусу, Батыш либералдык кайра түзүүлөр жана демократияны өнүктүрүү жолуна багыт алган[108, с. 227];

– Евразиялык багыты, бул Е.М.Примаковдун (1996-ж. РФ ТИМ, премьер-министр) көп тараптуу саясат жүргүзүүсү, анын демилгеси менен РФнын тышкы саясаттагы мамилесин чыгыш багытына буруу аракети башталган. Мындай саясатты ишке ашырууда КЭР, Япония, Индия жана постсоветтик БА мамлекеттери менен кызматташууну жөнгө салуу болгон. БА чөлкөмүндө КМШ, ЖККУ ж.б. түзүмдөрдө Россиянын таасирдүүлүгү байкалган[377, с.80]. Бирок, бул багыт декларативдүү мүнөздө гана болуп, алар ойлогондой ишке ашкан эмес.

БАРга болгон мамиле 2000-ж. РФнын Президенти В. Путиндин мезгилинен баштап жаңы нукка бурулган[160, с.189]. Орустардын саясатынын БАга карата өзгөрүшүн көптөгөн саясат таануучулар “Шанхай бештигинин” кийин ШКУнун уюшулушу менен байланыштырышат.

Кытай окумуштуулардын пикиринде, Россия ШКУнун алкагындагы мамилелеринин калыптануусунун биринчи этабында бул уюмду «Кытайдын кол баласы» деп эсептеп, тийиштүү көңүл буруу менен кабыл алган эмес. Өзбекстандагы АКШнын аскердик базасын жоюу жараяны башталган соң, Кытай, өз кезегинде, Өзбекстанда жана Кыргызстанда өз базаларын жайгаштырууну каалоосун билдиргенде, Россиянын бул жараяндарга кызыгуусу ылдам өсө баштаган. Кытай менен Россиянын кызыкчылыктары,

расмий көз караштары көп маселелер боюнча максималдуу чукул болсо да, Россиялык тараптын ШКУда күн тартибин аныктоону каалоосу Пекинде нааразылык жараткан[527].

Россия менен БАРдын мамилесин изилдеген окумуштуулардын ар кандай ой пикирлер жаралган. Индия окумуштуулары Россиянын БА өлкөлөрү менен болгон мамилеси СССРдин кулашы менен толук аяктады. БА республикаларынын өз алдынчалыкка жетиши башка мамлекеттердин таасирдүүлүгүнүн өсүшүнө алып келди. Россиянын саясаты факт жүзүндө мурдагыдай таасирин жоготту, чөлкөмгө башка өлкөлөрдүн, өзгөчө Батыштын, Кытай, Түркия, Иран, Пакистан жана Сауд Аравия ж.б. мамлекеттердин таасирдүүлүк үчүн умтулуусу активдүү жүрүп жаткандыгын мүнөздөгөн[385, с.110-121].

Ал эми ЕБ, АКШ, БА жана кээ бир орус окумуштуулары Россиянын БАга карата тышкы саясатынын активдүү нукка бурулушунун башталышына бир нече факторлор түрткү бергендигин төмөндөгүдөй мүнөздөшөт. БАдагы мамлекеттер ортосундагы келишпестиктер, тышкы оюнчуладын таасирин жайылтуу аракеттери, саясий туруксуз жагдайлар, социалдык-экономикалык маселелер, "исламдык фундаментализмдин жанданышы” ж.б.[91], [92], [111], [115], [133] БАда жашаган орус улутунун экономикалык жана коомдук жашоосундагы кээ бир маселелерине [130], [156], [164], [188], [259] ж.б. токтолушкан.

Жогорудагыдай пикирлер бир жактуу болуп, СССР кулагандан кийин чөлкөмдө абдан көп маселелерден улам БАР Россияга муктаждыгы артып, анан алар БАны тышкы күчтөрдөн сактоо үчүн жардамга келген деген ойлорго таянылып калгандай сезилет. Бирок, РФнын тышкы саясатынын стратегиялык маанилүү багыттарынын бири БА чөлкөмү экендигин учурдагы РФнын Президенти В.Путиндин жүргүзүп жаткан саясаты эле аныктап турат. Анткени, акыркы мезгилдеги дүйнөлүк саясатта Россиянын Батыш тарапка багытталган үмүтү акталбай, айрыкча Украина маселесинен кийин АКШ, ЕБ өлкөлөрү

менен мамилесин начарлаган. Россия Батыш менен “тең ата” болуп кызматташтыктын бардык чөйрөсүндө катыша албастыгы, Россиянын тышкы саясий өнүгүү багытын БА аркылуу Чыгыш тарапка багыт алышына негиз болгон. Айрыкча, Россиянын ШКУнун ишмердүүлүгүндөгү жигердүү иш аракеттери уюмга жаңы мүчөлөрдү кабыл алышы менен Азиянын ири мамлекеттери Кытай, Индия ж. б. өлкөлөрү менен кызматташуусуна жол ачкан. Ошону менен катар азыркы мезгилде экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүдө актуалдуу болуп жаткан ЕАЭС менен ЖЖЭА (ЭПШП) долбоорлору БА анын ичнде Кыргызстандын аймагы аркылуу ишке ашуусу да Россия үчүн маанилүү болууда. Учурда Россия сыяктанган дүйнөнүн ири мамлекеттери өзүн экономикасын ж. б. өнүктүрүүдө БАны анын ичинде Кыргызстан сыяктуу мамлекеттерди өз саясатына тарапташ катары таанып биргелешкен интеграцияда болуусу маанилүү десек болот.

БАдагы коопсуздук маселелеринин келип чыгышы Россиянын коопсуздугуна таасирин тийгизбей койгон эмес. РФнын ШКУ алкагындагы коопсуздук маселесин эки багытта – чөлкөмдүк жана ааламдык мааниде ишке ашырууга кызыкдар экендигин билдирген.

Индиянын белгилүү окумуштууларынын бири А. Моханти Россиянын тышкы саясатын анализдөөгө алып, ал СССРдин дезинтеграциясынан кийин Россиянын ШКУ жана БРИКС алкагындагы иш аракетине сереп салган. Автор Россиянын тышкы саясатынын негизги багыты Батышка эмес ШКУга Индия менен Кытайга багытталгандыгын, тактап айтканда Азия мамлекеттери менен көп тараптуу тышкы саясаттын багытын ишке ашырып жаткандыгына баа берген. Россия тышкы саясатында Батыш менен Чыгыш багытындагы саясатта тең салмактуулук табууга аракет кылып жататкандыгына токтолгон[475], [476].

Чөлкөмдүк деңгээлдеги коопсуздук маселесин постсоветтик БАда ишке ашыруу Россиянын башкы максаты катары каралган. Орустардын белгилүү кытай таануучусу профессор, А. Д. Воскресенский Россиянын БАга карата жүргүзгөн саясатынын эволюциясын үч чоң баскычка бөлгөн[262]. Мындай

баскычтагы өнүгүүнү Орустардын Кыргызстанга карата саясатына жана ШКУга мүчө болуп кирүү этабы менен байланыштырса болот.

– биринчи этабы (декабрь, 1991-1996-жж.) – Россиянын тышкы саясаты жогоруда белгиленгендей, Евроатлантикалык–батышчыл багытта болгон. РФ катышкан бардык долбоорлор Беларуссия жана Украина мамлекеттери менен славяндык союз түзүүгө белсенип, БАР экинчи планда калган. Бул мезгилде БАда жана Кавказда Россиянын таасирдүүлүгү абдан төмөндөп кеткен. БАР РФнын саясатынан тышкары эле, өз алдынча (АКШ, Пакистан, Түркия жана Иран, Евробирмдиги жана Кытай ж.б.) тышкы саясий мамилелерди ишке ашыра башташкан;

– экинчи этабы (1996-2001-жж. чейин) – Россиянын саясатында БАга карата мамиледе жылыштар байкалган. Ушул мезгилде БАР менен чек аралаш КЭРдин өз ара алаканын түзүлүшүнө өбөлгө түзүлгөн. Жыйынтыгы 1996-ж. “Шанхай бештиги” келишими, кийин ШКУнун уюшулушуна алып келген. Россия менен КЭР БАдагы үч мамлекет – Кыргызстан, Тажикстан жана Казакстан бул форумга кириши РФнын БАда кайрадан таасирдүүлүгүн калыбына келтирүүнүн аракети катары кабыл алынган[206]. Ал эми 2001-ж. ШКУ эл аралык уюм катары трансформацияланышы, Россиянын чөлкөмдө геосаясий күчтөрдүн таасирин төмөндөтүү үчүн ролун ого бетер чыңдаган.

–үчүнчү этабы (2001-ж. азыркы мезгилге чейин), учурда Россиянын БАга болгон мамилеси мурунку эки этапка караганда ишеничтүү жана таасирдүү болгон. КМШ алкагындагы кызматташуу жылдан жылга өнүгүүдө. Бул мезгилди көптөгөн окумуштуулар Россиянын БАга кайтып келишин саясий, аскердик – стратегиялык жана социалдык-экономикалык мүнөздө эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуу милдети болуп калгандыгын мүнөздөгөн [110], [111], [116], [134], [150], [160], [163], [173], [190], [202] ж.б. эмгектер арбын.

Акыркы жылдарда Россиянын тышкы саясий өнүгүүсүндө чөлкөмдөшүү (регионализм) негизги багыты болуп калган. Россия Евразия чөлкөмдөшүүнүн ачык мисалы катары чөлкөмдүк эл аралык уюмдардагы активдүү ишмердиги

каралат. Өзгөчө ШКУдагы активдүүлүгү, уюмду бир негиздөөчү өлкө катары анын туруктуу өнүгүүсүнө, жаңылануусуна жана кеңейишине жетекчилик ролун көрсөтө алды.

2001-ж. 11 сентябрда Ооганстанда жана БАда АКШнын таасирдүүлүк факторунун күч алуусу Москванын активдүүлүгүн күчөткөн. 2002-ж. РФ үчүн БА чөлкөмү алардын дипломатиясынын артыкчылыктуу багыты экендигин билдирген[173, с.138]. Ушул мезгилден баштап Россия чөлкөмдү багыттуу долбоорлор менен өзүнө тарта баштаган, КМШ ишкерлигин БАга багыттап чөлкөмдүн мамлекеттери менен максаттуу кызматташууга өткөн[343, с.86-89]. Алардын ичине БАРдагы мамлекет башчылары (лидерлери) менен жеке байланыштар, жогорку деңгээлдеги расмий сапарлар, дипломатиялык жана экономикалык карым-катнаштар кирген[325, с.456]. Коопсуздук жаатындагы ЖККУ, ШКУнун алкагындагы кызматташуу [248, с.46-54] күчөгөн. Экономикалык жаатта ЕврАзЭС, кийин ЕАЭС алкагындагы алакалары мурункуга караганда белгилүү бир деңгээлде активдүүлүгү өскөн [185],[411], [466].

Ошону менен катар БАРда Россиянын ЖККУ алкагындагы багыты белгилүү: аба мейкиндигин жана чек араларды биргелешип көзөмөлгө алуусу, БА өлкөлөрүндө Россиянян куралдуу күчтөрүнүн жайгашышы, бул чөлкөмдө “үчүнчү” күчтөргө каршы күрөш жүргүзүүсү ж.б. Ушул таризде чөлкөмдө өз таасирин сактоого кам көргөн Россиянын кызыкчылык чөйрөсүнө Кытайдын кирүүсүнө байланышкан тынчсыздануу пайда болгон.

Ал эми БАРдын ичинен КР менен РФнын ортосунда достук, кызматташтык жана өз ара жардам келишимине 1992-ж. 10-июнда кол коюлган[22]. Ушул мезгилден баштап Россия Кыргызстан менен гуманитардык, соода-экономикалык, аскердик ж.б. багыттарда ырааттуу карым-катнаш жүргүзүп келет.

2016-ж. 17-сентябрда РФнын Президенти В. Путин “Ата-Бейит” көрүстөнүндөгү 1916-ж. падышалык Россияга каршы улуттук боштондук

көтөрүлүш айоосуз жазаланганда набыт болгондордун эстелигине гүлдесте коюп [315, с. 39-40], азыркы демократиялык Россия менен Кыргызстан таптакыр жаңы деңгээлдеги өнөктөштөр экенин тастыктаган. Жалпы илим-билим тармактарында, анын ичинде архивдик, археологиялык, этнографиялык ж.б. байланыштарда бул эки шерик өлкө совет доорундагы кызматташтыкты сактап тим болбостон, жаңы баскычка көтөрө алышты[516].

Учурда КЭР сыяктуу эле РФ БАда анын ичинде Кыргызстанда эки тараптуу жана көп багыттуу интеграциясы ШКУ, ЖККУ, ЕАЭС ж.б. уюмдар аркылуу ишке ашып жатат. 2019-ж. 28-мартта Кыргызстанга РФнын Президенти В. Путин мамлекеттик иш сапары менен келген. Бул жолку расмий сапарда эки өлкөнүн ортосунда кызматташуу боюнча 17 меморандумга жана макулдашууга кол коюлган[458], анын ичинен соода-экономикалык кызматташтык, товар жүгүртүүгө көп көңүл бурулган[484]. Кыргыз-орус фонду аркылуу түз инвестициянын келиши 2019-ж. 200 млн. доллардан ашкан. Россиянын ишканалары кыргыз экономикасынын бардык секторлорунда бар. Учурда Кыргызстанда кыргыз-орус биргелешкен 700дөн ашуун ишкана катталган[10].

Жолугушууда КРдин Президенти С. Жээнбеков - “Россия - биздин жакын, ишенимдүү союздашыбыз жана маанилүү, узак мөөнөттүк стратегиялык өнөктөшүбүз. Россия Федерациясы менен мамилелерибизди дайыма жогору баалайбыз жана барктайбыз" деген[462].

ЖККУнун алкагында Россия менен Кыргызстандын ортосунда аба-аскердик күчтөрүн жайгаштыруу маселеси 2002-ж. 5-декабрында кол коюлган аскердик кызматташтык тууралуу келишимде чечилген. Муну тараптар ар кандай коркунучтардан аймакты сактоо үчүн туруктуу база түзүү максаты менен байланыштырышкан. Россиянын бул кадамын эксперттер дароо эле АКШнын «Ганси» авиабазасына атаандаш база түзүү, ал аркылуу АКШнын БАдагы таасирин басаңдатып, өз таасирин күчөтүү аракети катары баалап чыгышкан[481]. 2003-ж. ЖККУнун алкагында Кыргызстандын Кант шаарында

аба аскердик базасы түзүлгөн. Аны РФнын Президенти В. Путин келип ачкан жана Кант аба майданында негизинен Россиялык учактар, аскерлер жайгашкан[482], [483]. Кыргызстанда РФнын аскер базасынын бир нече объекттери бар:

- 338-байланыш түйүн Кара-Балта шаарында жайгашкан, Россиянын аскер-деңиз флотунун башкы штабы менен Тынч жана Инд океандарында сергек турган кемелердин ортосундагы байланышты камсыз кылат, ошондой эле радио-техникалык чалгындоо иштерин жүргүзөт [429, с. 120-125];
- 954-байланыш түйүн Каракол шаарында жайгашкан, Россиянын деңиз флотунун сууда колдонуучу куралдарынын жана шаймандардын үлгүлөрү суу алдындагы сыналган торпедалар ж.б. (электр кыймылдаткыч тутумдары менен гана) Ысык-Көлдө сыноо жүргүзөт;
- РФ Коргоо министрлигинин атайын көзөмөлдөө кызматынын курамына кирген Майлуу-Суудагы автономдуу сейсмикалык станция, ал өзөктүк курал сыноолорун көзөмөлдөө үчүн иштелип чыккан;
- 999-авиабаза Кант шаарында жайгашкан, ЖККУнун БА аймагынын жамааттык ыкчам жайгаштыруу күчтөрүнүн авиациялык бөлүгү болуп саналат [429, с. 120-125].

ЖККУнун КРдын аймагында жайгашышы Тажикстандагы 201-орус базасы менен "бирдикте" каралган. Россиянын эки мамлекетте тең аскердик базасынын жайгашуусу, БАдагы коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуунун жалпы максаты, биринчи кезекте, Ооганстандагы кырдаал жана ага байланыштуу терроризм жана экстремизм коркунучтары, чек арадагы уюшкан кылмыштуулуктун башка түрлөрүнө каршы туруу катары каралат [429, с. 120-125].

Мурда бул объектилер ар бири өзүнчө каралып келсе, 2012-ж. баштап Кыргызстан менен Россия аларды бир РФнын базасына бириктирүүгө макулдашкан. Бул тууралуу документ «Бирдиктүү орус аскер базасынын статусу жана Кыргыз Республикасынын аймагында турушунун шарттары

жөнүндө Россия менен Кыргызстандын ортосундагы макулдашуу»[34] деп аталат. 2019-ж. 28-мартында тараптар бул макулдашууга өзгөртүү киргизүү тууралуу токтомго кол коюшкан[41]. Документке ылайык Россиянын Чалдовардагы байланыш түйүнүнүн аянтын 811,2 гектардан 851,2 гектарга чейин, ошондой эле Караколдогу сыноо базасынын аянтын 55 гектардан 73,3 гектарга чейин кеңейген. Жалпысынан бирдиктүү РФнын базасынын аянты 58,3 гектарга (же 583 миң чарчы метрге) кеңейтилген[41]. Мындан тышкары 2012-ж. биринчи макулдашууга ылайык Россия жер аянтынын ар бир чарчы метри үчүн жылына 50 цент же 0,5 АКШ долларын төлөйт. Ошентип, кошумча 58,3 гектар үчүн жылына алына турган сумма 291 миң АКШ долларын түзгөн[482]. Бүгүнкү күнгө чейин ижаранын жалпы суммасы жылына 4,5 млн. долларды түзүп келген. Жаңы макулдашуу боюнча ижара акысы өзгөргөн жок, бирок бирдиктүү базанын жалпы аянтын 58,3 гектарга чейин кеңейтүүнүн эсебинен ижаранын жалпы суммасы 4,5 млн. доллардан 4,79 млн. АКШ долларга чейин көтөрүлдү[481], [482], [483].

Россиянын ЖККУнун алкагында Кыргызстанда жайгашкан аскердик базасын кээ бир чет өлкөлүк серепчилер тарабынан БА анын ичинен Кыргызстан Россиянын таасиринен чыга элек аймак катары анализ берүүсүнө негиз болуп келет[91], [151], [244], [412]. Анткени менен азыркы мезгилде КРдин тышкы саясий багытын ишке ашырууда сөзсүз түрдө тышкы шериктештеринин кызыкчылыктарын, талаптарын эске алууга муктаж.

Ааламдашуу мезгилинде БАда ШКУ жана ЖККУ аркылуу таасирленип жаткан РФ менен КЭР бири биренен кем калышпаган кубаттуу мамлекет, кандайдыр бир улуттук кызыкчылыктарына абдан кооптуу болгон коркунучтарга туруштук бере алат. М: Россия НАТО менен АКШнын Кавказда жана БАда таасирленишине бушайман болсо, Кытай АКШнын жана Япония аскердик байланышын күч алышына жана Ганконг маселесине, Тайвандын саясий макамы боюнча АКШнын көз карашына нааразы. Бирок, ШКУ алкагында бул маселе боюнча эки өлкө тең башка тараптын жардамы менен

маанилүү колдоого умтулбаганын байкоого болот. Бул бир жагынан эки өлкөнүн улуттук кызыкчылыгы менен байланыштуу. Эгерде Кытай НАТОну кеңейүү таасирине каршылык көрсөтсө, анда бул анын кызыкчылыгына туура келбестен АКШ менен ачык чыр чатакка чыгуу коркунучу туулмак, ушундай эле Россиянын Тайвань маселелесине катышуу кесепети тууралуу айтса болот. Ал эми Россия Пакистан менен өз ара байланышында Кытай менен анча келише албайт, ал эми Россиянын Украина, Индия, Грузия, Иран ж.б. карата болгон мамилесинин натыйжасын Кытай толук колдойт, бул экоонүн өз ара мамилесинде кыйынчылык туудурат.

Бул таризде, ШКУдагы ишмердүүлүктүн негизги компонентти КЭР менен РФнын өз ара карым-катнашы эсептелет. Буга Кытай изилдөөчүлөрү ШКУ Кытай тараптын Россияга болгон жалпы кызыкчылыгынын өсүүсү, КЭРдин тышкы стратегиясынын жалпы структурасы РФга карата багытынын маанилүүлүгүнүн күчөшү менен чагылдырылат дешет[394, с.6-10]. 2009-ж. октябрда Россия Президенти В. Путин, Екатеринбургда өткөн ШКУнун саммитинин алдында мындай деген: “Кытай философу Лао Цзынын айтуусу боюнча, ким мыкты тура алганды билсе – аны жыгуу мүмкун эмес. Ким жөлөнгөндү билсе – аны кулатуу мүмкүн эмес. Биз силер менен бирге жүз жылдын жүрүшүндө бири бирибизди жөлөп, таяп турабыз. Россия менен Кытай ар дайым бири бирине жөлөк болуп өз ара колдоо жана жардамдашуу болооруна толук ишенем”[11].

ШКУда КЭРдин стратегиясында Россияга карата таасир этүү деңгээлин аныктоо барынан мурда, мурунку тарыхый абдан татаал, мезгил-мезгили менен туруксуз болуп келген орус-кытай мамилеси Кытайдан чөлкөмдүк саясатындагы өзгөчө ордун ээлеген. Ошондой эле бул мамлекеттердин географиялык,экономикалык саясий абалы ШКУда алардын лидерликке болгон амбициясын аныктоодо.

Россия БА анын ичинде Кыргызстан менен ШКУ алкагындагы кызматташтыкта төмөндөгүдөй багыттарга басым жасайт. Биринчиден,

коопсуздук жаатында – бул РФнын Түштүк чек араларынын тарабы боюнча ЖККУга кошумча дагы бир коопсуздук буручун түзүү. Тажикстан менен Кыргызстандагы аскердик базалардын жайгашышы. Бул чөлкөмдөгү террористтик коркунучту жана ар кандай экстремисттик чыгууларды жок кылуу боюнча чараларды кабыл алуу үчүн өз убагында маалыматты алмашууда ийгиликтерге жетүү ж.б. Россия коопсуздукту чыңдоо максатында КР менен аталган тармагындагы кызматташуу жөнүндө макулдашуу (5-декабрь, 2002-ж. Бишкек ш.) 16 беренеден туруп, буга чейин кол коюлган документтердин негизинде 10 жылдык мөөнөткө, анан дагы узартылган[64, л. 199-214]. Ушундай укук–ченемдик ж.б. документтердин негизинде эки өлкө коопсуздук жаатында биргелешкен иш чараларды турмушка ашырып жатат.

Экинчиден, экономикалык чөйрөдө – бул өзүнүн БАда анын ичинде Кыргызстанда салттуу таасир чөйрөсүн жана чарбалык-өндүрүштүк байланыштарын сактоо аракеттери, энергетикалык саясатты координациялоо – экспорттолуучу энергия алып жүрүүчүлөрдүн көлөмүн, ташуу каттамдарын ишке ашырууну каалайт.

2012-ж. эки өлкө башчылары (РФ жана КР) сүйлөшүүлөрүнүн жүрүшүндө республиканын экономикалык көз карандысыздыгын камсыз кылуу жана улуттук экономиканын өнүгүшүнө түрткү берүү максатында Камбар-Ата 1-ГЭС жана Жогорку Нарын ГЭС каскадын куруу жана эксплуатациялоо жөнүндө сүйлөшүшкөн [429]. 2013-ж. 28-май КРдин Энергетика жана өнөр жай министрлиги менен РФнын “Рус Гидро” ачык акционердик коомунун энергетика боюнча Камбар- Ата ГЭС-1 жана Жогорку Нарын каскады ГЭС куруу, экспулатацияга берүү боюнча меморандумга кол коюшкан [67]. 2018-ж. кыргыз–орус аймактар аралык комиссиясынын 8-отурумунда "Руселпром" концерни менен (1,5 миллард АКШ доллары) кызматташуу боюнча макулдашышкан. Мында Кыргызстандагы ГЭСти куруу жөнүндө каралган [429,с.106-116]. Учурда республиканын экономикалык өнүгүүсүн алдыга жылдыруу катары каралган энергетика тармагындагы долбоорлордун башы

ачылбай турат. Бул долбоорлор жемкорлуктун кесепетинен ишке ашпай калган деген пикирлер жаралган.

РФ менен КР ортосунда ийгиликтүү ишке ашырылып жаткан долбоор катары Россиянын Газпром компаниясы Кыргызстанда газдаштырууну жүргүзө баштаган, ошондой эле социалдык объектилерди куруп жатат. Мындан тышкары РФ Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолунун курулушуна жана CASA-1000 электр берүү линиясынын курулушуна катышууну каалайт.

2015-ж. Кыргызстандын ЕАЭСке кириши менен эки мамлекеттин экономика жаатындагы кызматташтыгынын жаңы этабы башталган. Кыргызстандын жарандар РФнын аймагында 30 күнгө чейин каттоосуз жүрүү укугун алышты. Россияда иштеп жаткан кыргыз жарандары эмгек келишимдеринин негизинде жумушка орношот, башкача айтканда, аларга иштөөгө уруксат жана патент берүүнүн кажети жок. Эмгек келишимдеринин негизинде алар медициналык жардамды Россиянын жарандары менен бирдей деңгээлде ала алышат. Жогорку билими бар документтер таанылат (окутуучулук, юридикалык, медициналык же фармацевтикалык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн). Кыргыз жарандарынын балдары бала бакчага жана мектепке барууга укуктуу [484].

Эмгек миграциясы орус-кыргыз өз ара аракеттенүүсүнүн маанилүү чөйрөсү бойдон калууда. Жыл сайын РФга иштөөгө Кыргызстандын жарым миллиондон ашык тургуну кетет. КРдин Мамлекеттик миграция кызматынын 2018-ж. маалыматы боюнча, кыргызстандык мигранттардын жалпы саны 710 миң адам, анын 640 миңи Россияда[412]. Россия Кыргызстандын ири соода өнөктөшүнүн бири. 2018-жылы РФ менен Кыргызстандын ортосундагы соода жүгүртүүнүн өсүшү 17% дан ашып, 1,9 миллиард долларга жеткен[484].

Үчүнчүдөн, гуманитардык чөйрөдө – БАдагы орус тили менен орус маданиятынын абалын сактоо жана бекемдөө, ШКУ өлкөлөрүнүн билим берүү тутумдарын жакындатуу, кадрлык дараметти түзүү жана интеграциялык бирикменин комплекстүү иденттүүлүгүн түптөө болуп саналат.

Эки мамлекеттин илимий байланыштарын өнүктүрүү боюнча 2003-жылы КРдин Улуттук илимдер академиясы менен Россия Илимдер академиясынын ортосунда түзүлгөн кызматташуу жөнүндө келишим эсептелет. Анын негизинде окумуштуулардын эки тараптуу байланыштары акысыз жүргүзүлөт, биргелешкен илимий эмгектери жарыяланат [37].

2011-жылдын 28-мартта РФнын Өкмөтү менен КРдин Өкмөтүнүн ортосундагы Бишкек шаарындагы Россиянын илим жана маданият борборун жана Москвадагы кыргыз илим жана маданият үйүн түзүү жана иштөө шарттары жөнүндө макулдашуу кабыл алынган[38]. 2011-жылдын июнь айынан бери Бишкекте аталган борбору иштеп жатат. 2016-жылдын декабрь айында бул борбордун филиалы Ош шаарында ачылган. Борбор ачылган жылдан бери жыл сайын Россиянын ЖОЖдору менен биргеликте илим жана билим берүү жаатында ар кандай долбоорлорду, иш-чараларды жана сынактарды өткөрүп келет. Россияда, анын ичинде федералдык бюджеттин эсебинен жогорку билим алуу мүмкүнчүлүктөрү үчүн жыл сайын "Ачык эшиктер күнү" жана "Россияда окууга убакыт" деген олимпиадалары уюштурулат. Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдагы маалыматы боюнча, Россиянын ЖОЖдорунда 15,8 миң кыргыз жараны окуп жатат, анын ичинен 6,6 миңи - Россиянын бюджетинин эсебинен. Өз кезегинде, учурда 1580 Россиянын жарандары КРде окуп жатышат[516].

2020-жылдан баштап Кыргызстандын РФ менен маданий-гуманитардык мамилелери кызматташуунун жаңы деңгээлине көтөрүлүп, ушул жылдын 27-февралында Кыргызстан менен Россиянын эриш аркак жылынын ачылышы жарыяланган[490]. Эки мамлекет ортосунда абдан көп иш чаралар пландалган. Бирок, 2020-ж. кооптуу жагдайдан улам көп иш чаралар 2021-ж. жылдырылган.

Жогоруда РФ менен КРдин кызматташтыгын үч багытта карадык. ШКУ алкагында кызматташтыкты Россиялык саясий дискурста уюмга байланышкан келечекке эки багыттуу көз караштар бар. Аларды «ШКУ-скептиктерге» жана «ШКУ-оптимисттерге» бөлүүгө болот. Адистердин биринчи группасын

Россиянын таасири күчтүү болгон БА аймагында калуусу үчүн максат кылган чыгыштык коңшунун таасиринин өсүп бараткан аппетити жаатындагы коркунучтар түйшөлтөт. Кытай менен достошуу – пайдалуу, бирок коркунучтуу экенин түшүнүп, көптөгөн авторлор РФ өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын ырааттуу коргоп, сактыкты жоготпоого чакырышат. Анткени, кытайлыктар дүйнөнү батыштык руханий көндүм кара-ак түстө, жакшылык-жамандык, өз-жат дихотомиясы аркылуу эмес, үч өзгөрмөнүн бирге аракеттешүүсү аркылуу көрүшөт. Мисалы, Мао Цзедун дүйнөнү үч бөлүккө бөлгөн: биз өзүбүз, биздин пикирлештер, биздин душмандар. Кытайлыктарга таандык ой жүгүртүүнүн стратегиясы, «союздаштар», «душмандар» категориялары көп вариацияланат, ал эми атаандаштарын өз союздаштарынын колу менен жайлайт[195, с.155]. БАда – мындай саясат азыр деле жүрүп жатат, учурдагы Кытайдын “Бир алкак, бир жол” долбоорунун алкагында Бишкектеги ШКУнун жыйынында (2019-жыл) Кытай бардык БАР анын ичинде Кыргызстанга чоң насыяларды берүүнү улантаарын билгизген. КЭР тараптан ар кыл түрдөгү долбоорлорду каржылоону көбөйтүүнү убада кылуу чөлкөмдү Батыштын жада калса РФнын таасиринен арылтууну каалайт деген ойго түртөт.

ШКУдагы ички өз ара мамилелерди гармонизациялоо жана тартиптештирүү максатында ШКУнун мүчөлөрүн 3+3+2+2 шарттуу схемасы боюнча ички түзүмдөө жана кызмат-милдети адистиги жөнүндө маселесин талкууга алуу сунушталган. 1) КЭР-РФ-Индия – жогорку чөлкөмдүк; 2) Казакстан-Өзбекстан-Пакистан – ортоңку чөлкөмдүк; 3) Кыргызстан-Тажикстан – төмөнкү, субрегиондук. ШКУну кызмат-милдеттик ыраатташтыруу максатында, Казакстан менен Өзбекстанды, ШКУнун БАда «төрттүктүн» алкагындагы туруктуулук менен өнүгүүгө жооп берүүчү субъекттери катары, бөлүү мүмкүн. Россия менен Кытай – ШКУнун жетектөөчү мамлекеттери, алар өзүнүн геосаясий жана экономикалык абалынан улам объективдүү түрдө ШКУнун жалпы стратегиялык сызыгы жана тышкы дүйнө менен өз ара мамилелери үчүн жооп берүүгө тийиш.

Индиянын Азия изилдөө институтунун изилдөөчүсү С. Чаттерджи: “постсоветтик БАР анын ичинде Кыргызстандагы модернизация экономикалык жана саясий реформалардын жүрүшү алардын коомго болгон мамилеси менен өлчөгөн. Автордун оюнда модернизациялоого ички факторго караганда тышкы факторлордун ролу күчтүү жана таасирдүү болгондугуна токтолгон. Анткени, көз карандысыздык мезгилиндеги БАРдын экономикасында түзүмдүк кайра түзүүлөр факт жүзүндө болгон эмес. Демократизациянын алгачкы толкуну пландуу экономикадан рыноктук экономикага өтүүдө абдан татаал болгон. Иш жүзүндө бул өлкөлөрдүн саясатынын багытынын өзгөрүшү өндүрүштүн төмөндөшүнө, жумушсуздуктун көбөйүшүнө, билим алуу жана саламттыкты сактоо чөйрөсүндө деградациянын болушуна, ички жана тышкы миграциянын күчөшүнө ж.б. таасирсиз жыйынтыктарга алып келгенин белгилейт”[374, с.97-100].

Индиялык серепчинин пикири кандайдыр бир деңгээлде туура экендигин колдоого болот. Анткени БАРда анын ичинде Кыргызстан жогорудагыдай тагдырды башынан кечирип жатат.

2019-ж. 10-ноябрда Самаркандда “Валдай” талкуу клубунун X Азия конференциясы “Борбор Азия жана Евразия: глобалдык башаламандык чакырыктарга каршы көп тараптуу кызматташтык” деген аталышта өткөн. Бул конференцияда ШКУнун мурунку катчысы Р. Алимов: “Чөлкөмдөгү мамлекеттер үчүн Россия менен Кытай эң ишенимдүү өнөктөштөр. Учууга даярданып жаткан Орто Азиянын канаттары дал ушул Россия жана Кытай. Кытай жана Россия чөлкөмдүн доминанттары эмес, өнөктөштөрү. Бул эки мамлекеттин БАдагы беш республика менен товар алмашуусу бир жылда 20 %, башкача айтканда, 25-27 милл. өстү. Салыштырмалуу АКШ менен БА ортосундагы товар алмашуунун көлөмү 2,7 миллиард долларга барабар экендигин”[408] белгилеген.

Жогорудагыдай ой пикирди бардык эле иликтөөчүлөр колдой бербейт. Азыркы тапта ШКУ алкагындагы кызматташууда Россия өзү каалагандай бир

тараптуу саясаттын ишке ашыруусу мүмкүн эмес[412]. Ал эми Ирандык саясат таануучулар БАдагы “геосаясий тең салмактуулук”, БАнын тарыхы жана географиясы “Чоң оюндун” улуу державалардын таасир чөйрөсүнө айлантып, алар өз кызыкчылыктары үчүн өз ара атаандаштык күрөшүн жүргүзүшөт. Бирок, жаңы көз каранды эмес мамлекеттер өздөрүнүн саясий көз карандысыздыгы жана экономикалык туруктуулук жолуна түшүүдө тышкы күчтөрдүн атаандаштык күрөшүнөн пайда көрүүнү үйрөнүшү зарыл. Жаңы БА мамлекеттери абдан жай өнүгүүдө болсо дагы аскердик жана коргонуу системасында модернизацияга өтүү менен чөлкөмдүк кызматташуунун түзүмдөрүнүн ишине катышууда ишенимдүү кадам жасашы керек экендигин белгилешкен[383].

Учурдагы Евразия мейкиндигинде жайгашкан өлкөлөрдүн экономикалык интеграциясын трансформациялоонун эң башкы кыймылдаткыч күчү бул мамлекеттер аралык долбоорлор: Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) жана Жибек Жолунун экономикалык алкагы (ЖЖЭА). Бүгүнкү күндө дүйнөлүк коомчулукту кызыктырып жаткан эки чоң долбоор (ЕАЭБ, ЖЖЭК) бири-бирине көз карандысыз параллелдүү өнүгүү менен бирге, өздөрүнө тиешелүү болгон концепциялары жана өңүттүү багыттары менен айырмаланат. Бирок, бул долбоорлордо транспорт, энергетика жана соода-экономикалык чөйрөдө кандайдыр бир деңгээлде атаандаштыгы күчтүү. Бул эки долбоордун бириге турган алкагы ШКУ экендигин белгилешүүдө. Ошондуктан ШКУнун ишмердүүлүгү жеке мамлекеттердин кызыкчылыгынан жогору туруп, уюмга кирген ар бир мамлекеттин өнүгүп-өсүшү үчүн коомчулуктун колдоосун жана социалдык бекем таянычын камсыздоосу керек.

Россиянын БА анын ичинде Кыргызстанга карата кызматташуусун кароодо төмөндөгүдөй **жыйынтык** чыгарууга болот:

Россия БАда анын ичинде Кыргызстанга карата жүргүзгөн көп багыттуу тышкы саясатында кызматташуунун бардык чөйрөлөрүндө алдыңы сапта болууну каалайт. 2020-ж. Кыргызстан менен Россиянын “эриш-аркак

кызматташтык жылы" катары жарыяланышы эле буга далил. Ал эми ири Евразия чөлкөмүндөгү, анын ичинде БАдагы коопсуздук жаатын алсак, расмий Кремль расмий Бээжин менен бул жаатта эл аралык кызматташтыктын жүгүн бөлүшүүгө аргасыз десек болот. Бул эки ири мамлекеттин демилгелерине ылайык уюшулган коопсуздукту камсыздоону көздөгөн уюм — ШКУ менен Россия жетекчи ролго ээ башка бир түзүм– ЖККУнун ишмердиги бири-бирине карама-каршы келбегендигине карабастан, бул экинчи уюм Россиянын ЖККУга кирген мүчө өлкөлөргө карата айрыкча жетекчилик ролун ачыктайт. Демек, ЖККУну түзүү аркылуу Россия Кытайды ШКУнун ЖККУга кирген өлкөлөрүнөн өзүнө кыйла жакын үзөңгүлөш кылып тартууга жетишти.

Жыйынтыктап айтканда, учурда Россия менен Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын кызматташтыгы ЖККУ жана ШКУнун алкагында өнүгүп, бул мамлекеттер шериктеш катары эки тараптуу кызматташтыкты да чыңдап жаткандыгы чындык. Россиянын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата тышкы саясатынын негизи «Евразиялык багыт» аркылуу үч багытта ишке ашып жатат: 1) аскердик жана коопсуздук тармагындагы кызматташтык (Кыргызстанда, Тажикстанда жайгашкан аскердик базалар); 2) Россия аркылуу түзүлгөн түзүмдөр аркылуу кызматташуу (КМШ, ЖККУ), акыркы мезгилдерде ЕАЭБ алкагында соода-экономикалык интеграциянын күч алуусу; 3) гуманитардык чөйрөдөгү үзүлбөй ырааттуу сакталган кызматташтык. Маселен, Борбордук Азиядагы башка постсоветтик өлкөлөргө салыштырганда, Кыргызстанда орус тили расмий тил катары кабыл алынып, Россиялык диаспора өкүлдөрүнүн республиканын мамлекеттик жана коомдук турмушуна жигердүү катышууда.

### 5.3. АКШнын, Евробиримдиктин жана башка өлкөлөрдүн Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы ишмердүүлүгүнө карата мамилеси

Постсоветтик БАнын жана анын ичинде Кыргызстандын тышкы саясий багытынын негизги мааниси дүйнөнүн АКШ, Евробиримдик өлкөлөрү сыяктуу мамлекеттер менен эки жана ар тараптуу кызматташууну ийгиликтүү ишке ашыруу болуп саналат.

Тарыхнаамада жазылып кеткендей, СССР кулаганга чейин БА анын ичинде Кыргызстан Батыш Европанын, АКШнын тышкы саясатындагы маанилүү багыты болуп саналган эмес. Чөлкөмдөгү АКШнын ролу Б. Клинтондун президенттигине чейин ынанымдуу таасир кылуулар жокко эсе болгон. Алар негизинен АКШнын тышкы саясий курс үчүн салттуу демократизациялоого, рынок реформаларына, Түндүк альянсы (НАТО) менен кызматташтык программаларын колдоого, жана бир катар бейөкмөт уюмдар аркылуу куралданууну, терроризмди, баңги коркунучун жайылтууга каршы турууга көмөктөшүү боюнча чараларды ичине алган[386, р.48-56]. Географиялык алыстыгы жана жарым кылымдык кансыз согуштун мурасы БА өлкөлөрүнүн жана Евробиримдиктин (ЕБ) тыгыз байланыштарын жолго коюга түрткү боло албаган. ЕБтин жетекчилиги постсоветтик республикалардагы коопсуздук жана экономикалык өнүгүү маселелерин өзүнүн улуттук кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кийирген эмес, БАдагы саясий режимдердин өзгөрүүсүнө жана кызматташтык маселелерине көңүл буруусу солгун болгон.

XX к. аягында СССРдин кулашы жана “кансыз согуштун” аякташы менен Евразия мейкиндигинде жаңыдан түзүлгөн эгемендүү мамлекеттердин ортосунда геосаясий карама-каршылыктардын күчөшү байкалган. Ушундай кырдаалда АКШда БАнын элдеринин тарыхын, маданиятын, тилин жана дин ж. б. маселелерин изилдөө олуттуу маселеге айланган. АКШ жана Батыш өлкөлөрүнүн БАга болгон таасирдүүлүгү эки этапта ишке ашкан. Биринчи этапта XIX к. башынан XX к. аягына чейин АКШда БАны изилдөө орус

таануучулук (русистика) менен тыгыз байланышта жүргүзгөн. Ал эми экинчи этап, СССР кулагандан кийин АКШда БАРдын тарыхын активдүү изилдөөлөр башталган. БАнын географиялык жайгашуусу, саясат, экономика, коопсуздук, тышкы саясат ж. б. маселелери боюнча алектенген илимий изилдөө институттар жана борборлор уюшулуп иштей баштаган. 1991-ж. АКШ биринчилерден болуп БАРдын көз карандысыздыгын тааныган. Ар бир БА мамлекети менен эки тараптуу дипломатиялык мамиле түзгөнгө жетишкен.

1997-ж. Вашингтон БА мамлекеттерин өзүнүн узак мөөнөттүү стратегиялык кызыкчылыктарынын аймагы деп жарыялаган. Ал эми 1999-ж. март айында АКШнын Конгрессинде БА өлкөлөрүн экономикалык жана саясий жактан көз карандысыздыгын колдоо үчүн «Жибек Жолунун стратегиясы жөнүндө Акт» кабыл алынган. АКШ Орто Азиядагы постсоветтик өлкөлөр менен эки тараптуу кызматташуунун өнүгүшүнө абдан көңүл бура баштаган.

АКШнын окумуштуулары Евразиянын борборунда жайгашкан БА мамлекеттерине туруктуу эмес чөлкөм катары мүнөздөмө беришкен[101]. Ал эми ШКУга болгон АКШнын мамилеси акырындап анын ишмердүүлүгүн байкоодон активдүү кызыгуусуна чейин өзгөрүлгөн. Азыркы учурда Батыш изилдөөчүлөрүнүн ортосунда ШКУ Америкага каршы багытка ээ. Батыш Европа менен АКШнын аскердик түзүмдөрүнө каршы түзүлдү деген ой кеңири тараган. Алгач АКШнын ШКУга болгон мамилелери пассивдүү мүнөздөлүп, анын өнүгүүсүнө минималдуу таасир эткен. АКШ ошол учурда «Шанхай бештигин» анын кызыкчылыгына эч кандай коркунуч туудурбаган бирикме, ишкердик катары карайт. Тескерисинче, АКШ Москванын ролу Орто Азияда жаңы ири оюнчунун – Кытайдын пайда болушу менен алсызданат деп эсептеген. Мындан тышкары уюм түзүлгөн учурда анын алгачкы максаттары аймактагы АКШнын максаттарына жооп берген. Вашингтон исламдык экстремизм коркунучун төмөндөтүүгө, Орто Азиянын туруктуулукка жетишүүсүнө, чыр-чатактык деңгээлдин төмөндөшүнө багытталган ар кандай

кадамдарды колдогон. Ошондуктан АКШ расмий деңгээлде “Шанхай бештигине” анчалык маани берген эмес[496].

АКШнын кээ бир окумуштуулары БАдагы Кытайдын таасирдүүлүгүнүн жүзүн ачууда 1990-ж. КЭРдин чек ара маселесинин чечилишин шылтоолоп БАга таасирин жайылтуунун аракеттери деген ойду билдиришкен. ШКУнун уюшулушун Кытайдын иш аракети катары баалашып, Кытай БА республикалары менен чек ара маселесин чечкенден кийин Орто Азияга агрессивдүү соода компаниясын баштоо менен өз таасирин бекемдеп, натыйжада ШКУну түздү деп баа берген [496].

XXI к. башындагы глобалдык окуялардын толкуну Ооганстандагы согуш, Жакынкы Чыгыштагы жаңжалдык чыңалуулар чөлкөмдүн стратегиялык маанисин жогорулатуу менен эл аралык мамиледе БАга карата олуттуу ой пикирлердин жана активдүү изилдөө иштеринин жүрүшүн айгинеленген. 2000-ж. АКШнын талдоочулары АКШнын жетекчилиги астында өздөрүнүн «Чоң Борбор Азиянын кызматташтыгы жана өнүгүүсү боюнча өнөктөштүк»[333, с.34-38] деген кеңири форматтуу чөлкөмдүк интеграциялык түзүмүнүн долбоорун иштеп чыгышкан.

АКШнын белгилүү саясат таануучусу, окумуштуу Фредерик Старр: «БАга байланышкан АКШнын түз жана кыйыр түрдөгү татаал стратегиялык кызыкчылыгынын бетин ачууда БА мамлекеттерине жана Ооганстанга болгон мамилесине Вашингтондун чөлкөмдөгү саясий концепциясынын эл аралык-саясий жана экономикалык жараянда тең салмактуулугун, бирдиктүүлүгүн иштеп чыгууда «жалпы калыпка салууга» аракет кылат» деген[386]. Бул окумуштуу БАда жашап турган уюмдардын бири да геосаясий бирдиктүү чөлкөмдөгү мамлекеттерин (БАРдын бардык республикалары + Ооганстан) толугу менен камтыбастыгын белгилеген. Анын пикиринде бир дагы уюм чөлкөмдөгү ийкемдүү саясаттын бардык үч түзүмүн, тактап айтканда: бир эле мезгилде саясий реформаларды жүргүзүүгө, экономикалык кызматташтыкты, коопсуздук тутумун түзүүдө көмөктөшүүнү айкалыштыра албастыгын

белгилеген. Ал «Ооганстан – Пакистан» алкагынын саясий, социалдык-экономикалык абалын анализдөө менен чөлкөмдүн чегинин кеңейишин карап «Чоң Борбордук Азияга (ЧБА)» Казакстан жана Россияны түштүккө жасалма түрдө киргизилип калгандыгын көрсөткөн[333. с.38]. Мындай ой пикир ЧБАдан Россия менен Кытайды стратегиялык жактан бөлүп салуусу катары кабыл алынган.

Фредерик Старрдын пикиринде: «АКШнын Борбордук Азиядагы бир нече стратегиялык максаттарын санап өтткөн. БАда коопсуздук инфраструктураларын түзүү менен терроризмге каршы күрөш жүргүзүп жатат. Ооганстанга жана анын коңшуларына радикал исламизмден коргонуу мүмкүнчүлүгүн берди. Чөлкөмдүк экономиканы чыңдоо аракеттери Жакынкы Чыгыш менен Түштүк жана Чыгыш Азиянын ортосундагы экономикалык жана саясий көпүрө катары кызмат кылууга шарт түздү. Чөлкөмдүк соода байланыштарын жана тийиштүү транспорттук инфраструктураны чыңдоо жагынан иш аракет кылды. Акыры, мусулман калкы көп жашаган өлкөлөргө демократиялык саясий тутумдарды стимулдаштырууда үлгү боло алды. Буларга карай жылыш максаттар чөлкөмдүк негизде мыкты жүзөгө ашырылып жатат» деген [510, с. 29].

Ал эми АКШнын белгилүү саясат таанучусу З. Бжезинскийдин пикиринде: «Россия БА чөлкөмүндө империялык үстөмдүгүн калыбына келтирүүгө алсыз, бул жерден башка өлкөлөрдү четке кагып чыгарууга өтө күчтүү таасири жокко эсе. Ал эми Түркия менен Иран чөлкөмдө таасир этүүгө жетиштүү күчү бар, бирок алардын алсыздыгы ичик чыр чатактары жана Түндүктөн келип чыккан коркунучтар кедерги болушу мүмкүн. Россия жана БА мамлекеттери Кытайдан кооптонот, ага карабастан, Кытайдын катышуусу жана экономикалык динамикасы БАнын кеңири дүйнөлүк аренага чыгуу каалоосун ишке ашырууга шарт түзөт» [101, с.149-162].

Ал эми дагы бир АКШнын окумуштуусу А. Леклерк, Кытайдын БАга таасирдүүлүккө умтулуусунун башаты коопсуздук маселеси экендигин,

Кыргызстан менен чектешкен СУАР территориясындагы түрк тилдүү калк, өзгөчө уйгур сепаратизмине каршы туруuда абдан маанилүү экендигин белгилеген[156].

Кээ бир Батыш изилдөөчүлөр НАТОнун өлкөлөрүнө, айрыкча АКШга каршы турган уюм катары сыпатташат. ШКУ өзүн БАда коопсуздукту колдогон чөлкөмдүк уюм катары көрсөтөт. Американлыктар кийинки мезгилде аймактагы абалга абдан көңүл бура баштаган. Анткени АКШ энергетикалык байлыктарды тейлөөгө аракеттенүүсү, терроризм менен күрөшүү боюнча максаттарын ишке ашырууга белсенүүдө. Муну АКШ Россия жана Кытайдын катышуусу жок эле «Чоң Борбордук Азия» америкалык долбоору аркылуу ишке ашыруусу пландалган.

Дели шаарындагы Коргонууну изилдөө жана анализдөө институтунун изилдөөчсү П. Мани “АКШнын 2001-ж. 11-сентябрдан кийинки Ооганстандагы америкалык согуштук операциянын башталышын, дүйнөлүк саясатта жаңы доордун, башкача айтканда БАга карата таасирдүүлүк үчүн жаңы күрөштүн башталышы” деп мүнөздөгөн [382, с.84-96] .

АКШнын БАР менен өз ара алакалары 2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШдагы терракттардан кийин жигердүү кызматташтыктын жаңы тепкичине көтөрүлгөн. 2001-2005-ж. Өзбекстандын Карши шаарына жакын жерде Кашкадарыя облусунда жайгашкан Ханабаддагы аскердик аэродромдо АКШнын аскер базасы түзулгөн. Ал эми 2001-ж. күзүндө Кыргызстанда «Манас» аба майданынын бир булуңунда АКШнын «Ганси» аскер аба базасы жайгаштырылган [456].

АКШынын мындай кадамдарына ШКУга кирген айрым өлкөлөр, айрыкча Россия менен Кытай каршы көз карашын ачык эле билдиришкен. 2005-ж. 5-июлда Астана шаарындагы ШКУнун кезектеги жыйынында Ооганстадагы «Талибандардын» кыймылына каршы америкалыктардын аскерлеринин аракеттерин колдоо үчүн БАдагы (Өзбекстан жана Кыргызстан) жайгашкан АКШнын базаны чыгарып кетүүнүн мөөнөтүн тактоого чакырган декларация

кабыл алынган. Астана декларациясы БА аймагынан АКШны чыгаруунун ачык аракети катары бааланган. Ошентип, 2005-ж. 19-июлда ШКУнун арызын кабыл алуу менен АКШнын Конгрессинин өкүлдөр палатасы резолюция кабыл алган. Мына ушудан көп өтпөй Өзбекстан АКШ Карши-Ханабад базасын анын территориясынан жарым жыл аралыгында чыгып кетет деп билдиришкен[457].

Бул кадамдар ШКУ менен АКШ ортосундагы өз ара мамилелердин курчушуна алып келген. Эки тараптын жогорку бийликтеги чиновниктеринин ортосунда бири-бирин сынга алуулары күчөгөн. АКШнын Коргоо министри Дональд Рамсфелд Россиянын тышкы саясатыгындагы доктринасын сынга алып чыккан. Ал АКШнын Азиянын Түштүк–чыгыш өлкөлөрү менен болгон коопсуздук чөйрөдөгү кызматашуусунда Россия, Кытай жана Түндүк Корея тоскоолдук кылат деп эсептеген. Чөлкөмдө таасирин күчөтүүгө талапкерленген үч өлкөнүн тышкы саясатына багытталган сынды АКШнын коргоо министри Россиянын коңшулаш өлкөлөрдүн эркиндигин чектөө аракети экендигин, Кытайдын аскердик чыгашаларынын толук ачык эместигин, Түндүк Кореянын ядролук чөйрөдөгү коркунучун далил келтирүү менен сындаган. Айрыкча АКШ ШКУнун мүчө-өлкөлөрү менен Ирандын ортосундагы кызматташтыктын ар тараптуу өнүгүшүн тескери кабыл алат. Анткени алардын оюнда Иран – бул дүйнөдөгү террорчулукту каржылаган башкы террористтик мамлекет болуп эсептелет[438].

Мындай сын пикирлерге Россиялык тарап ШКУ өзүнүн жоопкерчилигиндеги аймактарда пайда болгон маселелерди өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү, ал эч ким менен атаандашууну каалабайт, бирок алдында турган милдеттерди чечүү үчүн ага башка тараптын пикир айтууларын кабыл албайт деп баса белгилеген [254, с. 61-64].

Эгемендүү Кыргызстан 1991-ж. баштап АКШнын демократиялык жана экономикалык жаңылануу жараяндары, келечекте ишкердик кызматташууну уюштуруу боюнча ишкерлер менен окумуштуулар чөйрөсүндө натыйжалуу байланыштарды ишке ашырыра баштаган. 1991- ж. эки өлкөнүн ортосундагы

саясий, экономикалык, айрыкча илим, билим чөйрөсүндөгү ж.б. мамилелер позитивдүү маанайда болуп, 2001-ж. чейин өзүнүн жакшы жыйынтыктарын берген. Ушул жылдарда Кыргызстан БАдагы республикалардын ичинен “Демократиянын аралчасы” атка ээ болуп, базар экономикадагы реформаларды активдүү жүргүзөн өлкө катары тааныла баштаган.

АКШ Кыргызстандын эгемендүүлүгүн 1991-ж. 27-декабрында биринчилерден болуп таанып[176, с.90], эки өлкөнүн ортосунда дипломатиялык мамилелердин өнүгүшүнө жол ачылган. 1992-ж. 1- февралда Бишкек шаарында АКШнын элчилиги, ушул эле жылы май айында АКШнын Вашингтон шаарында Кыргызстандын элчилиги ачылган[170. с. 108].

2005-ж. октябрында АКШнын Мамлекеттик катчысы Кондолиза Райс Кыргызстанга келип, Өзбекстандагы авибазасын Кыргызстанга көчүрүү жөнүндө президент Курманбек Бакиев менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн[457]. 2006-жылдын май айында Кыргызстандын Президенти К. Бакиев АКШ авиабазаны пайдалангандыгы үчүн арендалык төлөмдү АКШ тарабынан 15 млн. АКШ долларынан 207 млн. АКШ долларына чейин көтөрүүнү сунуш кылат. Бир нече сүйлөшүүлөрдөн соң АКШ Кыргызстанга 60 млн. АКШ доллардын жардам жыл сайын берип туруу тууралуу макулдашкан. Бул жардам өз ичине авиабазанын ижара акысы үчүн төлөмү да камтыган[457].

Бирок 2009-ж. февралында Кыргызстан тарап «Ганси» авиабазасын жабуу тууралуу чечимин билдирет жана КРдин чечими парламент тарабынан жактырылат. Ошентип, 2009-ж. март айында авибазаны колдонууга тыюу салынгандыгы тууралуу АКШнын 11 союздаш өлкөлөрүнө таратылган. 2009-ж. 22-июнда жаңы келишим түзүлүп, 2014-ж. июлга чейин «Манас» транзиттик ташуу борбору болуп турган. Ушул жылы АКШнын транзиттик борбору толук чыгарылган[457]. Ушундан кийин көптөгөн серепчилер БАРда айрыкча Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы жылуу мамиле сууп калгандыгын белгилешкен.

2015-ж. Обаманын администрациясы түзгөн С5+1 платформасынын алкагында БА анын ичинде Кыргызстан менен кызматташтык калыптанган. 2016-ж. Вашингтон шаарында АКШ жана БА мамлекеттеринин ТИМдин жыйынын өткөрүп, 15 миллион долларга бааланган беш долбоорду ишке ашыруу боюнча келишимге жетишкен. Ушул долбоор учурда Д. Трамптын администрациясы тарабынан колдоого алынып, улантылып келген. 26 ж. ичинде АКШнын өкмөтү Кыргызстанга 2 миллиард долларга тете инвестициялык жардам көрсөткөн. Учурдагы Кыргызстан менен АКШнын туруктуулук, коопсуздук жана бакубаттуулук боюнча кызыкчылыктары бир экендигин АКШнын мамлекеттик катчысынын биринчи орун басары, Түштүк жана БА боюнча элчи Элис Уэллс белгилеген. Ошону менен катар элчи “Кыргызстанды БАдагы келечеги кең мамлекет катары көрөбүз”[407] деген пикирин айткан.

АКШ БА анын ичинде Кыргызстан менен маданий гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыкка маани берет. Ар түрдүү программалардын негизинде ишке ашырылып анын ичинде ЮСАИД (АКШдагы эл аралык өнүктүрүү агенствосу) Тынчтык Корпусу, АКШ Китепканасанын алдындагы «Ачык дүйнө» программасы, Эл аралык билим берүү боюнча Америка кеңеши ж.б.у.с. Акыркы жылдары кыргыз-америкалык мамилелердин өнүгүшүнө, Америкадагы кыргыздардын ар түрдүү уюм, бирикме, ассоциациялардын таасири өзгөчө роль ойноодо. Ар түрдүү социалдык кайрымдуулук долбоорлору менен (балдар үйлөрүнө жана балдарды колдоо, кыргыз салттарын жайылтуу, маданият, спорт, ж.б.у.с) чоң салымдарын кошуп келет. Кыргызстандык бирикмелер КР менен АКШнын ортосундагы социалдык, илим, билим, маданият жана экономикалык кызматташтыкка да таасирин тийгизүүдө[456].

АКШ жана ЕБнын мамлекеттери заманбап медианы жана бейөкмөт уюмдарын да өзүнө камтыган “жумшак күч” стратегиясын колдонууга умтулуп келишет. “Азаттык” үналгысы ушу тапта дүйнөгө 26 тилдеги берүүлөрдү

уктуруп келет. Ал АКШнын Конгресси тарабынан каржыланат. Башында 1949-ж. мурдагы коммунисттик Чыгыш Европада жашаган калктар үчүн “Эркин Европа” үналгысы (радиосу) түзүлгөн. Ал эми 1953-ж. тартып мурдагы СССРде жашаган элдер үчүн “Азаттык” радиосу ачылган. Бул эки компания 1975-ж. бириккен. “Азаттык” үналгысынын берүүлөрү 1953-ж. бери обого чыгып жатат. Эң алгач “Азаттыктын” “Түркстан редакциясынын” курамындагы кыргызча берүүлөрдү Азамат Алтай (Кудайберген Кожомбердиев) даярдаган[406].

Ушул тапта “Азаттыктын” ар күнкү берүүсү - эртең мененки эки сааттык, түшкү жарым сааттык жана кечки бир нече сааттык дүйнөдөгү жана Кыргызстандагы жаңылыктар менен окуяларга арналган программалары уктурулуп келет. Ошондой эле Кыргыз коомдук телерадиокорпорациясы (КТРК, мурдагы УТРК, КТР) менен келишим түзүлүп, апталык сыналгы долбоорлору көрүүчүлөргө тартууланып жатат. 2005-ж. 4-майынан тартып “Азаттык” менен УТРК биргелешкен сыналгы долбоорун (“Ыңгайсыз суроолор” берүүсүн) апта сайын обого чыгара баштаган[406].

Британ көп тармактуу корпорациясы, «Би-би-си» (British Broadcasting Corporation, BBC) — радио комплекс, интернет жана Улуу Британия телеберүүсү. Би-Би-Си кыргыз тилиндеги программасы 1996-ж. 3-июнунан тартып обого чыгууда. Кыргыз тилиндеги программалар аптанын ар бир күнү үч жолу жарым сааттык форматта чыгат. Би-Би-Си Кыргыз кызматы 2009 ж. декабрь айынан баштап "Сапар" теле-видеосун чыгарууда[415].

Кыргызстанда Батыш өлкөлөрүнөн, АКШ каржыланган бейөкмөт уюмдары өтө эле көп экени белгилүү[414]. Көптөгөн серепчилердин пикиринде бейөкмөт уюмдар Кыргызстандын социалдык-экономикалык жашоосуна таасирин тийгизүү менен АКШнын, Европа мамлекеттерин баалууктарын жайылтууда мыкты каражаты катары кызмат кылышат.

Россиянын окумуштууларынын пикиринде, АКШнын саясатынын бетин ачып көрсөтүү абдан татаал, алар “калыш үчүн кетүү” – саясаты менен чөлкөмдөн аскердик бирикмелери чыгарылды, бирок АКШнын аскердик,

маданий, илимийж.б. таасирдүүлүгү сакталып калды. Ооганстан шылтоосу менен АКШ БАда таасирин “стратегиялык өнөктөштүк” форматынын алкагында өз түзүмдөрүн жаңы эл аралык миссияга өзгөртө алды дешет[159, с.88].

СССРдин жоюлушу менен БАР ЕБнын геостратегиялык таасиринин жана кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө кирген. БАга болгон ЕБнын стратегиясы жана саясаты аймактагы коопсуздук маселесине тийиштүү эмес, бирок ЕБ БАдагы коопсуздукка таасир этүүгө жөндөмдүү болгон иш чараларга катышат. Мындай таасир этүү бир канча мүмкүнчүлүктөр менен ишке ашырылышы мүмкүн: 1) жалпы Европалык институттардын жардамы аркылуу (ОБСЕ, Еврокомиссия, Европарламент ж.б.); 2) конкреттүү бир Европалык держава аркылуу (Улуу Британия, ФРГ же Франция аркылуу); 3) ЕБнин бир канча өлкөлөрү кирген НАТО сыяктуу аскердик-саясий институту аркылуу[223, с.215].

Акыркы жылдарда “Шанхай кызматташтык уюму НАТОго атаандаш боло алабы?» деген да маселе көтөрүлүп, “ШКУ глобалдуу оюнчу боло алабы? Ооганстанда кандай ролду аткара алат?» деген суроолдор коюлган, буга жооп кылып, АКШнын Пенсильваниядагы аскердик колледжинин улуттук коопсуздук боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн профессору Стивен Бланк: “Бул уюм – НАТОго альтернатива эмес. Шанхай кызматташтык уюму аскердик уюм болууну көздөбөйт» деген пикирин айткан[352, с.3].

ЕБнын БА республикалары менен терроризм, исламдык экстремизм, баңги зат жана андагы мүчө өлкөлөрүнүн аймактарындагы миграцияны көзөмөлдөөдө күтүлүүчү коркунучту жумшарткан «буфердүү фильтр» катары караган. ЕБнин БАдагы саясатынын максаты аймактагы өлкөлөрдүн коопсуздук жана туруктуу өнүгүүсүнө өз ара жардам берүү болуп эсептелинет. 2001-ж. 11-сентябрдагы окуядан кийин Брюсель БАнын өлкөлөрүндөгү финансылык таасирин күчөткөн. Аймактагы тажик-ооган чек араларын куруудa негизги спонсорлордун катарына кирет. Ошондой эле ЕБ тарабынан жылына бир канча

млрд. евро жумшалган БАнын чек араларды башкаруу боюнча программа ишке ашырылып келет[279, с.300].

Европа менен Азиянын эң ири интеграциялык бирикмелер – ЕБ менен ШКУ ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди тариздөөнүн өз ара алгылыктуу варианты табылган учурда кызыктуу мүмкүнчүлүктөр ачылышы ыктымалдыгын айтышууда. Батыш Европа эксперттери «ШКУ менен абайлап жакындашуунун» мааниси жөнүндө көп сүйлөшүп, ШКУ өзгөчөлөнгөн «газ картелине» айланган учурда Европа үчүн «энергетикалык токочтун» Россиялык үлүшүнүн азаюусунан коркушуп, энергия алып жүрүүчүлөрдүн булактарын диверсификациялоонун дараментин белгилешкен. ЕБ менен ШКУнун ортосундагы кызматташтыкты мүмкүн болуучу уюштуруучулук тариздөөнүн ар кыл варианттары сунушталып, ЕБтин ШКУга диалог боюнча өнөк катары макамы ачык бойдон калган [503].

Бирок 2008-ж. июнунда ЕБнин кеңеши германдык тарап даярдаган БА боюнча жаңы стратегиялык документти кабыл алат. Ал Европа саясаттынын БАдагы кемчиликтерин жана жетишкендиктерин чагылдырган. 2008-ж. 18-сентябрда даярдалган «ЕБ жана БА: жаңы шериктештик үчүн стратегия» деп аталган бул документке ылайык ЕБинин аймактагы максаты төмөнкүлөрдөн турат: 1) аймактагы өлкөлөрдүн туруктуулугүн жана коопсуздугун камсыз кылуу; 2) «миң жылдык өнүгүү максатынын» контексинде жашоо деңгээлди жогорулатуу жана жакырчылыкты кыскартууга жардамдашуу; 3) БАнын мамлекеттеринин ортосундагы жана ошондой эле бул мамлекеттер менен ЕБнин ортосундагы айрыкча энергия, транспорт, жогорку билим берүү, айлана чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү кызматташууну жөнгө салуу ж.б.[46, л. 117-119].

АКШнын жетекчилиги менен ЕБ өлкөлөрүнүн жетекчилиги Евразия континенттин жүрөк толтосунда жүрүп жаткан жараяндарга көңүл коюп, байкоо салышууда. Кийинки он жылдыктардын тарыхы жеке өлкөлөрдүн ички иштерине тике кийлигишүү усулдары дайыма эле каалаган натыйжаларга алып келбесин көрсөттү. Ошондуктан алар тараптан көбүнчө кыйыр таасир

этүү усулдары колдонулууда, алсак, БАнын жаштарына батыштын ЖОЖдорунан окууга гранттар берилет, маалыматтык чөйрөдө иштер жүргүзүлөт. ЕБ эмес, так эле АКШ көбүнчө Шанхай долбоорунун демилгечи-өлкөлөрү тарабынан алардын чөлкөмгө таасирине негизги атаандаш жана БА чөлкөмдө өзүнүн жүрүм-турум сызыгы менен узак мөөнөттүү кызыкчылыктары бар кыйла активдүү тышкы оюнчу катары кабыл алынат.

ЕБ эмне үчүн БАнын аймактык кызматташууда ШКУну тандап алды? ЕБ ЕврАзЭС ж.б. экономикалык милдеттерге караганда БА аймагынын саясий чөйрөсүндө, айрыкча анда Россия, Кытай кийинки мезгилдерде Япониянын өз таасири үчүн күрөшүн эсепке алганда ШКУ өзгөчө мааниге ээ. Азыркы күндө ЕБ ШКУ тарабынан БАдагы чөлкөмдүк кызматташууну чыңдоого аракет жасаган Брюсселлдин саясий максаттарына дал келген фактор катары каралат. ЕБ БА өлкөлөрү менен болгон кызматташтык чөйрөсүндөгү эки тараптуу байланыштарды жүргүзүп келүүгө аракеттенген уюмдардын бири. Европалык серепчилер белгилегендей, БА планетадагы бардык ири державалардын, алсак, Түндүктөн Россиянын, Чыгыштан Кытайдын, Түштүктөн Түштүк Азиянын, ал эми Батыштан Европанын, ошондой эле АКШнын кызыкчылыктарын арттырган дүйнөдөгү маанилүү аймактардын бири болуп эсептелинет [503].

1990-ж. акырында Япониянын БА аймагына болгон активдүүлүгү тез өскөн. Япониянын негизги кызыкчылыгы экономика чөйрөсүндө жатат. Япония БАдагы постсоветтик өлкөлөргө миллиарддык көлөмдө жардам көрсөткөн бирден бир жалгыз өлкө [381]. Япония Азиялык-Тынч мухит (океан) (АТР) аймагында АКШ менен стратегиялык алкактагы коалицияда пикирлеш катары таанымал.

Япониянын тышкы саясатынын башкы фактору Кытай болуп эсептелет. Ал эми Россия болсо Япониянын Евразиядагы стратегиялык багытынын негизги обьектиси катары каралат. Япониянын КМШга болгон энергетикалык кызыкчылыгы БАР менен тыгыз байланыштуу. Бирок, Япония БАга карата саясатын ишке ашырууда көптөгөн субъективдүү жана объективдүү факторлор

менен кездешүүдө. Ошондой болсо да 1997-ж. “Евразия дипломатиясы” аттуу доктрина Р. Хасимото Япониянын премьер-министри болуп турган мезгилинде жарыяланган. Доктринада Япониянын Россия, Кытай жана «Жибек Жолунун” айдыңында жайгашкан БА жана Закавказья чөлкөмү менен байланышы каралган. Р. Хашимото «Жибек Жолу” боюнча Япониянын саясатын үч бөлүккө бөлгөн: «өз ара түшүнүүнү жана ишенүүнү тереңдетүү үчүн саясий сүйлөшүү (диалог)», «жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү боюнча экономикалык кызматташтык» жана «демократиялаштыруу жана туруктуулук, ядролук куралды жайылтпоо менен чөлкөмдө тынчтыкка жетүү”[ [347, с. 7]. “Евразия дипломатиясынын” үч бөлүктөн тышкары эки чоң багыты көрсөтүлгөн: биринчиси, Россия менен жакшы мамилени сактоо; экинчиси, “Азиянын ар тарабынан жаңы досторду” табуу, т.а. БА менен достошуу. Япония БАда геосаясий жактан “Чоң оюн” үчүн кайрадан жанданып жаткан саясатка каршы тураарын, экономикалык держава катары Япония келечекте чөлкөм үчүн туруктуу жана кадимки шартта көптөгөн иштерди ишке ашыраарын жарыялаган[379]. Чөлкөмдөгү ШКУнун ишмердиги Япония жана анын стратегиялык коомдоштору “Шанхай жараяны” менен мурда эле абдан кызыгып келишкендигин жашырышпайт.

2003-ж. Япония БА өлкөлөрүнө «БА плюс Япония» форматындагы кызматташтыкты сунушталган. “БА плюс Япония” кызматташтыгынын алкагында “Евразия стратегиясы”, “гүлдөп өсүүнүн жана эркиндиктин дарбазасы” долбоорлорун ишке ашыруу каралган. Алардын пикиринде “Кеңейтилген Чыгыш Азия (Кытай, Түштүк Корея менен чогуу” же “Чыгыш Евразия” (Россия менен кошо) долбоорду сунушташкан. Бул долбоорлор БА үчүн да, Япония үчүн да ж.б. кызыкдар оюнчулар үчүн биргелешкен аянтча болмок деген пикирди карманышат [375]. Бирок, Япониянын БАнын чөлкөмдүк иштерге катышуусунун деңгээли жана таасири жетишсиз. Япония өзүнүн жеке максаттарына жетүүдө негизги милдетти Түштүк-Чыгыш Азияда КЭР жана Россиянын таасирин кармап туруда үч тараптуу кызматташуунун алкагында

өзүнүн ордун улантууда турат. Япония АТР аймагында АКШ менен стратегиялык алкактагы коалицияда пикирлеш катары таанымал. Бул таризде, Япония Кыргызстанда таасирдүүлүгүн жайылтууга анча деле умтулбайт.

ШКУнун ишмердүүлүгү Индия окумуштууларынын көз карашынан сыртта калган эмес. Индиянын ШКУга мүчө катары таанылуусу менен бул мамлекеттин окумуштуулары уюмдун ишмердүүлүгүн изилдөө иштерине активдүү катыша башташкан. АКШ, ЕБ жана Япония мамлекеттеринин изилдөөчүлөрүнөн айырмаланып, Индия серепчилери ШКУнун БАдагы орду коопсуздук жана экономика алкагындагы кызматташтыкта экендигине баа беришкен. Жаңы геосаясий абалдын өзгөрүүсүндөгү дүйнөдөгү эки шериктештин абалы (АКШ менен Россия) БАда абдан карама каршылыктуу экендигине сереп салган. Ал эми БАдагы Индиянын таасирдүүлүгү мурунку тарыхый байланыштарын эске алганда азыркы мезгилдеги байланышына эч кандай тоскоолдук болбошуна күмөн санабастыгын билдиришкен[376].

Дж. Неру атындагы университеттин изилдөөчүсү СССР мезгилинде эле Орто Азия маселелерин изилдеген Индиянын окумуштуусу Девендра Каушик, “АКШнын бир тараптуу басып алуучулукка умутулган саясатын ашкерелеп XX к. БАнын коопсуздук маселесинде ШКУнун ишмердүүлүгүнө анализ берүүдө, бул уюм жаңы байкоочуларды жана катышуучуларды кабыл алганга ачык экендигине өзгөчө баа берген. Уюм алкагында Индия менен Кытайдын ортосундагы чек ара мамилеси тартипке келүүсүнө абдан маанилүү экендигине сереп салган. Ал Россиянын саясатчысы Е. Примаковдун көп уюлдуу дүйнө үчүн “Чоң азиялык үчтүк”  концепциясын калыптандырууну колдогон[377].

Индиянын изилдөөчүлөрүнүн коллективдүү эмгеги жарык көргөн. Ал эмгекте авторлор маселени кеңири эл аралык контекстте караганга аракет кылышкан: БАнын тарыхына изилдөөдө, айрыкча Ооганстандагы талибан маселеси, Пакистандын талибандашуусу, Индиядагы исламдык терроризм, Кашмирдеги ислам экстремизми, БАдагы Хизб бут-Тахрир ролу, Синьцзяндагы этникалык-диний сепаратизм ж.б. көңүл бөлгөн. Аларды салыштырмалуу

анализдеген жана ислам диндин саясатташып кеткендигин ж. б. маселелерин карап, алар өзүлөрү сыяктуу эле БАны АКШ менен Пакистандын саясатынан тышкары болуусуна чакырган [384].

Индиялык окумуштуу Арун Мохантинин пикиринде: «Азыркы учурда ШКУ, ЕврАзЭС алкагында Россия, Индия жана Кытайдын башка мамлекеттер менен чогуу да, өзүнчө үч тараптуу кызматташтыгы көп деңгээлдүү евразиялык интеграция өнүгүүдө. Евразиядагы мегажоболорду ишке ашыруунун жүрүшү Россиянын, Индиянын жана Кытайдын интеграциялануу келечегине таянылган: транзиттик, транспорттук кеңдиктик жана Евразия элдеринин кызматташтыгын сапаттуу жаңы деңгээлге чыгарууга жөндөмдүү транспорттук-энергетикалык коридорлордун куруу. Башка өлкөлөрдүн катышуусу менен Индиянын, Россиянын жана Кытайдын ортосундагы кызматташтык, эгерде Евразиядагы транспорттук жана энергетикалык мегажоболорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу учурунда экологиялык маселелерге жана элдердин маданий мурастарын сактоого эң жакшы көңүл бурулса, анда алар жалпы келечекке умтулушат” [475] дейт.

Ирандын изилдөөчүсү М. Рахманинин оюнда: “БАдагы “Геосаясаттагы тең салмактуулук”, биринчи көз караштa БАнын тарыхы жана географиясы “Чоң оюндун” тартибин мажбурлайт. Экинчиден БАР улуу державалардын таасир чөйрөсүнө айланып, алар өз кызыкчылыктары үчүн өз ара атаандаштык күрөшүн жүргүзүп жатат. Бирок, жаңы көз каранды эмес мамлекеттер өздөрүнүн саясий көз карандысыздыгы жана экономикалык туруктуулук жолуна түшүүдө тышкы күчтөрдүн атаандаштык күрөшүнөн пайда көрүүнү үйрөнүшү керек. Жаңыдан пайда болгон мамлекеттер абдан жай болсо дагы аскердик жана коргонуу системасын модернизациялоо менен чөлкөмдүк кызматташунун түзүмдөрүнүн ишине катышууда ишенимдүү кадамдарды жасашы абзел. Мындай жолдо көптөгөн тоскоолдуктардын бар экендигин белгилеген: жаңы рынокко кирүүдөгү мүмкүнчүлүктүн жоктугу, этникалык кастык, аргасыз миграция, алсыз экономика, жумушсуздук ж.б.”. Автор БАда

ички маселелерден тышкары тышкы кооптуу жагдайлардын бири РФ менен АКШнын атаандаштыгы экендигин, дагы чөлкөмдөгү КЭРдин жана Ирандын иш аракеттерине анализ берген [383].

Негизинен АКШ, ЕБ, Япония, Индия жана Иран мамлекеттеринин окумуштуулары БАга жана ШКУнун ишмердигине болгон көз караштары жана ой пикирлери ар башка экендигин белгилей кетсек болот. Бирок ШКУнун өнүгүп кетүү келечеги тууралуу авторлор РФ менен КЭРдин таасирине көз каранды экендигин ырасташууда. Евразия мейкиндигиндеги ири мамлекеттердин көп алкактуу кызматташтыгы бул уюмдун жашап кетүү дарамeнтин ого бетер кеңейтүү менен интеграциялык иш чаралардын ишке ашып жаткандыгын белгилешет. Ал эми уюмдун алкагындагы БА мамлекеттеринин өнүгүүсү тууралуу каралган маалыматтын алкагында Кыргызстанга азын оолак анализ берүү орун алган десек болот.

АКШ, ЕБ, Япония, Индия ж.б. БАга анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы өнүгүүсүнө карата пикирлерин анализдөөдө төмөндөгүдөй **жыйынтык чыгардык**:

1. АКШ жана ЕБ окумуштууларынын изилдөөсүндө БА чөлкөмү планетадагы бардык ири державалардын, Түндүктөн Россиянын, Чыгыштан Кытайдын, Түштүктөн Индиянын, Батыштан Европанын жана АКШнын кызыкчылыктары айкалышкан жана атаандаштыгы арткан дүйнөдөгү маанилүү чөлкөм экендиги тастыкталган. АКШ, Европа, Япония ж.б. мамлекеттердин БАга карата саясатынын максаты көптөгөн изилдөөчүлөр баамдагандай, Европа менен Азияны кургак жол аркылуу байланыштырууда жаңы маршруттарды өздөштүрүү менен Азия тынч океан аймагын кеңейтүү планы каралгандыгын баса белгилесек болот.
2. Ал эми азыркы мезгилде ШКУ постсоветтик мейкиндиктеги эл аралык кызматташууда күчтүү жана келечектүү уюмга айлануу мүмкүнчүлүгүн түзүп жататкандыгы АКШ жана ЕБ мамлекеттерин кооптонтот. Ошону менен катар ШКУга жаңы мүчө катары Индия жана Пакистандын кириши,

уюмдун ишмердиги Түштүк Азия мамлекеттерине жайылып жаткандыгы, ШКУга мүчө мамлекеттеринин өз ара мамилелери күндөн-күнгө сапаттуу кызматташууга өтүүсү да тынчсыздандырат. Анткени, ШКУ аркылуу БАда Россиядан тышкары Кытайдын, Индиянын таасиринин күчөшү аларды түйшөлтүүдө. АКШ жана ЕБ мамлекеттери БАда жалгыз гана ШКУ туруктуулукту жана коопсуздук коркунучун токтотуучу фактору боло албайт деген ишеничтерин жашырышпайт.

3. АКШ жана ЕБнин изилдөөчүлөрү БА анын ичинде Кыргызстандын ШКУнун алкагында өнүгүүсү Кытайдын таасиринин күчөөсүнө ыңгайлуу жол ачуу менен экономикалык жактан көз каранды болуп бара жаткан мамлекет катары сыпатташууда.

# КОРУТУНДУ

1. Тарыхнаамалык жана булак таануучулук талдоонун жыйынтыктары Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты тарыхый өңүттө ар тараптуу комплекстүү изилденүүгө алынбай келгенин көрсөтүп турат.
2. Кыргыз Республикасы тарабынан эл аралык уюмдардын институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу СССРдин кулашы менен башталган. Кыргызстандын эл аралык уюмдарга катышуусу диссертацияда көрсөтүлгөндөй беш багыт боюнча жүргүзүлгөн, ошол эле учурда Кыргызстандын ШКУнун алкагында Кытай жана Россия менен кызматташууга болгон чоң кызыгуусу талдоого алынды;
3. ШКУнун түзүлүү тарыхы алгач "Шанхай бештигин", андан кийин "Шанхай форумун", азыр - "ШКУну" түзүүгө алып келген чек ара маселелери жана трансулуттук коопсуздук көйгөйлөрү менен байланышкан. Борбордук Азияда Кыргызстан маанилүү геосаясий, геостратегиялык жана транзиттик орунду ээлейт, бул анын ШКУдагы баалуулугун жана маанилүүлүгүн тастыктайт;
4. ШКУнун жаралуу тарыхы Кыргыз Республикасынын эгемендүү мезгилиндеги эл аралык аренадагы позициясын чыңдоо тарыхы менен тыгыз байланыштуу. Ата Мекендик жана чет элдик тарыхнааманы талдоонун негизинде изденүүчү тарабынан тарыхый булактардын жаңы топтомун илимий айлампага киргизүүнүн негизинде, үч этапты камтыган Кыргызстандын ШКУга мүчөлүгүн мезгилдерге бөлүштүрүү түзүлдү;
5. Борбордук Азия жана Кыргызстан ШКУнун алкагында коопсуздукту колдоо процесстерине активдүү катышып, аймактагы туруктуулукту камсыз кылууга, “үч жамандыкка” (терроризм, экстремизм, сепаратизм) каршы күрөштү интеграциялап, эл аралык коопсуздукту чыңдоого салым кошууда;
6. Кытайдын ШКУ аркылуу Кыргызстанда жана Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүндө “Бир алкак, бир жол” “ Жибек Жолунун экономикалык алкагы” негизги долбоорлорунун алкагында ишке ашырылып жаткан саясаты биринчи

кезекте “Түндүк-Батыш аймагын тездик менен өнүктүрүү” (Синьцзян-Уйгур автономдуу району) максаттарына жооп берет;

7. Кытай Борбордук Азиядагы коңшу мамлекеттерге өз таасирин чыңдоого өтө кызыкдар. Жалпысынан Кытай Кыргызстан аркылуу Ортоңку Чыгыш, Батыш Евразия өлкөлөрү менен унаа-байланыш жаатындагы транзиттик пландарын ишке ашыруу үчүн ар кыл жолдорду, анын ичинде, мисалы, Жибек жолунун эң кыска варианты катары кыргыз-кытай темир жол тилкесин курууну, ж.б.у.с. долбоорлорду ишке ашырууну көздөп келет;
8. Кытай ШКУнун негизги демилгечилеринин бири катары уюмдун план ченемдерин чыңдоодо, өзүнүн Борбордук Азиядагы коңшуларына “баскынчыл” максаттары болбогон “жаңы супердөөлөт” катары абройго ээ. Кытай тарап, Кыргызстан сыяктуу эле, ШКУнун Борбордук Евразия мейкиндигиндеги көйгөйлөр менен карама-каршылыктарды чечүүдө тар мамлекеттик кызыкчылыктардан жогору турган эл аралык механизм катары өз ролун чыңдоосуна кызыкдар;
9. Кыргызстандын көп векторлуу тышкы саясатындагы кызматташтыктын бардык чөйрөлөрүндө Россия башкы орунда болууга умтулат. Ири Евразия чөлкөмүндөгү, анын ичинде Борбор Азиядагы коопсуздук жаатында, Россия эл аралык жоопкерчиликтин жүгүн Кытай менен тең бөлүшүүгө мажбур. Кытай менен Россиянын демилгеси боюнча уюштурулган ШКУнун ишмердүүлүгү, ЖККУнун (демилгечи Россия) ишмердүүлүгү бири-бирине карама-каршы келбейт;
10. АКШ менен Евробиримдик өлкөлөрүнүн жетекчилиги Евразия континентинин жүрөк толтосунда — Борбордук Азияда болуп жаткан жүрүмдөргө кыйыр таасир этүү усулдарын, анын ичинде медиа тармагын жана атуулдук коом менен кызматташуу аргаларын кучагына алган “жумшак күчтү” да колдонууда, алсак, Борбордук Азия мамлекеттеринин жаштарына Батыштын ЖОЖдорунан окууга гранттар берилет, маалыматтык чөйрөдө бейтарап маалымдоону камсыз кылуучу иш-аракет жүргүзүлөт. Ал эми Япониянын Борбордук Азияга карата

саясатынын максаты — Евразия менен кургактык аркылуу байланыштырууда жаңы багыттарды өздөштүрүү аркылуу Азиялык-Тынч океан аймагын кеңейтүү планына кошумча өбөлгөлөрдү камсыз кылуу мүдөөсү болуп саналат;

11. Кытайдын ШКУ аркылуу Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан экономикалык ишмердүүлүгү (тоо-кен, жол куруу, энергетикалык жана коммуникациялык долбоорлор ж.б.) акыркы мезгилде Кыргызстан тарабынан жакшылап бышпай чийки, даярдалган долборлордон улам же айрым схемалаштырылган коррупциялык күчтөрдүн кесепетинен жергиликтүү калктын каршылыктарын жана нааразычылыгын жаратып, олуттуу тоскоолдуктарга туш болууда. Мындай нааразычылыктар көпчүлүк учурда эки өлкөнүн жарандарынын ортосунда кагылышууга жана интеграциялык долбоорлорду курууга тыюу салууга алып келет. Бирок, бул экономикалык өнүгүүгө жана инвестициялардын келүүсүнө чечкиндүү түрткү бере турган, эки тараптын тең кызыкчылыктарын эске алуу менен, коррупциядан алыс, прогрессивдүү эл аралык долбоорлорго тоскоол болбошу керек. Жыйынтыктап айтканда, жалпы позитивдүү жылыштарды калыптандыруу, дүйнөлүк интеграциядан четте калбоо үчүн Кыргызстан БУУ, ЕККУ, ЖККУ, ЕАЭБ, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардын иш-аракеттерине жигердүү катышуусу керек.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргызстан Шанхай Кызматташтык уюмунун алкагында Борбордук Азия мамлекеттери, Россия Федерациясы жана КЭР менен көп форматтуу кызматташууну уланта берүүсү зарыл. Кыргызстан ШКУ алкагында Кытай демилгелеп жаткан «Жибек Жолунун экономикалык алкагы» инфраструктуралык инвестициялардын Азиялык банкын тездетип куруусун колдоп, керек болсо бул банктын башкы кеңсесин Кыргызстанда жайгаштырууну демилгелөө керек;
2. Борбордук Азияда (анын ичинде Кыргызстанда) ШКУнун алкагында аналитикалык жааттагы адистер менен эксперттер үчүн илимий-изилдөө

борборлорун түзүү шарт. Ошондой эле ШКУга мүчө мамлекеттерди ШКУнун Университетинин эл аралык тармактык долбоорун ишке ашыруу үчүн, ал өзүнүн турмуштук жөндөмүн көрсөтүп жана анын алкагында саламаттыкты сактоо, спорт, туризм ж.б у. с. кесиптик даярдоонун жаңы багыттары боюнча адистерди даярдоону улантуу менен ШКУнун бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүү сунушталат;

3. ШКУ мейкиндигинде маданий-гуманитардык кызматташтыкты жайылтуу менен катар аны натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген көптөгөн идеологиялык жана башка жасалма тоскоолдуктар бар. Ошентип, илимий-техникалык чөйрөдөгү кызматташтыктын кемчиликтеринин бири - ШКУнун тарыхын жана ишмердүүлүгүн изилдеген адистердин жетишсиздиги жана биргелешкен илимий долбоорлорду ишке ашырууга тоскоол болгон жана башка көптөгөн жагдайлар саналат. Демек, ШКУнун алкагында илимий-изилдөө кызматташтыгынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарыл. ШКУнун алкагында Кыргызстан ар кандай форматтагы илимий форумдарды уюштуруу жана өткөрүү ишин күчөтүү, олуттуу жана жүйөлүү илимий сунуштарды атайын монографияларда, жыйнактарда жана илимий журналдарда жарыялоосу керек;
4. Борбордук Азияда (анын ичинде Кыргызстан) аймактагы коңшу өлкөлөр менен “үч жамандыкка” каршы туруу кызматташтыгынын механизмдерин түзүп, аскер чөйрөсүндө өз ара ишенимди кеңейтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн, өлкөдөгү ар кандай аскердик, коргонуу иш-аракеттери жөнүндө алдын-ала маалымат берүү механизмдерин түзүүнүн жигердүү демилгечиси болушу керек;
5. ШКУга мүчө мамлекеттер өз ара экономикалык кызматташуусун кеңейтиши керек. Ошол эле учурда, ШКУнун алкагында өнөктөштүк принцибин ишке ашырып, өз ара кызыкчылыктарды эске алуу зарыл. Сунушталган ар кандай инвестициялык долбоорлорго кыйла салмактуу мамиле кылуу жана аларды ишке ашыруунун мүмкүн болуучу кесепеттерин, анын ичинде Борбордук Азия

өлкөлөрүнүн экономикасына зыян келтириши мүмкүн болгон коркунучтарды жана тобокелдиктерди анализдөө керек;

6. ШКУнун расмий тили болуп кытай жана орус тили кабыл алынган, бирок мүчө-өлкөлөрдүн курамынын кеңейтүү шартында жаңы мүчөлөрдүн эл аралык баарлашуу тилдерин эске алуу менен жана уюмдун ишинин натыйжалуу болушу үчүн англис тилинин расмий тил болуп кошумча киргизилүүсү, ошондой эле, синхрондук котормолорго таянуу аркылуу ШКУга мүчө өлкөлөрдүн мамлекеттик тилдерин (маселен, кыргыз тилин) расмий жыйындарда жана башка форматтарда колдонууга өтүүнү кароо зарыл.
7. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары постсоветтик мезгилдеги Кыргыз Республикасынын тарыхын чагылдырууда ШКУнун ордун жана ролун Кыргызстандын дипломатиялык тарыхындагы көп тараптуу (көп векторлуу) багыттардын бири катары объективдүү жана калыс көрсөтүлүшү керек.

**КЫСКАРТЫЛГАН ТҮШҮНҮКТӨРДҮН ТИЗМЕСИ:**

АКШ – Америка Кошмо Штаттары;

АСЕАН – Түштүк – Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы;

БА – Борбордук Азия;

БАР - Борбордук Азия республикалары;

БРИКС – Беш өлкөнүн кыскартылган аббревиатурасы: Бразилия, Россия, Индия, Кытай жана Түштүк - Африка Республикасы;

ДСО (ВТО) – Дүйнөлүк соода уюму;

ЖОЖ – Жогорку окуу жайлары;

ЕАЭБ – Евразялык экономикалык бирикме;

ЕБ – Евробирмдик;

ИДП (ВВП) – Ички дүң продукт;

КНР – Кытай Элдик Республикасы;

КМШ – Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги;

КПК – Кытай коммунисттик партиясы;

КР – Кыргыз Республикасы:

НАТО – Түндүк Атлантика келишим уюму;

РФ – Россия Федерациясы;

ТИМ (МИД) – Тышкы иштер министерлиги;

ЧТКТ (РАТС) – Чөлкөмдүк терроризмге каршы түзүм;

ШКУ – Шанхай кызматташтык уюму;

ЭТК (МТК) – Эл аралык транспорт коридору.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР ЖАНА АДАБИЯТТАР:

### I. Расмий булактар

1. Кыргызская Республика. Конституция (1993) Конституция Кыргызской Республики [Текст]. – Бишкек: Учкун, 1993. – 107 с.

2. Кыргызская Республика. Законы. О ратификации Хартии Шанхайской организации сотрудничества подписанной 7 июня 2002 года в г. Санкт-Петербург. 15 июля 2003 г. [Текст] // Эркин –Тоо. – 2003. –№ 116 –25 июля

3. Кыргыз Республикасы. Закондор. Бишкек шаарында 2004-жылдын 21-сентябрында кол коюлган 2004-2014-жылдарга Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда кызматташуу программасын ратификациялоо тууралуу: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы [Текст]. – Эркин тоо. – 2006. № 180 – 8-авг.

4.Кыргызская Республика. Законы. О внесении изменения в Закон Кыргызской Республики "О ратификации протокола о внесении изменений в Соглашение между государствами-членами Шанхайской организации сотрудничества о региональной антитеррористической структуре от 7 июня 2002 года, подписанного 16 авг. 2007 г. в г. Бишкек. 3 февр. 2009 г." [Текст] // Эркин-Тоо. – 2009. – № 89. –13 февр.

5.Кыргызская Республика. Законы. О ратификации Соглашения о сотрудничестве и взаимодействии государств-членов Шанхайской Организации Сотрудничества по пограничным вопросам, подписанного 10 июля 2015 года в городе Уфа. 9 июля 2016 г [Текст] // Эркин –Тоо. – 2016. – № 111 –15 июля

6.Кыргызская Республика. Законы. О проекте Закона Кыргызской Республики " О ратификации Соглашения о сотрудничестве и взаимодействии государств-членов Шанхайской организации сотрудничества по пограничным вопросам, подписанного 10 июля 2015 года в городе Уфа": Постановление Правительства Кырг. Респ. 26 января 2016 г. [Текст] // Нормативные акты Правительства Кыргызской Республики. – 2016. – №1. – С. 63.

7. Кыргызская Республика. Законы. О национальной безопасности [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ruru/1168. – Загл. с экрана.

8. Жээнбеков, С. Ж. Президент Кыргызской Республики о перспективах ШОС и Сотрудничестве с Китаем. [Электронный ресурс] / С.Ж. Жээнбеков – Режим доступа: Синьхуа новости // Russian.News.Cn (дата обращения 5.06.2018). – Загл. с экрана.

9. Си, Цзиньпин «Один пояс и один путь» откроет новые горизонты мечты [Электронный ресурс] /Си,Цзиньпин. – Режим доступа: **Ошибка! Недопустимый объект гиперссылки.** экрана.

10. Путин, В. В. Россия Федерациясынын Президенти В. В. Путин – кол коюлган келишимдердин өнчөй бөлүгү экономика жаатында болгонун айтты. [Электронный ресурс]. / В. В. Путин – Режим доступа: http://kalys.media/2019/03/28/putin-kol-koyulgan-kelishimderdin-ch-j-b-l-g-ekonomika-zhaatynda-boldu/. – Загл.с экрана.

11. Путин, В. В. Председатель Правительства РФ В. В. Путин выступил на торжественном концерте по случаю 60-летия установления дипломатических отношений между Россией и Китаем и РФициального соглашение о порядке формирования и исполнения бюджета Шанхайской организации сотрудничества / В. В. Путин // [Электронный ресурс]. – Режим доступа: **Ошибка! Недопустимый объект гиперссылки.** 3944257BE8001D901E **Ошибка! Недопустимый объект гиперссылки.** экрана.

12. Ху, Цзиньтао Кытай Эл Республикасы төрагасы Ху Цзиньтаонун Йель университетинде сүйлөгөн сөзү [Электронный ресурс] /. Ху, Цзиньтао – Режим доступа: http://www.vale.edu/opa/hu/download/transcript_ 20060421.doc. – Загл.с экрана.

13. Кыргызская Республика. Правительство КР. Постановление “Об утверждении соглашения между правительствами государств-членов Шанхайской организации сотрудничества о научно-техническом

сотрудничестве, подписанного 13 сентября 2013 года в городе Бишкек от 18 июля 2014 г. [Текст] // Нормативные акты правительства Кыргызской Республики. – Бишкек, 2014. – №13/14. – С. 120.

14. Кыргыз Республикасы. Кыргыз Республикасынын өкмөтү. Астана шаарында 2011-жылдын 15-июнунда кол коюлган Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызматташуу жөнүндө макулдашууну бекитүү тууралуу: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому. 2014-ж., 28-май, [Текст] // Эркин-Тоо. – 2014. №284 – С. 3

15.Кыргыз Республикасы. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү. Кытай Эл Республикасынын (КЭР) Мамалекеттик Советинин Премьери Ли Пэн Кыргыз Респ. визит жасаганда жетишилген макулдашууларды ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө Кырг. Респ. Өкмөтүнүн токтому. 1994 – ж. 7 сентябрь №674[Текст]// Кырг. Респ. Өкмөтүнүн токтомдору. – Бишкек, 1994. – № 9. – Б. 78-83.

16. Бишкекская декларация Глав государств Республики Казахстан, Китайской Народной Республики, Кыргызской Республики, Российской Федерации и Республики [Электронный ресурс]. -Режим доступа: **Ошибка! Недопустимый объект гиперссылки.** экрана.

17. Бишкекская декларация совета глав государств-членов Шанхайской организации сотрудничества [Электронный ресурс]: [принята в г. Бишкеке 14.06.2019 г.] // Шанхайская организация сотрудничества. – Режим доступа: http://rus.sectsco.org/load/550949/. – Загл. с экрана.

18. Декларация о государственной независтмости Республики Кыргызстан (31 авг.1991г. №578-Х1). [Текст] // Слово Кыргызстана. – 10. 09. 1991

19.Декларация об укреплении союзничества и стратегического партнёрства между Российской Федерацией и Киргизской Республикой. [Электронный ресурс] — Режим доступа. — URL: http://www.kremlin.ru/supplement/5210 – Загл. с экрана.

20.Декларация глав государств-членов Шанхайской организации сотрудничества. 07.06.2002г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://infoshos.ru/ru/?Id=89. – Загл. с экрана.

21. Декларация глав государств-членов Шанхайской организации сотрудничества (г. Астана, 5 июля 2005 года) [Электронный ресурс]. – Режим доступа:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17532. – Загл. с экрана.

22. Договор о добрососедстве, дружбе и сотрудничестве между Кыргызской Республикой и Китайской Народной Республикой [Электронный ресурс] г.Пекин от 24 июня 2002 года. Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17226 – Загл. с экрана

23. Договор о дружбе, сотрудничестве и взаимной помощи между Российской Федерацией и Республикой Кыргызстан. [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://docs.cntd.ru/document/901728231 – Загл. с экрана.

24.Меморандум о взаимопонимании между секретариатом ШОС и секретариатом ОДКБ. [Электронный ресурс]. – Режим доступа:/ file0(2).pdf. – Загл. с экрана.

25. Меморандум Совета глав государств Содружества Независимых Государств от 24 декабря 1993 г. «Меморандум о сотрудничестве по охране внешних государственных границ»[Текст]// Дипломатический вестник. – 1994. – № 1-2. – С. 37-38.

26.Соглашение о руководящих принципах взаимного сокращения вооруженных сил и укреплении доверия в военной области в районе советско-китайской границы[Текст]:Сборник российско-китайских договоров 1949 – 1999гг. – М.:[б.и.], 1999. – 81с.

27.Соглашение о сотрудничестве государств – участников Содружества по обеспечению стабильного положения на их внешних границах г.Бишкек. 9 октября 1992 г.[Текст]//Дипломатический вестник. – Бишкек, – 1992. – № 19 – 20. – С. 6 - 8.

28. Соглашение между Российской Федерацией, Республикой Казахстан, Киргизской Республикой, Республикой Таджикистан и Китайской Народной Республикой об укреплении доверия в военной области в районе границы от 26.04.1996 URL [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://arhiv.inpravo.ru/data/base925/text925v168i463.htm. – Загл. с экрана.
29. Соглашение между Республикой Казахстан, Киргизской Республикой, Республикой Таджикистан и Китайской Народной Республикой о взаимном сокращении вооруженных сил в районе границы от 25.04.1997 [Электронный ресурс]. – Режим доступа: URL: http://arhiv.inpravo.ru/data/base552/text552v978i288.htm. – Загл. с экрана.
30. Соглашение между Республикой Казахстан, Китайской Народной Республикой и Кыргызской Республикой о точке стыка государственных границ трех государств от 25 августа1999 г. База данных «Законодательство стран СНГ. Союз Право Информ». [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://base.spinform.ru/show_doc.fwx?Rgn=5032 – Загл. с экрана.
31.Соглашение между Российской Федерацией и Китайской Народной Республикой о российско-китайской государственной границе на ее Западной части [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://lawsector.ru/data/dok92/txb92840.htm. – Загл. с экрана.
32.Соглашение между правительствами Республики Казахстан, Киргизской Республикой, РеспубликиТаджикистан и Российской Федерации о ведении переговоров с правительством Китайской Народной Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа: URL: http://arhiv.inpravo. ru/data/base304/text 304v297i489.htm. – Загл. с экрана.
33.Соглашение между государствами – членами ШОС о Региональной антитеррористической структуре Санкт-Петербург, 2002 г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: //http://www.ecrats.com/content_rus/docs/23.02.06. – Загл. с экрана.

34.Соглашение между Российской Федерацией и Киргизской Республикой о статусе и условиях пребывания объединенной российской военной базы на территории Киргизской Республики Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.mid.ru/foreign_policy/international_contracts/2_contract/-/storage-viewer/bilateral/page72/44567?fbclid=IwAR1iuFOPNNJPhfVh2lyzgtz Fc6cYNRgOOodgrETsJTIX336m2GDYA1N1Qdg. – Загл. с экрана.

35.Соглашение о порядке формирования и исполнения бюджета Шанхайской организации сотрудничества [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.mid.ru/BDOMP/spm_md.nsf/0/9B8797DEB563E 3944257BE8001D901 EHttp://dlib.eastview.com/browse/doc/43177282. – Загл. с экрана.

36.Соглашение «О банке данных Региональной антитеррористической структуры Шанхайской организации сотрудничества» от 17 июня 2004 и др. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://docs.cntd.ru/document/456089241 – Загл. с экрана

37.Соглашение между Правительством Российской Федерации и Правительством Киргизской Республики о сотрудничестве в области высшего образования. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: URL:http://docs.cntd.ru/document/1901345 – Загл. с экрана.

38.Соглашение между Правительством Российской Федерации и Правительством Киргизской Республики об учреждении и условиях деятельности российского центра науки и культуры в г.Бишкеке и киргизского дома науки и культуры в г. Москве. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://normativ.kontur.ru/document?moduleId=1&documentId=270582 – Загл. с экрана.

39.Дополнительное соглашение между КР и КНР о кыргызско-китайской государственной границе (Бишкек от 26 августа 1999 года) – информационно-правовая система КР “токтом” [Электронный ресурс]. – Режим доступа:URL:http://www.ca-econet.info/dogovory/75.htm. – Загл. с экрана.

40.Подписание меморандума о взаимопонимании по вопросам сотрудничества и взаимодействия между АТЦ СНГ, секретариатом ОДКБ и РАТС ШОС. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.cisatc.org/137/146/293/8884 – Загл. с экрана.

41.Протокол между Российской Федерацией и Киргизской Республикой о внесении изменений и дополнений в Соглашение между Российской Федерацией и Киргизской Республикой о статусе и условиях пребывания объединенной российской военной базы на территории Киргизской Республики от 20 сентября 2012 г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: // http://publication.pravo.gov.ru/Document/View/0001201903260020?index=1&rangeSize=1. – Загл. с экрана.

42.Хартия Шанхайской организации сотрудничества.07.06.2002г. [Электронный ресурс]. – Режим доступа:// www.infoshos.ru /?id=33. – Загл.с. экрана.

43.Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын концепциясы [Электронный ресурс].-Режим доступа:http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/430045. – Загл.с экрана.

44.Электронные базы данных нормативно-правовых актов ШОС. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://rus.sectsco.org/documents/; www.arhiv.inpravo.ru; http://www.base.spinform.ru;http:// kazakhstan.news-city.info; www.lawsector.ru.-Загл.с экрана.

**II. Архивдик булактар (Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви)**

45. Взаимоотношения Кыргызской Республики со странами-участниками ШОС в области транспорта и связи (16 апреля 2002 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л. 132-142.

46. Выступление Генерального секретаря ШОС Б. Нургалиева на первом Форуме Европейского союза и стран Центральной Азии по вопросам безопасности (г.Париж, 18 сентября 2008 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6154, л. 117-119.

47. Выступление МИД КР А. Айтматова к заседанию Комитета по вопросам государственной безопасности ЗС ЖК КР по рассмотрению проекта Закона КР о ратификации Договора между Кыргызской Республикой и Республикой Казахстан о кыргызско-Казахстанской государственной границе от 15 декабря 2001 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3738, л. 47-57.
48. Выступление Президента Кыргызской Республики Р. И. Отунбаевой на заседании Совета глав государств-членов ШОС в узком кругу (Астана, 15 июня 2011 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 8817, л. 48-55.
49. Запись беседы с Советником Посольства КНР в Кыргызской Республике Сяо Цинхуа от 25 февраля 2000 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 1805, л. 7-11.
50. Запись беседы ЧПП КР в КНР Ж.Кулубаева с Заместителем генерального менеджера головного РФиса в Центрально-азиатском и Севере-восточном регионе корпорации “Synohydro” г-ном Чэнь Шицзюнь. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д.14-02-005, л.71-75.
51. Информационная справка об итогах очередной встречи рабочих групп правительственных делегаций Кыргызской Республики и Республики Узбекстан по вопросам делимитации и демаркации кыргызско-узбекской государственной границы 4-5 сентября 2013 г. В г. Андижане. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 14-07-001. л. 166-174;
52. Информационное сообщение о четвертой встрече секретарей советов безопасности государств-членов ШОС от 20 мая 2009 г. в г. Москве. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6821, л. 74-76.
53. Информация материалы переговоров по согласованию проекта Соглашения между Правительством Кыргызской Республики и Правительством КНР об открытии пунктов пропуска на государственной границе и их режиме, состоявщихся 23-30 мая 1995 г. в г. Урумчи СУАР КНР. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 1216, л.350-356.

54. Информация МИД КР Государственному Секретарю Кыргызской Республики И. Абдуразакову (28 мая 1996 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 323. л.138-139.
55. Информация о визите Председателя КНР Ху Цзиньтао в Казахстан в период с 2-го по 4-го июня 2003 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2728. Л.136-144.
56. Информация о встрече и.о. Президента Кыргызской Республики К. Бакиева с Председателем КНР Ху Цзиньтао (5 июля 2005г., г. Астана). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3705, л. 147-151.
57. Информация о Совещании министров экономики и торговли государств членов Шанхайской организации сотрудничества (28 мая 2004 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3195. Л.67-81.
58. Информация о ходе делимитации государственной границы Кыргызской Республики с Республикой Узбекстан и Республикой Таджикистан (24 мая 2004 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л.122-124.
59. Информация об исполнении Плана мериоприятий по реализации договоренностей, достигнутых по итогам государственного визита Президента Кыргызской Республики А.Атамбаева в КНР (18-21 мая 2014г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 14-07-001. л. 46-63
60. Информация об очередном заседании Совета Министров иностранных дел государств-членов ШОС от 25 февраля 2005 г. в г. Астана. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3704, л. 66 -72.
61. Информация Пограничных войск ГКНБ Кыргызской Республики и материалы Саммита ШОС (14-15 июня 2011 года в г. Астана). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 8817, л. 29-47.
62. Коммюнике по вопросам делмитации кыргызско-казахской государственной границы (24 июля 2001 г. в г. Бишкек) Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2313, л.132-134.

63. Конвенция о привелегиях и иммунитетах ШОС (17 июня, 2004 г. в г. Ташкент). Арх. Президю. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3738, л. 203-211.
64. Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясынын ортосунда коопсуздук тармагындагы кызматташуу жөнүндө макулдашуу (5-декабрь, 2002 ж.). Арх. Президю. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3150, л.199-214.
65. Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин ШКУ боюнча берген маалыматы 22 июль 2003-ж. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2770, л.173-174.
66. Мемерандум о взаимопонимании между Секретариатом ШОС и Секретариатом ОДКБ подписано в г. Душанбе 5 октября 2007 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 8819, л. 51-54.
67. Меморандум о сотрудничестве между Министерством и промышленности Кыргызской Республики и Открытым акционерным обществом "РусГидро"(20 сентября 2012 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 14-03-001. л. 183-193.
68. О предоставлении Монголии статуса наблюдателя при ШОС. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л. 255.
69. Об утверждении Программа действий по выполнению Антинаркотической стратегии государств – членов ШОС на 2011-2016 годы. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 8817, л.1-11.
70. Обращение "Бишкекской группы" к Главам Республики Казахстан, КНР, Кыргызской Республики, Российской Федерации и Республики Таджикистан (государств-участников "Шанхайской пятерки") 21 апреля 2000 г. в г. Москва. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2313, л.134-138.
71. Отчет и план мероприятий по итогам государственного визита Президента Кыргызской Республики К. Бакиева в Китайскую Народную Республику (9-10 июня 2006 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 5304, л. 17-21.
72. Отчет по итогам заседения Совета национальных координаторов государств-членов ШОС (25-27декабря 2007 г. в г. Пекин). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6367, л.14-19.

73. Отчет по результатам заседения Научно-экспертного Совета ОДКБ (12 марта 2008 г. в г. Москва). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6150, л. 143-155.
74. Памятка к беседе Президента Кыргызской Республики А.А. Акаева с Председателем КНР Ху Цзиньтау по вопросу дополнительного участия Правительства КНР в реабилитации автомобильной жороги Ош-Сары-Таш-Иркештам (16-17 июня 2004 г. в. г. Ташкент). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л. 231.
75. Памятка к встече глав государств "Шанхайской пятерки" в узком кругу г. Шанхай, 14 июня 2001 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2726, л.171-184
76. Предложения Министерства экономического развития и торговли Кыргызской Республики для включения в проект Бишкекской декларации государств – членов ШОС, а также в вступление Главы государства на предстоящем Саммите ШОС в г. Бишкек от 30 марта 2007 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6149. Л.171- 184.
77. Проект Министерство транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики, в сответствии с подготовкой к втрече Глав государств ШОС, которая состоится 16-17 июня 2004 г. в г. Ташкенте. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л. 127-230.
78. Протокол заседания группы экспертов государств – членов ШОС по международной информационной безопасности (12-14 декабря 2007 г. в г. Пекин). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6151, л. 74-76.
79. Совместное заявление Президента Кыргызской Республики А.А.Акаева и Президента Республики Казахстан Н.А.Назарбаева (24 июля 2001 г. в г. Бишкек). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2313, л.126-131.
80. Совместное заявление участников Парижского форума Европейского Союза и стран Центральной Азии посвященного вопросам безопасности 18 сентября 2008 г. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 6154, л. 120-123.

81. Сообщение о встрече Президента РФ В Путина с Председателем КНР Си Цзиньпионом, состоявшейся 5 сентября 2013 г. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д.14-02-005, л. 56-63, 71-75;
82. Сообщение МИД Кыргызской Республики, Президенту Кыргызской Республики К. Бакиеву о юбилейном Саммите ШОС (15 июня 2006 г. в г. Шанхай). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 4528, л. 46-47.
83. Ташкентская декларация государств – членов ШОС (17 июня 2004 г.). Архив ПКР., ф. 1, оп. 1, д. 3151, л. 187-195.
84. Торгово-экономические отношения Кыргызской Республики с КНР Азиатскими странами в том числе КНР (с 1994 по 2001 г.). Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 2306, л. 85-91.
85. Трехстореннее межгосударственное Соглашение о точке стыка государственных границы Кыргызской Республики с Республикой Узбекстан и Республикой Таджикистан во время саммита ШОС 15 июня 2001 г. в г. Шанхай. Арх. Презид. Кыр. Респ., ф. 1, оп. 1, д. 4527, л.105-106.

**III. Китептер, илимий монографиялар:**

86. Абдырахманов, Т. А. Кыргызстандын жана дүйнөнүн билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, тенденциялар, проблемалар [Текст] / Т. А. Абдрахманов. – Бишкек: Maxprint, 2013. – 320 б.
87. Айдаркул, К. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность [Текст] / К. Айдаркул. – Бишкек, 2002. — 331 с.
88. Акимбеков, С. М. Афганский узел и проблемы безопасности Центральной Азии [Текст] /С. М. Акимбеков. — Алматы: «Континент», 2003. – 400 с.
89. Акунов, А. А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991-2017) [Текст] / А. А. Акунов. – Бишкек: «Текник», 2017. – 594 б.
90. Алимов, Р. Шанхайская организация сотрудничества: становление, развитие, перспективы [Текст] / Р. Алимов. – М.: “Вес Мир”, 2017. – 333 с.

91. Аллисон, Р. Центральная Азия и Закавказье: региональное сотрудничество и фактор российской политики [Текст] / Р.Аллисон. – М.: Московский центр Карнеги, 2004. – 30 с.
92. Ануфриев, К. С. Политика России и Китая в Центральной Азии: опыт сравнительно-исторического анализа [Текст] / К. С. Ануфриев. –Томск: [б.и.], 2011. – 198 с.
93. Асанканов, А. А. Жунго Шинжаң кыргыздары [Текст] /А.А.Асанканов; ред. Макелек Өмүрбай, Токтосун Карыбек уулу. – Артыш: Кызылсуу Кыргыз басмасы, 2013. – 307 б.
94. Арин, О. А. Россия: ни шагу вперёд [Текст] / О. А.Арин – М.: Алгоритм, 2003. – 352 с.
95.Арон, Р. Мир и война между народами [Текст] / Р. Арон; Под общ. ред. В. И. Даниленко. – М.: NOTA BENE, 2000. — 880 с.
96.Бажанов, Е. П. Актуальные проблемы международных отношений [Текст] / Избр. тр.в 3 т. Т. 3. / Е. П. Бажанов. – М.: Науч. кн., 2002. – 360 с.
97. Бажанов, Е. П. Китай: от Срединной империи до сверхдержавы XXI века [Текст] / Е. П. Бажанов. – М.: Известия, 2007. – 369 с.
98. Бажанов П. И. Мудрость Востока и Запада [Текст] / П. И. Бажанов, Е. П. Бажанов, Н. Е. Бажанова. – Москва, «Весь мир», 2014, – 720 с.,
